34
К 97

# КЫРГЫЗ ССРинин ГРАЖДАНДЫК КОДЕКСИ

# ГРАЖДАНСКИЙ КОДЕКС КИРГИЗСКОЙ ССР

ФРУНЗЕ 1986

# КЫРГЫЗ ССРинин ГРАЖДАНДЫК КОДЕКСИ

(1986-жылдын 30-июнуна чейин киргизилген өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен)

# ГРАЖДАНСКИЙ КОДЕКС КИРГИЗСКОЙ ССР

(С изменениями и дополнениями на 30 июня 1986 года)

Фрунзе «Кыргызстан» 1986

34
К 97 67.99(2 Ки)3
К 97

К 97 Кыргыз ССРинин Граждандык кодекси (1986-ж. 30-июнуна чейин киргизилген өзгөртүүлөрү ж-а толуктоолору м-н). — Ф.: Кыргызстан, 1986. —392 бет.

К $\frac{1203050000-277}{М 451 (17)-86}$ ББК 67.99(2 Ки)

935-
587936

Центральная ... библиотека Академии наук Кирг. ССР

Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле!

# КЫРГЫЗ ССРинин ГРАЖДАНДЫК КОДЕКСИ

*(1986-жылдын 30-июнуна чейин киргизилген өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен)*

## ҚЫРГЫЗ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЗАКОНУ

### ҚЫРГЫЗ ССРнин ГРАЖДАНДЫҚ ҚОДЕКСИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Қыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Жогорку Совети токтом кылат:

**1-статья.** Қыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Граждандык кодекси бекитилсин жана ал 1965-жылдын 1-январынан тартып колдонулсун.

**2-статья.** Қыргыз ССРинин Граждандык кодексин колдонуу тартиптерин белгилөө жана Қыргыз ССРинин закондорун ушул Қодекске ылайык келтирүү Қыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумуна тапшырылсын.

**Қыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели**

**Қыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Секретары**

Фрунзе шаары
1964-жыл 30-июль

жана тышкы экономикалык иш-аракеттин башка түрлөрүн жөнгө салуучу ССР Союзунун атайын закондору жана ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин жалпы граждандык закондору менен аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**4-статья. Граждандык укуктардын жана милдеттердин келип чыгышынын негиздери**

Граждандык укуктар жана милдеттер ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан каралган негиздерден, ошондой эле закондо каралбаса да, бирок граждандык закондордун жалпы башталышынын күчүнө жана маанисине жараша граждандык укуктарды жана милдеттерди пайда кылышкан граждандардын жана уюмдардын аракеттеринен да келип чыгат.

Мына ушуга ылайык граждандык укуктар жана милдеттер төмөндөгүлөрдөн келип чыгышат:

закон тарабынан каралган бүтүмдөрдөн, ошондой эле закондо каралбаса да, бирок ага каршы келбеген бүтүмдөрдөн;

административдик актылардан, анын ичинде — мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюмдар үчүн пландаштыруу актыларынан;

жаңы ачуулардын, ойлоп чыгаруулардын, рационализатордук сунуштардын, илимдин, адабияттын жана искусствонун чыгармаларын түзүүнүн натыйжаларынан;

бөлөк кишиге зыян келтирүүнүн натыйжасында, ошондой эле жетишерлик негиздери жок эле башка жактын каражаттарынын эсебинен мүлктөрдү алуунун же сактап калуунун натыйжасында;

граждандардын жана уюмдардын башка аракеттеринин натыйжасында;

граждандык укуктун келип чыгышын закон байланыштыруучу окуялардын натыйжасында.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**5-статья. Граждандык укуктарды ишке ашыруу жана милдеттерди аткаруу**

Коммунизмдин курулушунун мезгилиндеги социалисттик коомдо өзүнүн белгиленишине карама-каршы болуп ишке ашырылып жаткан учурлардан тышкаркы граждандык укуктар закон тарабынан корголот.



Граждандар жана уюмдар укуктарын ишке ашырган жана милдеттерин аткарган кездерде закондорду сактоого, коммунизмди куруп жаткан коомдун социалисттик коомдук турмушунун эрежелерин жана моралдык принциптерин урматтоолору тийиш.

**6-статья. Граждандык укуктарды коргоо**

Граждандык укуктарды жактоо сот, арбитраж же третей соту тарабынан белгиленген тартипте төмөндөгүдөй жолдор менен ишке ашырылат:

бул укуктарды таануу жолу менен;

укуктун бузулушуна чейинки болгон абалдарды калыбына келтирүү жана укуктарды бузуучу аракеттерге жол бербөө менен;

милдеттерин натуралай аткарууга карата өкүм кылуу жолу менен;

укук мамилелерин токтотуу же өзгөртүү жолу менен;

укук бузган адамдан, келтирген зыяндарын, ал эми закон же договор тарабынан каралган учурларда — неустойка (штраф, пеня) төлөтүп алуу жолу менен;

ошондой эле закон тарабынан каралган башка жолдор менен.

Граждандык укуктарды ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан белгиленген учурларда жана тартипте жактоо, ошондой эле жолдоштук соттор, профсоюздук жана башка коомдук уюмдар тарабынан да ишке ашырылат.

Закон тарабынан өзгөчө каралган учурларда, граждандык укуктарды жактоо административдик тартипте ишке ашырылат.

Уюмдардын ортосундагы мамилелерден келип чыгуучу доону койгонго чейин талап коюу милдеттүү. Бул эрежеден алып таштоо ССР Союзунун закону тарабынан белгиленет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

**7-статья. Ар-намысты жана кадыр-баркты коргоо**

Гражданин же уюм алардын ар-намысын жана кадыр-баркын жаманатты кылуучу маалыматтарды, эгерде мындай маалыматтарды жайылткандар алардын чындык экендигин далилдей алышпаса, сот боюнча төгүнгө чыгарууну талап кылууга укуктуу.

Эгерде граждандын ар-намысын жана кадыр-баркын булгоочу маалыматтар басма сөздө жайылтылса, алар, чындыкка ылайык келбей калган учурда, басма сөздө жокко чыгарылууга тийиш. Эгерде чындыкка ылайык келбеген, граждандын ар-намысын жана кадыр-баркын булгоочу маалыматтар уюмдан чыккан документте көрсөтүлсө, мындай документ алмаштырылууга тийиш. Жокко чыгаруунун тартиби башка учурларда сот тарабынан белгиленет.

Эгерде соттун чечими аткарылбаса, сот ал чечимди бузуучуга мамлекеттин доходуна төлөтүп алынуучу штраф салууга укуктуу. Штраф Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодексинде белгиленген өлчөмдө жана тартипте төлөтүлүп алынат. Штрафтарды төлөп берүү бузуучуну соттун чечиминде каралган аракетти аткаруу милдетинен бошотпойт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

8-статья. **Кыргыз ССРинде башка союздук республикалардын граждандык закондорун колдонуу**

Башка союздук республикалардын граждандык закондору Кыргыз ССРинде төмөндөгү эрежелерге ылайык колдонулат:

1) менчик укуктарынан келип чыгуучу мамилелерге карата, мүлк турган жердеги закон колдонулат;

2) бүтүм жасашкан учурдагы укукка жөндөмдүүлүк жана аракет жөндөмдүүлүк бүтүм жасалган жердеги закон боюнча аныкталат;

3) бүтүмдүн формасына карата бүтүм жасалган жердеги закон колдонулат; бүтүм жасалган жердеги закон, эгерде закон же жактардын келишими тарабынан башкача каралбаган болсо, бүтүмдөн келип чыгуучу милдеттенмелерге да колдонулат;

4) зыян келтирүүдөн келип чыккан милдеттенмелерге карата, талаштын каралган жериндеги закон, ал эми жабырлануучунун өтүнүчү боюнча — зыян келтирилген жердеги закон колдонулат;

5) мураска ээ болуу боюнча мамилелерге карата мурас ачылган жердеги закон колдонулат;

6) доонун эскирүү мөөнөтүнүн маселелери, бул мамиле кайсы союздук республиканын закондору менен жөнгө салынса, ошол боюнча чечилет.



*2-глава*

## ЖАКТАР

### 1. ГРАЖДАНДАР

9-статья. **Граждандардын укук жөндөмдүүлүгү**

Граждандык укукка жана милдетке ээ болууга жөндөмдүүлүгү (граждандык укукка жөндөмдүүлүк) Кыргыз ССРинин жана башка союздук республикалардын бардык граждандары үчүн тең таанылат.

Граждандын укук жөндөмдүүлүгү анын туулган убагынан тартып келип чыгат жана өлүмү менен токтотулат.

10-статья. **Граждандардын укук жөндөмдүүлүгүнүн мазмуну**

Граждандар законго ылайык өздүк менчигинде мүлк күтүшү, турак жай имараттарынын жана башка мүлктөрдөн пайдаланышы, мураска ээ болушу жана мүлктөрдү мураска калтырышы, кылган кесибинин түрүн жана жашай турган жерин тандап алышы мүмкүн, илимдин, адабияттын жана искусствонун, жаңы ачуулардын, ойлоп чыгаруулардын, рационализатордук сунуштардын өнөр жайлык үлгүнүн авторлук укугуна ээ болушу, ошондой эле башка мүлктүк жана өздүк мүлктүк эмес укуктарга ээ болушу мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

11-статья. **Граждандардын аракет жөндөмдүүлүгү**

Өздөрүнүн аракеттери менен граждандык укуктарга ээ болууга жана өзү үчүн граждандык милдеттерди түзүүгө (граждандык аракет жөндөмдүүлүгүн) толук көлөмдө граждандын жашы жеткенде, атап айтканда, он сегиз жашка жеткенде келип чыгат.

Эгерде закон тарабынан никеликке он сегиз жашка жеткенге чейин турууга жол берилген учурда, он сегиз жашка жетпеген граждандын, никеликке турган убактан тартып толук көлөмдө аракет жөндөмдүүлүгүнө ээ болот.

12-статья. **Граждандардын укук жөндөмдүүлүгүн жана аракет жөндөмдүүлүгүн чектөөлөргө жол берилбестиги**

Закон тарабынан каралган учурдан жана тартиптен тышкары, эч кимдин укук жөндөмдүүлүгү жана аракет

жөндөмдүүлүгү чектелиши тийиш эмес. Укук жөндөмдүүлүктү же аракет жөндөмдүүлүктү чектөөгө карата багытталган бүтүмдөр анык эмес.

13-статья. **Он беш жаштан он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендердин аракет жөндөмдүүлүгү**

Он беш жаштан он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендер бүтүмдөрүн ата-энелеринин, бала кылып алгандардын же попечителдердин макулдугу менен жасашат.

Бирок, өз алдынча тиричиликтин майда бүтүмдөрүн жасоого, өзүнүн эмгек акысын же стипендиясын өз билгенинче жумшоого, автордук жана ойлоп чыгарууларга, рационализатордук сунуштарына жана өнөр жай үлгүлөрүнө укуктарын ишке ашырууга алар укуктуу.

Жетишерлик негиздер болгон кезде опека жана попечитель органы өзүнүн демилгеси боюнча же коомдук уюмдардын же кызыкчылыгы бар жактардын өтүнүчү боюнча он бештен он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендерди, өзүнүн эмгек акысын же стипендиясын өз алдынча жумшоого укугун чектеп же ажыратып коё алат.

Он бештен он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендердин кредиттик мекемелерге акча салып коюу жана аларды өз эркинче жумшоо укугу ССР Союзунун закондору менен белгиленет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

14-статья. **Он беш жашка чейинки жашы жетпегендердин аракет жөндөмдүүлүгү**

Он беш жашка чыкпаган жашы жетпегендер үчүн бүтүмдөрүн алардын атынан ата-энелери, бала кылып алгандар же опекундар жасашат.

Он беш жашка чейинки жашы жетпегендер тиричиликтин майда бүтүмдөрүн өз алдынча жасоого укуктуу.

Он беш жашка чейинки жашы жетпегендердин кредиттик мекемелерге акча салып коюу жана аларды өз эркинче жумшоо укугу ССР Союзунун закондору менен белгиленет.

15-статья. **Спирттик ичимдиктерди же наркотикалык заттарды кыянаттык менен пайдаланган граждандардын аракет жөндөмдүүлүгүн чектөө**

Спирттик ичимдиктерди же наркотикалык заттарды кыянаттык менен пайдалангандыктын натыйжасында өзүнүн үй-бүлөсүн материалдык оор абалга койгон граждании, аракет жөндөмдүүлүгүнөн Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодексинде белгиленген тартипте, сот тарабынан чектелиши мүмкүн. Ага попечителдик белгиленет.

Ал, тиричиликтеги майда бүтүмдөрдөн тышкары, мүлкүн жумшоо боюнча бүтүмдөрдү түзүүнү, ошондой эле эмгек акысын, пенсиясын же доходдордун башка түрлөрүн алууну жана аларды жумшоону попечителдин макулдугу менен гана жүргүзө алат.

Гражданин спирттик ичимдиктерди же наркотикалык заттарды кыянаттык менен пайдаланганын койгон кезде сот анын аракет жөндөмдүүлүгүн чектөөнү алып таштайт. Соттун чечиминин негизинде ага болгон попечителдик алынып ташталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

16-статья. **Гражданинди аракет жөндөмдүүлүгү жок деп таануу**

Жин оорулуу же кем акыл болгондуктун натыйжасында өз аракеттеринин маанисине түшүнө албаган же өз аракеттерин башкара албаган гражданин Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодексинде белгиленген тартипте сот тарабынан аракет жөндөмдүүлүгү жок деп таанылышы мүмкүн. Ага опека белгиленет.

Аракет жөндөмдүүлүгү жок деп таанылган жин оорулуунун же кем акылдын атынан бүтүмдөрдү анын опекундары жасайт.

Аракет жөндөмдүүлүгү жок деп таанылган гражданиндин айыгып кеткен же саламаттыгы бир кыйла жакшырган учурда, сот аны аракетке жөндөмдүү деп таанышт. Соттун чечиминин негизинде ага карата белгиленген опека алынып ташталат.

17-статья. **Турган жери (жашаган жери)**

Турган жер болуп гражданин туруктуу же көбүрөөк убакыт турган жери таанылат.

Он беш жашка чейинки жашы жетпегендердин же опекада болгон граждандардын турган жери болуп, алардын ата-энелеринин, бала кылып алгандардын же опекундардын турган жери таанылат.

18-статья. **Гражданинди дайынсыз жок болду деп таануу**

Эгерде бир жылдын ичинде гражданиндин туруктуу

жашаган жеринде, анын кайсы жерде жүргөндүгү жөнүндө маалымат жок болсо, сот тартибинде граждании дайынсыз жок болду деп таанылышы мүмкүн.

Дайыны жок болгон адам жөнүндө акыркы маалымат алынган күндү аныктоо мүмкүн болбогон кезде, дайынсыз жок болгон күндүн башталышы болуп, дайыны жок болгон адам жөнүндө акыркы кабар алынган айдан кийинки айдын биринчи числосу, ал эми ал айды аныктоо мүмкүн болбогон кезде — кийинки жылдын биринчи январы болуп эсептелет.

19-статья. **Дайынсыз жок болгондун мүлкүн коргоо**

Дайынсыз жок болду деп таанылган граждандин мүлкүнө, соттун чечиминин негизинде опека белгиленет. Бул мүлктөн, дайынсыз жок болгон адам закон боюнча багууга милдеттүү болгон граждандарды багууга берилет жана дайынсыз жок болгон адамдын башка милдеттенмелери боюнча карыздары да төлөнөт.

Кызыкчылыгы бар адамдардын арыздары боюнча опека жана попечитель органы дайыны жок болгон граждандин мүлкүн коргоо үчүн, ошондой эле анын мүлкүн башкаруу үчүн анын турган орду жөнүндө акыркы кабарларды алган күндөн тартып бир жыл өткөнгө чейин да опекун дайындашы мүмкүн.

20-статья. **Дайынсыз жок болгон деп таануу жөнүндөгү чечимди бузуу**

Дайынсыз жок болгон деп таанылган граждании келген же турган жери табылган учурда, сот аны дайынсыз жок болгон деп таануу жөнүндөгү чечимин бузат. Соттун чечиминин негизинде ал граждандин мүлкүнө болгон опека алынып ташталат.

21-статья. **Граждандин өлдү деп жарыялоо**

Эгерде граждандин туруктуу жашаган жеринде анын кайда жүргөндүгү жөнүндө үч жыл бою кабар болбосо, ал эми ал өлүм коркунучу болгон жагдайда же болбосо белгилүү бир кокустук кырсыктан каза болгон деп болжолдоого негиз берүүчү кырдаалдарда алты ай бою дайынсыз жок болуп кетсе, аны өлдү деп сот аркылуу жарыялоого мүмкүн.

Согуштук аракеттерге байланыштуу дайынсыз жок болгон аскер кызматчылары же башка граждании, соттук тартипте, согуш аракеттеринин бүткөн күнүнөн тартып эки жыл өткөндөн кийин гана өлдү деп жарыяланышы мүмкүн.



Өлдү деп жарыяланган граждандин өлгөн күнү болуп, аны өлдү деп жарыялагандыгы жөнүндө соттун чечиминин закондуу күчүнө кирген күн эсептелет. Өлүм коркунучу болгон же анын өлүмүн белгилүү бир кокустуктан болгон кырсыктан болду деп болжолдоого негиз берүүчү кырдаалдарда дайынсыз жок болгон граждандин өлдү деп жарыялаган учурда, сот бул граждандин өлгөн күнү деп анын өлүмүнүн болжолдуу күнүн таанышы мүмкүн.

22-статья. **Өлдү деп жарыяланган граждандин келишинин натыйжалары**

Өлдү деп жарыяланган граждании келген же турган жери табылган учурда, тиешелүү болгон чечим сот тарабынан бузулат.

Граждании өзүнүн кайсы убакта келгендигине карабастан, граждандин өлдү деп жарыялагандан кийин акы төлөнбөстөн мүлкү өткөн ар кандай жактардан сакталып калынган мүлкүн кайтарып берүүнү талап кыла алат.

Өлдү деп жарыяланган граждандин мүлкү, акы төлөнүүчү бүтүмдөр боюнча өткөрүп алган жактар, эгерде өлдү деп жарыяланган граждандин тирүү экендигин билип туруп алардын мүлктү алгандыгы далилденсе, ошол мүлкүн ага кайтарып берүүгө милдеттүү.

Эгерде өлдү деп жарыялангандын мүлкү мураска ээ болуу укугу боюнча мамлекетке өтүп, сатылып кеткен болсо, анда граждандин өлдү деп жарыялагандыгы жөнүндөгү чечим бузулгандан кийин, мүлктү сатканда алынган сумма ага кайтарылып берилет.

## 2. ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАР

23-статья. **Юридикалык жакты түшүнүү**

Обочо турган мүлктөргө ээ болгон, өз атынан мүлктүк жана өздүк мүлктүк эмес укуктарды ээлей ала турган жана милдеттерди аткаруучу, сотто, арбитражда же третей сотунда доогер жана жоопкер болушу мүмкүн болгон уюмдар юридикалык жактар деп таанылат.

24-статья. **Юридикалык жактардын түрлөрү**

Юридикалык жактар болуп төмөндөгүлөр саналат:

чарбалык расчетто турган, аларга бекитилип берилген негизги жана оборот каражаттары жана өз алдынча балансы болгон мамлекеттик ишканалар жана мамлекеттик башка уюмдар;

Центральная научная БИБЛИОТЕКА Академии наук Кирг. ССР 587936

мамлекеттик бюджетте турган жана өз алдынча сметасы болгон, жетекчилери кредиттерди бөлүштүрүү (закон тарабынан белгиленген алып таштоолордон тышкары) укуктарынан пайдаланышкан мекемелер жана мамлекеттик башка уюмдар;

башка булактардын эсебинен финансылануучу жана өз алдынча сметасы жана өз алдынча балансы болгон мамлекеттик уюмдар;

колхоздор, колхоз аралык жана башка кооперативдик уюмдар жана алардын бирикмелери, башка коомдук уюмдар, ошондой эле ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан каралган учурларда, обочо турган мүлктөрү жана өз алдынча балансы болгон бул уюмдардын ишканалары менен мекемелери жана алардын бирикмелери;

мамлекеттик-колхоздук жана мамлекеттик-кооперативдик башка уюмдар;

ССР Союзунун закондорунда каралган учурларда башка уюмдар.

Мамлекеттик бюджетте турган, ушул статьяда көрсөтүлгөн мекемелер жана мамлекеттик башка уюмдар, ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан каралган учурларда, тийиштүүлүгүнө жараша ССР Союзунун же Кыргыз ССРинин атынан аракет кылышат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**25-статья. Юридикалык жактын уставы (жобосу)**

Юридикалык жак уставдын (жобонун) негизинде аракет кылат. Мамлекеттик бюджетте турган мекемелер жана мамлекеттик башка уюмдар, ал эми ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан каралган учурларда, ошондой эле башка уюмдар да ошол түрдөгү уюмдар жөнүндөгү жалпы жоболордун негизинде аракет кыла алышат.

**26-статья. Юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгү**

Юридикалык жак анын иш-аракеттеринин белгиленген максаттарына ылайык граждандык укук жөндөмдүүлүгүнө ээ болот.

Юридикалык жактардын укук жөндөмдүүлүгү алардын уставы жана жобосу бекитилген убагынан тартып келип чыгат, ал эми алар ошол түрдөгү уюмдар жөнүндөгү жалпы жоболордун негизинде аракет кыла турган учурларда — компетенттүү органдардын аларды түзүү жөнүндө токтом кабыл алган учурунан тартып келип



чыгат. Эгерде устав катталууга тийиш болсо, юридикалык жактардын укукка жөндөмдүүлүгү ошол катталган учурдан тартып келип чыгат.

**27-статья. Юридикалык жактын түзүлүшү**

Юридикалык жактар ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан белгиленген тартипте түзүлүшөт, ал эми түзүлүш тартиптери закон тарабынан белгиленбеген коомдук уюмдар болсо — алардын уставдары менен каралган тартипте түзүлөт.

**28-статья. Юридикалык жактын органдары**

Юридикалык жак, закон же устав (жобо) боюнча аларга берилген укуктардын чектеринде аракет кылуучу, өзүнүн органдары аркылуу граждандык укуктарга ээ болот жана өзүнө граждандык милдеттенмелерди кабыл алат.

Юридикалык жактардын органдарын дайындоонун же шайлоонун тартиптери устав же жобо менен аныкталат.

**29-статья. Юридикалык жактын наамы**

Юридикалык жактын өзүнүн наамы болот.

Фирмалык наамдар, өндүрүштүк маркалар жана товардык белгилер менен пайдаланууга байланышкан чарбалык уюмдардын укуктары жана милдеттери ССР Союзунун закондору менен аныкталат.

**30-статья. Юридикалык жактын турган жери**

Юридикалык жактын турган жери болуп анын туруктуу иш-аракеттеги органы турган жер эсептелет.

**31-статья. Юридикалык жактын филиалдары жана өкүлдүктөрү**

Юридикалык жак, ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан белгиленген тартипте филиалдарын жана өкүлдүктөрүн ача алат.

Филиалдын же өкүлдүктүн жетекчиси, тиешелүү юридикалык жактан алган ишеним катынын негизинде аракет кылат.

**32-статья. Юридикалык жактын өзүнүн милдеттенмелери боюнча жоопкерчилиги**

Юридикалык жак өзүнүн милдеттенмелери боюнча өзүнө таандык болгон (өзүнө бекитилип берилген) ССР Союзунун закондоруна жана ушул Кодекстин 99, 102, 105-статьяларына ылайык өндүрүү жүргүзүүгө мүмкүн болгон мүлкү менен жооп берет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

33-статья. **Мамлекеттин жана мамлекеттик уюмдардын жоопкерчиликтерин чектөө**

Мамлекет юридикалык жактардан болуп саналган мамлекеттик уюмдардын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт, ал эми бул уюмдар болсо мамлекеттин милдеттенмелери боюнча жооп беришпейт.

Мамлекеттик бюджетте турган мекемелердин жана мамлекеттик башка уюмдардын карыздарын төлөөгө карата каражаттар берүүнүн шарттары жана тартиптери, эгерде бул карыз алардын сметаларынын эсебинен төлөнүшү мүмкүн болбосо, ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору менен белгиленет.

34-статья. **Мамлекеттик уюмдардын жана ага баш ийген ишканалардын, кооперативдик же башка коомдук уюмдардын жана алардын ишканаларынын жоопкерчиликтерин чектөө**

Мамлекеттик уюмдар, юридикалык жактардан болуп саналган жана ага баш ийген ишкананын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт, ал эми бул ишкана, ал баш ийген уюмдун милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.

Кооперативдик же башка коомдук уюмдар, юридикалык жак болуп (ушул Кодекстин 24-статьясы) саналган өзүнүн ишканасынын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт, ал эми бул ишкана көрсөтүлгөн уюмдардын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.

ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору менен каралган учурларда бул эрежеден алып таштоолорго жол берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

35-статья. **Кооперативдик бирикмелердин жана анын составына кирген кооперативдик уюмдардын жоопкерчиликтерин чектөө**

Кооперативдик бирикме анын составына кирген кооперативдик уюмдардын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт, ошондой эле анын составына кирген кооперативдик уюмдар кооперативдик бирикмелердин милдеттенмелери боюнча, эгерде мындай жоопкерчилик закон же устав тарабынан каралбаган болсо, жооп беришпейт.



36-статья. **Кооперативдик же башка коомдук уюмдардын жана анын мүчөлөрүнүн жоопкерчиликтерин чектөө**

Эгерде кооперативдик уюмдардын айрым түрлөрү үчүн закон же алардын уставдары тарабынан башкача каралбаса, кооперативдик же башка коомдук уюмдардын мүчөлөрү ошол уюмдун милдеттенмелери боюнча жооп беришпейт.

Кооперативдик же башка коомдук уюмдар өздөрүнүн мүчөлөрүнүн милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.

Кооперативдик уюмдардын мүчөсүнүн пайлык мүчөлүк акысынан өндүрүлүп алынышына, карыздакор уюмдун мүчөлүк составынан чыгып жаткан учурлардан тышкаркы убактарда жол берилбейт.

Эгерде сот тарабынан турак жай-курулуш же дачалык-курулуш кооперативдеринин мүчөсүнүн пайлык взносу эмгексиз тапкан доходдорунун эсебинен же мамлекеттик, кооперативдик, же башка коомдук уюмдардын каражаттарын законсуз пайдалануунун эсебинен төлөнгөн деп табылса, анда пайлык взностун суммасы мамлекеттин доходуна өтөт, же тийиштүү уюмга кайтарылып берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

37-статья. **Колхоз аралык, мамлекеттик-колхоздук же мамлекеттик-кооперативдик башка уюмдардын жана анын катышуучуларынын жоопкерчиликтерин чектөө**

Колхоз аралык, мамлекеттик-колхоздук жана мамлекеттик-кооперативдик башка уюмдар өздөрүнүн катышуучуларынын милдеттенмелери боюнча жооп беришпейт.

Колхоздор, кооперативдик башка, ошондой эле мамлекеттик уюмдар, катышуучулардан болуп саналган колхоз аралык, мамлекеттик-колхоздук же мамлекеттик-кооперативдик башка уюмдардын милдеттенмелери боюнча жооп беришпейт.

Колхоз аралык, мамлекеттик-колхоздук же мамлекеттик-кооперативдик башка уюмдардын тапкан зыяндары уставга (жобого) ылайык анын катышуучуларынын арасында бөлүнүшү мүмкүн.

38-статья. **Юридикалык жактын кыскартылышы**

Юридикалык жак жоюу же кайра уюштуруу (биригүү, бөлүнүү же кошулуу) жолу менен кыскартылат.

Юридикалык жактар биригишкен жана бөлүнүшкөн

кезде мүлктөрү (укугу жана милдеттери) жаңыдан келип чыккан юридикалык жактарга өтөт.

Юридикалык жактын башка бир юридикалык жакка кошулган кезинде анын мүлкү (укугу жана милдеттери) кийинки юридикалык жакка өтөт. Эгерде закон же кайра уюштуруу жөнүндөгү токтом менен башкача каралбаган болсо, өткөрүп берүү балансына кол коюлган күнү мүлк өтөт.

Юридикалык жактарды жоюунун жана кайра уюштуруунун тартиптери ССР Союзунун закондору жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомдору менен аныкталат.

**39-статья. Юридикалык жак болуп саналган мамлекеттик уюмдардын кыскартылышы**

Юридикалык жактардан болуп саналган мамлекеттик уюмдарды кыскартуу, алар кимдин чечими боюнча түзүлгөн болсо, ошол орган тарабынан жүргүзүлөт.

**40-статья. Кооперативдик, башка коомдук жана мамлекеттик-кооперативдик уюмдардын кыскартылышы**

Кооперативдик, ошондой эле мамлекеттик-колхоздук жана мамлекеттик-кооперативдик башка уюмдар закондо жана уставда (жободо) көрсөтүлгөн негиздер боюнча кыскартылат.

Коомдук уюмдар, алардын уставдарында (жоболорунда) көрсөтүлгөн негиздер боюнча кыскартылат.

Кооперативдик, башка коомдук, мамлекеттик-колхоздук жана башка мамлекеттик-кооперативдик уюмдарды кайра уюштурууларга (бириктирүү, бөлүү, кошуу), алардын мүчөлөрүнүн жалпы чогулуштарынын же уполномочендеринин чогулуштарынын чечими боюнча гана жол берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**41-статья. Кооперативдик, башка коомдук же мамлекеттик-кооперативдик уюмдардын жоюлушунан кийин калган мүлктөрдү пайдалануу**

Жоюлган кооперативдик же башка коомдук уюмдардын бардык кредиторлорунун талаптарын канааттандыргандан кийин калган мүлк закон тарабынан башкача белгиленбеген болсо, пайлык же кайтарып берүүгө тийиш болгон башка взносторун кайрып берүү үчүн пайдаланылат. Калган бөлүгү жогору турган кооперативдик же коомдук уюмдарга, ал эми алар жок болгон кездерде — тийиштүү мамлекеттик органга өткөрүп берилет.

Жоюлган колхоз аралык, мамлекеттик-колхоздук же мамлекеттик-кооперативдик башка уюмдардын бардык кредиторлорунун талаптарын канааттандыргандан кийин калган мүлк, алардын катышуучуларынын арасында алардын взносторуна пропорционалдуу түрдө бөлүштүрүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

*3-глава*

## БҮТҮМДӨР (СДЕЛКАЛАР)

**42-статья. Бүтүмдөрдүн түшүнүгү жана түрлөрү**

Бүтүмдөр деп граждандар менен уюмдардын граждандык укуктарды же милдеттерди белгилөөгө, өзгөртүүгө же кыскартууга багытталган иш-аракеттери таанылат.

Бүтүмдөр бир тараптуу жана эки же көп тараптуу (договорлор) болушу мүмкүн.

**43-статья. Бүтүмдөрдүн формасы**

Бүтүмдөр оозеки же жазуу формасында (жөнөкөй же нотариалдык) жасалат.

Закон тарабынан атайын форма белгиленбеген бүтүм, эгерде ал жактын жүрүш-турушунан бүтүмдү жасоого анын эрки билинип турса, ал жасалган деп эсептелет.

ССР Союзунун же Кыргыз ССРинин закондору тарабынан каралган учурларда бүтүм жасоого эркин билдирген катары унчукпоо таанылат.

**44-статья. Оозеки бүтүмдөр**

Эгерде ССР Союзунун же Кыргыз ССРинин закондору менен башкача каралбаган болсо, өзүнүн жасалган кезинде аткарылуучу бүтүмдөр, оозеки жасалышы мүмкүн.

**45-статья. Кат жүзүндөгү бүтүмдөр**

Кат жүзүндөгү формада жасалышы тийиш болгон бүтүмдөр:

1) ушул Кодекстин 44-статьясында көрсөтүлгөн бүтүмдөрдөн жана бүтүмдөрдүн айрым түрлөрү үчүн ССР Союзунун же Кыргыз ССРинин закондору менен алар үчүн башкача каралгандан тышкары мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын өз ара жана граждандар менен болгон бүтүмдөрү;

2) ушул Кодекстин 44-статьясында көрсөтүлгөн бүтүмдөрдөн жана ССР Союзунун же Кыргыз ССРинин закон-

доруида көрсөтүлгөн башка бүтүмдөрдөн тышкаркы граждандардын жүз сомдон жогорку суммадагы өз ара бүтүмдөрү;

3) кат жүзүндөгү форманы сактоону закон талап кылган граждандардын өз ара башка бүтүмдөрү.

Уюмдардын өз арасындагы же болбосо уюм менен граждандардын арасындагы бүтүмдөр жазуу формасында болбой жасалган учурларда, товар акысын же болбосо кызмат акысын төлөгөн уюм экинчи тараптан анын акча алганын жана акча алуу негиздерин күбөлөндүрө турган кат жүзүндөгү документ алууга тийиш.

Кат жүзүндөгү бүтүмдөр, аларды жасашкан жактар тарабынан кол коюлган болууга тийиш.

Эгерде граждании денесинин (физический) кемчилдигинин, оорулуулугунун натыйжасында же кандайдыр бир себептер боюнча өз колу менен кол коё албаса, анда анын тапшыруусу боюнча бүтүмгө башка граждании кол коё алат. Бүтүм жасап жаткан кишинин бүтүмгө өз колун коё албаган себептерин көрсөтүү менен кол койгон адамдын колу бүтүм жасап жаткан граждании иштеген же окуган уюм, же ал жашап турган жериндеги турак жай-эксплуатациялоо уюму же ал дарыланып жаткан стационардык дарылоо мекемесинин администрациясы же нотариалдык орган тарабынан күбөлөндүрүлүшү тийиш.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 18-майдагы жана 1984-жыл 22-октябрдагы Указдарынын редакциясында).

**46-статья. Бүтүмдөрдүн формаларын сактабоонун натыйжалары**

Закон тарабынан талап кылынган бүтүмдөрдүн формаларын сактабоо закондо түздөн-түз көрсөтүлгөн учурда гана бүтүмдөрдүн анык эместигине алып барат.

Тышкы соода бүтүмдөрүнүн формаларын жана аларга кол коюунун тартиптерин (ушул Кодекстин 578-статьясы) сактабоо бүтүмдөрдүн анык эместигине алып барат.

**47-статья. Жөнөкөй кат жүзүндөгү формасын сактабоонун натыйжалары**

Закон тарабынан талап кылынган бүтүмдөрдүн жөнөкөй кат жүзүндөгү формасын (ушул Кодекстин 45-статьясы) сактабоо, талаш болгон учурда, жактарды бүтүмдөрдүн болушун күбөлөрдүн көрсөтүүлөрүнө негиздөө укуктарынан ажыратат, ал эми закондо түздөн-түз көрсөтүлгөн учурларда бүтүмдөрдүн анык эместигине жана ушул Кодекстин 49-статьясынын экинчи бөлүгүндө каралган натыйжаларга алып барат.



**48-статья. Нотариалдык формалардын милдеттүүлүгү жана аны сактабоонун натыйжалары**

Бүтүмдөрдүн нотариалдык күбөлөнүшү закондо көрсөтүлгөн учурларда гана милдеттүү болот. Бул учурларда нотариалдык формаларды сактабоо бүтүмдөрдүн анык эместигине жана ушул Кодекстин 49-статьясынын экинчи бөлүгүндө каралган натыйжаларга алып барат.

Эгерде нотариалдык күбөлөндүрүүнү талап кылган бүтүмдү жактардын бири толук же бир бөлүгүн аткарган болсо, ал эми экинчи жак бүтүмдү нотариалдык күбөлөштү аткаруудан баш тартып жатса, сот бүтүмдү аткарган жактын талабы боюнча, бул бүтүмдүн законго каршы эч нерсеси жок болгон шарттарда гана бүтүмдү анык деп таанууга укуктуу. Бул учурда бүтүмдүн нотариалдык күбөлөндүрүлүшү талап кылынбайт.

**49-статья. Закондордун талаптарына ылайык келбөөчү бүтүмдөрдүн анык эместиги**

Закондун талаптарына ылайык келбеген бүтүм анык эмес болот.

Анык эмес бүтүм боюнча жактардын ар бири экинчи жакка бүтүм боюнча алгандарынын бардыгын кайра кайтарып берүүгө, ал эми алгандарын натуралай кайтарып берүүгө мүмкүнчүлүгү болбогон кезде, эгерде закондо анык эмес бүтүмдүн башкача натыйжалары каралбаса, анын турган наркын акчалай төлөп берүүгө милдеттүү.

**50-статья. Социалисттик мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыктарына каршы келген максатта жасалган бүтүмдөрдүн анык эместиги**

Эгерде бүтүм социалисттик мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыктарына каршы келген максатта билип туруп жасалса, анда эки тараптын тең карасанатайлык оюу болгон кезде бүтүмдү эки тарап тең аткарышкан учурда — бүтүм боюнча алардын алгандарынын бардыгы мамлекеттин доходуна өндүрүлүп алынат, ал эми бүтүмдү бир тарап гана аткарган кезде экинчи тараптан, анын алгандарынын бардыгы жана биринчи тарапка алгандары үчүн төлөөгө тийиштүү болгондорунун бардыгы мамлекеттин доходуна өндүрүлүп алынат; карасанатайлык ой тараптардын биринде гана болгон кезде, бүтүм боюнча анын алгандарынын бардыгы экинчи тарапка кайра кайтарылып берилиши тийиш, ал эми акыркынын алгандары же аткаргандары үчүн ага төлөнүшүнө тиешелүү болгондору мамлекеттин доходуна өндүрүлүп алынат.

**51-статья. Юридикалык жактын максаттарына карама-каршы келген бүтүмдөрдүн анык эместиги**

Юридикалык жак тарабынан, анын уставында, ал жөнүндөгү жободо, же бул түрдөгү уюмдар жөнүндөгү жалпы жободо көрсөтүлгөн максаттарга карама-каршы болгон бүтүмдүн жасалышы анык эмес болот.

Мындай бүтүмдөргө тийиштүүлүгүнө жараша ушул Кодекстин 49 же 50-статьяларынын эрежелери колдонулат.

**52-статья. Он беш жашка чейинки жашы жетпегендердин жасаган бүтүмүнүн анык эместиги**

Он беш жашка чейинки, жашы жетпегендин ушул Кодекстин 41-статьясынын экинчи жана үчүнчү бөлүктөрүндө каралган бүтүмдөрдөн тышкаркы бүтүмдөрү анык эмес болот.

Мындай бүтүм боюнча тараптардын ар бири экинчи тарапка бүтүм боюнча алгандарынын бардыгын кайра кайтарып берүүгө, ал эми алгандарын натуралай кайрып берүүгө мүмкүнчүлүгү болбогон кезде, анын турган наркын акчалай төлөп берүүгө милдеттүү.

Аракет жөндөмдүүлүгү болгон тарап экинчи жакка мындан тышкары, эгерде аракет жөндөмдүүлүгү болгон тарап экинчи тараптын аракет жөндөмдүүлүгү жок экендиги жөнүндө билсе, же билүүгө тийиш болсо, анын тарткан расходдорун, анын мүлктөрүнүн жоголушун же келтирилген бузугун төлөп берүүгө милдеттүү.

**53-статья. Аракет жөндөмдүүлүгү жок деп таанылган граждандын жасаган бүтүмүнүн анык эместиги**

Жин оорулуу же кем акыл болгондуктун натыйжасында аракет жөндөмдүүлүгү жок деп таанылган граждандын тарабынан жасалган бүтүм анык эмес болот.

Мындай бүтүмгө, ушул Кодекстин 52-статьясында каралган натыйжалар колдонулат.

**54-статья. Жалган жана анткор бүтүмдөрдүн анык эместиги**

Юридикалык натыйжаларды түзүү ниетин көздөбөй көз бойомочулук үчүн жасалган бүтүм анык эмес.

Эгерде бүтүм экинчи бир бүтүмдү жашыруу максатында жасалса, анда жактар чынында эле алар көздөгөн бүтүмгө тиешелүү болгон эрежелер колдонулат.



**55-статья. Он беш жаштан он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендер жасаган бүтүмдөрдүн анык эместиги**

Он беш жаштан он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендердин, алардын ата-энелеринин, бала кылып алгандардын же попечителдердин макулдугу жок эле жасашкан бүтүмү, сот тарабынан ата-энелеринин, бала кылып алгандардын же попечителдердин доосу боюнча анык эмес деп таанылат.

Эгерде мындай бүтүмдөр анык эмес деп таанылса, ушул Кодекстин 52-статьясында каралган натыйжалар колдонулат.

Ушул статьянын эрежелери он беш жаштан он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендердин ушул Кодекстин 13-статьясынын экинчи жана төртүнчү бөлүктөрүнө ылайык түзүлгөн бүтүмдөрүнө колдонулбайт.

**56-статья. Жаңылышуунун таасири менен жасалган бүтүмдөрдүн анык эместиги**

Жаңылышуунун таасири менен жасалган, олуттуу мааниси бар бүтүм, жаңылышуунун таасири менен аракет кылган тараптын доосу боюнча анык эмес деп таанылат.

Эгерде мындай бүтүм анык эмес деп таанылса, тараптардын ар бири экинчи тарапка бүтүм боюнча алгандарынын бардыгын кайра кайтарып берүүгө, ал эми алгандарын натуралай кайрып берүүгө мүмкүнчүлүгү болбогон кезде, анын турган наркын акчалай төлөп берүүгө милдеттүү.

Доосу боюнча бүтүм анык эмес деп таанылган тарап экинчи тараптан, эгерде жаңылышуу экинчи тараптын күнөөсү боюнча келип чыккандыгын далилдей алса, расходдорун, өзүнүн мүлктөрүнүн жоголушун же келтирилген бузугун төлөп берүүнү талап кылууга укуктуу. Эгерде бул далилденбеген болсо, доосу боюнча бүтүм анык эмес деп таанылган тарап экинчи тарапка расходдорун, анын мүлктөрүнүн жоголушун же келтирилген бузугун төлөп берүүгө милдеттүү.

**57-статья. Алдоонун, зордоонун, коркутуунун, бир тараптын өкүлүнүн экинчи тарап менен арам ниеттүүлүк келишиминин же оор жагдайлардын өтүшүнүн таасири астында жасалган бүтүмдөрдүн анык эместиги**

Алдоонун, зордоонун, коркутуунун, бир тараптын өкүлүнүн экинчи тарап менен арам ниеттүүлүк менен болгон келишиминин таасири астында жасалган бүтүм, ошондой

эле оор жагдайлардын өтүшүнүн натыйжасында гражданин мажбур болуп өзү үчүн эң эле пайдасыз койгон шарт менен жасаган бүтүм, жабырлануучунун доосу боюнча, же мамлекеттик, кооперативдик же башка коомдук уюмдардын доосу боюнча анык эмес деп таанылышы мүмкүн.

Эгерде көрсөтүлгөн негиздердин бири боюнча бүтүм анык эмес деп таанылса, анда жабырлануучуга экинчи тарап бүтүм боюнча алгандарынын бардыгын кайра кайтарып берет, ал эми алгандарын натуралай кайрып берүүгө мүмкүнчүлүгү болбогон кезде, анын наркы акчалай төлөнүп берилет.

Жабырлануучунун экинчи тараптан бүтүм боюнча алынган мүлкү, ошондой эле экинчи тарапка берилгендеринин ага кайра төлөнүп берилүүгө тийиш болгондору мамлекеттин доходуна өтөт. Мүлктү мамлекеттин доходуна натуралай өткөрүп берүү мүмкүн болбогон кезде, анын наркы акчалай төлөтүлүп алынат.

Мындан тышкары, жабырлануучуга экинчи тарап анын тарткан расходдорун, анын мүлктөрүнүн жоголушун же ага келтирилген бузугун төлөп берет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

58-статья. **Спирттик ичимдиктерди же наркотикалык заттарды кыянаттык менен пайдалануучу гражданин тарабынан жасалган бүтүмдөрдүн анык эместиги**

Спирттик ичимдиктерди же наркотикалык заттарды кыянаттык менен пайдалануунун натыйжасында аракет жөндөмдүүлүгү чектелген граждандин попечителинин макулдугу жок эле жасалган мүлктөрдү башкаруу боюнча бүтүмү сот тарабынан попечителдин доосу боюнча анык эмес деп таанылат.

Эгерде мындай бүтүм анык эмес деп таанылса, ушул Кодекстин 42-статьясында каралгандардын натыйжалары колдонулат.

Бул статьянын эрежеси, ушул Кодекстин 15-статьясынын экинчи бөлүгүнө ылайык түзүлгөн бүтүмдөргө колдонулбайт.

59-статья. **Өзүнүн аракеттеринин маанисин түшүнүүгө жөндөмдүүлүгү болбогон граждандын тарабынан түзүлгөн бүтүмдөрдүн анык эместиги**

Бүтүм аракетке жөндөмдүү болгон граждандын тарабынан жасалса да, бирок аны жасаган учурда ал өзүнүн



аракеттеринин маанисине түшүнө албаган же аны башкара албаган абалда болгондо, сот тарабынан бул граждандын доосу боюнча анык эмес деп таанылат.

Эгерде мындай бүтүм анык эмес деп таанылса, тараптардын ар бири экинчи тарапка бүтүм боюнча алгандарынын бардыгын кайра кайтарып берүүгө, ал эми алгандарын натуралай кайра берүүгө мүмкүнчүлүгү болбогон кезде, анын турган наркын акчалай төлөп берүүгө милдеттүү.

Бүтүм жасаган учурда өзүнүн аракеттеринин маанисине түшүнө албаган же аны башкара албаган тарапка, мындан тышкары аны менен бүтүм кылган экинчи тарап, эгерде ал граждандын мындай абалы жөнүндө билсе, же билүүгө тийиш болсо, расходдорун, анын мүлктөрүнүн жоголушун жана ага келтирилген бузуктарын төлөп бериши тийиш.

60-статья. **Бүтүм анык эмес деп эсептелген учур**

Анык эмес деп таанылган бүтүм аны жасалган учурунан тартып анык эмес деп эсептелет. Бирок, эгерде бүтүмдүн мазмунунан, ал келерки убактарга гана кыскартылышы мүмкүн боло тургандыгы келип чыкса, анык эмес деп таанылган бүтүмдүн аракети, келерки убактарга да кыскартылат.

61-статья. **Бүтүмдүн бир бөлүгүнүн анык эместигинин натыйжалары**

Бүтүмдүн бир бөлүгүнүн анык эместиги, эгерде аны анык эмес бөлүгүн кошпогондо да бүтүм жасала тургандыгын болжолдоо мүмкүн болсо, анын калган бөлүктөрүнүн анык эместигине алып барбайт.

62-статья. **Шарт коюу менен жасалган бүтүм**

Эгерде тараптар укуктардын жана милдеттердин келип чыга тургандыгын болору же болбой тургандыгы белгисиз болгон кырдаалдарга жараша койгон болсо, бүтүм кийинкиге калтырып коюу шарты менен жасалды деп эсептелет.

Эгерде тараптар укуктарды жана милдеттерди кыскарта тургандыгын болору же болбой тургандыгы белгисиз болгон жагдайларга жараша койгон болсо, бүтүм жокко чыгарып коюу шарты менен жасалды деп эсептелет.

Эгерде шарттын келиши пайдасыз болгон жак шарттын келип жетишине арам ой менен тоскоолдук кылса, анда шарт пайда болгон болуп табылат.

Эгерде шарттын келиши пайдалуу болгон жак шарттын

келип жетишине арам ой менен көмөк көрсөткөн болсо, анда шарт пайда болбогон болуп табылат.

*4-глава*

## ӨКҮЛДҮК ЖАНА ИШЕНИМ КАТ

63-статья. **Өкүлдүк**

Бир жактын (өкүлдүн) экинчи жак (өкүлдүк берүүчүнүн) атынан ишеним катка, законго же административдик актыга негизделген полномочиелиги боюнча жасаган бүтүмү, өкүлдүк берүүчүнүн граждандык укуктарын жана милдеттерин тупадан туура туудурат, өзгөртөт жана кыскартат.

Полномочиелик ошондой эле өкүлдүн (чекене соодадагы сатуучу, кассир жана ушул сыяктуулар) аракет кылып жаткан кырдаалдарынан да апачык көрүнүшү мүмкүн.

Өкүлдүн жеке өзүнө карата да, ошону менен катар дагы бир жактын өкүлү болуп туруп, ошол жакка карата да өкүл берүүчүнүн атынан бүтүм жасашына болбойт.

Өзүнүн мүнөзү боюнча өзү жеке гана жасашы мүмкүн болгон бүтүмдөрдү, ошондой эле закондо көрсөтүлгөн башка бүтүмдөрдү өкүлдөрү аркылуу жасоого жол берилбейт.

64-статья. **Полномочиелиги болбогон же полномочиелигинен аша кеткен адамдар менен бүтүм жасоонун натыйжалары**

Башка жактын атынан бүтүм жасоого полномочиелиги болбогон, же полномочиелигинен аша кетип, жак тарабынан жасалган бүтүм, эгерде бул бүтүмдү өкүл берүүчү жактырган учурда гана өкүл берүүчү үчүн граждандык укуктарды жана милдеттерди түзөт, өзгөртөт жана кыскартат.

Өкүл берүүчүнүн жактырышы бүтүмдү түзгөн учурунан тартып анын анык экендигин билдирет.

65-статья. **Ишеним кат**

Бир адамдын экинчи бир адамга үчүнчү жактын алдында анын өкүлү болушу үчүн кат жүзүндө берген полномочиеси ишеним кат деп таанылат.

Юридикалык жакка ишеним кат, анын уставына (жобосуна) же бул түрдөгү уюмдар жөнүндөгү жалпы жоболорго карама-каршы келбеген бүтүмдөрдү жасоого гана берилиши мүмкүн.



66-статья. **Ишеним каттардын формасы**

Нотариалдык форманы талап кылуучу бүтүмдөрдү, ошондой эле мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюмдарга карата аракеттерди жасоого ишеним кат, ушул Кодексте каралган учурлардан жана качан атайын эрежелер менен ишеним каттардын бөлөк формасына жол берилген башка учурлардан тышкаркысы нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

Эмгек акыны жана башка эмгек мамилелерине байланыштуу болгон төлөөлөрдү алууга, авторлордун жана ойлоп чыгаруучулардын төлөнүүчү акысын, пенсияларды, пособияларды жана стипендияларды, мамлекеттик эмгек сактык кассаларынан сумманы алууга жана корреспонденцияларды, анын ичинде акчалай жана посылкалык жибергендерди алууга ишеним кат, ошондой эле ишеним берүүчү иштеген же окуган уюм, ал жашап турган жериндеги турак жай-эксплуатациялоо уюму жана ал дарыланууда болгон стационардык дарылоо мекемесинин администрациясы тарабынан күбөлөндүрүлүшү мүмкүн.

Төмөндөгүлөр нотариалдык күбөлөндүрүлгөн ишенич каттарга барабар болот:

госпиталдарда, санаторийлерде жана башка аскердик-дарылоо мекемелеринде дарыланып жатышкан аскер кызматчыларынын жана башка адамдардын бул госпиталдардын, санаторийлердин жана башка аскердик-дарылоо мекемелеринин начальниктери, алардын медициналык жактан орун басарлары, старший жана дежурный врачтары тарабынан күбөлөндүрүлгөн ишенич каттары;

аскер кызматчыларынын, ал эми мамлекеттик нотариалдык конторалар жана нотариалдык иштерди жүргүзүүчү башка орундар жок аскердик бөлүктөрдүн, бирикмелердин, мекемелердин жана аскердик окуу жайларынын дислокациясынын пунктарында ошондой эле жумушчулардын жана кызматчылардын, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана аскер кызматчыларынын үй-бүлө мүчөлөрүнүн бул бөлүктөрдүн, бирикмелердин, мекемелердин жана жайлардын командирлери (начальниктери) күбөлөндүргөн ишенич каттары;

эркинен ажыратуу жайларында жүрүшкөн адамдардын эркинен ажыратуу жайларынын начальниктери күбөлөндүргөн ишенич каттары.

67-статья. **Мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын ишеним каттары**

Мамлекеттик уюмдун атынан болгон ишеним кат бул уюмдун жетекчисинин колу коюлуу менен печаты басылып берилет.

Кооперативдик же башка коомдук уюмдардын атынан болгон ишеним кат алардын уставы боюнча уполномочиеси бар адамдардын колу коюлуу менен бул уюмдардын печаты басылып берилет.

Мамлекеттик, кооперативдик же башка коомдук уюмдардын атынан акчаны жана башка мүлктүк баалуулуктарды алууга же берүүгө болгон ишеним катта дагы бул уюмдун башкы (старший) бухгалтеринин колу коюлган болууга тийиш.

Банкта операция жасоого күбөлүк каттардын жана тышкы соода жагынан бүтүм жасоого ишеним каттардын берилишинин тартиптери жана формасы атайын эрежелер менен аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**68-статья. Ишеним каттын мөөнөтү**

Ишеним каттын аракет мөөнөтү үч жылдан ашпоого тийиш. Эгерде ишеним катта мөөнөтү көрсөтүлбөсө, ал күчүн анын жасалган күнүнөн тартып бир жыл бою сактайт.

Ишеним каттын жасалган күнү көрсөтүлбөсө анык эмес болот.

Күчүндө болушунун мөөнөтү көрсөтүлбөстөн чет өлкөлөрдө иштерди жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик нотариус тарабынан күбөлөндүрүлүп берилген ишенич кат ишенич катты берген адам аны жокко чыгарганга чейин күчүн сактап турат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 14-ноябрдагы Указынын редакциясында).

**69-статья. Ишенимдикти башкага өткөрүү**

Ишеним кат алган жак ишенген аракеттерди жеке өзү аткарышы тийиш. Ишеним кат боюнча уполномочиеси болсо же ишеним кат бергендин кызыкчылыктарын коргоо үчүн кырдаалдардын жагдайы боюнча мажбур болсо, ишеним алуучу аракеттерди аткарууну башка бирөөгө ишеним кылып өткөрүшү мүмкүн.

Ишенимди башкага өткөрүп берүү иретинде берилип жаткан ишеним кат, нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

Ишенимди башкага өткөрүп берүү иретинде берилген ишеним каттардын аракеттеринин мөөнөтү, ошолорго негиз болгон ишеним каттын аракет мөөнөтүнөн ашык болушу мүмкүн эмес.

Полномочиесин башка жакка өткөрүп берген жак ишеним кат берген жакка бул жөнүндө кабар кылышы жана полномочие берилген жак жөнүндө зарыл болгон маалыматтарды билдириши тийиш. Бул милдетти аткарбоо полномочиелигин өткөрүп берген жакка, ал полномочиелигин өткөрүп берген жактын аракеттери үчүн, жеке өзүнүн кылган аракети катары жооп берүүнү жүктөйт.

**70-статья. Ишеним каттардын кыскарышы**

Ишеним каттардын аракети төмөндөгүлөрдүн натыйжасында кыскартылат:

1) ишеним каттардын мөөнөтүнүн бүтүшүнөн; 2) ишеним катты берген жак тарабынан жокко чыгарышынан; 3) ишеним кат берилген жактын отказ кылышынан; 4) наамынан ишеним кат берилген юридикалык жактын кыскарышынан; 5) наамына ишеним кат берилген юридикалык жактын кыскарышынан; 6) ишеним кат берген граждаиндин өлүмүнөн, аны аракет жөндөмдүүлүгү жок деп, аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп, дайынсыз жок болгон деп таанылышынан же өлгөн деп жарыяланышынан; 7) ишеним кат берилген гражданиндин өлүмүнөн, аны аракет жөндөмдүүлүгү жок деп, аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп, дайынсыз жок болгон деп таанылышынан же өлгөн деп жарыяланышынан.

Ишеним кат берген жак ар кандай убакта ишеним катын же ишенимдикти башкага өткөрүп бергенин жокко чыгара алат, ал эми ишеним кат алган жак андан баш тарта алат. Бул укуктан баш тартуу жөнүндөгү келишим анык эмес.

Ишеним каттын кыскартылышы менен ишенгендикти башкага өткөрүү да күчүн жоготот.

**71-статья. Ишеним каттардын кыскартылышынын натыйжалары**

Ишеним кат берген жак, анын жокко чыгарылгандыгы жөнүндө (ушул Кодекстин 70-статьясынын 2-пункту) ишеним кат берилген жакка, ошондой эле өзүнө маалим болгон, алардын алдында өкүл болушу үчүн ишеним кат берилген үчүнчү жактарга кабар кылууга милдеттүү. Ишеним кат бергендин кыскарышы ушул Кодекстин 70-статьясынын 4-жана 6-пункттарында каралган негиздер боюнча болгон учурларда, ушундай эле милдеттер ишеним кат берген жактын укук кабыл алуучусуна жүктөлөт.

Ишеним каттын кыскаргандыгы жөнүндө билгенге че-

йин же билүүгө тийиш болгонго чейин ишеним кат алган жактын аракетинин натыйжасында келип чыккан укуктар жана милдеттенмелер, ишеним кат берген жана анын укук кабыл алуучулары үчүн үчүнчү жактардын алдында күчүн сактайт. Эгерде үчүнчү жак ишеним каттын күчүнүн кыскарышын билсе же билүүгө тийиш болсо, бул эреже колдонулбайт.

Ишеним кат кыскарылышы менен, ал берилген жак же анын укук кабыл алуучулары ишеним катты тездик менен кайтарып берүүгө милдеттүү.

*5-глава*

## МӨӨНӨТТӨРДҮ ЭСЕПТӨӨ

72-статья. **Мөөнөттү аныктоо**

Закон, бүтүм тарабынан белгиленген же сот, арбитраж же третей соту тарабынан дайындалган мөөнөт календардык даталар менен же жыл, ай, жума, күн же саат менен саналуучу убакыт мезгилинин өтүшү менен аныкталат.

Мөөнөт, ошондой эле шексиз болууга тийиш болгон окуяны көрсөтүү менен да аныкталышы мүмкүн.

73-статья. **Мөөнөттүн өтүшүнүн башталышы**

Мөөнөттүн өтүшүнүн башталышы аныкталган календардык датанын же окуянын болушунун эртеңки күнүнөн башталат.

74-статья. **Жылдар менен саналуучу мөөнөттүн бүтүшү**

Жылдар менен саналуучу мөөнөт мөөнөттүн кийинки жылынын тиешелүү айында жана күнүндө бүтөт.

Жарым жыл аныкталган мөөнөткө карата айлар менен саналуучу (ушул Кодекстин 75-статьясы) мөөнөттөр үчүн болгон эреже колдонулат.

75-статья. **Айлар менен саналуучу мөөнөттүн бүтүшү**

Айлар менен саналуучу мөөнөт мөөнөттүн акыркы айынын тиешелүү күнүндө бүтөт.

Жарым айга аныкталган мөөнөт күндөр менен саналуучу мөөнөт катары каралат жана он беш күнгө барабар деп эсептелет.

Эгерде айлар менен саналуучу мөөнөттүн бүтүшү тиешелүү ушундай күнү жок айга туура келсе, анда мөөнөт ал айдын акыркы күнү бүтөт.



76-статья. **Жумалар менен саналуучу мөөнөттүн бүтүшү**

Жумалар менен саналуучу мөөнөт мөөнөттүн акыркы жумасындагы тиешелүү күнү бүтөт.

77-статья. **Жумуш иштебей турган күнү мөөнөттүн бүтүшү**

Эгерде мөөнөттүн акыркы күнү жумуш иштебей турган күнгө туура келсе, мөөнөттүн бүткөн күнү болуп андан кийинки жакынкы болуучу жумуш күнү эсептелет.

78-статья. **Мөөнөттүн акыркы күнүндө аракеттер жасоонун тартиптери**

Эгерде кандайдыр бир аракет жасоо үчүн мөөнөт белгиленсе, ал мөөнөттүн акыркы күнүнүн жыйырма төрт саатына чейин аткарылышы мүмкүн.

Бирок, эгерде бул аракет уюмдарда жасалууга тийиш болсо, анда мөөнөт, качан бул уюмдарда белгиленген эрежелер боюнча тиешелүү операциялар токтотула турган ошол саатта бүтөт.

Мөөнөттүн акыркы күнүнүн жыйырма төрт саатына чейин кат жүзүндөгү бардык арыздар жана кабарлар почтага же телеграфка өткөрүлүп берилген болсо, мөөнөтүндө жасалган болуп эсептелет.

*6-глава*

## ДООНУН ЭСКИРИШИ

79-статья. **Доонун эскиришинин жалпы мөөнөттөрү**

Укугу бузулган жактын доосу боюнча укугун коргоо үчүн (доонун эскириши) жалпы мөөнөт үч жыл болуп, ал эми мамлекеттик уюмдардын, колхоздордун жана кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын бир-бирине болгон доолору боюнча — бир жыл болуп белгиленет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

80-статья. **Доонун эскиришинин кыскартылган мөөнөттөрү**

Доонун эскиришинин кыскартылган мөөнөттөрү, жөнгө салынышы ССР Союзунун карамагына кирген мамилелерден келип чыккан талаптардын айрым түрлөрү үчүн ССР Союзунун закондору тарабынан жана ушул Кодекс тарабынан — башка талаптар үчүн да белгиленет.

Доонун эскиришинин кыскартылган алты ай болгон

мөөнөтү, атап айтканда, төмөндөгү доолор боюнча колдонулат:

1) неустойканы (штрафты, пеняны) төлөтүү жөнүндөгү;

2) сатылган буюмдардын кемчиликтери жөнүндөгү (ушул Кодекстин 252-статьясы);

3) тиешелүү сапатта болбогон продукцияларды, (ушул Кодекстин 272-статьясы), ошондой эле комплекттүү болбогон продукцияларды поставка кылуудан келип чыгуучу;

4) курулуштагы жана имараттардагы кемчиликтер жөнүндөгү (ушул Кодекстин 372-статьясы) доолордон тышкаркы, подрядчы тарабынан аткарылган иштеги кемчиликтер жөнүндөгү.

Курулуштун жана имараттын кемчиликтери жөнүндөгү доолорго карата ушул Кодекстин 372-статьясында көрсөтүлгөн доонун эскиришинин кыскартылган мөөнөтү колдонулат.

Жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү жана багаждарды ташуудан келип чыккан доолорго карата ушул Кодекстин 394-статьясында көрсөтүлгөн доонун эскиришинин кыскартылган мөөнөттөрү, ал эми байланыш органдарынын клиенттуралар менен болгон мамилелеринен келип чыккан доолорго карата ССР Союзунун байланыш уставында көрсөтүлгөн доонун эскиришинин кыскартылган мөөнөттөрү колдонулат.

81-с т а т ь я. **Доонун эскиришинин мөөнөттөрүн өзгөртүү жөнүндөгү келишимдердин анык эместиги**

Жактардын келишими менен доонун эскиришинин мөөнөттөрүн жана алардын эсептелишинин тартиптерин өзгөртүүгө жол берилбейт.

82-с т а т ь я. **Доонун эскиришинин мөөнөтү өтүп кеткендикке карабастан доону кароо**

Бузулган укукту коргоо жөнүндөгү талап сот, арбитраж же третей соту тарабынан, доонун эскиришинин мөөнөтү өтүп кеткендигине карабастан кароого кабыл алынат.

83-с т а т ь я. **Доонун эскиришин колдонуунун милдеттүүлүгү**

Доонун эскириши тараптардын арызданууларына карабастан сот, арбитраж же третей соту тарабынан колдонулат.

84-с т а т ь я. **Доонун эскириш мөөнөттөрүнүн өтүшүнүн башталышы**



Доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүшү доо доолоого укуктар келип чыккан күндөн тартып башталат; доо доолоого укук, качан жак өзүнүн укуктарынын бузулгандыгы жөнүндө билген же билүүгө тийиш болгон күндөн тартып келип чыгат. Бул эрежеден алып таштоолор, ошондой эле доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүшүнүн убактылуу токтотулушунун жана үзүлүшүнүн негиздери ССР Союзунун закондору менен жана ушул Кодекс менен белгиленет.

85-с т а т ь я. **Милдеттенмедеги жактардын алмашкан кезиндеги доонун эскиришинин мөөнөтү**

Милдеттенмедеги жактардын алмашышы өз артынан доонун эскириш мөөнөтүн өзгөртпөйт.

86-с т а т ь я. **Доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүшүн токтотуу**

Доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүшү төмөнкү учурларда убактылуу токтотулат:

1) эгерде доо келтирүүгө чукулунан жана ошол шарттарда колдон келгис окуя (ал жеткис күч) тоскоолдук кылса;

2) милдеттенмелердин аткарылышын СССР Министрлер Совети жана Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан кийинкиге калтырууга (моратория) байланыштуу;

3) эгерде доогер же жоопкер согуш абалына келтирилген СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн составында болсо.

Эгерде ушул статьяда көрсөтүлгөн жагдайлар доонун эскиришинин акыркы алты айында келип чыккан же болуп келе жаткан болсо, доонун эскиришинин өтүшү токтотулат, ал эми бул мөөнөт алты айдан кем болсо доонун эскиришинин мөөнөтүнүн ичинде доонун эскириши токтотулат.

Доонун эскиришин убактылуу токтотууга негиз болгон жагдайлардын жоюлган күнүнөн тартып, анын өтүшүнүн мөөнөтү улантылат, мында мөөнөттүн калган бөлүгү алты айга чейин, ал эми эгерде доонун эскириш мөөнөтү алты айдан кем болсо — доонун эскириш мөөнөтүнө чейин узартылат.

87-с т а т ь я. **Доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүшүнүн үзүлүшү**

Доонун эскириш мөөнөтүнүн өсүшү, ушул статьянын 4-жана 5-бөлүктөрүндө каралган учурлардан тышкаркысы, белгиленген тартипте доо коюу менен үзүлөт.

Бир жагы же эки жагы тең граждандар болуп санал-

гап талаптар боюнча, доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүшү, милдеттүү жактын карызын мойнуна алгандыгы жөнүндө күбөлөндүрүүчү аракеттердин жасалышы менен үзүлөт.

Үзүлүшүнөн кийин доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүшү жаңыдан башталат; үзүлүшкө чейинки өткөн убакыт, жаңы мөөнөткө эсеп кылынбайт.

Эгерде доо сот тарабынан кароосуз калтырылса, анда доо коюлганга чейинки башталган доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүшү жалпы тартипте улантылат.

Эгерде сот тарабынан уголовный иште келтирилген доо кароосуз калтырылса, анда доо коюлганга чейинки башталган доонун эскириш мөөнөтү, доо кароосуз калтырылган өкүмдүн закондуу күчүнө кирген күнүнөн тартып улантылат.

**88-статья. Доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүшүнүн натыйжалары**

Доо коюлганга чейин доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүп кетиши доону отказ кылууга карата негиз болуп саналат.

Эгерде сот, арбитраж же третей соту доонун эскириш мөөнөтүнүн өткөрүп жиберишинин себебин жүйөлүү деп тапса, укуктун бузулушу коргоого жатат.

**89-статья. Доонун эскиришинин кыскартылган мөөнөттөрүнүн токтотулушу, үзүлүшү жана калыбына келтирилиши**

Доонун эскириш мөөнөттөрүнүн токтолушу, үзүлүшү жана калыбына келтирилиши жөнүндөгү эрежелер (ушул Кодекстин 86—88-статьялары), эгерде закондо башкача белгиленбеген болсо, ошондой эле доонун эскиришинин кыскартылган мөөнөттөрүнө да колдонулат.

**90-статья. Доонун эскириш мөөнөтү өткөндөн кийин карыздакор тарабынан милдеттин аткарылышы**

Доонун эскириш мөөнөтү өткөндөн кийин карыздакор тарабынан милдеттерин аткарган учурда, ал аны аткарып жаткан учурда доонун эскиришин билбесе да, аткарганын кайтарып берүүнү талап кылууга анын укугу жок.

Мамлекеттик уюмдардын ортосундагы мамилелерден келип чыгуучу мамлекеттик уюмдардын, ошондой эле колхоздордон жана коомдук уюмдардан тышкары кооперативдик уюмдардын талаптары боюнча доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүшүнүн натыйжалары ССР Союзунун закондору менен аныкталат.



**91-статья. Доонун эскириши таратылбаган талаптар**

Төмөнкүлөргө доонун эскириши таратылбайт:

закондо каралган учурлардан тышкары, өздүк мүлктүк эмес укуктардын бузулушунан келип чыгуучу талаптарга;

колхоздордун жана кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын же граждандардын законсуз ээлеген мамлекеттик мүлктөрдү кайтаруу жөнүндөгү мамлекеттик уюмдардын талаптарына;

мамлекеттик эмгек сактык кассаларына жана СССРдин Мамлекеттик банкына салынган акчаларын берүү жөнүндөгү вкладчылардын талаптарына;

ССР Союзунун закондорунда белгиленген учурларда — жана башка талаптарга да.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**92-статья. Кошумча талаптар боюнча болгон доолорго карата доонун эскиришинин колдонуу**

Башкы талап боюнча болгон доонун эскириш мөөнөтүнүн өтүшү менен кошумча талаптар боюнча болгон (неустойка, кепилдик жана ушул сыяктуулар) доонун эскириш мөөнөтү да өттү деп эсептелет.

## II БӨЛҮМ

## МЕНЧИК УКУГУ

### *7-глава*

### ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**93-статья. Менчик ээсинин укуктуулугу**

Менчик ээсине закон тарабынан белгиленген чектерде мүлккө ээ болуу, мүлктөн пайдалануу жана аны башкаруу укуктары таандык болот.

**94-статья. Социалисттик жана өздүк менчик**

Социалисттик менчик болуп: мамлекеттик (жалпы элдик) менчик; колхоздук-кооперативдик менчик; профсоюздук жана башка коомдук уюмдардын менчиги саналат.

Мамлекет социалисттик менчикти коргойт жана анын көбөйө бериши үчүн шарттарды түзөт.

Социалисттик менчикти жекече баюу максатында жа-

на башка пайда көрүү максатында пайдаланууга эч кимдин акысы жок.

Граждандардын өздүк менчигинин негизин эмгектик кирешелер түзөт. Өздүк менчик граждандардын керектөөлөрүн канааттандыруунун каражаттарынын бири болуп кызмат кылат.

Граждандардын өздүк менчиги жана аны мурастоо укугу мамлекет тарабынан корголот.

Граждандардын өздүк менчиги болгон мүлктөр эмгексиз кирешелер алуу үчүн кызмат кылууга, коомдун таламдарына зыян келтирүү менен пайдаланууга тийиш эмес.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

*8-глава*

## МАМЛЕКЕТТИК МЕНЧИК

95-статья. **Мамлекеттик менчик — совет элинин жалпы энчи**

Мамлекеттик менчик — бүткүл совет элинин жалпы энчи, социалисттик менчиктин негизги формасы.

Мамлекет бүткүл мамлекеттик мүлктүн бирден-бир менчик ээси болуп саналат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

96-статья. **Мамлекеттик менчик укугунун объектилери**

Жер, жер астындагы байлыктар, суулар жана токойлор мамлекеттин гана менчигинде турат жана пайдаланууга гана берилет. Мамлекетке өнөр жайдагы, курулуштагы жана айыл чарбасындагы негизги өндүрүш каражаттары, транспорт жана байланыш каражаттары, банктар, мамлекет уюштурган соода, коммуналдык жана башка ишканалардын мүлкү, шаардык негизги турак жай фондусу, ошондой эле мамлекеттин милдеттерин ишке ашыруу үчүн зарыл болгон башка мүлктөр таандык.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

97-статья. **Негизги каражаттарга таандык болгон мамлекеттик мүлктөрдү башкаруунун тартиптери**

Мамлекеттик уюмдардын негизги каражаттарына тийиштүү болгон имараттарды, курулуштарды, жабдууларды жана башка мүлктү башка мамлекеттик уюмдарга, ошондой эле колхоздорго, башка кооперативдик жана башка коомдук уюмдарга өткөрүп берүүнүн тартиби ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору менен аныкталат.

Имараттар жана курулуштар бир мамлекеттик уюмдан экинчисине акысыз өткөрүлүп берилет.

Ушул статьяда көрсөтүлгөн мамлекеттик мүлктөр, ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору менен граждандарга сатууга жол берилүүчү мүлктөрдүн айрым түрлөрүнөн тышкары, граждандардын ээликтеринде болушу тийиш эмес.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

98-статья. **Мамлекеттик уюмдардын өзүлөрүнүн оборот каражаттарын жана продукцияларын башкаруу боюнча укуктуулугу**

Мамлекеттик уюмдар сырьелорду, отундарды, материалдарды, жарым фабрикаттарды, акча жана оборотгук башка каражаттарды, ошондой эле даяр продукцияларды алардын дайындалыш максатына ылайык жана бекитилген планга жараша башкарат.

99-статья. **Мамлекеттик мүлккө карата өндүрүү жүргүзүүнүн тартиби**

Мамлекеттик уюмдардын негизги каражаттарына таандык болгон имараттар, курулуштар, жабдуулар жана башка мүлктөр залог боло албайт жана алардын эсебинен кредиторлордун талаптары боюнча өндүрүлүп алынышы мүмкүн эмес. Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодекси тарабынан, ал эми акча каражаттары жөнүндө — ССР Союзунун закондору тарабынан белгиленген алып таштоолордон тышкары башка мүлктөргө өндүрүү жүзгүзүүгө мүмкүн.

Кредиттик мекемелердин, алардын берген ссудаларын кайтаруу жөнүндөгү талаптары боюнча өндүрүү жүргүзүүнүн тартиби ССР Союзунун закондору менен аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

*9-глава*

## КОЛХОЗДОРДУН, КООПЕРАТИВДИК БАШКА УЮМДАРДЫН, АЛАРДЫН БИРИКМЕЛЕРИНИН МЕНЧИГИ

100-статья. **Колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин менчик укуктарынын мазмуну**

Колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, менчик укугунда болгон аларга таандык мүлктөргө, өзүлөрүнүн уставдарына (жоболоруна) ылайык ээ болушат, пайдаланышат жана аларды башкарышат.

Колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин менчиктерин түзгөн мүлктөрдү башкаруу укугу жалгыз гана менчик ээсине таандык болот.

101-статья. **Колхоздордун жана башка кооперативдик уюмдардын, алардын бирикмелеринин менчик укуктарынын объектилери**

Колхоздордун жана башка кооперативдик уюмдардын, алардын бирикмелеринин менчиктери болуп уставдык милдеттерин ишке ашыруу үчүн аларга зарыл болгон өндүрүш каражаттары жана башка мүлктөр саналат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

102-статья. **Колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин мүлктөрүнө карата өндүрүү жүргүзүүнүн тартиби**

Колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин негизги каражаттарына тиешелүү болгон, аларга таандык имараттардын, курулуштардын, тракторлордун, комбайндардын, башка машиналардын, транспорттук каражаттардын жана башка мүлктөрдүн, ошондой эле үрөндүк жана фураждык фондулардын эсебинен кредиторлордун талаптары боюнча өндүрүү жүргүзүүгө мүмкүн эмес.

Өндүрүлүп, Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодекси, ал эми акча каражаттары жөнүндө — ССР Союзунун закондору тарабынан белгиленген алып таштоолордон тышкары башка мүлктөрдүн эсебинен өндүрүү жүргүзүүгө мүмкүн.

Кредиттик мекемелердин, алардын берген ссудаларын



кайруу жөнүндөгү талаптары боюнча өндүрүү жүргүзүү тартиби ССР Союзунун закондору менен аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

*10-глава*

## ПРОФСОЮЗДУК ЖАНА КООМДУК БАШКА УЮМДАРДЫН МЕНЧИГИ

103-статья. **Профсоюздук жана коомдук башка уюмдардын менчик укуктарынын мазмуну**

Профсоюздук жана коомдук башка уюмдар менчик укугунда болгон аларга тиешелүү мүлктөргө, алардын уставдарына (жоболоруна) ылайык ээ болушат, мүлктөрдөн пайдаланышат жана аларды башкарышат. Профсоюздук жана коомдук башка уюмдардын менчиктерин түзүүчү мүлктөрдү башкаруу укугу менчик ээлеринин өздөрүнө гана таандык болот.

104-статья. **Профсоюздук жана башка коомдук уюмдардын менчик укуктарынын объектилери**

Профсоюздук жана башка коомдук уюмдардын менчиги болуп уставдык милдеттерин ишке ашыруу үчүн аларга зарыл болгон мүлктөр саналат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

105-статья. **Профсоюздук жана коомдук башка уюмдардын мүлктөрүнө карата өндүрүү жүргүзүүнүн тартиби**

Профсоюздук жана коомдук башка уюмдарга таандык болгон имараттарга, курулуштарга, жабдууларга жана ишканалардын, санаторийлердин, дем алуу үйлөрүнүн, маданият дворецтеринин, клубдардын, стадиондордун жана пионер лагерлеринин негизги каражаттарына жаткан башка мүлктөргө, ошондой эле маданий агартуу фондуларына кредиторлордун талаптары боюнча өндүрүү жүргүзүүгө мүмкүн эмес.

Кыргыз ССРинин закондору, ал эми акча каражаттары жөнүндө — ССР Союзунун закондору тарабынан белгиленген алып таштоолордон тышкары башка мүлктөргө өндүрүү жүргүзүүгө мүмкүн.

Кредиттик мекемелердин, алардын берген ссудаларын кайруу жөнүндөгү талаптары боюнча өндүрүү жүргүзүү

тартиби ССР Союзунун закондору менен аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

## 11-глава

## ӨЗДҮК МЕНЧИК

**106-статья. Граждандардын өздүк менчик укугунун объектилери**

Граждандардын өздүк менчигинде тиричилик, өздүк керектөө, ыңгайлуулук жана үй чарбасынын көмөкчү буюмдары, турак үй жана эмгектик жыйып-тергендери болушу мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**107-статья. Турак үйгө карата өздүк менчик укугу**

Граждандын өздүк менчигинде бир турак үй (же үйдүн бөлүгү) болушу мүмкүн.

Бирге жашап турушкан жубайлардын жана алардын жашы толо элек балдарынын алардын бирине өздүк менчик укугунда таандык болгон же алардын жалпы менчигинде турган бир гана турак үйү (же анын бөлүгү) болушу мүмкүн.

Ушул статьянын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн граждандардын ичинен үйдүн бир бөлүгүнө болгон бирөөнүн же бир нечесинин менчик укугу, бул граждандардын ичинен калгандарын ошол эле үйдүн экинчи бөлүгүн (бөлүктөрүн) өз менчигинде ээлөө укуктарынан ажыратпайт. Бирок, жекече үй куруучулардын турак жай-курулуш коллективинин көп квартиралуу үйүндө бирге жашашкан эрди-катын жана алардын жашка жетпеген балдары бир гана квартирага ээ боло алат.

Көрсөтүлгөн граждандардын өздүк менчик укугуна таандык болгон турак үйдүн же анын бөлүгүнүн( бөлүктөрүнүн) бардык өлчөмү алтымыш чарчы метр турак аянтынан ашпоого тийиш.

Бирок чоң үй-бүлөлүү, же болбосо кошумча турак жай аянтына укугу бар граждaнинге эл депутаттарынын райондук, шаардык Советинин аткаруу комитети чоң өлчөмдөгү үйдү (үйдүн бөлүгүн) курууга, сатып алууга же менчигинде сактап калууга уруксат бере алат. Бул учурда үйдүн (үйдүн бөлүгүнүн) турак жай аянты кошумча турак жай аянтына болгон укукту эске алуу менен мамлекеттик жана коомдук турак жай фондусунун үйлөрүндө



турак жай аянттарын жалдоочулар үчүн белгиленген норма боюнча ушул үй-бүлө үчүн белгиленген өлчөмдөн ашууга тийиш эмес (Кыргыз ССРинин Турак жай кодексинин 44-статьясы).

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**108-статья. Бирден тышкаркы болгон турак үйлөргө карата өздүк менчик укуктарынын кыскарышы**

Эгерде граждaниндин же бирге жашашкан эрди-катындын жана алардын жашка жетпеген балдарынын өздүк менчиктеринде закон тарабынан жол берилүүчү негиздер боюнча бир турак үйдөн ашык турак үйү болсо, менчик ээси өзүнүн тандоосу боюнча өзүнүн менчигиндеги бул үйлөрдөн каалаганын өзүндө калтырууга укуктуу. Экинчи үй (үйлөр) менчик ээси тарабынан бир жылдын ичинде сатылган, белек кылып берилген же башка жолдор менен өзүнөн ажыратылган болушу тийиш.

Менчик ээсинин үйдү (үйлөрдү) ыктыярдуу түрдө ээликтен чыгарышы үчүн жылдык мөөнөт экинчи үйгө (үйлөргө) карата менчик укуктун келип чыккан күнүнөн тартып эсептелет.

Эгерде менчик ээси бир жылдын ичинде үйдү каалаган формада ээлигинен чыгарбаса, бул үй эл депутаттарынын райондук, шаардык Советинин аткаруу комитетинин чечими боюнча, соттук чечимдерди аткаруу үчүн Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодексинде белгиленген тартипте мажбурлоо жолу менен сатылууга жатат. Сатылгандан кийин алынган суммалар, кыстоо менен сатуунун ишке ашырылышына байланыштуу болгон расходдор төлөнгөндөн кийинкиси, үйдүн мурдагы менчик ээсине берилет.

Качан кыстоо тартипте үй сатып алуучунун жоктугунан сатылбай калган учурларда, эл депутаттарынын райондук, шаардык Советтеринин аткаруу комитеттеринин чечими боюнча үй акысыз түрдө мамлекеттин пайдасына өтөт.

Ушул статьянын эрежелери тийиштүүлүгүнө жараша, качан граждaниндин же бирге жашашкан эрди-катындын жана алардын жашы жетпеген балдарынын өздүк менчиктеринде закон тарабынан жол берилген негиздер боюнча төмөндөгүдөй болуп калган учурларда колдонулат:

1) бир үйдөн тышкаркы, экинчи үйдүн бөлүгү (бөлүктөрү) болсо;

2) ар түрдүү үйлөрдүн бөлүктөрү болсо;

3) ушул Кодекстин 107-статьясында көрсөтүлгөн өлчөмдөрдөн ашык болгон, бир үйдүн бөлүгү (бөлүктөрү) болсо;

4) жекече куруучулардын турак жай-курулуш коллективдеринин көп квартиралуу үйлөрүндө бирден ашык квартира болсо.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указы менен өзгөртүүлөр киргизилген).

**109-статья. Турак жай-курулуш кооперативинин үйүндө квартири болуп туруп, турак үйгө карата өздүк менчик укуктарына ээ болушунун натыйжалары же болбосо мамлекеттик же коомдук турак жай фондусунун үйүндө**

Эгерде граждаининдин же бирге жашашкан эрди-катындын жана алардын жашы жетпеген балдарынын закон тарабынан жол берилүүчү негиздер боюнча өздүк менчик укугунда турак үйү (же үйдүн бир бөлүгү) жана ошол эле бир убакта турак жай-курулуш кооперативинин үйүндө квартири болсо, анда менчик ээси өзүнүн каалоосу боюнча өзүнө үйдү (үйдүн бөлүгүн) же турак жай-курулуш кооперативинин үйүндөгү квартираны калтырууга укуктуу. Кийинки учурда менчик ээси, үйгө (үйдүн бир бөлүгүнө) менчик укугу келип чыккан же турак жай-курулушу кооперативинин квартирасына көчүп кирген күндөн тартып бир жылдын ичинде өз үйүнүн (үйдүн бир бөлүгүн) ээлигинен ажырашы керек. Бул талаптарды аткарбаган кезде, үй (үйдүн бир бөлүгү) ушул Кодекстин 108-статьясынын эрежелери боюнча мажбурлоо менен ажыратылууга тийиш.

Эгерде гражданиндин же бирге жашап турушкан жубайлардын жана алардын жашы толо элек балдарынын закондо жол берилген негиздер боюнча өздүк менчик укугунда турак үйү (үйдүн бөлүгү) жана ошол эле учурда мамлекеттик же коомдук турак жай фондусунун үйүндө турак жай аянты болсо, анда үйдүн (үйдүн бөлүгүнүн) менчик ээси өз каалоосу боюнча үйдү (үйдүн бөлүгүн) же болбосо мамлекеттик же коомдук турак жай фондусунун үйүндөгү турак жай аянтын өзүндө калтырууга укуктуу. Мамлекеттик же коомдук турак жай фондусунун үйүндөгү турак жай аянтын өзүндө калтырган кезде менчик ээси үйгө (үйдүн бөлүгүнө) менчик укугунун келип



чыккан күнүнөн тартып же мамлекеттик же коомдук турак жай фондусунун үйүндөгү турак жай аянтына ордер алган күндөн тартып бир жылдын ичинде өз үйүн (үйдүн бөлүгүн) өткөрүп берүүгө тийиш. Бул талапты аткарбаган кезде ушул Кодекстин 108-статьясынын үчүнчү жана төртүнчү бөлүктөрүндө каралган натыйжалар келип чыгат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**110-статья. Турак жай үйүн, чарбалык жана тиричилик жайларын жана курулуштарды өз алдынча куруунун натыйжалары**

Белгиленген уруксатсыз же тийиштүү түрдө бекитилген долбоорсуз, же болбосо долбоордон кыйла четтөө же негизги курулуш нормаларын жана эрежелерин одоно бузуу менен турак үй (дача) же үйдүн бөлүгүн (дачанын бөлүгүн), чарбалык жана тиричилик жайларын жана курулуштар тургузган гражданин бул үйгө (дачага) же үйдүн бөлүгүнө (дачанын бөлүгүнө), чарбалык жана тиричилик жайларына жана курулуштарга ээлик кылууга — сатууга, белек кылып берүүгө, жалдоого берүүгө ж. б. укуксуз.

Эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетинин чечими боюнча мындай үй (дача) же үйдүн бөлүгү (дачанын бөлүгү), чарбалык жана тиричилик жайлары жана курулуштар өз алдынча курулушту ишке ашырган гражданин тарабынан же анын эсебинен бузулат. Соттун чечими боюнча өз алдынча тургузулган үй (дача) же үйдүн бөлүгү (дачанын бөлүгү) акысыз алынып коюлушу жана эл депутаттарынын жергиликтүү Советинин фондусуна киргизилиши мүмкүн.

Үйдү (дачаны) же үйдүн (дачанын) бир бөлүгүн ушул статьянын негизинде гражданинден төлөөсүз алганда сот ошол гражданинди жана аны менен бирге жашап турган кишилерди ошол үйдүн (дачанын) турак аянтынан пайдалануу укугунан ажырата алат. Бирок эгерде ал граждаииндердин дайыма жашап турууга жараган башка турак жайы болбогондо алынган үйдү (дачаны) өткөрүп алган эл депутаттарынын жергиликтүү Совети ошолорго бөлөк турак жай берет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**111-статья. Эмгексиз доходдорду алуу үчүн пайдаланган мүлктөрдү алуу**

Эгерде граждандын менчигинде болгон турак үй, дача (үйдүн, дачанын бир бөлүгү) же башка мүлктөрү менчик ээси тарабынан системалуу түрдө эмгексиз доходдорду алуу үчүн пайдаланылса, тийиштүүлүгүнө ылайык бул үй, дача (үйдүн, дачанын бөлүгү) же башка мүлктөр эл депутаттарынын жергиликтүү Советинин аткаруу комитетинин доосу боюнча соттук тартипте төлөөсүз алынууга жатат. Соттун чечими боюнча алынган үй (дача) же үйдүн (дачанын) бир бөлүгү эл депутаттарынын жергиликтүү Советинин фондусуна киргизилет.

Үйдү (дачаны) же үйдүн (дачанын) бир бөлүгүн менчик ээсинен соттун чечими менен төлөөсүз алууда жана аларды эл депутаттарынын жергиликтүү Советтеринин фондуларына өткөрүүдө ушул Кодекстин 110-статьясынын үчүнчү бөлүгүнүн эрежеси колдонулат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**112-статья. Курулуп жаткан турак үйлөрдүн ээлигинен ажыроо**

Бир же бир нече граждандар тарабынан курулуп жаткан турак үй, анын курулушу бүткөрүлгөнгө чейин эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетинин алдын ала уруксатысыз башка жакка ажыратылышы (сатылышы, берилиши) мүмкүн эмес.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл, 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**113-статья. Граждандын өздүк менчигинде болушу мүмкүн болгон малдардын барып жеткен саны**

Граждандын өздүк менчигинде болушу мүмкүн болгон малдардын барып жеткен саны Кыргыз ССРинин закондору менен белгиленет.

Белгиленген нормалардан ашыкча күтүлгөн мал эл депутаттарынын жергиликтүү Советинин аткаруу комитетинин доосу боюнча наркын төлөп берүү менен соттук тартипте граждандан алынып коюлат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**114-статья. Колхоздук короонун мүчөсүнүн өздүк менчиги**

Колхоздук короонун мүчөсүнүн өздүк эмгек доходдору жана жыйган-тергени, жана да алардын өздүк каражаттарына сатып алган же мурастоо же болбосо белек иретинде алган жана короонун менчигине өткөрүп берилбеген мүлк, колхоздук короонун ошол мүчөсүнүн өздүк менчигин түзөт.



Колхоздук короонун мүчөлүгүндө турган граждандын өздүк менчигинде, колхоздун уставына ылайык колхоздук короого гана таандык болушу мүмкүн болгон мүлктүн болушу тийиш эмес.

**115-статья. Жекече эмгектик иш-аракет жасаган граждандардын өздүк менчиги**

Кустардык-кол өнөрчүлүк промыселдер, калкты тиричилик жактан тейлөө чөйрөсүндө жекече эмгектик иш-аракет жасаган, ошондой эле граждандардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн өздөрүнүн эмгегине гана негизделген иш-аракеттин башка түрлөрүн жасашкан граждандардын менчигине карата, закондо башкача каралбагандыктан, ушул Кодекстин өздүк менчик жөнүндөгү жалпы эрежелери колдонулат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**116-статья. Өндүрүү жүргүзүүгө мүмкүн болбогон граждандардын мүлкү**

Кредиторлордун талаптары боюнча өндүрүү жүргүзүү мүмкүн болбогон граждандардын мүлктөрүнүн тизмеси Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодекси тарабынан белгиленет.

## *12-глава*

## ЖАЛПЫ МЕНЧИК

**117-статья. Жалпы менчиктин түшүнүгү**

Мүлк эки же бир нече колхоздун же башка кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын же мамлекеттин жана бир нече колхоздун же башка кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын, эки же бир нече граждандын жалпы менчиктик укугуна таандык болуусу мүмкүн.

Жалпы менчик үлүшү аныкталган (үлүштүк менчик) же үлүшү аныкталбаган (биргелешкен менчик) түрлөрү менен айырмаланат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**118-статья. Жалпы үлүштүк менчикти ээлөө, пайдалануу жана башкаруу**

Жалпы үлүштүк менчикти ээлөө, пайдалануу жана башкаруу анын бардык катышуучуларынын макулдугу менен жүргүзүлөт. Талаш чыккан учурда, ээлөө, пайдалануу жана башкаруу тартиби катышуучулардын биреөнүн доосу аркылуу аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

$118^{1}$-статья. **Мүлктү оперативдүү башкаруу**

Мамлекеттик, колхоздор аралык, мамлекеттик-колхоздук жана башка мамлекеттик-кооперативдик уюмдарга бекитилип берилген мүлк бул уюмдардын оперативдүү башкаруусунда болот, алар закондо белгиленген чектерде, алардын иш-аракетинин максатына, пландуу тапшырмаларга жана мүлктүн арналышына ылайык мүлктү ээлөө, пайдалануу жана башкаруу укугун ишке ашырышат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

119-статья. **Жалпы үлүштүк менчикте болгон мүлктү күтүү боюнча расходдор**

Жалпы үлүштүк менчикте катышуучулардын ар кимиси өздөрүнүн үлүштөрүнө ылайык жалпы мүлккө налог, жыйым жана башка милдеттүү төлөөлөрдү, ошондой эле аны күтүүгө жана сактоого кеткен расходдорду төлөөгө катышууга милдеттүү.

120-статья. **Жалпы үлүштүк менчикке катышуучунун үлүшүнүн ээлигинен ажыроо укугу**

Жалпы үлүштүк менчикке катышуучулардын ар кимиси бөлөк жакка өзүнүн үлүшүнүн ээлигин берүүгө (сатууга, белек кылып берүүгө ж. у. с.) акылуу.

121-статья. **Сатып алууга артыкчылык укугу**

Жалпы менчиктеги үлүштү бөлөк жакка сатып жатканда, жалпы үлүштүк менчикке катышуучулардын калгандары, эл алдында сатыктардан бөлөк учурларда, сатылуучу үлүштү, сатып жаткан баасы боюнча жана ошондой эле башка тең шарттар менен да сатып алууга артыкча укугу бар. Турак үйдү сатып алууга артыкча укуктары ушул Кодекстин 107-статьясына карама-каршы келбеген учурларда гана ишке ашырылышы мүмкүн.

Жалпы менчиктеги үлүшүн сатуучу, өзүнүн үлүшүн бөлөк жакка сатууга ниеттенгендиги жөнүндө, сатылуучу баасын жана башка шарттарын көрсөтүп, жалпы үлүштүк менчиктин калган катышуучуларына кат жүзүндө



билдирүүгө милдеттүү. Эгерде жалпы үлүштүк менчиктин калган катышуучулары кабарланган күндөн тартып үй жөнүндө бир айдын, ал эми калган мүлктөр жөнүндө он күндүн ичинде өздөрүнүн сатып алууга артыкча укуктуулугунан баш тартышса же ал укуктарын ишке ашырышпаса, сатуучу өзүнүн үлүшүн кимге гана болбосун сатууга акылуу.

Сатып алууга артыкча укугун бузуу менен үлүштү саткан убакта жалпы үлүштүк менчиктин башка катышуучусу үч айдын ичинде соттук тартипте өзүнө сатып алуучунун укук жана милдеттерин таратууну талап кылууга укуктуу.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

122-статья. **Үлүштү бөлүп берүү жана жалпы мүлктү бөлүштүрүү**

Жалпы үлүштүк менчиктин катышуучуларынын ар кимиси жалпы мүлктөн өзүнүн үлүшүн бөлүп берүүнү талап кылууга акылуу.

Эгерде бөлүп берүү жолу жөнүндө келишимге жетишпесе, анда мүлктүн чарбалык пайдаланышына зыян келбей тургандыгы мүмкүн болсо, катышуучулардын биреөнүн доосу менен мүлк натуралай бөлүнөт, мындай болбогон учурда бөлүнүүчү менчик ээси акчалай компенсация алат.

123-статья. **Жалпы мүлктөгү үлүшкө карата өндүрүү жүргүзүү**

Жалпы үлүштүк менчикке катышуучунун кредитору, өндүрүү жүргүзүү үчүн, өзүнүн карыздакорунун үлүшүн бөлүп берүү жөнүндө доо коюуга акылуу.

124-статья. **Мамлекет менен граждандардын, кооперативдик же башка коомдук уюмдардын жана граждандардын жалпы үлүштүк менчикке укуктуулугунун токтотулушу**

Мамлекет менен граждандардын, кооперативдик же башка коомдук уюмдар менен граждандардын жалпы үлүштүк менчикке укуктуулугу, жалпы менчиктин келип чыккан күнүнөн баштап эсептелгенде бир жылдын ичинде төмөнкү жолдор менен жоюлууга жатат:

1) мүлктү натуралай бөлүштүрүү менен, эгерде мындай бөлүштүрүү мүмкүн болсо;

2) граждандарга таандык болгон үлүштү мамлекеттин, кооперативдик же башка коомдук уюмдардын сатып алуусу менен;

3) мамлекетке, кооперативдик же башка коомдук уюмдарга таандык болгон үлүштү граждандарга сатуу менен;

4) бардык мүлктөрдү сатып жиберип, андан түшкөн сумманы кийин жалпы менчиктин катышуучуларынын арасында алардын үлүштөрүнө жараша бөлүштүрүү менен.

Жогорудагы көрсөтүлгөн жолдордун бирөөн тандоо граждандын тийиштүү мамлекеттик орган, кооперативдик же башка коомдук уюм менен макулдашуусу боюнча ал эми мындай макулдашуу жок болсо, сот аркылуу аныкталат.

Мамлекеттин жана граждандардын жалпы үлүштүк менчигинде болгон өзгөчө баалуу мүлккө укук ар бир айрым учурларда Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомунун негизинде граждандарга таандык үлүштүн наркын мамлекеттин төлөп берүүсү менен жоюлушу мүмкүн.

Мамлекеттик орган, кооперативдик же башка коомдук уюм жалпы менчиктеги турак үйдөн өздөрүнүн үлүшүн сатканда, ушул Кодекстин 121-статьясынын экинчи жана үчүнчү бөлүгүндөгү эрежелерге ылайык, сатып алууга артыкчылык укугу ошол үйдүн тийиштүү бир бөлүгүндө жалдоочу укугунда жашап турган граждандарга таандык болот, ал эми алар бул укуктан баш тартышса же ишке ашырышпаса, жалпы менчиктин калган катышуучуларына таандык болот. Мүлк ээлеринин ортосунда келишпөөчүлүк чыккан убакта, талаш сот аркылуу чечилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

125-статья. **Жалпы үлүштүк менчикте болгон турак үйлөрдү пайдалануунун тартиби**

Турак үйгө болгон жалпы үлүштүк менчикке катышуучулар өз ара келишип, өздөрүнүн үлүшүнө ылайык келерине же ылайык келбестигине карабастан обочолонгон жайлардан (квартиралардан, бөлмөлөрдөн) пайдалануунун тартибин белгилөөгө акылуу.

Пайдалануу жөнүндөгү мындай келишим жалпы менчиктин катышуучуларынын үлүшүнө ылайык түзүлсө, эгерде ал нотариалдык тартипте күбөлөндүрүлсө жана эл депутаттарынын жергиликтүү Советинде катталса, ушул үйгө болгон жалпы менчиктен кийин үлүш алган жакка да милдеттүү болот.



126-статья. **Жалпы үлүштүк менчикте болгон үйдүн үстүнө кошуп куруунун, жанына кошуп куруунун же кайра куруунун натыйжалары**

Эгерде жалпы үлүштүк менчиктеги турак үйдүн катышуучусу белгиленген эрежелерди сактап, калган катышуучулардын макулдугу боюнча жана белгиленген тартипте өзүнүн эсебинен үйдүн пайдалуу аянтынын үстүнө кошуп куруу, жанына кошуп куруу же кайра куруу жолу менен кеңейтсе, үйгө болгон жалпы менчикке катышуучулардын үлүшү жана андагы жайларды пайдалануу тартиби ошого ылайык өзгөртүлүүгө жатат.

127-статья. **Колхоздук короонун менчиги**

Колхоздук короонун мүлкү анын мүчөлөрүнө биргелешкен менчик укугу катарында таандык (ушул Кодекстин 117-статьясы).

Колхоздун уставына ылайык колхоздук короонун менчигинде анын пайдалануусунда болгон короонун жанындагы жерде көмөк чарбасы, турак үйү, малы, бакма канаттуулары жана майда айыл чарба шаймандарынын болушу мүмкүн.

Мында башка колхоздук короого, анын менчигине берилген, колхоздук коомдук чарбага катышуудан короонун мүчөлөрүнүн алган эмгек кирешелери, же короонун менчигине берген алардын бөлөк мүлктөрү, ошондой эле жалпы каражатка алынган үй эмеректери жана жекече керектелүүчү буюмдар да таандык болот.

128-статья. **Колхоздук короонун мүлкүн ээлөө, пайдалануу жана башкаруу**

Колхоздук короонун мүлкүн ээлөө, пайдалануу жана башкаруу анын бардык мүчөлөрүнүн жалпы макулдугу боюнча ишке ашырылат.

Колхоздук короонун мүлкүн ээлөө, пайдалануу жана башкаруу жөнүндөгү талаштар короонун он алты жашка толгон ар бир мүчөсүнүн доосу боюнча сот аркылуу чечилет.

Короонун он беш жаштан он алты жашка чейинки мүчөлөрү мындай доону өздөрүнүн ата-энелеринин, бала кылып алуучуларынын, же попечителдеринин макулдугу боюнча коё алышат, ал эми короонун он беш жашка толбогон мүчөлөрүнүн кызыкчылыгы үчүн доону алардын ата-энелери, бала кылып алуучулары, попечителдери же опекундары коюшат.

**129-статья. Колхоздук короонун, анын мүчөлөрүн милдеттенмелери боюнча жоопкерчлиги**

Колхоздук короонун башчысы түзгөн бүтүмдөр боюнча, эгерде бүтүм короонун башчысынын өз кызыкчылыгы үчүн түзүлгөндүгү жагдайлардан келип чыкпаса, колхоз короосу өз мүлкү менен жооп берет.

Короонун калган мүчөлөрү өздөрүнүн милдеттенмебоюнча, эгерде жагдайлар боюнча түзүлгөн бүтүм коронун кызыкчылыгынан келип чыкпаса, өздөрүнүн же мүлктөрү, ошондой эле короонун менчигиндеги мүлктө өзүнүн үлүшү менен (ушул Кодекстин 130-статьясы) жоо берет.

Колхоздук короонун мүчөсүнүн кылмышынын натыйжасында болгон зыян, эгерде, соттун өкүмү боюнча ошо мүлктүн кылмыш кылуу аркылуу табылган каражатк алынгандыгы же ошол каражаттын эсебинен көбөйтүлгө дүгү аныкталса, короонун мүлкүнүн эсебинен өндүрүлү алынуусу мүмкүн.

Кредиторлордун дооматы боюнча өндүрүлүп алынуга жатпай турган колхоздук короонун мүлкүнүн тизме Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодекс менен белгиленет.

**130-статья. Короонун мүлкүнөн үлүштү аныкт**

Короонун мүлкүнөн колхоздук короонун мүчөсүнү үлүшү төмөнкүлөрдө аныкталат:

1) анын өз алдынча короо курбай, короонун составынан чыгып кеткен убакта (бөлүп берүү);

2) бир короодон эки же көбүрөөк короо болуп уюшуган убакта (бөлүү);

3) короонун мүчөсүнүн өздүк милдеттенмеси боюнч өндүрүү жүргүзүлгөн убакта.

Жашы жетпегендерди жана эмгекке жарамсыздард кошуп, короонун бардык мүчөлөрүнө бирдей тендикт үлүш өлчөмү белгиленет.

Короонун эсебинде аз убакыт болгондугу же короону чарбасына өзүнүн эмгеги же каражаты менен аз катыш кан себептүү эмгекке жарамдуу короонун мүчөсүнү короо мүлкүндөгү үлүшү азайтылышы мүмкүн.

**131-статья. Колхоздук короодон бөлүнүү (энч алуу)**

Колхоздук короонун эсебинен бир же бир нече мүчө чыкканда короону көмөк чарбасын жүргүзүү үчүн ак



керек боло турган имараттардан, малдан жана айыл чарба шаймандарынан ажырабагандай кылып эсептеп, үлүштү натуралай бөлүү жүргүзүлөт.

Короонун мүчөсүнө тиешелүү мүлктөгү үлүшүн натуралай бөлүү мүмкүн болбогон учурда, анын наркы ага акчалай төлөнөт.

Короонун эсебинен чыкканда, мүлктөн бөлүп берүүнү он алты жашка толгон короонун мүчөсү талап кылууга акылуу. Короонун он беш менен он алты жаштын ортосундагы мүчөлөрү, өздөрүнүн ата-энелеринин, бала кылып алуучуларынын же попечителдеринин макулдугу менен бөлүп берүүнү талап кылууга акылуу. Короонун он беш жашка жетпеген мүчөлөрүнүн кызыкчылыгы үчүн, алардын ата-энелери, бала кылып алуучулары же попечителдери бөлүп берүүнү талап кылуулары мүмкүн.

**132-статья. Колхоздук короону бөлүү**

Колхоздук короону бөлүү убагында, анын мүлкү жаңыдан уюшулган короолордун ортосунда алардын мүчөлөрүнүн үлүштөрүнө ылайык жана ар бир короонун чарбалык муктаждыктары эске алынып бөлүнөт.

Колхоздук короону бөлүүнү талап кылууга жашы жеткен, ушул колхозго мүчө болуп турган короонун мүчөлөрү акылуу.

**133-статья. Колхоздук короонун мүлкүнөн үлүшүн алуу укугун жоготуу**

Эмгекке жарамдуу короонун мүчөсү, эгерде ал үч жыл катары менен короонун жалпы чарбасын жүргүзүүгө өзүнүн эмгеги жана каражаты менен катышпаса, короонун мүлкүнөн үлүшүн алуу укугунан ажырайт. Эгерде короонун мүчөсү мөөнөттүү аскер кызматына чакырылганына, окуу жайында окуп жүргөндүгүнө же оорулуулугуна байланыштуу чарбаны жүргүзүүгө катышпаса, бул эреже колдонулбайт.

**134-статья. Колхоздук короо жоюлгандан кийин анын мүлкүн бөлүштүрүү**

Колхоздук короого тиешелүү болгон жана колхоздук короо жоюлгандан кийин сакталып калган мүлктү бөлүштүрүү ушул Кодекстин 130-жана 133-статьяларынын эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.

**135-статья. Айыл чарбасында жекече эмгектик иш-аракет жасаган граждандардын чарб менчиги**

Айыл чарбасында жекече эмгектик иш-аракет жасага жана анысы өзүнүн жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн эмгегин негизденген граждандардын чарба менчигинде, ушул Ко дексттин 127-статьясында көрсөтүлгөн мүлктөрдөн бөлө чарбанын пайдалануусуна бөлүнүп берилген жер участ касын иштетүү үчүн зарыл болгон жумушчу малы (эл депутаттарынын райондук, шаардык Советинин аткару комитетинин уруксаты менен) жана айыл чарба шайман болушу мүмкүн.

Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн мүлк төр айыл чарбасында жекече эмгектик иш-аракет жаса ган граждандардын чарбаларынын айрым мүчөлөрүнү өздүк менчигинде болуусу мүмкүн эмес.

Ушул статьядагы көрсөтүлгөн айыл чарбасында жеке че эмгектик иш-аракет жасаган граждандардын чарбала рынын мүлктөрү ошо короонун мүчөлөрүнө жалпы бирге лешкен менчик укугу катарында таандык болот (ушу Кодекстин 117-статьясы).

Айыл чарбасында жекече эмгектик иш-аракет жасаган граждандардын чарбаларынын биргелешкен менчик уку гуна ушул Кодекстин 128—134-статьялары тиешесине жа раша колдонулат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумуну 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

*13-глава*

## МЕНЧИК УКУГУНУН ПАЙДА БОЛУШУ ЖАНА ЖОЮЛУШУ

**136-статья. Мүлктү договор боюнча алуучунун менчикке укуктуулугунун пайда бо лушу**

Договор боюнча мүлктү алуучунун менчик укугу (опе ративдүү башкаруу укугу), эгерде закондо же договорд башкача каралбаган болсо, буюмду өткөрүп берүү учу рунан тартып келип чыгат.

Эгерде буюмду ээлигинен ажыратуу жөнүндөгү дого ор катталууга тийиш болсо, менчикке укуктуулук кат чыган учурдан баштап пайда болот.



(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**137-статья. Буюмдарды өткөрүп берүү**

Буюмдарды алуучунун колуна тапшыруу, ошондой эле жеткирүүгө милдеттенбей ээликтен чыгарылган буюмдарды алуучуга жөнөтүш үчүн транспорт уюмдарына тапшыруу жана алуучуга жибериш үчүн почтага тапшыруу, ошол буюмдарды өткөрүп берүү деп эсептелет. Буюмга берилген коносаменттин же бөлөк башкаруу документтерин өткөрүп берүү, буюмдарды өткөрүп бергенге тең болуп эсептелинет.

**138-статья. Атайын уруксаттар боюнча гана алынууга мүмкүн болгон буюмдар**

Эл чарбасы үчүн өзүнүн мааниси жагынан же мамлекеттин коопсуздугу себептүү же бөлөк негиздер менен атайын уруксаттар боюнча гана алынышы мүмкүн болгон буюмдардын тизмеси (курал-жарак, учуучу аппараттар, катуу таасир берүүчү уулар жана башкалар), ошондой эле ошол уруксаттарды берүү тартиби ССР Союзунун закондору жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомдору менен белгиленет.

Валюталык байлыктар: чет өлкөлүк валюта (банкноттор, казначейлик билеттер, монеталар); чет өлкөлүк валютадагы төлөө документтери (чектер, векселдер, аккредитивдер жана башкалар) жана фондулук байлыктар (акциялар, облигациялар жана башкалар); аларды ошондой эле чет өлкөлүк валютага айландыруу укугу менен чет өлкөлүк валютага сатылып алынган сом менен көрсөтүлүүчү банкалык төлөө документтери (чектер жана башкалар); ар кандай түрдөгү жана абалдагы кымбат баалуу металлдар — алтын, күмүш, платина жана платина группасындагы металлдар (палладий, иридий, родий, рутений, жана осмий) жана иштетиле элек иштетилген түрүндөгү кымбат баалуу жаратылыш таштары (алмаздар, бриллианттар, рубиндер, изумруддар, сапфирлер, ошондой эле берметтер), бул металлдардан жана таштардан жасалган зергердик жана башка тиричиликке керектелүүчү буюмдардан, ошондой эле мындай буюмдардын сыныктарынан тышкары, ССР Союзунун закондорунда белгиленген тартипте жана чектерде гана сатылып алынышы мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 11-майдагы Указынын редакциясында).

**138[1]-статья. Тарых жана маданият эстеликтерин өткөрүп берүүнүн тартиби**

Тарых жана маданият эстеликтерин сатууга, белек кылып берүүгө же башкача өткөрүп берүүгө эстеликтерди коргоонун мамлекеттик органдарына милдеттүү түрдө алдын ала билдирүү менен жол берилет. Эстеликтерди сатуу кезинде мамлекет сатып алуу жагынан артыкчылык укукка ээ.

Ушул статьяда белгиленген тартипти бузуу менен тарых жана маданият эстеликтери тууралуу түзүлгөн бүтүмдөр анык эмес деп табылат жана ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондоруна ылайык натыйжаларга алып келет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**139-статья. Кокустуктан жок болуу тобокелчилиги**

Эгерде договордо бөлөкчө белгиленбесе ээликтен чыгарылуучу буюмдун кокустуктан жок болуу же кокустуктан бузулуу тобокелчилиги алуучуга, анын менчикке укуктуулугунун пайда болушу менен бир эле убакта өтөт.

Эгерде ээликтен чыгаруучу буюмду өткөрүп берүү убагын кечиктирсе, же алуучу аны алууну кечиктирсе, кокустуктан жок болуу же кокустуктан бузулуу тобокелчилигин кечиктирген тарап тартат.

**140-статья. Башкы буюм жана ага таандык буюмдар**

Эгерде закондо же договордо бөлөкчө көрсөтүлбөсө, башкы буюмга кызмат кылууга арналган жана жалпы чарбалык максатка колдонууда аны менен байланыштуу болгон буюм башкы буюмга таандык болуп, башкы буюм менен тагдырлаш болот.

**141-статья. Түшүмдөргө жана кирешелерге менчик укугу**

Жемиштердин түшүмү, малдын төлү, буюмдардан алынган кирешелер, эгерде закондо же менчик ээсинин башка жак менен түзгөн договорунда бөлөкчө белгиленбесе буюмдун ээсине таандык болот.

**142-статья. Курулуштарды бузуу жана алып коюу учурунда ордун төлөө**

Мамлекеттик жана коомдук зарылдык үчүн жер участкаларын бөлүп берүүгө байланыштуу өздүк менчик уку-



гунда граждандарга таандык болгон курулуштарды бузган кезде ордун төлөө ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондорунда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**143-статья. Үйдү чарбасыздыкта күтүү**

Эгерде гражданин өзүнө таандык болгон үйүн чарбасыздык менен күтүп, анын бузулушуна жол берсе, эл депутаттарынын жергиликтүү Советинин аткаруу комитети менчик ээсине үйдү ремонт кылууга жетерлик мөөнөт дайындоосу мүмкүн. Эгерде гражданин жөнсүз себептер менен тийиштүү ремонтту жүргүзбөсө, эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетинин доосу боюнча сот чарбасыздыкта күтүлгөн үйдү төлөөсүз жана аны эл депутаттарынын жергиликтүү Советинин фондусуна өткөрүп бериши мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**144-статья. Маданий баалуу мүлктөрдү чарбасыздыкта күтүү**

Эгерде гражданин өзүнө таандык болгон олуттуу тарыхый, көркөмдүк же коом үчүн башка баалуулугу болгон мүлктү чарбасыздыкта урунса, ошондой мүлктөрдү сактоо милдетине кирген мамлекеттик уюмдар менчик ээсине, мүлктү чарбасыздыкта урунууну токтотууну эскертет. Эгерде менчик ээси бул талапты орундатпаса тийиштүү уюмдардын доосу боюнча бул мүлктү сот анын колдонуусунан чыгарып коёт, андан кийин ал мамлекеттин менчигине өтөт. Колдонуудан чыгарылган мүлктүн наркы граждандарга макулдашуу менен белгиленген өлчөмдө, ал эми талаш болгон учурларда сот белгилеген өлчөмдө төлөнөт.

Кечиктирилгис зарылдыгы болгон учурларда, алдын ала эскертилбестен эле, көрсөтүлгөн мүлктү алып алуу жөнүндө доо коюлуусу мүмкүн.

**145-статья. Ээсиз мүлк**

Менчик ээси жок же менчик ээси белгисиз болгон мүлк (ээсиз мүлк) финансылык органдардын арызы боюнча чыгарылган соттун чечими менен мамлекеттин менчигине өтөт. Арыз мүлктү учетко алган күндөн баштап бир жыл өткөндөн кийин берилет.

Колхоздук короого таандык ээсиз мүлк колхоздун арызы боюнча чыгарылган соттун чечими менен, ошол

мүлк турган жердеги колхоздун менчигине өтөт. Арыз ошол мүлктү эл депутаттарынын селолук (поселоктук) Советинин аткаруу комитети тарабынан учетко алынган күндөн баштап бир жыл өткөндөн кийин берилет.

Ээсиз мүлктөрдү табуу жана учетко алуу тартиби Қыргыз ССР Финансы министерствосу тарабынан белгиленет.

### 146-статья. Табылга

Жоголгон буюмду тапкандар, бул жөнүндө тезинен аны жоготкон жакка кабар кылууга жана ага табылган буюмду кайтарып берүүгө же табылга жөнүндө билдирүү менен буюмду милиция же эл депутаттарынын селолук (поселоктук) Советинин аткаруу комитетине тапшырууга, эгерде буюм мекемеде, ишканада же транспортто табылса, аны ошо уюмдардын администрациясына тапшырууга милдеттүү.

### 147-статья. Табылган буюмдарды сактоо

Табылган буюм өткөрүлүп берилген уюмдун администрациясы, эки жумалык мөөнөттүн ичинде буюмун жоготкон жактын дайыны чыкпаса, аны милицияга же эл депутаттарынын селолук (поселоктук) Советинин аткаруу комитетине тапшырат. Транспорт органдары табылган буюмдарды транспортто колдонулуучу эрежелерге ылайык сактайт жана сатат.

Милиция же эл депутаттарынын селолук (поселоктук) Советинин аткаруу комитети аларга тапшырылган табылган буюмдарды алты айга чейин сактоого милдеттүү. Көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде жоголгон буюмдун ээси чыкса, ал ага кайтарылат. Эгерде көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде ээси чыкпаса, буюм мамлекеттин менчигине акысыз өтөт.

### 148-статья. Буюмду тапканга расходдорун төлөө

Буюмду тапкан жана аны жоготкон жакка кайтарган, же аны белгиленген тартипте тапшыргандар (ушул Кодекстин 146-статьясы) буюмду жоготкон жактан, ал эми буюм мамлекеттин менчигине өтүп кеткен учурда — тийиштүү мамлекеттик уюмдан, буюмду сактоого жана тапшырууга байланыштуу болгон расходдорун төлөтүп алууга укуктуу.

### 149-статья. Қароосуз калган мал



Қароосуз калган же жолбун малды кармагандар бул жөнүндө тезинен малдын ээсине кабар берүүгө жана ага малын кайтарып берүүгө же малды кармагандыгы жөнүндө милицияга же эл депутаттарынын селолук Советине үч күн ичинде кабар кылууга милдеттүү.

Милиция же эл депутаттарынын селолук (поселоктук) Советинин аткаруу комитети малдын ээсин издеп табууга чара көрөт жана издөө мезгилинде ветеринардык эрежелерди сактоо жолу менен малды жакын арадагы совхоздун же колхоздун багуусуна жана пайдаланышына өткөрүп берет, алардын жетекчилеринин малды кабыл алуудан баш тартууга акылары жок.

Совхозго же колхозго малды өткөрүп берген күндөн баштап күч унаанын же мүйүздүү ири малдын (жана алардын жаш төлүнүн) ээси алты айдын ичинде, ал эми майда жандыктын (жана алардын жаш төлүнүн) ээси — эки айдын ичинде табылган учурларда, мал ээлерине кайтарылып берилет, алар совхоздун же колхоздун малды багууга жумшаган расходдорун, аларды пайдалануудан алынган пайданы чегерүү менен калганын төлөп берүүгө милдеттүү.

Эгерде ушул статьянын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттө малдын ээси табылбаса, ал бул малга менчик укугунан ажырайт. Бул учурда колхоздо багылып жаткан мал, ошол колхоздун менчигине төлөөсүз өтөт, ал эми совхоздо багылып жаткан мал, мамлекеттин менчигине төлөөсүз өтөт да, ошол баккан совхоздун мүлкүнүн эсебине кошулат.

### 150-статья. Қазына

Қазына (клад) башкача айтканда жерге көмүлгөн же бөлөк жол менен катылган акчалар (алтын жана күмүш тыйындар, советтик жана чет өлкөлүк валюталар ж. б.) же баалуу буюмдар (кымбат баалуу таштар, берметтер, кымбат баалуу металлдын уютмалары, буюм түрүндөгүсү жана сыныктары ж. б.) алардын ээлерин аныктоого мүмкүн болбогон же законго ылайык буларга менчик укугу жоюлган учурда мамлекеттин менчигине өтөт жана аны тапкан адам жергиликтүү финансылык органдарга тапшырууга тийиш.

Қазына тапкан жана аны финансылык органдарга тапшырган адам, ушундай баалуу нерселерди казуу жана издөө ошол адамдын кызматтык милдетине кирген убактардан бөлөк учурларда тапшырылган баалуу нерселердин наркынын жыйырма беш процентин сыйлык катары алууга укуктуу.

151-статья. **Реквизиция жана конфискация**

Мамлекеттин же коомдун кызыкчылыгы үчүн мамлекет тарабынан мүлктү ээсинен, анын наркын төлөп берүү менен алып алынышы (реквизиция), ошондой эле укукту бузгандыгы үчүн жаза катары ээсинен мүлктү мамлекет тарабынан төлөөсүз алып алынышы (конфискация) ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан көрсөтүлгөн учурларда жана тартипте гана жүргүзүлөт.

152-статья. **Кымбат баалуу металлдарды жана алмаздарды алып алуу**

Алгачкы текшерүү, алдын ала тергөө же сот органдарынын токтомдору боюнча уютма, эленген, табигый түрдөгү, өндүрүшкө жана лабораторияга арналган жарым фабрикат жана буюм түрдөгү алынган кымбат баалуу металлдардын (алтын, күмүш, платина жана платина тобундагы металлдар, ошондой алмаздардын ээлерине алардын ээлери мүлкү конфискацияланбай соттолгон, же актоо өкүмү чыккан же иштери кыскарган учурларда алынган баалуу мүлктүн наркы төлөнөт да, ал эми баалуу мүлк СССРдин Мамлекеттик фондусуна тапшырылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

## *14-глава*

## МЕНЧИККЕ УКУКТУУЛУКТУ КОРГОО

153-статья. **Бөлөк бирөөнүн законсуз ээлигинен менчик ээсинин мүлктү кайтарып алышы**

Бөлөк бирөөнүн ээлигинде законсуз жүргөн өз мүлкүн кайтарып алууга менчик ээсинин укугу бар.

154-статья. **Мүлктү ак ниети менен алгандан кайтарып алуу**

Эгерде мүлк, аны ээлигинен чыгарууга укугу жок жактан акыга алынган болсо, бул жөнүндө алуучу (ак ниеттүү алуучу) билбесе же билүүгө тийиш болбосо, мүлк ээси же ал ээлөөгө берген жак тарабынан жоготулган, же экөөнүн бирөөнөн уурдалган, же алардын ээлигинен алардын эркинен тышкары бөлөк жол менен чыгып кеткен учурларда гана менчик ээси ал мүлктү алуучудан кайтарып берүүнү талап кылууга акылуу.



Эгерде мүлк соттук чечимди аткаруу үчүн белгиленген тартипте сатылган болсо, ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер менен мүлктү кайтарууга талап кылууга жол берилбейт.

Эгерде мүлк аны ээлигинен чыгарууга укугу жок жактан бекер алынса, менчик ээси бардык учурларда мүлктү кайтарууну талап кылууга акылуу.

155-статья. **Законсуз ээликтен ажыратылган мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук мүлктү кайтарып алуу**

Кандай гана жол менен болбосун законсуз ээликтен ажыратылган мамлекеттик мүлк, ошондой эле колхоздордун жана башка кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын мүлкү кайсы гана алуучудан болбосун тийиштүү уюмдар тарабынан кайтарылып алынышы мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984 жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

156-статья. **Акчаны жана баалуу кагаздарды ак ниеттүү алуучудан кайтарып алууга жол берилбестиги**

Акчаны, ошондой эле көрсөтүүчүгө берилүүчү баалуу кагазды ак ниеттүү алуучудан кайтарып алууга мүмкүн эмес (ушул Кодекстин 154-статьясы).

157-статья. **Законсуз ээликтен буюмду кайтарган кездеги эсептешүү**

Менчик ээси ушул Кодекстин 153-статьясына ылайык мүлктү кайтарып берүүнү талап кылуу менен бирге өзүнүн законсуз ээлеп жүргөндүгүн билген же билүүгө тийиш болгон жактан (кара ниеттүү ээлөөчү) бардык ээлеп жүргөн убагында анын алган жана алууга тийиш болгон бардык кирешесин; ак ниеттүү ээлөөчүдөн болсо, качан ал законсуз ээлеп жүргөндүгүн билген же билүүгө тийиш болгон, же менчик ээсинин мүлктү кайтарууну талап кылган доосу боюнча чакыруу кагазын алган мезгилинен баштап анын алган жана алууга тийиш болгон бардык кирешесин кайтарууну же төлөөнү талап кылууга акылуу.

Ак ниеттүү, ошондой эле кара ниеттүү ээлөөчүлөр өз тарабынан менчик ээсинен, ага мүлктөн алынган киреше тиешелүү болгон мезгилден тартып, өздөрүнүн мүлккө жумшаган керектүү чыгымдарын төлөп берүүнү талап кылууга акылуу.

Ак ниеттүү ээлөөчү өзүнүн киргизген жакшыртуусу эгерде алар буюмга зыян келтирилбестен бөлүнө турга болсо, өзүндө калтырууга акылуу. Эгерде жакшыртуу мындай бөлүп калууга мүмкүн болбосо, ак ниеттүү ээлө чү жакшыртууга жумшаган, бирок буюмдун баасы кошулган өлчөмдөн ашык эмес чыгымын талап кылуу акылуу.

**158-статья. Ээликтен ажыратууга байланышпага бузуулардын менчик ээсинин укугу коргоо**

Менчик ээси, анын укугун ар кандай бузуулардан, а бузуулар аны ээликтен ажыратууга байланышпаган бо со да четтетүүнү талап кыла алат.

**159-статья. Менчик ээси болбогон ээлөөчүнүн уку гун сактоо**

Ушул главада көрсөтүлгөн укуктар менчик ээси бо босо да, мүлктү закондун же договордун негизинде ээлө чү жактарга да таандык.

## III БӨЛҮМ

## МИЛДЕТТЕНМЕЛҮҮ УКУК

### I. МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### *15-глава*

### МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ

**160-статья. Милдеттенменин түшүнүгү жана аны келип чыгышынын негиздери**

Милдеттенменин негизинде бир жак (карыздакор) башка жактын (кредитордун) пайдасы үчүн белгилүү аракетти жасоого атап айтканда: мүлктү өткөрүп берүү гө, жумушту аткарууга, акчаны төлөөгө жана у. с., же белгилүү аракетти жасоодон токтолуп турууга милдеттүү ал эми кредитор болсо карыздакордон анын милдети аткарууну талап кылууга акылуу.

Милдеттенмелер договордон же ушул Кодекстин 4 статьясында көрсөтүлгөн башка негиздерден келип чыга



**161-статья. Пландоо актыларынан келип чыгуучу милдеттенменин мазмуну**

Эл чарбасын пландоо актысынан тикеден-тике келип чыккан милдеттенменин мазмуну ошол акт менен белгиленет.

Пландуу тапшырманын негизинде түзүлүүчү договордун мазмуну ошол тапшырмага туура келүүгө тийиш.

**162-статья. Договор түзүү**

Качан тараптардын ортосунда договордун бардык маанилүү пункттары боюнча, тиешелүү учурларда талап кылынуучу формада келишимге жетишилсе, договор түзүлдү деп табылат.

Договордун закон боюнча маанилүү деп таанылган же ушул түрдөгү договорлор үчүн керектүү деп таанылган пункттар, ошондой эле тараптардын биреөнүн айтуусу боюнча келишимге жетишүүгө керек болгон пункттардын бардыгы договордун маанилүү пункттары болуп эсептелет.

Закондо көрсөтүлгөн учурларда аткарууга заказ же наряд алуу жолу менен договор түзүлүүгө мүмкүн.

**163-статья. Договордун формасы**

Эгерде тараптар белгилүү формадагы договорду түзүүгө шарттташышса, закон боюнча бул түрдөгү договорлорго бул форма талап кылынбаса да, ага шарттташкан форма берилген учурдан баштап, ал түзүлгөн деп эсептелет.

Эгерде законго же тараптардын макулдашуусуна ылайык договор кат жүзүндө түзүлүүгө тийиш болсо, ал тараптардын колу коюлган бир документти түзүү жолу менен, ошондой эле жиберген тараптардын колу коюлган каттарды, телеграммаларды, телефонограммаларды жана башкаларды алмашуу жолу менен түзүлүүсү мүмкүн.

**164-статья. Жооп берүү үчүн мөөнөтүн көрсөтүү менен жасалган сунуштар боюнча договор түзүү**

Качан жооп берүү үчүн мөөнөтүн көрсөтүү менен договор түзүүгө сунуш кылынса, эгерде сунуш кылган жак экинчи тараптан ошол мөөнөттүн ичинде сунушту кабыл алгандыгы жөнүндө жооп алса, договор түзүлгөн деп эсептелинет.

165-статья. **Жооп берүү үчүн мөөнөтү көрсөтүлб жасалган сунуштар боюнча догов түзүү**

Качан жооп берүү үчүн мөөнөтү көрсөтүлбөй догов түзүүгө оозеки сунуш кылынса, эгерде экинчи тарап с нуш кылган жакка бул сунушту кабыл алгандыгын то тоосуз билдирсе, договор түзүлгөн деп эсептелет.

Качан ушундай сунуш кат жүзүндө берилсе, эгер сунушту кабыл алгандык жөнүндөгү жооп, ошол үч керектүү зарыл убакыттын ичинде алынса, договор түзү гөн деп эсептелинет.

166-статья. **Договор түзүүгө макул экендиги жө нүндөгү кечиктирилип алынган жоо**

Эгерде договор түзүүгө макул экендиги жөнүндөгү ке чиктирилип алынган жооптон жооп өз убагында жиберил гендиги көрүнүп турса, эгерде сунуш кылган жак экинч тарапка жооптун кечиктирилип алынганын токтоосуз бил дирген учурларда гана ал кечиктирилген деп табылат Мындай учурда жооп договор түзүүгө жаңы сунуш болу эсептелет.

167-статья. **Бөлөк шарттарда договор түзүүгө ма кул экендиги жөнүндөгү жооп**

Сунуш кылынган шарттардан бөлөкчө шарттарда до говор түзүүгө макул экендиги жөнүндөгү жооп жасалга сунушту кабыл албагандык жана ошол эле убакта жаңы сунуш деп табылат.

Эгерде мамлекеттик, кооперативдик жана коомду башка уюмдардын ортосунда договор түзүү кезинде сот арбитраж же третей соту тарабынан чечилүүгө тийиш болгон пикир келишпестиктер келип чыкса (ушул Кодекс тин 168-статьясы), бул статьянын эрежелери колдону байт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумуну 1972-жыл 20-декабрдагы Указынын редакциясында).

168-статья. **Договор түзүү алдындагы талаштарды чечүү**

Эки тарап тең үчүн милдеттүү пландуу тапшырмага негизделген договорду түзүү кезинде келип чыгуучу та лаштар сот тарабынан, эгерде тараптардын бири эл колхоз, колхоздор аралык, мамлекеттик-колхоздук ишка на, уюм, бирикме болуп эсептелсе, жана эгерде тараптар мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюм-



дар (колхоздордон, колхоздор аралык, мамлекеттик-колхоздук ишканалардан, уюмдардан, бирикмелерден бөлөк) болуп эсептелишсе, закондо башкача белгиленбегендиктен, тийиштүү арбитраж (третей соту) тарабынан каралат.

Эки тарап үчүн милдеттүү болгон пландуу тапшырмага негизделбеген договорду түзүү кезинде аты аталган уюмдардын ортосунда келип чыккан пикир келишпестиктер тийиштүүлүгүнө жараша сот же арбитраж тарабынан чечиле алат, эгерде бул закондо же тараптардын келишиминде атайын каралган болсо.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1972-жыл 20-декабрдагы жана 1984-жыл 22-октябрдагы Указдарынын редакциясында).

169-статья. **Үчүнчү жактын пайдасына түзүлгөн договор**

Закон, договор тарабынан башкача көрсөтүлбөсө жана милдеттенменин мазмунунан бөлөкчө келип чыкпаса үчүнчү жактын пайдасына болгон договордун аткарылышын, ошол договорду түзгөн жак да, ошондой эле аткарылышы анын пайдасына шартталган үчүнчү жак да талап кылышы мүмкүн.

Эгерде договор боюнча ага берилген укуктан үчүнчү жак баш тартса, анда договор түзгөн жак, эгерде бул законго, договорго жана милдеттенменин мазмунуна карама-каршы келбесе, бул укуктан пайдалана алат.

## *16-глава*

## МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИ АТКАРУУ

170-статья. **Жалпы жоболор**

Милдеттенмелер закондо, пландоо актысында, договордо көрсөтүүлөргө ылайык, ал эми мындай көрсөтүүлөр жок болгон учурда демейдеги эле коюлуучу талаптарга ылайык тиешелүү түрдө жана белгиленген мөөнөттө аткарылууга тийиш.

171-статья. **Милдеттенмени аткаруудан бир жактуу баш тартууга жол берилбей тургандык**

Закондо көрсөтүлгөн учурлардан башка убактарда милдеттенмени аткаруудан бир жактуу баш тартууга жана договордун шартын бир жактуу өзгөртүүгө жол берилбейт.

**172-статья. Милдеттенмени бөлүп-бөлүп аткаруу**

Эгерде закондо, пландоо актысында, договордо башкача көрсөтүлбөсө же милдеттенменин негизинен келип чыкпаса, кредитор милдеттенмени бөлүп-бөлүп аткарууну кабыл албай коюуга акылуу.

**173-статья. Милдеттенмени үчүнчү жактын аткаруусу**

Эгерде белгиленген эрежелерде көрсөтүлсө, ошондой эле эгерде үчүнчү жак тараптардын бирөө менен административдик баш ийүүдө же тийиштүү договор менен байланышта болсо, договордон келип чыккан милдеттенмени аткаруу бүтүндөй же жарым-жартылай үчүнчү жакка жүктөлүшү мүмкүн.

Бул учурда милдеттенмени аткарбагандык же талаптагыдай эмес аткаргандык үчүн жоопкерчиликти, эгерде СССРдин жана Кыргыз ССРинин закондорунда жоопкерчиликти тикелей аткаруучу тартат деп көрсөтүлбөсө, договор боюнча күнөөлүү жак тартат.

Эгерде закондон, договордон же милдеттенменин маанисинен милдеттенмени граждандын өзү аткаруу милдети келип чыкпаса, кредитор карыздакор үчүн үчүнчү жак тарабынан сунуш кылынган аткарууну кабыл алууга милдеттүү.

**174-статья. Милдеттенмени аткаруу мөөнөтүнүн белгисиздиги**

Эгерде милдеттенмени аткаруу мөөнөтү белгиленбесе, же талап кылуу учуру менен белгиленсе, кайсы убакта болсо да кредитор аткарууну талап кылууга, ал эми карыздакор аткарып берүүгө укуктуу.

Эгерде дароо аткаруу милдети закондон, договордон же милдеттенменин маанисинен келип чыкпаса мындай милдеттенмени карыздакор, кредитор талап кылган күндөн баштап жети күндүн ичинде аткарууга милдеттүү.

**175-статья. Милдеттенмени мөөнөтүнөн мурда аткаруу**

Эгерде закондон, договордон же милдеттенменин маанисинен бөлөкчө келип чыкпаса, карыздакор милдеттенмени мөөнөтүнөн мурда аткарууга акылуу.

Мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын ортосундагы милдеттенмелерди мөөнөтүнөн мурда аткарууга закондо же договордо көрсөтүлгөн учурларда, ошондой эле кредитордун макулдугу боюнча жол берилет.



(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**176-статья. Милдеттенмени аткаруунун мөөнөтүн узартуу же бир нече мөөнөткө бөлүү**

Жетиштүү негиздер болгондо сот, арбитраж же третей соту карыздакорго милдеттенмени аткаруунун мөөнөтүн узартуу же бир нече мөөнөткө бөлүүгө жол берүүгө акылуу.

**177-статья. Милдеттенмени аткаруучу жери**

Милдеттенме закондо, договордо, пландоо актысында белгиленген же милдеттенменин маанисинен келип чыккан жерде аткарылууга тийиш.

Эгерде милдеттенмени аткаруу жери закон, договор же пландоо актысы менен белгиленбесе жана милдеттенменин маанисинен көрүнбөсө төмөнкүчө аткарылууга тийиш:

1) курулушту өткөрүп берүү милдеттенмеси — курулуштун турган жеринде;

2) акчалай милдеттенмелер (мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын акчалай милдеттенмелеринен бөлөгү) милдеттенменин пайда болгон учурундагы кредитордун жашаган жеринде, ал эми эгерде милдеттенмени аткаруу учурунда кредитор жашаган жерин алмаштырса жана бул жөнүндө карыздакорго билдирсе, аткаруунун жерин алмаштырууга байланыштуу болгон бардык чыгымдарды кредитордун эсебине жүктөө менен кредитордун жаңы жашаган жеринде;

3) бардык башка милдеттенмелер — карыздакордун жашаган жеринде, ал эми эгерде карыздакор юридикалык жак болсо — анын турган жеринде (ушул Кодекстин 30-статьясы).

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**178-статья. Уюмдардын ортосундагы акчалай милдеттенмелерди аткаруу**

СССРдин закондорунда бөлөкчө болуп көрсөтүлбөгөндүктөн мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын ортосундагы акчалай милдеттенмелер боюнча төлөөлөр СССРдин закондору менен белгиленген тартипте СССРдин Мамлекеттик банкы жана башка кредиттик мекемелери аркылуу жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

179-статья. **Акчалай милдеттенмелердин валютасы**

Акчалай милдеттенме советтик валюта менен көрсөтүлүүгө жана төлөнүүгө тийиш.

СССРдин закондору менен белгиленген учурларда жана тартипте гана акчалай милдеттенмени чет өлкөлүк валюта менен көрсөтүүгө жана төлөөгө жол берилет.

180-статья. **Проценттер**

СССРдин жана Кыргыз ССРинин закондорунда көрсөтүлгөн учурлардан бөлөк убактарда акчалай жана башка милдеттенмелер боюнча проценттерге жол берилбейт.

181-статья. **Договор боюнча өз ара милдеттерди аткаруу**

Эгерде закондон, договордон же милдеттенменин маанисинен бөлөкчө келип чыкпаса, договор боюнча өз ара милдеттер бир убакта аткарылууга тийиш.

182-статья. **Альтернативдик милдеттенмени аткаруу**

Эгерде закондон, договордон же милдеттенменин маанисинен бөлөкчө келип чыкпаса, экинин - бирин же бир нече аракет жасоого милдеттүү болгон карыздакорго тандоо укугу таандык.

183-статья. **Бир нече кредиторлор же бир нече карыздакорлор катышкан милдеттенмени аткаруу**

Закондон же договордон бөлөкчө келип чыкпагандан кийин, эгерде милдеттенмеге бир нече кредитор же бир нече карыздакор катышса, кредитордун ар бири аткарууну талап кылууга акылуу, ал эми карыздакордун ар бири башкалар менен бирдей үлүштө милдеттенмени аткарууга милдеттүү.

184-статья. **Социалисттик уюмдардын ортосундагы үлүштүк договорлордон келип чыккан милдеттенмелерди аткаруу**

Социалисттик уюмдардын ортосундагы үлүштүк договорлордон келип чыгуучу милдеттенмеде кредитордун аткарууну талап кылуу укугу жана карыздакордун милдеттенмени аткаруу милдети договор менен белгиленүүчү үлүш түрүндө аныкталат.



185-статья. **Ортоктош милдеттенмелер**

Эгерде бул договор тарабынан каралса же закон тарабынан белгиленсе, атап айтканда, милдеттенменин предмети бөлүнбөй турган убакта ортоктош милдет же ортоктош талап кылуу келип чыгат.

186-статья. **Карыздакордун ортоктош милдети болгон убакта кредитордун укуктары**

Карыздакорлордун ортоктош милдети болгон убакта, кредитор бардык карыздакорлордон бирдей, ошондой эле алардын ар кимисинен өз алдынча карызды толугу менен жана жарым-жартылай аткарууну талап кылууга акылуу.

Ортоктош карыздакорлордун бирөөнөн толук канааттанбаган кредитор, калган ортоктош карыздакорлордон ала албай калганын талап кылууга акылуу.

Милдеттенме толугу менен төлөнгөнгө чейин ортоктош карыздакорлор милдеттүү болуп кала беришет.

187-статья. **Кредитордун талаптарына каршы ортоктош карыздакорлордун макул эместиги**

Ортоктош милдеттүүлүктүн учурунда карыздакор, ушул карыздакор өзү катышпаган башка карыздакорлордун кредиторго карата болгон мамилелерине негизделген макул эместикти кредитордун талабына каршы коюуга акылуу эмес.

188-статья. **Карыздакорлордун бирөөсүнүн ортоктош милдетти аткаруусу**

Карыздакорлордун бирөөсүнүн ортоктош милдетти бүтүндөй аткаруусу, кредиторго аткаруудан калган карыздакорлорду куткарат.

Ортоктош милдетти аткарган карыздакор, эгерде закон же договор менен бөлөкчө көрсөтүлбөсө, өзүнүн үлүшүн алып салып, калган карыздакорлордун ар кимисинен бирдей үлүштө кайра талап кылууга укуктуу. Ортоктош милдетти аткарган карыздакорго калган шериктеш карыздакорлордун бирөөсүнүн төлөбөгөнү, бирдей үлүштө анын өзүнө жана калган шериктеш карыздакорлорго түшөт.

189-статья. **Ортоктош талаптар**

Ортоктош талап кылуу убагында ортоктош кредиторлордун ар кимиси карыздакорго толук көлөмдө талап коюуга акылуу.

Карыздакор ушул кредитор катышпаган карыздакор-

дун башка ортоктош кредиторлор менен болгон мамилелерге негизделген макул эместикти ортоктош кредиторлордун биреөсүнүн талабына каршы коюуга акылуу эмес.

Ортоктош кредиторлордун биреөнө милдеттенмени толугу менен аткаруу, карыздакорду калган кредиторлорго аткаруудан куткарат.

Карыздакордон аткарууну алган ортоктош кредитор, алардын арасындагы катнаштардан бөлөкчө келип чыкпагандыктан, калган кредиторлорго аларга тийиштүү үлүшүн төлөп берүүгө милдеттүү.

190 - с т а т ь я. **Акчалай милдеттенмени карызды депозитке төгүү менен аткаруу**

Кредитор жок болгон учурда, ошондой эле ал аткарууну кабыл алуудан баш тартса же ал тарабынан убагында кыт башка бир себеп менен өткөрүлүп жиберилсе, ошондой эле өз аракетине өзү жооп бере албаган кредитордун өкүлү жок болгон учурда карыздакор акчалай милдеттенмеси боюнча андан алынуучу акчаны же баалуу кагазды нотариалдык контордун депозитине өткөрүүгө акылуу, ал болсо кредиторго бул жөнүндө билдирет.

Нотариалдык контордун депозитине акча суммасы же баалуу кагазды өткөрүү милдеттенмени аткаргандык деп эсептелет.

*17-г л а в а*

## МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИН АТКАРЫЛЫШЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ

191 - с т а т ь я. **Жалпы жоболор**

Милдеттенмелердин аткарылышы законго же договорго ылайык неустойка (штраф, пеня), залог жана кепилдик менен камсыз кылынуусу мүмкүн.

Мындан башка, граждандардын ортосундагы же алар катышкан милдеттенмелер задаток, ал эми социалисттик уюмдардын ортосундагы милдеттенмелер гарантия менен камсыз кылынуусу мүмкүн.

192 - с т а т ь я. **Неустойка**

Милдеттенмени аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурларда, атап айтканда, аткарууну мөөнөтүнөн өткөрүп жиберген учурларда карыздакордун кредиторго төлөөгө милдеттүү болгон закон же договор менен белгиленген акча суммасы неустойка (штраф, пеня) деп эсептелинет.



Неустойка (штраф, пеня) менен чыныгы талаптар гана камсыз кылынат.

Эгерде милдеттенмени аткарбагандык же талаптагыдай эмес аткаргандык үчүн карыздакор жооп берүүгө тийиш болбосо (ушул Кодекстин 226-статьясы) кредитор неустойка (штраф, пеня) төлөөнү талап кылууга акысы жок.

193 - с т а т ь я. **Неустойка жөнүндөгү келишимдин формасы**

Неустойка (штраф, пеня) жөнүндөгү келишим кат жүзүндө жасалууга тийиш. Кат жүзүндөгү форманы сактабагандык неустойка (штраф, пеня) жөнүндөгү келишимдин жараксыздыгына алып келет.

194 - с т а т ь я. **Залог**

Залогго ылайык кредитор (залог кармоочу) залог менен камсыз кылынган милдеттенмени карыздакор аткарбаган учурда, ССР Союзунун законлорунда жана Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодексинде көрсөтүлгөн алып таштоолордон башка убактарда, залогго коюлган мүлктүн баасынан бөлөк кредиторлордун алдында артыкча канааттандыруу алууга укуктуу.

Чыныгы талаптар гана залог менен камсыз кылынуусу мүмкүн.

Эгерде закондо же договордо бөлөкчө көрсөтүлбөсө, канааттандыруу учуруна карата, атап айтканда проценттер, аткаруунун убагын өткөрүп жиберүүдөн болгон зыянды төлөө, неустойка (штраф, пеня), ошондой эле төлөөлөр боюнча расходдордун ордун толтуруу кандай көлөмдө болсо, залог ошондой көлөмдө гана талапты камсыз кылат.

Залог договордон же закондон келип чыгат.

195 - с т а т ь я. **Залогго берүүчү**

Карыздакордун өзү да, ошондой эле үчүнчү жак дагы залогго берүүчү болушу мүмкүн.

Залогго берүүчү залогго коюлуучу мүлктүн менчик ээси же аны оперативдик башкарууга укуктуу болууга тийиш.

196 - с т а т ь я. **Залогдун предмети**

Ушул Кодекстин 99, 102, 105-статьяларынын күчүнө ылайык төлөтүү жүргүзүлүүгө жатпай турган буюмдардан башка ар кандай буюмдар залогдун предмети болуусу мүмкүн.

Шаардык ломбарддар тарабынан залогго алынбай турган буюмдардын тизмеси эл депутаттарынын шаардык Советн тарабынан белгиленет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

197 - с т а т ь я. **Залог жөнүндө договор**

Залог жөнүндөгү договорго тараптардын аттары жана жашаган жерлери (турган орду), залогго коюлган мүлктүн тизмеси, баасы жана турган жери, залог менен камсыз болунуучу милдеттенменин мазмуну, көлөмү жана аткаруу мөөнөтү көрсөтүлүүгө тийиш.

Залог жөнүндөгү договор кат жүзүндө түзүлүүгө тийиш. Турак үйдү залогго коюу жөнүндөгү договор ушул Кодекстин 242-статьясында көрсөтүлгөн формада түзүлүүгө тийиш.

Мүлктү ломбардка залогго коюу ломбард тарабынан залог билетин берүү менен оформить этилет.

Ушул статьянын эрежесин сактабагандык залог жөнүндөгү договордун жараксыздыгына алып келет.

198 - с т а т ь я. **Залогго коюлган мүлктү залог кармоочуга берүү**

Эгерде закондо же договордо бөлөкчө көрсөтүлбөсө, курулуштардан бөлөк залогго коюлган мүлк залог кармоочуга өткөрүлүп берилет.

199 - с т а т ь я. **Залогго укуктуулуктун келип чыгуу учуру**

Залогго укуктуулук турак үйлөр жөнүндө договорду каттаткан учурдан (ушул Кодекстин 197-жана 242-статьялары), бөлөк мүлктөр жөнүндө ошол мүлктү залог кармоочуга берген учурдан, ал эми закон же договор боюнча ал берилүүгө жатпаса договорду түзгөн учурдан баштап пайда болот.

200 - с т а т ь я. **Залогго коюлган мүлктү күтүү**

Залог кармоочу ага өткөрүлүп берилген залогго коюлган мүлктү тийиштүү түрдө күтүүгө милдеттүү. Эгерде ошол мүлктүн кыйрап, жоголуп же бузулуп кетүүсү анын күнөөсүнөн келип чыкпагандыгын далилдей албаса, ал мүлктүн сакталышы үчүн жооп берет.

Ломбард өздөрүнүн залогго кабыл алган мүлктөрдү жактардын келишүүсү боюнча мүлктү залогго кабыл алган учурда бааланган наркы боюнча, ошол баасынын толук суммасында, ал эми кымбат баалуу металлдардан



жасалган буюмдарды мамлекеттик баада залог берүүчүнүн эсебинен камсыздандырууга милдеттүү.

Эгерде закон же договор менен бөлөкчө көрсөтүлбөсө, залогго коюлган мүлктөрдү залог кармоочу пайдаланууга укугу жок.

201 - с т а т ь я. **Залогго коюлган мүлктү кайтарууну талап кылуу**

Залог кармоочунун же карыздакордо калтырылып карыздакордун ээлигинен чыгып кеткен залогго коюлган мүлк (ушул Кодекстин 198-статьясы) залог кармоочу тарабынан ушул Кодекстин 159-статьясына ылайык кайтарылып алынышы мүмкүн.

202 - с т а т ь я. **Залог кармоочунун карыздакордун мүлкүнөн өндүрүлүп алынышы**

Эгерде закондо бөлөкчө белгиленбесе, залог менен камсыз кылган милдеттенмесин карыздакор аткарбаган учурда, соттун, арбитраждын же третей соттун чечими боюнча кредитордун талабын канааттандыруу залогго коюлган мүлктүн наркынан алынат.

Эгерде залогго коюлган мүлктү сатуудан түшкөн сумма, залог кармоочунун талабын жабуу үчүн жетишсиз болсо, закондо же договордо бөлөкчө көрсөтүлбөгөн болсо, ал жетпеген сумманы жалпы негизде карыздакордун калган мүлкүнөн алууга укуктуу.

Ломбардка мүлктү залогго коюу менен камсыз кылынган ссуданы белгиленген мөөнөттө төлөбөгөн учурда, жеңилдик берилген бир айлык мөөнөттүн бүтүшү менен ломбард ал мүлктү нак баасы боюнча анык, бирок кабыл аларда бааланган нарктан төмөн эмес баасы менен мамлекеттик же кооперативдик уюмдарга сатат (ушул Кодекстин 197-статьясы).

Эгерде залогго коюлган мүлк камсыздандырылган болсо, ал бүлгүн болгон учурда, залог кармоочу камсыздандыруу төлөөсүнөн артыкча канааттандырылууга укуктуу.

203 - с т а т ь я. **Залог укугунун кыскарылышы**

Залог укугу төмөнкүлөрдө кыскарат:

1) залог менен камсыз кылынган милдеттенменин кыскартылышы менен;

2) залогго коюлган мүлк жоголгон учурда;

3) залогго коюлган мүлкко залог кармоочу менчик укугун же аны оперативдик башкаруу укугун алган учурда;

4) залогго коюлган мүлк мажбурлоо жолу менен сатылган учурда кыскартылат.

Турак үйгө залогго укуктуулуктун кыскартылгандыгы жөнүндө кызыкчылыгы бар жактын талабы боюнча, ошол турак үйдү залогго коюу жөнүндөгү договор каттатылган эл депутаттарынын жергиликтүү Советинин аткаруу комитетинин реестрине белгилеп коюлуу тийиш (ушул Кодекстин 197-жана 242-статьялары).

**204-статья. Мүлк башканын менчигине өткөн убакта залог укугунун сакталышы**

Залогго коюлган мүлккө менчик укугу же аны оперативдик башкаруу укугу залогго берүүчүдөн башка жакка өткөн учурда, залогдук укук күчүн сактайт.

**205-статья. Кепилдик**

Кепилдик договору боюнча кепил болуучу башка жактын кредиторунун алдында карыздакор тарабынан өзүнүн милдеттенмесин толук же бөлүгүн аткаруусуна жооп берүүгө милдеттенет.

Кепилдик менен чыныгы талаптар гана камсыз кылынат.

Кепилдик договору кат жүзүндө түзүлүүгө тийиш. Кат жүзүндөгү форманы сактабагандык кепилдик договорунун жараксыздыгына алып келет.

**206-статья. Кепил болуучунун жоопкерчилиги**

Эгерде кепилдик договору менен бөлөкчө көрсөтүлбөсө, милдеттенмени аткарбаган учурда карыздакор жана кепил болуучу кредитордун алдында ортоктош карыздакорлор катары жооп беришет.

Эгерде кепилдик договору менен бөлөкчө көрсөтүлбөсө, кепил болуучу карыздакор жооп берген өлчөмдө эле, атап айтканда проценттерди төлөө үчүн, зыяндарды төлөө үчүн, неустойканы төлөө үчүн жооп берет.

Эгерде кепилдик договору менен бөлөкчө белгиленбесе, биргелешип кепилдик берген жактар кредитордун алдында ортоктош жооп беришет.

**207-статья. Кепил болуучунун ага доо коюлган учурдагы укуктары жана милдеттери**

Эгерде кепил болуучуга доо коюлса, ал карыздакордун ишке катышуусун талап кылууга милдеттүү.



Мындай болбогон учурда, карыздакор кепил болуучунун кайрадан койгон талабына каршы (ушул Кодекстин 208-статьясы) ал өзүнүн кредиторго каршы болгон бардык макул эместигин коюуга укугу бар.

Кепил болуучу кредитордун талабына каршы карыздакор көрсөтүүгө мүмкүн болгон бардык макул эместиктерди коюуга укуктуу. Бул макул эместиктерден карыздакор баш тарткан же өз милдеттенмесин мойнуна алган учурларда да кепил болуучу бул макул эместиктерге укуктуулугун жоготпойт.

**208-статья. Милдеттенмени аткарган кепил болуучунун укуктары**

Милдеттенмени аткарган кепил болуучуга ушул милдеттенме боюнча кредитордун бардык укуктары өтөт.

Бир канча кепил болуучулардын ар кимисинин өздөрү төлөгөн суммасынын өлчөмүндө карыздакорго кайра талап коюуга укуктары бар.

Кепил болуучу милдеттенмени аткаргандан кийин кредитор карыздакордон талап кылууну күбөлөндүрүүчү документтерди кепил болуучуга тапшырууга жана ошол талапты камсыз кылуучу укукту берүүгө милдеттүү.

**209-статья. Карыздакордун милдеттенмени аткаргандыгы жөнүндө кепил болуучуга билдирүү**

Кепилдик менен камсыз кылынган милдеттенмени аткарган карыздакор бул жөнүндө дароо кепил болуучуга билдирүүгө милдеттүү. Мындай болбогон учурда, өз иретинде милдеттенмени аткарган кепил болуучу, карыздакордон кайра талап кылуу укугун сактайт. Мындай учурда карыздакор кредитордон анын негизсиз алгандарын гана өндүрүп алууга укуктуу.

**210-статья. Кепилдиктин кыскартылышы**

Кепилдик менен камсыз кылынган милдеттенменин кыскартылышы менен кепилдик кыскартылат.

Ошондой эле, эгерде кредитор, милдеттенмени аткаруу мөөнөтүнүн башталган күнүнөн тартып үч ай ичинде кепил болуучуга доо койбосо, кепилдик кыскартылат. Эгерде милдеттенмени аткаруу мөөнөтү көрсөтүлбөсө же талап кылуу учуру менен белгиленсе, мындан бөлөк келишим болбосо, кепил болуучунун жоопкерчилиги кепилдик договору түзүлгөн күндөн баштап бир жыл өткөндө кыскартылат.

**211-статья. Задатка**

Договор түзгөндүктү далилдөө жана анын аткарылышын камсыз кылуу үчүн договор түзүүчү тараптардын бирөө договор боюнча андан тийиштүү төлөөнүн эсебинен экинчи тарапка берүүчү акчалай суммасы задатка деп таанылат.

Задатканын суммасына карабастан задатка жөнүндөгү келишим кат жүзүндө түзүлүүгө тийиш.

Эгерде договордун аткарылбай калышына задатка берген тарап күнөөлүү болсо, ал задатка экинчи тарапта калат. Эгерде договордун аткарылбай калышына задатканы алган тарап күнөөлүү болсо, ал экинчи тарапка задатканын суммасын эки эсе кылып төлөөгө милдеттүү.

Мындан тышкары, договордун аткарылбай калышына күнөөлүү тарап, договордо бөлөкчө көрсөтүлбөгөндүктөн, экинчи тарапка задатканын суммасын чегериштирип, зыянды төлөөгө милдеттүү.

**212-статья. Гарантия**

Эгерде СССРдин жана Кыргыз ССРинин законодору менен бөлөкчө белгиленбесе, ушул Кодекстин 205, 207, 209-жана 210-статьяларынын эрежелери бир уюмдун экинчисинин карызын төлөөнү камсыз кылууга берген гарантиясына таркатылат.

## *18-глава*

## ТАЛАПТЫ ӨТКӨРҮҮ ЖАНА КАРЫЗДЫ КОТОРУУ

**213-статья. Талапты өткөрүү**

Законго же договорго ал карама-каршы келбегендиктен же талап жеке кредитордун өзүнө байланышпагандыктан, кредитордун талапты бөлөк жакка өткөрүүсүнө жол берилет.

Ден соолукка залал келтирүү же өлүмгө алып баруудан келип чыккан мүлктүк зыянды төлөө жөнүндөгү талапты өткөрүүгө жол берилбейт.

Талапты алуучуга милдеттенмени аткарууну камсыз кылуучу укуктар өтөт.

**214-статья. Талабын өткөргөн кредитордун милдети жана жоопкерчилиги**

Башка жакка талабын өткөргөн кредитор талап кылуу укугун күбөлөндүрүүчү документтерди да ага берүүгө милдеттүү.



Алгачкы кредитор, жаңы кредитордун алдында, ага берилген талабынын анык эмес экендиги үчүн жооп берет, бирок алгачкы кредитор жаңы кредитордун алдында карыздакор үчүн өзүнө кепилдик алган учурлардан башка убактарда карыздакордун бул талапты орундабагандыгына жооп бербейт.

**215-статья. Талапты өткөргөндүк жөнүндө кабар болбогондо милдеттенмени алгачкы кредиторго аткаруу**

Эгерде карыздакор талапты өткөргөндүк жөнүндө кабарланбаса, алгачкы кредиторго милдеттенмени аткаруу, тийиштүү кредиторго аткарылгандык деп таанылат.

**216-статья. Жаңы кредитордун талабына каршы карыздакордун макул эместиги**

Карыздакор талапты өткөргөндүк жөнүндө кабар алган учурунда, анын алгачкы кредиторго каршы болгон бардык макул эместиктерин жаңы кредитордун талабына каршы коюуга укуктуу.

**217-статья. Карызды которуу**

Карыздакордун өзүнүн карызын башка жакка которуусуна кредитордун макулдугу менен гана жол берилет.

Жаңы карыздакор кредитор менен алгачкы карыздакордун ортосундагы катнашка негизделген бардык макул эместигин кредитордун талабына каршы коюуга укуктуу.

Эгерде кепил болуучу же залогго берүүчү жаңы карыздакор үчүн жооп берүүгө макулдуктарын билдиришпесе кепилдик жана үчүнчү жак тарабынан белгиленген залог карыздын которулушу менен жоюлат.

**218-статья. Талапты өткөрүүнүн жана карызды которуунун формасы**

Кат жүзүндө жүргүзүлгөн бүтүмгө негизделген талапты өткөрүү жана карызды которуу кат жүзүндө жүргүзүлүүгө тийиш.

## *19-глава*

## МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИ БУЗГАНДЫК ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

**219-статья. Карыздакордун зыянды төлөөгө милдеттүүлүгү**

Карыздакор милдеттенмени аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурда, ал ушундан келип чыккан зыянды кредиторго төлөөгө милдеттүү.

Зыян деп кредитордун жумшаган расходдору, анын мүлкүнүн жоголушу же сынышы, ошондой эле милдеттенмени карыздакор аткарганда алууга мүмкүн болгон бирок алынбай калган киреше түшүнүлөт.

220 - с т а т ь я. **Неустойка жана зыяндар**

Эгерде милдеттенмени аткарбагандык же талаптагыдай эмес аткаргандык үчүн неустойка (штраф, пеня) белгиленген болсо, анда зыян неустойка (штраф, пеня) менен жабылбаган бөлүгүнүн көлөмүндө төлөнөт.

Закондо же договордо зыянды эмес жалаң гана неустойканы (штрафты, пеняны) өндүрүүгө жол коюлган; неустойканын (штрафтын, пенянын) үстүнө зыянды толук суммада өндүрүү мүмкүн болгон; кредитордун тандоосу боюнча же неустойка (штраф, пеня) же зыян өндүрүлүшү мүмкүн болгон учурлар көрсөтүлүшү мүмкүн.

221 - с т а т ь я. **Неустойканы азайтуу**

Эгерде төлөнүүгө жата турган неустойка (штраф, пеня) кредитордун зыянына салыштырганда өтө эле көп болсо, сот неустойканы (штрафты, пеняны) азайтууга укуктуу. Бул убакта карыздакордун милдеттенмени аткарган деңгээли, милдеттенмеге катышкан граждандардын мүлктүк абалы, кредитордун жалаң эле мүлктүк абалы эмес, анын урматтоого татыктуу болгон ар кандай кызыкчылыгы да көңүлгө алынууга тийиш.

Бөтөнчө учурларда арбитраж (третей соту) карыздакор менен кредитордун көңүлгө аларлык кызыкчылыгын эсепке алуу менен кредиторго төлөнүүчү неустойканы (штрафты, пеняны) азайтууга акылуу.

222 - с т а т ь я. **Милдеттенмелер боюнча жоопкерчиликтин өлчөмүн чектөө**

Милдеттенмелердин кээ бир түрлөрү боюнча милдеттенмелерди аткарбагандык же талаптагыдай эмес аткаргандык үчүн СССР жана Кыргыз ССРинин закондору менен чектелген жоопкерчилик белгилениши мүмкүн.

Эгерде милдеттенмелердин ушул түрү үчүн жоопкерчиликтин өлчөмү закон менен так аныкталса социалисттик уюмдардын ортосунда алардын жоопкерчиликтерин чектөө жөнүндө келишүүгө жол коюлбайт.

223 - с т а т ь я. **Неустойканы төлөгөн же зыянды калыбына келтирген карыздакордун милдеттенмени натуралай аткаруу милдети**



Милдеттенмени аткаруу мөөнөтүн өткөрүп жиберүү жана талаптагыдай эмес аткаруу же талаптагыдай эмес аткаруунун натыйжасында келтирген зыянды калыбына келтирүү учурлары үчүн белгиленген неустойканы (штрафты, пеняны) төлөө, качан социалисттик уюмдардын ортосундагы пландуу тапшырмага негизделген милдеттенме күчүн жойгон учурлардан бөлөк убактарда, карыздакорду милдеттенмени натуралай аткаруудан бошотпойт.

224 - с т а т ь я. **Жекече-белгилүү буюмду берүү милдеттенмесин аткарбагандыктын натыйжасы**

Жекече-белгилүү буюмду кредитордун менчигине же пайдалануусуна же анын оперативдик башкаруусуна берүү милдеттенмесин аткарбаган учурда, кредитор ошол буюмду карыздакордон алууну жана аны кредиторго берүүнү талап кылууга укуктуу. Эгерде буюм ошондой укугу бар үчүнчү жакка берилип калган болсо, бул укук керексиз болот. Эгерде буюм али бериле элек болсо, кредиторлордун ичинен кимисинин пайдасына милдеттенме мурда келип чыккан болсо, ал эми эгерде муну аныктоо мүмкүн болбосо, кимиси мурда доо койгон болсо ошол артыкчылыкка ээ болот.

225 - с т а т ь я. **Белгилүү жумушту орундоо милдеттенмесин аткарбагандыктын натыйжасы**

Белгилүү жумушту орундоо милдеттенмесин карыздакор аткарбаган учурда закондон же договордон башкача келип чыкпаса, кредитор бул жумушту карыздакордун эсебинен орундоого же зыянды төлөөнү талап кылууга укуктуу.

226 - с т а т ь я. **Күнөө, милдеттенмелерди бузгандык үчүн жоопкерчиликтин шарты катарында**

Милдеттенмени аткарбаган же аны талаптагыдай эмес түрдө аткарган жак, закондо же договордо көрсөтүлгөн учурлардан бөлөк убакта күнөөсү (карасанатай же байкабастык) бар болсо гана мүлктүк жоопкерчиликти тартат. Күнөөнүн жоктугу милдеттенмени бузган жак тарабынан далилденет.

227 - с т а т ь я. **Кредитордун күнөөсү**

Эгерде милдеттенмени аткарбагандык же талаптагыдай эмес аткаргандык эки тараптын күнөөсүнөн келип

чыкса сот, арбитраж же третей соту ошого жараша карыздакордун жоопкерчилик өлчөмүн азайтат. Эгерде кредитор карасанатайлык менен же байкабастыгы боюнча аткарбагандыктан же талаптагыдай эмес аткаргандыктан келип чыккан зыяндын өлчөмүнүн көбөйүшүнө жардам кылса же анын азайышына чара көрбөсө, сот, арбитраж же третей соту карыздакордун жоопкерчилик өлчөмүн азайтууга да акылуу.

Ушул статьянын эрежеси качан карыздакор закондун же договордун күчү менен (ушул Кодекстин 226-статьясы) өзүнүн күнөөсүнө карабастан милдеттенмени аткарбагандык же талаптагыдай эмес аткаргандык үчүн мүлктүк жоопкерчиликти тарткан учурларда да ылайыктуулугуна жараша колдонулат.

**228-статья. Карыздакордун мөөнөттү өткөрүп жиберүүсү**

Аткарууну мөөнөтүнөн өткөрүп жиберген карыздакор мөөнөтүнөн өткөрүп жиберүүдөн келип чыккан зыян үчүн жана мөөнөтүнөн өткөрүп жиберүүдөн кийин кокусунан келип чыккан аткарууга мүмкүн болбогондук үчүн кредитордун алдында жооп берет.

Эгерде карыздакордун мөөнөтүнөн өткөрүп жиберүүсүнүн натыйжасында аткаруу кредитор үчүн кызыкчылыгын жоготсо, ал аткарууну алуудан баш тарта алат жана зыянды төлөөнү талап кыла алат.

Социалисттик уюмдардын ортосундагы катнашта мөөнөтүнөн өткөрүп жиберип аткарылганды кабыл алуудан баш тартууга закон же договор менен белгиленген убактарда жана шарттарда гана жол коюлат.

Кредитордун мөөнөтүнөн өткөрүп жиберүүсүнүн натыйжасында (ушул Кодекстин 230-статьясы) милдеттенме аткарылууга мүмкүн болбогондуктан, карыздакор мөөнөттү өткөрүп жиберген деп эсептелбейт.

**229-статья. Акчалай милдеттенме боюнча карыздакордун мөөнөттү өткөрүп жиберүүсү**

Акчалай милдеттенмени аткарууну мөөнөтүнөн өткөрүп жиберген карыздакор, эгерде закон же договор менен башка өлчөмдө процентгер белгиленбесе, мөөнөтүнөн өткөрүп жиберген убагы үчүн мөөнөтүнөн өткөн суммадан жылдыгына үч процент төлөөгө милдеттүү.

Социалисттик уюмдардын ортосундагы акчалай милдеттенмелер боюнча карыздакор, ар бир мөөнөтүнөн өткөрүлүп жиберилген күн үчүн кредиторго СССРдин закондору менен белгиленген өлчөмдө проценттер (пеня) төлөөгө милдеттүү.



**230-статья. Кредитордун мөөнөттү өткөрүп жиберүүсү**

Эгерде кредитор карыздакор тарабынан сунуш кылынган талаптагыдай аткарууну алуудан баш тартса, же карыздакорго өзүнүн милдеттенмесин аткарууга мүмкүндүк бере турган аракетти жасабаса кредитор мөөнөтүнөн өткөрүп жиберген деп эсептелет.

Ушул Кодекстин 231-статьясында көрсөтүлгөн учурларда да кредитор мөөнөтүнөн өткөрүп жиберген деп эсептелет.

Эгерде кредитор мөөнөтүнөн өткөрүп жиберүү анын өзүнүн же закондун же кредитордун тапшыруусунун күчүнө ылайык аткарууну кабыл алуу жүктөлгөн жактардын карасанатайлыгынан же байкабастыгынан келип чыкпагандыгын далилдей албаса, кредитордун мөөнөтүнөн өткөрүп жиберүүсү, мөөнөтүнөн өткөрүп жиберүүдөн келтирилген зыянды төлөтүп алуу үчүн карыздакорго укук берет. Кредитордун мөөнөтүнөн өткөрүп жиберүүсү бүткөндөн кийин карыздакор жалпы негизде жооп берет.

Акчалай милдеттенме боюнча кредитордун мөөнөтүнөн өткөрүп жиберген убагы үчүн карыздакор процент төлөөгө милдеттүү эмес.

*20-глава*

## МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИН КЫСКАРТЫЛЫШЫ

**231-статья. Милдеттенменин аткарылуу менен кыскартылышы**

Талаптагыдай түрдө жүргүзүлгөн аткаруу милдеттенмени кыскартат.

Кредитор аткарууну кабыл алганда, карыздакордун талабы боюнча ага аткарууну толугу менен же бөлүгүн алгандыгына расписка берүүгө милдеттүү.

Эгерде карыздакор милдеттенмесин күбөлөндүрүп кредиторго карыз документин берген болсо, анда кредитор аткарууну кабыл алганда, ал документти кайтарууга, ал эми кайтарууга мүмкүн болбогон учурда бул жөнүндө берген распискасында көрсөтүүгө тийиш. Расписка кайтарылуучу карыз документинин бетине жазуу менен алмашылышы мүмкүн. Карыз документинин карыздакордо жүргөндүгү, бөлөкчө далилденбегендиктен, милдеттенменин кыскартылгандыгын күбөлөндүрөт.

6*

Кредитор расписка берүүдөн, карыз документин кайтаруудан же распискада аны кайтарууга мүмкүн эместигин белгилөөдөн баш тартканда карыздакор аткарууну токтотууга укуктуу. Бул учурларда кредитор мөөнөтүнөн өткөрүп жиберген деп эсептелинет.

**232-статья. Милдеттенменин чегерүү менен кыскартылышы**

Мөөнөтү келген же мөөнөтү көрсөтүлбөгөн же талап кылуу учуру менен белгиленген бир түрдүү тосмо окшош талап чегерүү менен кыскартылат.

Чегерүү үчүн бир тараптын арызы жетиштүү болот.

Социалисттик уюмдардын ортосундагы акчалай талаптарды чегерүү СССРдин Мамлекеттик банкы белгилеген эрежелерди сактоо менен жүргүзүлөт.

**233-статья. Чегерүүгө жол берилбестик**

Талаптарды чегерүүгө төмөнкү учурларда жол берилбейт:

1) доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткенде;

2) ден соолукка залал келтирген же өлүмгө алып барган зыянды төлөө жөнүндө;

3) өмүр бою асыроо жөнүндө (ушул Кодекстин 259-статьясы);

4) закондо көрсөтүлгөн бөлөк учурларда.

**234-статья. Талапты өткөрүүдөгү чегерүү**

Талапты өткөргөн учурда (ушул Кодекстин 213-статьясы), эгерде карыздакордун талап кылуу мөөнөтү талапты өткөрүү жөнүндөгү билдирүүнү ал алганга чейин башталса, же бул мөөнөт белгиленбесе же талап кылуу учуру менен белгиленсе, карыздакор жаңы кредитордун талабына каршы өзүнүн мурдагы кредиторго болгон талабын чегерүүгө акылуу.

**235-статья. Карыздакордун жана кредитордун бир жак болуп калуусу менен милдеттенменин кыскартылышы**

Карыздакордун жана кредитордун бир жак болуп калуусу менен милдеттенме кыскартылат.

**236-статья. Жактардын келишүүсү менен милдеттенменин кыскарышы**

Милдеттенме жактардын келишүүсү менен, атап айтканда, ошол эле жактардын ортосундагы бир милдеттенмени экинчиси менен алмашуу жөнүндө келишүү менен кыскартылат.



Социалисттик уюмдардын ортосунда тараптардын келишүүсү менен милдеттенменин кыскартылышына, атап айтканда, башка милдеттенме менен алмаштыруу жөнүндө келишүүгө, бул эл чарбасын пландоо актыларына карама-каршы келбегендиктен жол берилет.

**237-статья. Пландын өзгөрүүсүнө байланыштуу милдеттенменин кыскартылышы же өзгөртүлүшү**

Милдеттенме негизделген эл чарбасын пландоо актысы, качан эки тарап үчүн тең милдеттүү буйрук менен өзгөртүлгөн учурларда, социалисттик уюмдардын ортосундагы милдеттенме тараптар тарабынан белгиленген тартипте кыскартылууга же өзгөртүлүүгө жатат.

**238-статья. Аткарууга мүмкүн болбогондуктан милдеттенменин кыскартылышы**

Эгерде карыздакор ал үчүн жооп бербей турган жагдайдан келип чыкса (ушул Кодекстин 226-статьясы), аткарууга мүмкүн болбогондуктан милдеттенме кыскартылат.

**239-статья. Граждандын өлүшү же юридикалык жактын жоюлушу менен милдеттенменин кыскартылышы**

Эгерде аткаруу карыздакордун жеке өзүнүн катышуусуз жүргүзүлүүгө мүмкүн болбосо, карыздакордун өлүшү менен милдеттенме кыскартылат.

Эгерде аткаруу кредитордун жеке өзү үчүн арналган болсо, кредитордун өлүшү менен милдеттенме кыскартылат.

Юридикалык жактын (карыздакордун же кредитордун) жоюлушу менен милдеттенме кыскартылат.

СССРдин жана Кыргыз ССРинин закондору менен жоюлган юридикалык жактын милдеттенмесин аткаруу башка юридикалык жакка жүктөлүшү мүмкүн.

## 2. МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИН АЙРЫМ ТҮРЛӨРҮ

### *21-глава*

### САТЫП АЛУУ-САТУУ

**240-статья. Сатып алуу-сатуу договору**

Сатып алуу-сатуу договору боюнча сатуучу мүлктү сатып алуучунун менчигине берүүгө милдеттенет, ал эми

сатып алуучу мүлктү кабыл алууга жана ал үчүн белгилүү акча суммасын төлөөгө милдеттенет.

Эгерде сатып алуучу мамлекеттик уюм же ушул Кодекстин 118[1]-статьясында көрсөтүлгөн башка уюм болуп саналса, анда анын мүлктү оперативдүү башкаруу укугу келип чыгат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**241-статья. Турак үйдү сатып алуу-сатуу договору**

Гражданиндин же бирге жашаган эрди-катындын жана анын жашы жетпеген балдарынын өздүк менчигинде болгон турак үй (же анын бөлүгү) ушул Кодекстин 107-статьясындагы эрежелерди сактоо менен, ошондой эле ушул Кодекстин 108-статьясында көрсөтүлгөн сатуулардан башка учурларда менчик ээсинин үч жылдын ичинде бирден көп эмес үй же бир үйдүн бөлүгүн сата албагандай шарттарда гана сатып алуу-сатуунун предмети боло алат.

**242-статья. Турак үйдү сатып алуу-сатуу договорунун формасы**

Шаарда, шаар тибиндеги поселкаларда турган турак үйдү же анын бөлүгүн сатып алуу-сатуу договору, эгерде тараптардын бирөө эле граждании болгон учурда нотариалдык тартипте күбөлөндүрүлүүгө жана эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитеттеринде каттатылууга тийиш.

Селодогу калк отурукташкан пункттарда турган турак үйдү же анын бөлүгүн сатып алуу-сатуу договору кат жүзүндө түзүлүп жана эл депутаттарынын селолук (поселоктук) Советинин аткаруу комитетинде каттатылууга тийиш.

Ушул статьянын эрежелерин сактабагандык турак үйдү сатып алуу-сатуу договорунун жараксыздыгына алып келет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**242[1]-статья. Граждандардын ортосунда түзүлүүчү курулуш материалдарын сатып алуу-сатуу договорунун формасы**

Граждандардын ортосунда түзүлүүчү курулуш материалдарын сатып алуу-сатуу договору, сатуучу соода же башка уюмдардан мүлктү алгандыгы жөнүндө документтер менен бирге аны сатып алуучуга берген учурлардан башка, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлүшү тийиш.



Бул талапты сактабагандык ушул Кодекстин 49-статьясында каралган эрежелердин колдонулушуна алып келет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1986-жыл 30-июндагы Указынын редакциясында).

**243-статья. Баа**

Мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюмдар тарабынан товарларды сатуу, СССРдин закондорунда көрсөтүлгөн жана ошо көрсөтүүнүн чегинде Кыргыз ССРинин закондору менен каралган учурлардан башка убактарда, белгиленген мамлекеттик баа боюнча жүргүзүлөт.

Мамлекет сатып албаган колхоздордун ашыкча айыл чарба продукцияларын, ошондой эле граждандардын өзүнүн мүлкүн сатуу тараптардын келишүүсү менен белгиленүүчү баа боюнча жүргүзүлөт, эгерде ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин Закондорунда мындан башкалар каралбаса.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы жана 1986-жыл 30-июндагы Указдарынын редакциясында).

**244-статья. Сатылуучу буюмга карата үчүнчү жактардын укуктары жөнүндө сатып алуучуларды эскертүүгө сатуучунун милдеттүүлүгү**

Договор түзүлгөн кезде сатуучу сатып алуучуну сатылуучу буюмга карата үчүнчү жактардын бардык укуктары (жалдоочунун укуктары, залог укугу, өмүрү өткүчө пайдаланышы жана ошол сыяктуулар) жөнүндө эскертүүгө милдеттүү. Бул эрежени аткарбоо сатып алуучуга баанын төмөндөтүүнү же болбосо договорду бузууну жана келтирилген зыяндарды төлөөнү талап кылууга укук берет.

**245-статья. Сатылган буюмду сатуучунун сактоо милдети**

Эгерде менчик укугу же оперативдүү башкаруу укугу сатып алуучуга буюмдарды өткөрүп берүүдөн мурда (ушул Кодекстин 136-статьясы) өтсө, сатуучу өткөрүп бергенге чейин буюмдун бузулушуна жол бербөө менен сактоого милдеттүү.

Эгерде бул договор тарабынан каралган болсо, аны сактоо үчүн зарыл болгон чыгымдарды сатып алуучу сатуучуга төлөп берүүгө милдеттүү.

**246-статья. Сатуучунун буюмду өткөрүп берүү милдетин аткарбагандыгынын натыйжалары**

Эгерде сатуучу договорду бузуп, сатып алуучуга сатылган буюмун бербесе, сатып алуучу ага сатылган буюмду өткөрүп берүүнү жана аткарышын кечиктиргендиктен келтирилген зыяндарын төлөөнү талап кылууга, же болбосо договорду аткаруудан отказ кылууга жана келтирилген зыяндарды төлөөнү талап кылууга укуктуу.

**247-статья. Сатып алуучунун сатып алган буюмун кабыл алуудан же анын турган наркын төлөөдөн отказ кылышынын натыйжалары**

Эгерде сатып алуучу договорду бузуп сатып алган буюмун кабыл алуудан же анын баасын төлөөдөн баш тартканда сатуучу сатып алгандан буюмдарын кабыл алышын же баасын төлөп беришин талап кылууга, ошондой эле аткарышын кечиктиргендиктен келтирилген зыяндарын төлөп берүүнү, же болбосо договордон отказ кылууга жана келтирилген зыяндарды төлөп берүүнү талап кылууга укуктуу.

**248-статья. Сатылган буюмдун сапаты**

Сатылган буюмдун сапаты договордун шарттарына ылайык болушу, ал эми договордо мындай көрсөтүүлөр жок болгондо — демейдеги талаптарга ылайык болушу тийиш.

Эгерде сатып алуу-сатуунун ушул түрүнүн мүнөзүнөн башкача келип чыкпаса, соода уюмдары тарабынан сатылуучу буюм бул түрдөгү буюмдар үчүн белгиленген стандартка, техникалык шарттарга же үлгүлөргө ылайык келиши тийиш.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**249-статья. Тиешелүү сапатта болбогон буюмдарды сатып алуучуга саткан учурдагы сатып алуучунун укуктары**

Сатып алуучуга тиешелүү сапатта болбогон буюм сатылса, эгерде анын кемчиликтери сатуучу тарабынан айтылбаган болсо, сатып алуучу өзүнүн каалоосу боюнча төмөнкүлөрдү талап кылууга акылуу:

же договордо аныкталган тектеш түрлөрдөгү, тиешелүү сапаттардагы буюмдар менен айырбаштап берүүнү;



же болбосо сатып алуу бааларынын тиешелүү өлчөмдө азайтылышын;

же болбосо сатуучудан буюмдун болгон кемчиликтерин акысыз оңдоп берүүнү же аларды оңдоого кеткен сатып алуучунун расходдорун төлөп берүүнү;

же болбосо сатып алуучунун тарткан зыяндарын төлөп берүү менен договорду бузууну.

Чекене соода ишканаларынан буюм сатып алган жактын бул укуктарды ишке ашырышынын тартиптери ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**250-статья. Сатылган буюмдун кемчиликтерине байланыштуу болгон талаптарды коюунун мөөнөттөрү**

Эгерде сатылган буюмдун кемчиликтери сатып алуучуга буюм өткөрүп бергенге чейин сатуучу тарабынан эскертилбеген болсо, сатып алуучу ал кемчиликтерди тапкандан кийин ошол замат эле, бирок буюм өткөрүп берилген күндөн тартып алты айдан кечиктирилбестен, ал эми турак үйдүн же анын бир бөлүгүнүн кемчиликтери боюнча — сатып алуучунун ээлигине турак үй же анын бир бөлүгүнүн өткөрүлүп берилген күнүнөн тартып бир жылдан кечиктирбестен бул кемчиликтер боюнча сатуучуга талап коюуга укуктуу. Эгерде турак үйдүн же анын бир бөлүгүнүн өткөрүп берилген күнүн белгилөө мүмкүн болбосо же турак үй же анын бир бөлүгү сатып алуу-сатуу договору түзүлгөнгө чейин сатып алуучунун ээлигинде болсо,— договорду каттаган күндөн тартып (ушул Кодекстин 242-статьясы) эсептелинет.

ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондорунда сатылган буюмдун кемчиликтери тууралу талап коюу үчүн башка мөөнөттөр белгилениши мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

**251-статья. Гарантиялык мөөнөт менен сатылган буюмдун кемчиликтери боюнча талаптар**

Чекене соода уюмдары аркылуу сатылуучу буюмдар үчүн, ушул Кодекстин 273-статьясына ылайык гарантиялык мөөнөттөр белгиленген учурларда, бул мөөнөттөр чекене сатылган күндөн тартып эсептелет. Сатып алуучу

гарантиялык мөөнөт ичинде сатылган буюмдун, аны нормалдуу пайдаланууга тоскоолдук кылуучу кемчиликтери боюнча сатуучуга доомат коё алат.

Эгерде кемчиликтер сатып алуучу тарабынан буюмду пайдалануунун же аны сактоонун эрежелерин бузгандыктын натыйжасында келип чыккандыгын сатуучу далилдей албаса, буюмдун кемчиликтерин акы төлөтпөй туруп жоюуну камсыз кылууга, же болбосо аны тиешелүү сапаттагы буюм менен алмаштырып берүүгө, же болбосо ал үчүн төлөнгөн сумманы сатып алуучуга кайтарып берүү менен аны кайра кабыл алууга милдеттүү.

Эгерде сатылган буюм боюнча талаптарды коюу үчүн ушул Кодекстин 250-статьясында көрсөтүлгөн мөөнөттөрдөн гарантиялык мөөнөттүн узактыгы азыраак болуп белгиленген болсо, ушул статьяда белгиленген мөөнөттөр колдонулат.

**252 - статья. Сатылган буюмдун кемчиликтери жөнүндөгү доо боюнча эскириш мөөнөтү**

Сатылган буюмдун кемчиликтери боюнча доо, талапты билдирген күндөн тартып алты айдан кечиктирилбестен, ал эми талап билдирилбесе же аны билдирген убакытты аныктоо мүмкүн болбосо,— бул кемчиликтер боюнча талаптарды коюу үчүн белгиленген мөөнөттүн бүткөн күнүнөн тартып коюлушу мүмкүн (ушул Кодекстин 250-жана 251-статьялары).

ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин законорунда сатылган буюмдун кемчиликтерине байланыштуу болгон талаптар боюнча доонун эскиришинин башка мөөнөттөрү белгилениши мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

**253 - статья. Буюмду алып алуу жөнүндө сатып алуучуга карата доо коюлган учурда сатуучунун милдети**

Эгерде үчүнчү жак буюм сатылганга чейин келип чыккан негиздер боюнча алып алуу жөнүндө сатып алуучуга карата доо койсо, сатып алуучу сатуучуну ишке катышуу үчүн тартууга милдеттүү, ал эми сатуучу болсо бул ишке сатып алуучу жагында болуп катышууга милдеттүү.

Сатып алуучунун сатуучуну ишке катышууга тартпагандыгы, эгерде сатуучу ишке катышуусу менен, ал сатып алуучунун сатып алган буюмунун андан алынып кетишине жол бербейт эле деп далилдей алса, сатуучуну сатып алуучунун алдындагы жоопкерчилигинен бошотот.



Сатып алуучу тарабынан ишке катышууга тартылган, бирок ага катышпай калган сатуучу сатып алуучу тарабынан иштин туура эмес жүргүзүлүшүн далилдөө укугунан ажыратылат.

**254 - статья. Сатып алуучудан буюмду алып койгон учурда сатуучунун жоопкерчилиги**

Эгерде соттун, арбитраждын же третей сотунун чечимдеринин күчү менен сатылган буюм сатып алуучудан алып коюлган болсо, сатуучу сатып алуучунун тарткан зыяндарын төлөп берүүгө милдеттүү.

Эгерде сатуучу сатылуучу буюмга карата үчүнчү жактын укугунун болгондугу жөнүндө билип туруп ал жөнүндө сатып алуучуну эскертпеген болсо, сатуучунун жоопкерчилигин жоюу же чектөө жөнүндөгү жактардын келишими анык эмес болот.

**255 - статья. Товарларды кредитке сатуу**

Узак пайдаланылуучу товарлар граждандарга чекене соода иш каналары тарабынан кредитке (төлөө мөөнөтүн узартуу менен) ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан белгиленүүчү учурларда жана тартипте сатылышы мүмкүн.

Кредитке сатылуучу буюмдар сатылган күндөгү турган баасы боюнча жүргүзүлөт. Кредитке сатылган товарлардын баасынын кийинки өзгөрүшү кайра эсептешүүнү жүргүзүүгө алып келбейт.

Кредитке сатылган товарларга карата сатып алуучунун менчик укугу ушул Кодекстин 136-статьясынын эрежелерине ылайык келип чыгат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

## *22 - глава*

## АЛМАШТЫРУУ

**256 - статья. Алмаштыруу договору**

Алмаштыруу договору боюнча тараптардын ортосунда бир мүлктү экинчи бир мүлккө алмаштыруу жүргүзүлөт.

Алмаштыруу договоруна карата, тараптардын болгон мамилелеринен башкача келип чыкпаган болсо, тийиштүүлүгүнө жараша сатып алуу-сатуу договору жөнүндөгү эрежелер колдонулат.

Мында алмаштыруу договорунда катышышкандардын ар бири өзү берген мүлктөрдүн сатуучусу болуп жана өзү алган мүлктөрдүн сатып алуучусу болуп эсептелет.

Бир тарап же эки тарап тең мамлекеттик уюмдар болуп саналгандардын алмаштыруу договору ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан каралган учурларда гана түзүлүшү мүмкүн.

*23-глава*

## БЕЛЕК КЫЛЫП БЕРҮҮ

**257-статья. Белек кылып берүү договору**

Белек кылып берүү договору боюнча бир тарап экинчи тараптын менчигине болгон мүлкүн акысыз өткөрүп берет.

Белек кылып берүү договору мүлктү өткөрүп берген мезгилден тартып түзүлдү деп эсептелет.

Гражданин тарабынан мүлктөрүн мамлекеттик, кооперативдик же башка коомдук уюмдарга белек кылып бериши, бул мүлктөрдү белгилүү бир коомдук пайдалуу максат үчүн пайдаланууга шарттоо менен болушу мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**258-статья. Белек кылып берүү договорунун формасы**

Беш жүз сомдон жогорку суммадагы белек кылып берүү договору нотариалдык түрдө күбөлөнүлүшү тийиш.

Гражданин тарабынан мүлктөрүн мамлекеттик, кооперативдик же башка коомдук уюмдарга белек кылып беришинин договору жөнөкөй кат жүзүндөгү формада түзүлүшү мүмкүн.

Турак үйлөрүн жана курулуш материалдарын белек кылуу договорлору ушул Кодекстин 242 жана 242[1]-статьяларына ылайык белгиленген формада түзүлүүгө тийиш.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы жана 1986-жыл 30-июндагы Указдарынын редакциясында).

*24-глава*

## ӨМҮР БОЮ БАГУУ ШАРТЫ МЕНЕН ҮЙҮН БЕРҮҮ

**259-статья. Өмүр бою багуу шарты менен үйүн берүү договору**

Өмүр бою багуу шарты менен үйүн берүү договору боюнча жашы боюнча же саламаттыгынын абалы боюнча эмгекке жараксыз адам (берүүчү) болуп саналган бир тарап экинчи жактын менчигине (алуучуга) өзүнө таандык



болгон үйдү же анын бир бөлүгүн өткөрүп берет, ал үчүн алуучу берүүчүгө аны өмүр бою материалдык жактан натуралай түрдө — турак жай, тамак-аш, күтүү жана зарыл болгон жардам көрсөтүү боюнча камсыз кыла тургандыгына милдеттенет.

**260-статья. Договордун шарттары**

Өмүр бою багуу шарты менен үйдү берүү договорунда алуучуга берүүчүнүн кайсы үйү өткөрүлүп бериле тургандыгы, анын баасы жана берүүчүгө материалдык камсыз кылуунун кайсы түрлөрү бериле тургандыгы көрсөтүлүүгө тийиш.

**261-статья. Договордун формасы**

Өмүр бою багуу шарты менен үйдү берүү договору шаарда же шаардык типтеги поселокто нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлүшү жана эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетинде катталышы тийиш.

Эгерде үй калк отурукташкан селолук жерде болсо, өмүр бою багуу шарты менен үйдү берүү договору кат жүзүндөгү формада жазылышы жана эл депутаттарынын селолук (поселоктук) Советинин аткаруу комитетинде катталышы тийиш.

Ушул статьянын эрежелерин сактабоо договордун жараксыз болушуна алып келет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**262-статья. Договордун аткарылышын камсыз кылуу**

Берилүүчү үй договордун аракетинин бардык убагына берүүчүнүн залогунда нотариалдык тыюу салуу (арест салуу) аркылуу кала берет.

**263-статья. Үйдүн кокустан кыйрап жок болушунун натыйжалары**

Берүүчүдөн алган үйдүн кокусунан кыйрап жок болушу, мүлктү алуучуну договор боюнча анын өзүнө кабыл алган милдеттенмелеринен бошотпойт.

**264-статья. Үйдү берүүчүнүн талабы боюнча договордун өзгөрүшү же бузулушу**

Мүлктү алуучу тарабынан договордун аткарылышы бузулган учурда үйдү берүүчү сотко договорду бузуу (жоюу) жөнүндөгү доо менен кайрыла алат.

**265-статья. Мүлктү алуучунун талабы боюнча договорду бузуу**

Эгерде мүлктү алуучунун өзүнөн болбогон жагдайлар боюнча анын материалдык абалы үйдү берүүчүнү багууга белгилеген шарттарын түзүүгө анын мүмкүнчүлүгү болбогон даражага чейин өзгөрсө, ошондой эле үйдү берүүчүнүн эмгекке жөндөмдүүлүгү толук түрдө калыбына келген учурда өмүр бою багуу шарты менен үйдү берүү договору мүлктү алуучунун талабы боюнча бузулушу мүмкүн.

**266-статья. Договорду бузуунун натыйжалары**

Өмүр бою багуу шарты менен үйдү берүү жөнүндөгү договорду ушул Кодекстин 264, 265-статьяларында көрсөтүлгөн негиздер боюнча бузган учурда, договорго ылайык үй берүүчүнүн алуучуга берилген үйү кайтарылып берилүүгө жатат.

Договордун бузулушуна чейин мүлктү алуучу тарабынан үйүн бергенди багууга карата жасаган расходдору кайтарылып берилбейт. Бирок, эгерде договордун бузулушу үй берүүчүнүн эмгекке жарактуулугу калыбына келгендиктен келип чыкса, үй берүүчү үйдү кайтарып берүүнү талап кылууга укуктуу эмес жана ага договор боюнча берилген имараттан өмүр бою акысыз пайдалануу укугун гана сактайт.

**267-статья. Үй алуучунун өлгөн учурунда договордун кыскартылышы**

Үй берүүчүнүн тирүү убагында үй алуучу өлгөн учурда өмүр бою багуу шарты менен үйдү берүү договору кыскартылат. Бул учурда да үй, үй берүүчүнүн өзүнө кайтарылып берилет.

*25-глава*

## ПОСТАВКА

**268-статья. Поставка договору**

Поставка договору боюнча поставка кылуучу уюм белгилүү мөөнөттөрдө же мөөнөттө сатып алуучу уюмдун (заказчынын) менчигине (оперативдүү башкаруусуна) берүүгө милдеттенет; сатып алуучу уюм продукцияны кабыл алууга жана белгиленген баалар боюнча аны төлөп берүүгө милдеттенет. Поставка договору болуп ошондой эле уюмдардын өз кароолору боюнча алардын ортосунда түзүлүүчү договор да саналат, ал боюнча поставка кылуучу



сатып алуучуга пландык тартипте бөлүштүрүлбөй турган продукцияларды договорду түзгөн учуру туура келбеген мөөнөттө жеткирип берүүгө милдеттенет.

Договорду түзбөй туруп эле продукцияларды поставка кылуу СССР Министрлер Совети же Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан белгиленген учурларда гана жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**269-статья. Продукцияларды кем поставка кылуу же кем алуу**

Шартталган мөөнөттө поставка кылуучу тарабынан кем поставка кылынган же сатып алуучу тарабынан кем алынган продукциялар поставкалар жөнүндөгү Жоболордо, кээ бир продукциялардын поставка кылышынын Өзгөчө шарттары (ушул Кодекстин 275-статьясы) же договор менен каралган тартипте жана мөөнөттө поставка кылынган (алынган) болушу тийиш.

Эгерде договордо башкача каралбаган болсо, поставка кылуу мөөнөтү өтүп кеткен продукцияларды сатып алуучу поставка кылуучуга билдирүү менен кабыл алуудан баш тартууга укуктуу. Сатып алуучунун билдирүүсүн алганга чейин поставка кылуучу тарабынан жөнөтүлгөн продукцияны сатып алуучу кабыл алууга жана ал үчүн акы төлөөгө милдеттүү.

**270-статья. Поставка кылынуучу продукциялардын ассортименти**

Продукциялар договордо каралган ассортиментте поставка кылынышы тийиш.

Ошол ассортиментке кирген продукциялардын бир түрлөрүн договордо каралганга караганда көбүрөөк санда поставка кылуу, качан мындай поставка кылуу сатып алуучунун макулдугу менен жүргүзүлгөн учурлардан тышкаркысы, башка түрлөрдөгү продукциялардын кем поставка кылынышынын ордун толтургандыкка эсептелбейт.

Ассортиментке кирген продукциялардын айрым түрлөрүн кем поставка кылгандыгы үчүн, договордо каралган поставкалар продукциялардын жалпы наркы боюнча мөөнөтүндө орундатылган болсо дагы, поставка кылуучу белгиленген неустойканы төлөйт.

**271-статья. Поставка кылынуучу продукциялардын сапаты**

Поставка кылынуучу продукциялардын сапаты стандарттарга, техникалык шарттарга же үлгүлөрүнө ылайык болушу тийиш. Договордо стандарттарга, бекитилген техникалык шарттарга же үлгүлөргө салыштырганда андан жогорку сапаттардагы продукциялардын тапшырылышы каралышы мүмкүн.

Стандарт, бекитилген техникалык шарттар же үлгүлөр тарабынан талап кылынган сапаттардан өтө төмөн болгон сапаттардагы продукцияларды поставка кылган учурда, сатып алуучу продукцияны кабыл алуудан жана ал үчүн акы төлөөдөн баш тартууга милдеттүү, ал эми эгерде сатып алуучу тарабынан продукцияга акы төлөнүп коюлган болсо, анда төлөнгөн сумма кайра кайтарылып берилүүгө тийиш.

Бирок, эгерде поставка кылынган продукцияларды кайтарбастан туруп эле кемчиликтерин четтетүүгө мүмкүн болсо, сатып алуучу поставка кылуучудан продукциялардын турган ордунда кемчиликтерин четтетүүнү талап кылууга же аларды өздөрүнүн каражаттары менен четтетип, бирок поставка кылуучунун эсебинен жүргүзүүгө укуктуу.

Эгерде поставка кылынган продукциялар стандартка же техникалык шарттарга ылайык келип, бирок шарттангта караганда өтө төмөнкү сортто болсо, анда сатып алуучунун тийиштүү сорттогу продукция үчүн белгиленген баа боюнча акы төлөшү менен продукцияны кабыл алышына же продукцияны кабыл алуудан жана ал үчүн акы төлөөдөн баш тартууга укугу бар.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**272-статья. Поставка кылынган продукциялардын кемчиликтери жөнүндөгү доолор боюнча доонун эскирүү мөөнөтү**

Тиешелүү сапатта болбогон продукцияларды поставка кылуудан келип чыккан доолор үчүн эскирүү мөөнөтү болуп, сатып алуучу тарабынан ага өткөрүлгөн продукциялардын кемчиликтерин тиешелүү тартипте тапкан күндөн тартып алты айлык мөөнөт белгиленет.

**273-статья. Поставка кылынган продукциялардын кемчиликтерине байланыштуу талаптарды коюунун мөөнөттөрү**

Сатып алуучу тарабынан, ага поставка кылынуучу продукциялардын, аны жөнөкөй кабыл алуу кезинде табылышы мүмкүн болбогон кемчиликтерин табуунун жана да тиешелүү сапаттарда болбогон продукцияларды поставка кылуудан келип чыккан дооматтарды поставка кылуучуга коюунун мөөнөттөрү жана тартиби ССР Союзунун закондору менен аныкталат.

Узакка пайдалануу же сактоо үчүн даярдалган продукцияларга карата сатып алуучу тарабынан көрсөтүлгөн кемчиликтерди тиешелүү тартипте белгилөө үчүн жана андан кийин бул кемчиликтерди четтетүү жөнүндө же продукцияны айырбаштап берүү тууралу поставка кылуучуга доомат коюуга стандарттар же техникалык шарттар менен өтө узартылган мөөнөттөр каралышы (гарантиялык мөөнөттөр) мүмкүн. Поставка кылуучу, эгерде сатып алуучу тарабынан продукцияны пайдалануунун же аны сактоонун эрежелерин бузгандыктын натыйжасынан продукциянын кемчиликтери келип чыкканын далилдей албаса, гарантиялык мөөнөт белгиленген продукциянын кемчиликтерин акысыз оңдоп берүүгө же аны айырбаштап берүүгө милдеттүү.

Эгерде гарантиялык мөөнөттөр стандарттар же техникалык шарттар менен каралбаган болсо алар договорлор менен белгилениши, ошондой эле договор менен стандарттар же техникалык шарттар менен каралгандан узагыраак гарантиялык мөөнөттөр белгилениши мүмкүн.

Чекене соода уюмдары аркылуу сатылуучу калк керектөөчү товарларга карата гарантиялык мөөнөт буюмдун чекене сатылган күнүнөн тартып эсептелет (ушул Кодекстин 251-статьясы).

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**274-статья. Поставка кылынуучу продукциялардын комплекттүүлүгү**

Продукция стандарттардын, техникалык шарттардын же прейскуранттардын талаптарына ылайык комплекстүү түрдө өткөрүлүшү тийиш. Договордо комплектиге кошумча буюмдар (бөлүктөр) менен же болбосо сатып алуучуга керексиз болгон комплектиге кирген айрым буюмдарсыз (бөлүктөрсүз) продукцияны поставка кылуу жагы каралышы мүмкүн. Эгерде комплекттүүлүгү стандарт, бекитилген техникалык шарттар же прейскуранттар менен аныкталбаса, алар зарыл болгон учурларда договор менен аныкталышы мүмкүн.

Комплекттүү болбогон продукцияларды поставка кылган учурда сатып алуучу продукцияны комплекттүү кылууну же комплекттүү болбогон продукцияны комплекттүү продукция менен айырбаштап берүүнү талап кылууга жана аны комплекттегенге же айырбаштап бергенге чейин

ага акы төлөөдөн баш тартууга, ал эми продукцияга акы төлөнгөн болсо, ал үчүн төлөнгөн сумманы кайтарып берүүнү талап кылууга милдеттүү.

Тараптардын келишими боюнча белгиленген мөөнөттө поставка кылуучу тарабынан продукцияларды комплекттүү кылбаган кезде, сатып алуучу продукцияны алуудан баш тартууга акылуу.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

275-статья. **Поставкалар жөнүндө Жобо жана поставкалар кылуунун Өзгөчө шарттары**

Поставка договорлору СССР Министрлер Совети тарабынан бекитилүүчү поставкалар жөнүндөгү Жоболорго жана СССР Министрлер Совети тарабынан — белгиленген тартипте, ал эми ал тарабынан каралган учурларда — Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан бекитилүүчү продукциялардын айрым түрлөрүн поставка кылуунун Өзгөчө шарттарына ылайык түзүлөт жана аткарылат.

276-статья. **Поставка договорун бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Поставка договору боюнча милдеттенмелерин бузгандыгы үчүн Жоболорго жана Өзгөчө шарттарга ылайык неустойкага (штраф, пеня) жана зыяндары өндүрүлөт.

Тиешелүү сапатта болбогон же комплекттүү эмес продукцияларды поставка кылган учурларда, сатып алуучу поставка кылуучудан белгиленген неустойканы (штрафты) жана мындан тышкары неустойканы (штрафты) эсепке албастан мындай поставка кылуудан келтирилген зыяндарын да өндүрүп алат.

## *26-глава*

## КОЛХОЗДОРДОН, СОВХОЗДОРДОН ЖАНА БАШКА ЧАРБАЛАРДАН АЙЫЛ ЧАРБА ПРОДУКЦИЯЛАРЫН МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУ[1]

277-статья. **Айыл чарба продукцияларын контрактациялоо договору**

Колхоздордон жана совхоздордон айыл чарба продукцияларын мамлекеттик сатып алуу, айыл чарба продукцияларын мамлекеттик сатып алуу пландарынын жана колхоздор менен совхоздордо айыл чарба өндүрүштөрүн өнүктүрүү пландарынын негизинде түзүлүүчү контрактация договорлору боюнча ишке ашырылат.

[1] 26-главанын аталышы — Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында.



ССР Союзунун закондорунда айыл чарба продукциясын контрактация договорлору боюнча башка чарбалардан да мамлекеттик сатып алуунун учурлары каралышы мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

278-статья. **Контрактация договорунун мазмуну**

Контрактация договорлорунда төмөндөгүлөр каралышы тийиш:

айыл чарба продукцияларынын саны (продукциялардын түрлөрү боюнча), сапаты, жеткирүүнүн мөөнөттөрү, тартиптери жана шарттары, тапшырыла турган орундары;

продукцияларды өз убагында кабыл алуу жана белгиленген баа боюнча ага акы төлөө, ошондой эле колхоздорго акча авансаларын берүүнүн мөөнөттөрү жана өлчөмдөрү жөнүндө даярдоочу уюмдардын жана ишканалардын милдети;

айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө жана аны кабыл алуучу пункттарга жана ишканаларга транспортировкалоону уюштурууда колхоздорго, совхоздорго жана башка чарбаларга жардам көрсөтүү боюнча милдеттери;

тараптар милдеттенмелерин аткарбаган учурдагы алардын өз ара мүлктүк жоопкерчилиги.

Контрактациянын типтүү договорлору СССР Министрлер Совети тарабынан белгиленүүчү тартипте бекитилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

## *27-глава*

## КАРЫЗ

279-статья. **Карыз договору**

Карыз договору боюнча бир тарап (карыз берүүчү) экинчи тараптан (карыз алуучунун) менчигине оперативдүү башкаруусуна акчаны же тектеш белгилери менен аныкталган буюмдарды өткөрүп берет, ал эми карыз алуучу карыз берүүчүгө ошол эле суммадагы акчаны же ошол эле түрдөгү жана сапаттагы ага тең болгон сандагы буюмдарды кайтарып берүүгө милдеттенет.

7*

Элүү сомдон жогору болгон суммадагы карыз берүү договору кат жүзүндөгү формада түзүлүшү тийиш.

Карыз договору акчаны же буюмдарды өткөрүп берген учурдан тартып түзүлдү деп эсептелет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

280 - с т а т ь я. **Карыз берүү договору боюнча проценттер**

Проценттер алуу ССР Союзунун закондору тарабынан, ошондой эле өз ара жардам кассаларынын жана шаардык ломбарддардын карыз берүү операциялары боюнча белгиленген учурларда гана жол берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

281 - с т а т ь я. **Карыз договорун талашуу**

Карыз алуучу ал чындыгында таптакыр карыз берүүчүдөн акча же буюм алынбагандыгын же договордо каралгандан кем санда алынгандыгын далилдөө менен карыз берүү договорун анын акчасыз экендиги боюнча талашууга укуктуу.

Карыз берүү договору качан кат жүзүндөгү формада (ушул Кодекстин 279-статьясы) түзүлүшү тийиш болгон учурларда, уголовный — жазага тартылуучу учурлардан тышкаркылары, анын акчасыз болгондугу боюнча күбөлөрдүн көрсөтүү жолу менен талашууларына жол берилбейт.

282 - с т а т ь я. **Банктардын жана мамлекеттик эмгек сактык кассаларынын карыз берүү операциялары**

Банктардын жана мамлекеттик эмгек сактык кассаларынын карыз берүү операциялары ССР Союзунун закондору менен жөнгө салынат.

283 - с т а т ь я. **Ломбарддардын карыз берүү операциялары**

Шаардык ломбарддар граждандарга, үй эмеректеринин жана жеке пайдалануучу буюмдарын (ушул Кодекстин 194—204-статьялары) залогго коюу менен камсыз кылынуучу ссудалар беришет.

Бир адамга берилиши мүмкүн болгон ссуданын эң жогорку өлчөмү жана саны, ошондой эле ссудалар берилүүчү мөөнөттөрү Кыргыз ССР Министрлер Совети бекиткен



шаардык ломбарддын типтүү уставы тарабынан аныкталат.

284 - с т а т ь я. **Өз ара жардам кассаларынын жана чыгармачылык союздардын фондуларынын карыз берүү операциялары**

Ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын профсоюздук комитеттеринин алдындагы өз ара жардам кассалары жумушчуларга жана кызматчыларга узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү ссудаларды беришет. Колхоздордогу өз ара жардам кассалары колхозчуларга ссудалар беришет. Чыгармачылык союздардын фондулары адабият жана искусство кызматкерлерине ссудалар беришет.

Эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советтеринин аткаруу комитетинин социалдык камсыздоо бөлүмүнүн алдындагы пенсионерлердин өз ара жардам кассалары узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү ссудаларды пенсионерлерге беришет.

Ссудалардын мөөнөттөрү жана аларды берүүнүн шарттары өз ара жардам кассаларынын типтүү (үлгүлүү) уставдары жана чыгармачылык союздардын фондуларынын уставдары тарабынан аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

*28 - г л а в а*

## МҮЛКТҮК ЖАЛДОО

285 - с т а т ь я. **Мүлктүк жалдоо договору**

Мүлктүк жалдоо договору боюнча жалдоого берүүчү акы алуу менен мүлктү жалдоочуга убактылуу пайдалануу үчүн берүүгө милдеттенет.

286 - с т а т ь я. **Мүлктүк жалдоо договорунун формасы**

Бир жылдан ашык мөөнөттөгү граждандардын ортосундагы мүлктүк жалдоо договору кат жүзүндөгү формада түзүлүүгө тийиш.

287 - с т а т ь я. **Мүлктүк жалдоо договорунун мөөнөтү**

Мүлктүк жалдоо договорунун мөөнөтү он жылдан ашпоого тийиш.

Мамлекеттик кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын ортосунда курулушту же турак эмес жайды жалдоо договорунун түзүлгөн мөөнөтү беш жылдан, ал эми жабдууларды жана башка мүлктү жалдоо договору бир жылдан ашпоого тийиш.

Мамлекеттик, кооперативдик же башка коомдук уюм тарабынан граждандарга берилүүчү үй тиричилик буюмдарын, музыкалык инструменттерди, спорттук инвентарларды, жеңил автомобилдерди жана башка өздүк керектөөчү мүлктөрдү жалдоо договору (турмуштук прокаты) турмуштук прокатынын типовой договорунда белгиленген мөөнөттөн ашпоого тийиш (ушул Кодекстин 304-статьясы).

Договор жогорудагы көрсөтүлгөнгө караганда өтө узагыраак мөөнөткө түзүлгөн кезде, тиешесине жараша договор он жылга, беш жылга, бир жылга же турмуштук прокатынын типтүү договору тарабынан белгиленген мөөнөттө түзүлгөн деп эсептелинет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**288-статья. Мүлктүк жалдоо договорун мөөнөтүн көрсөтпөй түзүү**

Эгерде мүлктүк жалдоо договору мөөнөтү көрсөтүлбөй түзүлсө, ал белгисиз мөөнөткө түзүлгөн деп эсептелет жана бардык убактарда ар бир тарап экинчи тарапка бир ай мурда, ал эми курулуш же турак эмес жайды жалдаган кезде үч ай мурда ал тууралу эскертип, договордон отказ кылууга акылуу.

Эгерде социалисттик уюмдардын ортосунда мүлктүк жалдоо договору мөөнөтү көрсөтүлбөй түзүлсө, анда бул статьянын биринчи бөлүгү социалисттик уюмдардын ортосунда мүлктү жалдоо договору үчүн белгиленген мөөнөттүн чегинде гана колдонулат (ушул Кодекстин 287-статьясынын 2-бөлүгү).

**289-статья. Договордун мөөнөтү өткөндөн кийин мүлктү пайдаланууну уланта берүү**

Договордун мөөнөтү өткөндөн кийин мүлктү пайдаланууну уланта берген учурда жалдоого берүүчү тарабынан каршылык болбосо, договор белгисиз мөөнөткө жаңыртылган болуп саналат жана ар бир тарап каалаган убакта бир ай мурда ал тууралу экинчи тарапка эскертип, договордон отказ кылууга акылуу.

Мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын ортосунда түзүлгөн договорлорго, ошондой эле турмуштук прокатынын договорлоруна бул эреже колдонулбайт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).



**290-статья. Социалисттик уюмдун жалдоо договорун жаңыртууга болгон артыкчылык укугу**

Жалдоо договору боюнча өзүнө алган милдеттенмелерин так аткарган мамлекеттик, кооперативдик, же башка коомдук уюм договордун аракети бүткөндөн кийин аны кайра жаңыртууга башка жактарга караганда артыкчылык укугуна ээ болот.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы редакциясында).

**291-статья. Мүлктү жалдоочуга берүү**

Жалдоого берүүчү жалдоочуга мүлктү договордун шартына жана анын арналышына ылайык абалда берүүгө милдеттүү.

Турмуштук прокат договорун түзгөн уюм жалдоочунун катышуусунда жалдоого берип жаткан мүлктүн оңдугун текшерүүгө милдеттүү.

Жалдоого берүүчү ал тарабынан договор түзүүдө эскертилген мүлктөгү кемчиликтер үчүн жооп бербейт.

**292-статья. Жалдоочуга мүлктү бербегендиктин натыйжалары**

Эгерде жалдоого берүүчү жалдоочуга жалдоого берилген мүлктү бербесе, жалдоочу мүлктү андан талап кылууга (ушул Кодекстин 224-статьясы) жана договорду аткарууну кечиктиргендиктен келген зыянды төлөтүп алууга же болбосо өзү договордон отказ кылууга жана аны аткарбагандан тарткан зыянды өндүртүп алууга укуктуу.

**293-статья. Жалдап алган мүлктү пайдалануу**

Жалдоочу мүлктү договорго жана анын арналышына ылайык пайдаланууга милдеттүү.

**294-статья. Жалдоого берүүчүнүн жалдоого берилген мүлккө кам көрүү боюнча милдети**

Эгерде договор же закон тарабынан башкача көрсөтүлбөгөн болсо, жалдоого берүүчү жалдоого берилген мүлккө өз жанынан капиталдык ремонт жүргүзүүгө милдеттүү.

Жалдоого берүүчүнүн бул милдетин аткарбай коюшу жалдоочуга же болбосо договордо көрсөтүлгөндөй же токтоосуз зарылдык талап кылгандай капиталдык ремонт жүргүзүүгө жана жалдоого берүүчүдөн ремонттун наркын өндүртүп алууга же анын наркын жалдоо акысына чеге-

рүүгө, же болбосо договорду бузуп, аны аткарбагандык-тан тарткан зыянды өндүртүп алууга укук берет.

**295-статья. Жалдоочунун жалдоого алган мүлккө кам көрүү боюнча милдети**

Эгерде договор жана закон тарабынан башкача көрсөтүлбөгөн болсо, жалдоочу жалдаган мүлктү канааттандырарлык абалда кармап турууга, өз жанынан кезектеги майда ремонтту жүргүзүүгө жана мүлктү кармап туруу боюнча кеткен расходдорду жумшоого милдеттүү.

**296-статья. Жалдаган мүлктү пайдалангандык үчүн акы**

Жалдоочу мүлктү пайдалангандык үчүн өз убактысында акы төлөп турууга милдеттүү. Эгерде ал жооп бербей турган жагдайлар боюнча мүлктү пайдалануу мүмкүнчүлүгү договордо көрсөтүлгөндөн бир канча азайган болсо, жалдоо акысын тийиштүү тартипте төмөндөтүү жөнүндө жалдоочунун талап коюуга акысы бар.

**297-статья. Кошумча жалдоо (поднаем)**

Жалдоочу тарабынан жалдап алынган мүлктүн кошумча дагы башкага жалдоого берилиши, жалдоого берүүчүнүн макулдугу боюнча гана жүргүзүлөт.

Турмуштук прокаты договорунун негизинде жалдоого алынган мүлктү кошумча жалдоого берүүгө жол берилбейт.

**298-статья. Мүлк башканын менчигине өткөндө жалдоо договорунун күчүнүн сакталышы**

Жалдоого берилген мүлк жалдоого берүүчүдөн башканын менчигине өткөндө жалдоо договору менчиктин жаңы ээси үчүн да күчүн сактап кала берет. Жалдоо договору мүлк бир мамлекеттик уюмдан (жалдоого берүүчүдөн) экинчисине өткөндө да күчүн сактап кала берет.

**299-статья. Жалдоого берүүчүнүн талабы боюнча договорду мөөнөтүнөн мурда бузуу**

Жалдоого берүүчү сотто, арбитражда же третей сотунда жалдоо договорун мөөнөтүнөн мурда бузуу жөнүндө төмөнкү учурларда талап коё алат:

1) эгерде жалдоочу мүлктү арналышына же договордун талабына ылайыктуу пайдаланбаса;

2) эгерде жалдоочу кара ниеттик менен же этиятсыздыгынан мүлктүн абалын начарлатып жиберсе;



3) эгерде жалдоочу акы төлөөнүн мөөнөтү өткөн күндөн тартып үч ай бою, ал эми турмуштук прокаты договору боюнча бир ай бою жалдоо акысын төлөбөсө;

4) эгерде жалдоочу закон боюнча же договор боюнча капиталдык ремонт жүргүзүүгө милдеттүү болуп туруп, капиталдык ремонт жүргүзбөсө.

**300-статья. Жалдоочунун талабы боюнча договорду мөөнөтүнөн мурда бузуу**

Жалдоочу сотто, арбитражда же третей сотунда жалдоо договорун мөөнөтүнөн мурда бузуу жөнүндө төмөнкү учурларда талап коё алат:

1) эгерде жалдоого берүүчү өзүнүн милдети болгон капиталдык ремонтту жүргүзбөгөн болсо;

2) эгерде мүлк жалдоочу жооп бербей турган жагдайлардын күчү менен пайдаланууга жараксыз абалда болуп чыкса.

Жалдоочу турмуштук прокаты договорунан каалаган убакта отказ кылууга акылуу.

**301-статья. Жалдоого берүүчүгө мүлктү кайтарып берүү**

Жалдоо договору кыскарганда жалдоочу мүлктү нормалдуу эскиргендигин эске алуу менен аны кабыл алган абалында же договор тарабынан айтылган абалында жалдоого берүүчүгө кайра берүүгө милдеттүү.

**302-статья. Мүлктү начарлаткандык үчүн жалдоочунун жоопкерчилиги**

Жалдап алынган мүлк жалдоочу тарабынан начарлатып жиберилген учурда, эгерде мүлктүн начарлашы же баа жагынан төмөндөшү анын күнөөсү боюнча болбогондугун далилдей албаса, жалдоого берүүчүнүн зыянын ал калыбына келтирүүгө милдеттүү.

**303-статья. Мүлктү жакшыртуу**

Эгерде закон же договор тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, жалдоочу жалдоого берүүчүнүн уруксаты менен жалдаган мүлктү жакшырта турган болсо, ошол максат үчүн жумшалган расходдорун төлөтүп алууга укугу бар.

Жалдоого берүүчүнүн уруксатысыз жалдоочунун жүргүзгөн жакшыртуулары, эгерде аларды мүлк үчүн зыян келтирбестен бөлүп алууга мүмкүн болсо жана эгерде

жалдоого берүүчү алардын баасын төлөп берүүгө макул болбосо, жалдоочу тарабынан алып алынышы мүмкүн.

Жалдоого берүүчүнүн уруксатысыз жалдоочу тарабынан жүргүзүлгөн жана мүлк үчүн зыян келтирбестен бөлүп алууга мүмкүн болбогон жакшыртуулардын баасы төлөнүүгө жатпайт.

**304-статья. Турмуштук прокатынын типтүү договорлору**

Турмуштук прокатынын кээ бир түрлөрү боюнча типтүү договорлор Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан бекитилет.

Пайдалануучулардын укугун чектөөчү типтүү договорлордун шарттарынан четинүү анык эмес.

## *29-глава*

## ТУРАК ЖАЙДЫ ЖАЛДОО[1]

**305-статья. Турак жай аянтын жалдоо договору**

Турак жай аянтын жалдоо договору боюнча жалдоого берүүчү жалдоочуга жашап туруу үчүн акыга турак жай аянтын берүүгө милдеттенет.

Мамлекеттик жана коомдук турак жай фондусунун үйлөрүндөгү турак жай аянтынан пайдалануу турак жай аянтын жалдоо договоруна ылайык ишке ашырылат, мындай договор жалдоого берүүчү — турак жай эксплуатациялоо уюму (ал эми ал жок болгон кезде — тийиштүү ишкана, мекеме, уюм) менен жалдоочунун — ордер алган граждандын ортосунда түзүлөт.

Өздүк менчик укугунда граждандарга тийиштүү болгон үйлөрдө турак жай аянтын жалдоо договору жалдоочу тарабынан үйдүн менчик ээси менен түзүлөт.

Турак жай аянтын жалдоо договору ССР Союзунун закондору, Кыргыз ССРинин Турак жай кодекси жана башка Кыргыз ССРинин закондору аныктай турган шарттарда жана тартипте түзүлөт, өзгөртүлөт жана жоюлат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

---

[1] 306-352-статьялар Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указы тарабынан күчүн жоготту деп табылган.



## *30-глава*

## МҮЛКТӨН АКЫСЫЗ ПАЙДАЛАНУУ

**353-статья. Мүлктөн акысыз пайдалануу договору**

Мүлктөн акысыз пайдалануу договору боюнча бир тарап экинчи тарапка убактылуу акысыз пайдаланууга мүлктү өткөрүп берүүгө милдеттенет же өткөрүп берет, ал эми экинчи тарап болсо, ошол эле мүлктүн өзүн кайтарып берүүгө милдеттенет.

Мүлктөн акысыз пайдалануу договоруна ылайыгына жараша ушул Кодекстин 286, 289, 291 (биринчи бөлүгү), 293, 295-жана 301—303-статьяларынын эрежелери колдонулат.

**354-статья. Социалисттик уюмдардын ортосундагы мүлктөн акысыз пайдалануу договорунун мөөнөтү**

ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондорунда белгиленбесе, социалисттик уюмдардын ортосунда түзүлгөн мүлктөн акысыз пайдалануу договорунун мөөнөтү бир жылдан ашпоого тийиш. Эгерде бир жылдан ашпай турган мөөнөткө түзүлүүгө тийиш болгон договор андан узак мөөнөткө түзүлсө, ал бир жылга түзүлгөн деп эсептелет. Эгерде мындай договор мөөнөтү көрсөтүлбөй түзүлсө, ушул Кодекстин 288-статьясынын биринчи бөлүгү колдонулат. Эгерде договордун катышуучуларынын бири да андан отказ кылгандыктарын билдирбесе, договор бир жыл өткөндөн кийин кыскартылды деп эсептелет.

**355-статья. Мүлктү акысыз пайдаланууга бербегендиктин натыйжалары**

Эгерде социалисттик уюм договор боюнча мүлктү акысыз пайдаланууга өткөрүп берүүгө милдеттенип, ал мүлктү бербесе, ушул Кодекстин 292-статьясынын эрежеси колдонулат. Бирок да бул учурда экинчи тарапка ал расход болгон, анын жок кылынган же бузулган мүлкүнүн зыяны гана төлөнөт.

**356-статья. Акысыз пайдаланууга өткөрүлүп берилген мүлктүн кемчилиги үчүн жоопкерчилик**

Мүлктү акысыз пайдаланууга өткөрүп берүүчү карасанатайлык менен же одоно байкабастыгынан мүлктү берүүдө анын кемчилигин айтпаган болсо, ал мүлктүн кемчилиги үчүн жооп берет.

**357-статья. Пайдаланууга алынган мүлктү үчүнчү жакка өткөрүп берүү**

Мүлктү акысыз пайдаланууга алуучу мүлктү берген жактын алдында жооптуу болуп кала берүү менен, анын макулдугу боюнча гана ал мүлктү пайдаланууга үчүнчү жакка берүүгө акылуу.

**358-статья. Договордун кыскарышы**

Мүлктүн акысыз пайдалануу договору милдеттенмелердин кыскарышынын жалпы негиздеринен тышкары, ошондой эле договордо катышкан юридикалык жак жоюлган же граждании өлүп калган учурда да кыскарат.

**359-статья. Договорду мөөнөтүнөн мурда бузуу**

Мүлктү акысыз пайдаланууга берүүчү ушул Кодекстин 299-статьясынын биринчи жана экинчи пункттарында көрсөтүлгөн учурларда, ошондой эле, эгерде экинчи тарап ага акысыз пайдаланууга берилген мүлктү анын макулдугусуз башка үчүнчү жакка берип жиберсе, договорду мөөнөтүнөн мурда бузууну талап кылууга акылуу.

**360-статья. Мүлктүн жаңы ээсинин талабы боюнча договорду бузуу**

Мөөнөтү көрсөтүлбөй түзүлгөн мүлктөн акысыз пайдалануу договору, ал мүлккө оперативдүү башкаруу укугу же мүлккө болгон менчик укугу өткөн жактын талабы боюнча бузулушу мүмкүн.

## *31-глава*

## ПОДРЯД

**361-статья. Подряд договору**

Подряд договору боюнча подрядчы заказчынын тапшырмасы боюнча өз тобокелчилигине алуу менен (риск) заказчынын же өзүнүн материалдарынан белгилүү бир жумушту аткарууга милдеттенет, ал эми заказчы аткарылган жумушту кабыл алууга жана төлөөгө милдеттенет.

**362-статья. Граждании тарабынан подряддык жумуштарынын аткарылышы**

Закондор тарабынан тыюу салынбаган учурда жана жумушту өзүнүн эмгеги менен аткара алган шартта гана граждании подряд договору боюнча жумушту аткарууну өзүнө алышы мүмкүн.



**363-статья. Смета**

Договор тарабынан каралган жумуштарды аткарууга карата туруктуу же болжолдуу смета түзүлүшү мүмкүн. Эгерде болжолдуу сметаны бир кыйла ашыруу (көбөйтүү) зарылдыгы пайда болсо, подрядчы ал жөнүндө заказчыны өз убагында эскертүүгө милдеттүү. Бул учурда заказчы, подрядчы тарткан расходдорун төлөп берип, договордон отказ кылууга укугу бар. Эгерде подрядчы сметанын көбөйүшү жөнүндө заказчыны эскертпесе, ал сметадан ашып кеткен расходдорун талап кылбай жумушту аткарууга милдеттүү.

**364-статья. Жумушту подрядчынын материалдары жана каражаттары менен аткаруу**

Закон жана договор тарабынан башкача белгиленбесе, подрядчы договордогу шартталган жумуштарды өзүнүн материалы жана каражаттары менен аткарууга милдеттүү.

Жумушту өзүнүн материалынан аткарган подрядчы материалдын сапатсыздыгы үчүн жооп берет.

Эгерде подряд договоруна ылайык граждандардын турмуштук таламдарын тейлөө (турмуштук заказ) боюнча жумуш подрядчынын материалынан аткарылып жатса, тийиштүү типтүү договордо көрсөтүлгөндөй заказчы подрядчы тарабынан аткарылган жумушту кабыл алып жаткан кезде биротоло эсептешүү менен материал договор түзүүдө толук же жартылай төлөнөт. Типтүү договорлордо көрсөтүлгөн учурларда подрядчы тарабынан материал кредитке (бөлүп төлөө) берилиши мүмкүн. Кредитке берилген материалдын баасынын кийинки өзгөрүшү кайра эсептешүү жүргүзүүгө жол бербейт.

**365-статья. Жумушту заказчынын материалынан аткаруу**

Эгерде жумуш толук же жарым-жартылай заказчынын материалынан аткарылып жатса, подрядчы ал материалды туура эмес пайдалангандыгы үчүн жооп берет. Подрядчы материалдын расходдолушу тууралу заказчыга отчет тапшырууга жана калган материалды кайрып берүүгө милдеттүү.

Эгерде турмуштук заказ договору боюнча жумуш заказчынын материалынан аткарылып жатса, договор түзүү убагында подрядчы тарабынан заказчыга берилүүчү квитанцияда материалдын так аты жана тараптардын келишими боюнча анын наркы көрсөтүлүшү тийиш.

**366-статья. Подрядчынын ага ишенилип берилген мүлктү сактоо милдети**

Подрядчы заказчы тарабынан ага ишенилип берилген мүлктүн сакталышын камсыз кылууга карата бардык чараларды көрүүгө милдеттүү жана мүлктүн жоголушуна же бузулушуна алып келүүчү ар кандай кемчиликтер үчүн жооп берет.

**367-статья. Подряд договору боюнча уюмдар тарабынан материалдардын жана жабдуулардын өткөрүлүп берилиши**

Социалисттик уюмдар ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан белгиленген тартипте жана чегинде өздөрүнүн материалдарын жана жабдууларын подряд договору боюнча продукция даярдап чыгаруу үчүн социалисттик өнөр жай ишканаларына берүүгө акылуу.

Ушул статьянын негизинде түзүлгөн договордо башка шарттардан тышкары материалдардын расходдолушунун нормалары, калдыктарды жана негизги отходдорду кайра берүүнүн мөөнөттөрү, ошондой эле подрядчынын бул милдеттерин аткарбагандыгы же талапка ылайыктуу аткарбагандыгы тууралу жоопкерчилиги көрсөтүлүүгө тийиш.

**368-статья. Материалдардын кокустан бүлүнүшүнүн тобокелчилиги**

Материалдардын кокустан бүлүнүшүнүн же кокустан бузулушунун тобокелчилигин материалды берген тарап тартат.

**369-статья. Подрядчы заказчыны эскертүүгө милдеттүү болгон жагдайлар**

Төмөнкү учурларда подрядчы өз убагында заказчыны эскертүүгө милдеттүү:

1) заказчыдан алынган материалдын жараксыздыгы же сапатсыздыгы жөнүндө;

2) заказчынын көрсөтмөлөрүн орундоодо аткарыла турган жумуштун бекем же жарактуу болушуна коркунуч туудура тургандыгы жөнүндө;

3) аткарыла турган жумуштун бекемдигине же жарактуулугуна коркунуч туудура турган, подрядчынын колунан келбеген башка жагдайлар жөнүндө.

**370-статья. Подрядчынын талаптарын заказчы тарабынан аткарбай коюунун натыйжалары**



Эгерде заказчы подрядчы тарабынан өз убагында жана негиздүү айтылган эскертүүгө карабастан, белгилүү мөөнөттө сапатсыз же жараксыз материалды алмаштырбаса, жумушту аткаруунун ыгы (жолу) жөнүндөгү көрсөтмөсүн өзгөртпөсө, же болбосо аткарыла турган жумуштун жараксызтуулугуна же бекемдигине коркунуч келтирген башка жагдайларды четтетпесе, подрядчы договордон отказ берүүгө жана тарткан зыянын өндүртүп алууга акылуу, ал эми социалисттик уюмдардын ортосунда — милдеттүү.

**371-статья. Заказчынын подрядчы тарабынан аткарылган жумушту кабыл алуу милдети**

Заказчы подрядчы тарабынан аткарылган жумушту кабыл алууга жана аны карап чыгууга милдеттүү. Эгерде заказчы жумушту начарлантууга алып келген договордун шарттарынан чегингендик же жумуштагы башка кемчиликтер жөнүндө токтоосуз (дароо) подрядчыга билдирбесе, ал иштеги мындай кемчиликтерди же договордун шарттарынан чегингендиктерди кийин айтуу (көрсөтүү) укугунан ажырайт.

Жумушту жөнөкөй ык (жол) менен кабыл алууда билинбеген мындай договордун шарттарынан чегингендик жана жумуштагы башка кемчиликтер жөнүндө заказчы алар билинери менен токтоосуз подрядчыга кабар кылууга милдеттүү.

**372-статья. Подрядчынын жоопкерчилиги жөнүндөгү доолор боюнча эскирүү**

Подрядчы договордун шарттарынан чегингендиктен жумушту начарланткандыгы жана жумушта башка кемчиликтерди жибергендиги жөнүндөгү доо, жумушту өткөрүп алган күндөн баштап алты айдын ичинде, ал эми эгерде кемчиликтер жумушту жөнөкөй ык менен кабыл алууда билиниши мүмкүн болбосо — жумушту кабыл алган күндөн тартып бир жылдын ичинде коюлушу мүмкүн.

Имараттагы же курулуштагы кемчиликтер жумушту жөнөкөй ык менен кабыл алууда билиниши мүмкүн болбосо, эгерде бир тарап гражданин болсо бул кемчиликтер боюнча доо, жумушту өткөрүп алган күндөн тартып үч жылдын ичинде коюлушу мүмкүн.

Эгерде подряд договорунда гарантияланган мөөнөт көрсөтүлгөн болсо жана жумуштун кемчиликтери жөнүндө билдирүү гарантия мөөнөтүнүн ичинде жасалса, доонун эскирүү мөөнөтүнүн агымы кемчиликтер жөнүндө билдирген күндөн, ал эми социалисттик уюмдардын ортосундагы мамилелерде — жумуштун кемчилиги билинген күндөн башталат.

## 373-статья. Договор подрядчы тарабынан бузулган учурда заказчынын уктары

Эгерде подрядчы жумушту начарлантууга алып келген договордун шарттарынан чегинүү жиберсе же жумушта башка кемчиликтерге жол берсе, заказчы өзүнүн тандоосу боюнча төмөндөгүлөрдү талап кылууга акылуу: көрсөтүлгөн кемчиликтерди тиешелүү мөөнөттө акысыз оңдоону же жумуштун кемчиликтерин өз каражаттары менен оңдоо боюнча жумшаган тийиштүү расходдорун, эгерде договордо заказчынын мындай укугу каралган болсо, төлөтүп алууну, же болбосо жумуш үчүн төлөнүүчү акыны тиешелүү өлчөмгө азайтууну.

Жумушта договордон маанилүү четтөөлөр же башка маанилүү кемчиликтер жиберилген болсо, заказчы келтирилген зыяндарды калыбына келтиртүүнү же договорду бузууну жана келтирилген зыяндарды калыбына келтиртүүнү талап кылууга акылуу.

Эгерде договордун шарттарынан маанилүү четтөөлөр же маанилүү башка кемчиликтер турмуштук заказ боюнча заказчынын материалынан жасалган буюмдардан байкалса, заказчы өзүнүн тандоосу боюнча же ошондой сапаттагы окшош материалдан башка буюм жасап берүүнү, же болбосо, договорду бузуп жана зыяндарды калыбына келтиртүүнү талап кылууга акылуу.

## 374-статья. Подрядчыга акы төлөө

Эгерде закон же договор тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, подрядчы тарабынан аткарылган жумуштардын бардыгы өткөрүлгөндөн кийин заказчы жумуштун акысын төлөөгө милдеттүү.

Турмуштук заказ договору боюнча аткарылууга тийиштүү жумуштардын наркы белгиленген тартипте бекитилген прейскурант боюнча аныкталат жана заказчы тарабынан типтүү договорго ылайык, же договор түзүүдө толугу менен же подрядчы аткарган жумушту заказчы тарабынан кабыл алгандан кийин биротоло эсептешмекчи болуп, договор түзүүдө аванс берилүү жолу менен төлөнөт.

## 375-статья. Подряддын предмети бүлүнгөн же жумушту бүтүрүүгө мүмкүнчүлүк болбогон учурда тараптардын ортосундагы расчеттор

Эгерде тараптардын күнөөсүсүз подряддын предметин аны өткөрүп бергенге чейин кокусунан бүлүнүшкө учураса



же жумушту бүтүрүүгө мүмкүн болбосо, подрядчы жумуш үчүн акы талап кылууга акылуу эмес.

Эгерде подряддын предметинин бүлүнүшү же жумушту бүтүрүүгө мүмкүнчүлүк болбогондугу заказчы алып келген материалдын жараксыздыгына же жумушту аткаруунун ыгы жөнүндөгү анын буйругуна байланыштуу болсо, же мөөнөттөрдү өткөрүп жибергенден кийин болсо, ал эми подрядчы тарабынан ушул Кодекстин 369-жана 370-статьяларынын эрежелери сакталса, подрядчы жумуш үчүн акы алуу укугун сактап калат.

## 376-статья. Жумушту аткаруу убагында заказчынын уктары

Эгерде подрядчы договорду аткарууга өз убагында киришпесе же жумушту мөөнөтүнө бүткөрүүгө такыр мүмкүнчүлүк болбогондой жайбаракаттык менен аткарса, заказчы договордон отказ этүүгө жана зыянын төлөп берүүнү талап кылууга акылуу.

Эгерде жумушту аткаруу мезгилинде жумуш тийиштүү түрдө аткарылбай тургандыгы айкын болсо, заказчы кемчиликтерди четтетүү (жоюу) үчүн подрядчыга ченемдүү мөөнөт белгилөөгө, ал эми подрядчы бул талапты белгиленген мөөнөттө аткарбаса, договордон отказ этүү менен зыянын калыбына келтирүүнү талап кылууга же болбосо жумушту подрядчынын эсебинен оңдоо үчүн үчүнчү жакка тапшырууга акылуу.

Жөнү бар себептер болгон кезде заказчы бардык убакта жумуш бүткөнгө чейин аткарылган жумуштун бөлүгүнө жараша подрядчыга акы төлөп жана договорду жоюудан ага келген зыянды, бирок договорду жоюудан подрядчы эмне сактап калганын эсепке алып (зачет), калыбына келтирүү менен, договордон отказ кылууга акылуу.

## 377-статья. Заказчынын аткарылган жумушту алуу үчүн келбегендигинин натыйжалары

Турмуштук заказ договору боюнча заказчынын материалынан жасалган буюмду алуу үчүн заказчы келбеген учурда, договорго ылайык, буюм заказчыга берилүүгө тийиш болгон күндөн алты ай өткөндөн кийин дагы заказчыны эки жолу эскертип, андан кийин подрядчы белгиленген тартипте буюмду сатууга, подрядчыга тийиштүү төлөөлөрдү сатуудан алынган суммадан кармап калып, калганын заказчынын атына нотариалдык конторанын депозиттик счетуна которууга акылуу.

Заказчы — гражданин подрядчынын материалынан жасалган буюмду алуу үчүн келбеген учурда, подрядчы за-

казчыны эскерткенден кийин договорду бузууга жана тарткан зыянын заказчыдан өндүрүп алууга акылуу.

378-статья. **Подряд договорунун айрым түрлөрү жөнүндө эрежелер**

Уюмдардын ортосундагы подряд договорунун айрым түрлөрү жөнүндөгү эрежелер, ошондой эле граждандардын тиричилик керектөөлөрүн (тиричилик заказын) тейлөө боюнча подряд договорлору жөнүндөгү эрежелер ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан белгиленет.

Граждандарды тейлөөнүн айрым түрлөрү боюнча Кыргыз ССР Министрлер Совети тиричилик заказынын типтүү договорлорун бекитет.

Заказчылардын укуктарын чектей турган типтүү договорлордун шарттарынан чегинүүлөр анык эмес болуп эсептелет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

## *32-глава*

## КАПИТАЛДЫК КУРУЛУШКА КАРАТА ПОДРЯД

379-статья. **Капиталдык курулушка карата подряд договору**

Капиталдык курулушка карата подряд договору боюнча подрядчы — уюм план тарабынан каралган объектини бекитилген долбоор-сметалык документацияга ылайык белгиленген мөөнөттө өз күчтөрү жана каражаттары менен курууга жана заказчы уюмга өткөрүп берүүгө милдеттенет, ал эми заказчы подрядчыга курулуш аянтын берүүгө, бекитилген долбоор-сметалык документацияны өткөрүп берүүгө, курулушту өз убагында финансылоону камсыз кылууга, курулушу бүткөн объектилерди кабыл алууга жана аларга акы төлөөгө милдеттенет.

Курулушту технологиялык, энергетикалык, электротехникалык жана жалпы заводдук жабдуулар жана аппаратуралар менен камсыз кылуу, атайын токтомдордо каралгандан башка учурларда, заказчыга жүктөлөт. Атайын токтомдор аркылуу курулушту материалдар менен камсыз кылуу милдети заказчыга жүктөлүшү мүмкүн.

380-статья. **Генеральный подрядчы жана субподрядчы**



Капиталдык курулушка карата подряд договору заказчы тарабынан бир курулуш уюму менен, ал эми СССР Министрлер Совети тарабынан белгиленген учурларда жана тартипте эки жана андан көп курулуш уюмдары менен түзүлөт, бул курулуш уюмдары генеральный подрядчы катарында субподряд договорунун негизинде айрым жумуштардын комплекстерин аткарууну адистештирилген уюмдарга тапшырууга акылуу.

Жабдууларды монтаждоо боюнча жумуштарды аткаруунун договору заказчы тарабынан генеральный подрядчы менен же болбосо жабдууларды тапшыруучу менен түзүлөт.

Генеральный подрядчынын макулдугу менен монтаждоо жана башка атайын жумуштарды аткаруунун договорлору заказчы тарабынан монтаждоо же башка адистештирилген уюмдар менен түзүлүшү мүмкүн.

381-статья. **Заказчынын укуктары**

Заказчы аткарылып жаткан жумуштардын көлөмүнүн, наркынын жана сапатынын долбоорлорго жана сметаларга ылайык келишине контролдук кылууну жана техникалык жактан надзорду ишке ашырат. Подрядчынын оперативдүү-чарбачылык ишине кийлигишпей заказчы ар кандай убакытта курулуш жана монтаждоо жумуштарынын жүрүшүн жана сапатын текшерүүгө, ошондой эле пайдаланылып жаткан материалдардын сапатын текшерүүгө акылуу.

Жумуштардын аткарылышындагы же жумуштар үчүн пайдаланылган материалдардагы подрядчынын (же субподрядчынын) күнөөсү боюнча жол берилген кемчиликтер подрядчынын өз эсебинен жоюлууга тийиш.

382-статья. **Капиталдык курулушка карата подряд договорун бузгандыгы үчүн тараптардын жоопкерчилиги**

Капиталдык курулушка карата подряд договору боюнча милдеттерди аткарбагандык же тиешелүү түрдө аткарбагандык үчүн жооптуу болгон тарап белгиленген неустойканы (пеняны) төлөйт, ошондой эле башка (экинчи) тарап тарабынан жумшалган расходдору жана анын мүлкүнүн жоголушу же зыянга учурашы аркылуу келтирилген зыяндарды неустойка менен жабылбаган суммада төлөп берет.

Айрым жумуштарды аткаруу мөөнөттөрүн бузгандык үчүн подрядчы тарабынан төлөнгөн неустойканын (пеняын) суммасы, объект боюнча бардык жумуштар кели-

шимде белгиленген акыркы мөөнөткө чейин бүткөрүлгөн учурда подрядчыга кайтарылып берилет.

383-статья. **Капиталдык курулушка карата подряд договорлору жөнүндө эрежелер**

Капиталдык курулушка карата подряд договорлору СССР Министрлер Совети тарабынан бекитилген эрежелерге ылайык, же болбосо ал тарабынан белгиленген тартипте түзүлөт жана аткарылат.

Колхоздордогу капиталдык курулушка карата подряд договорлору жөнүндө Өзгөчө эрежелер, Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан белгиленген тартипте бекитилет.

*33-глава*

## ТАШУУ

384-статья. **Жүк ташуу договору жана жүк ташуу планы**

Жүк ташуу договору боюнча транспорттук уюм (ташуучу) жөнөтүүчү тарабынан ага ишенилип берилген жүктү дайындалган пунктка жеткирүүгө жана жүктү алууга укугу бар жакка (алуучуга) аны берүүгө милдеттенет, ал эми жөнөтүүчү жүктү ташуу үчүн белгиленген акыны төлөп берүүгө милдеттенет.

Мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын жүктөрүн ташуу договору эки тарап үчүн тең милдеттүү болгон ташуу планынын негизинде түзүлөт.

Планда көрсөтүлбөгөн жүктөрдү ташуу договорлорун түзүүгө транспорт уставдары (кодекстери) тарабынан белгиленген тартипте гана жол берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

385-статья. **Жүргүнчүнү ташуу договору**

Жүргүнчүнү ташуу договору боюнча ташуучу жүргүнчүнү дайындалган пунктка жеткирүүгө, ал эми жүргүнчү тарабынан багаж тапшырылган учурда — багажды да дайындалган пунктка жеткирүүгө жана аны алууга укугу бар жакка берүүгө милдеттенет; жүргүнчү жол кире үчүн акыны төлөөгө, ал эми багаж тапшырган кезде — багажды ташуу үчүн белгиленген акыны да төлөөгө милдеттенет.

386-статья. **Жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү жана багажды ташуу шарттары**



Жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү жана багажды ташуу шарттары жана ал ташуулар боюнча тараптардын жоопкерчиликтери ССР Союзунун жана союздук республикалардын граждандык законодорунун Негиздерине ылайык транспорттун айрым түрлөрүнүн уставдары (кодекстери) жана белгиленген тартипте чыгарылуучу эрежелер тарабынан аныкталат.

Жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү жана багажды автомобиль транспорту менен ташуу шарттары жана бул ташуу боюнча тараптардын жоопкерчиликтери ушул Кодекске ылайык Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан бекитилүүчү Кыргыз ССРинин автомобиль транспортторунун уставы жана белгиленген тартипте чыгарылуучу эрежелер тарабынан аныкталат.

387-статья. **Жүк ташуу планын аткарбагандык үчүн жоопкерчилик**

Ташуучу жана жөнөтүүчү ташуу каражаттарын бербегендик үчүн, ташууга жүк бербегендик үчүн жана жүк ташуу планынан келип чыгуучу милдеттердин башка бузуулары үчүн, ошондой эле ушул Кодекстин 384-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн учурлардагы бузуулар үчүн мүлктүк жоопкерчилигин тартышат.

Автомобиль транспортуна ташуу үчүн жүк бербеген жөнөтүүчү ташуу планына же бир жолку заказга салыштыруу боюнча берилбей калган жүктөрдүн санына жараша автотранспорт уюмуна штраф төлөп берүүгө тийиш. Жөнөтүүчү тарабынан ташуу эрежелерине ылайык келбеген абалда жүк тапшырылса жана аны өз убактысында жөнөтүүгө камсыз кылгандай тийиштүү абалга келтирбесе, жүк ташууга берилбей калган катары эсептелет.

Жөнөтүүчүгө ташуу планында жана аткаруу үчүн кабыл алынган бир жолку заказда көрсөтүлгөн ташуулар үчүн жетиштерлик санда транспорт каражатын бербеген автотранспорт уюму, планга же бир жолку заказга салыштыруу боюнча жөнөтүүгө даярдалып ташылбай калган бардык жүк үчүн жөнөтүүчүгө штраф төлөп берүүгө тийиш. Планда көрсөтүлгөн жүктү ташуу үчүн жараксыз болгон ташуу каражаттарын (унаа) берүү, транспорт каражатын бербеген менен бирдей бааланат.

Эгерде аткарбоо төмөнкүлөрдөн келип чыкса жөнөтүүчү жана автотранспорт уюму ташуу планын аткарбагандык үчүн жоопкерчиликтен бошотулат:

1) стихиялуу мүнөздөгү окуялардын (ташкын, өрт, көчкү ж. у. с.) натыйжасынан;

2) ишканада авария болуунун натыйжасында, анын кесепетинен ишканадагы жумуштун үч суткадан кем эмес убакытка токтолушунан;

3) Кыргыз ССРинин автомобиль транспортунун Уставы тарабынан көрсөтүлгөн тартипте айрым жолдордо жүктү ташууну убактылуу токтотууну же чектөөнү белгилөөнүн натыйжасынан.

Ушул Кодекстин экинчи жана үчүнчү бөлүктөрү тарабынан көрсөтүлгөн штрафтардын өлчөмү Кыргыз ССРинин автомобиль транспортунун Уставы менен белгиленет.

**388-статья. Автомобиль транспорту менен жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү жана багажды ташуу үчүн акы**

Автомобиль транспорту менен жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү жана багажды ташуу үчүн акынын өлчөмү, ошондой эле автотранспорт уюмдары тарабынан ташууга карата кошумча жумуш жана операциялар аткаруу үчүн алынуучу акынын (сборлор) өлчөмү Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан бекитилүүчү тарифтердин негизинде белгиленет.

**389-статья. Автомобиль транспорту тарабынан ташылуучу жүктөрдү жүктөө жана түшүрүү**

Эгерде автотранспорт уюму менен жөнөтүүчү же жүк алуучу тарабынан башкача макулдашуу болбосо, жүктөрдү автомобилге жүктөө жөнөтүүчүнүн күчтөрү жана каражаттары менен, ал эми түшүрүү — алуучунун күчтөрү жана каражаты менен жүргүзүлөт.

Жөнөтүүчүлөрдүн жана алуучулардын каражаттары менен жүктөрдү жүктөө жана түшүрүү мөөнөттөрү Кыргыз ССРинин автомобиль транспортунун Уставы менен аныкталат.

Автомобиль транспортунун каражаттарынын жүктөө жана түшүрүү убагында жөнөтүүчүнүн же алуучунун күнөөсүнөн белгиленген мөөнөттөн ашык токтоп калышы үчүн (простой), ошондой эле автомобиль транспорт каражаттарынын жөнөтүүчүнүн күнөөсүнөн жолдо жүрүп келе жаткан убакта токтоп калышы үчүн (простой), жөнөтүүчү же алуучу автотранспорт уюмуна тарифтер тарабынан белгиленген өлчөмдө штраф төлөйт.

**390-статья. Жүктү жана багажды жеткирүүнүн мөөнөтү жана мөөнөтүн өткөргөндүк үчүн жоопкерчилик**



Ташуучу жүктү же багажды транспорттук уставдар (кодекстер) менен көрсөтүлгөн же белгиленген тартипте чыгарылган эрежелерде көрсөтүлгөн мөөнөттө дайындалган пунктка жеткирүүгө милдеттүү. Эгерде жеткирүү мөөнөтү көрсөтүлгөн тартипте белгиленбесе, ал мөөнөттү тараптар договордо көрсөтүүгө акылуу.

Эгерде жеткирүү мөөнөтүнүн өткөрүлүшү (просрочка) ташуучунун күнөөсүнөн болбосо, ташуучу жүктү же багажды өз убагында жеткирбегендик үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

Жүктү же багажды жеткирүү мөөнөтүн өткөрүп жибергендиги үчүн автотранспорт уюмдарынан өндүрүлүүчү штрафтардын өлчөмү, мөөнөтү өткөрүлүүнүн созулушуна жараша Кыргыз ССР автомобиль транспортунун Уставы менен белгиленет.

Автотранспорт уюму тарабынан жүктү же багажды мөөнөтүн өткөрүп жеткиргендик үчүн штраф төлөнүшү, аны ошол мөөнөтүн өткөрүп жеткирүүдөн келип чыккан жүктүн жоголушу, жетишпөөчүлүгү же бузулгандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотпойт.

**391-статья. Жүргүнчүнүн талабы боюнча ташуу договорунун кыскартылышы**

Жүргүнчү автобус (маршруттуу такси) жөнөп кете электе шаар аралык автомобиль катнашынын ташуу договорунан төмөнкү учурларда отказ этип, билетин кайра берип, төлөгөн акчасын кайра алууга акылуу:

1) автобустун (таксинин) жөнөтүлүшү бир сааттан ашык кечиктирилсе;

2) жүргүнчүгө орун автобустан (таксиден) сатылган билеттегиге караганда төмөнкү класстан берилсе;

3) Кыргыз ССР автомобиль транспортунун Уставы тарабынан каралган башка учурларда.

Ооруп калуунун же кырсык болуунун кесепетинен жол жүрүү кыскартылган кезде, калган аралыгына жараша жүргүнчүгө акчасы кайра кайтарылып берилет.

**392-статья. Жүктү же багажды жоготкондук, кемитип койгондук же бузгандык үчүн ташуучунун жоопкерчилиги**

Эгерде жоголуу, кемип калуу же бузулуу анын күнөөсүнөн болбогондугун далилдей албаса (ушул Кодекстин 226, 227-статьялары), ташуучу ташуу үчүн кабыл алган жүктүн жана багаждын жоголушу, кемип калышы жана бузулушу үчүн жооп берет.

Транспорттук уставдарда (кодекстерде) жүктү жоготкондук, кемитип койгондук же бузгандык үчүн ташуучунун күнөөсүн далилдөө алуучуга же жөнөтүүчүгө жүктөлгөн учурлар каралышы мүмкүн.

393-статья. **Жүктү жоготкондук, кемиткендик жана бузгандык үчүн автотранспорт уюмунун жоопкерчилигинин өлчөмү**

Автомобиль транспорту менен жүктү же багажды ташууда келтирилген зыян үчүн ташуучу (автотранспорт уюму) төмөндөгүдөй жооп берет:

1) жүктү же багажды жоготкон же кемитип койгон учурда — жоголгон же кемиген жүктүн жана багаждын наркынын өлчөмүндө;

2) жүктү же багажды бузуп койгон учурда — наркы канчага төмөндөлсө ошол сумма өлчөмүндө;

3) ташууга баасы көрсөтүлүп (жарыяланып) өткөрүлгөн жүктү же багажды жоготуп жиберген учурда — ал мүлктүн чыныгы наркы жогору экендиги далилденбеген учурда, жүктүн же багаждын өткөрүүдө көрсөтүлгөн баасынын өлчөмүндө.

Эгерде автотранспорт уюмунун күнөөсүнөн бузулуунун натыйжасында жүктүн же багаждын сапатынын ушунчалык өзгөрүлгөндүгүнөн (ушул Кодекстин 392-статьясы), ал өзүнүн тикеден-тике арналышы боюнча пайдаланууга мүмкүн болбой калса, жүктү же багажды алуучу аны алуудан отказ этүүгө жана аны жоготкондук үчүн төлөөнү талап кылууга акылуу.

Эгерде автотранспорт уюму жүктүн же багаждын жоголгондугу үчүн тийиштүү төлөөлөр (баасын) төлөп бергенден кийин жүк же багаж табыла турган болсо, алуучу (жөнөтүүчү) жүк жоголгондук же жетишпегендик үчүн алган төлөөлөрдү кайра берип, ал жүктү же багажды өзүнө берүүнү талап кылууга акылуу.

394-статья. **Ташуулар боюнча дooматтар (претензиялар) жана доолор**

Жүк ташуудан келип чыгуучу доону ташуучуга коюудан мурда, ага доомат (претензия) коюу милдеттүү болот.

Дооматтар алты ай ичинде, ал эми штрафтарды жана сыйлыктарды төлөө боюнча дооматтар — 45 күн ичинде билдирилиши мүмкүн.

Ташуучу билдирилген дооматтарды карап чыгууга жана аны канааттандыргандыгы же четке каккандыгы жөнүндө үч айдын ичинде арызданууучуга кабар кылууга, ал эми транспорттун ар кандай түрдөгү ташуучулары тарабынан бир эле документ менен ишке ашырылган ташуулар боюнча дооматтар жөнүндө — алты ай ичинде жана штрафты же сыйлыкты төлөө жөнүндөгү доомattар боюнча — 45 күн ичинде билдирүүгө милдеттүү.

Эгерде доомат четке кагылса, же ушул статья тарабынан белгиленген мөөнөттө жооп алынбаса, арызданууучуга жооп алган күндөн тартып же жооп үчүн белгиленген мөөнөт бүткөн күндөн тартып доо коюуга эки ай берилет.

Ташуудан келип чыгуучу доолорду ташуучу тарабынан жөнөтүүчүлөргө, алуучуларга же жүргүнчүлөргө карата коюу үчүн алты айлык мөөнөт белгиленет.

Чет элдик катнашуулардагы ташууларга байланыштуу талаштар боюнча доолорду коюу тартиби жана доонун эскирүү мөөнөттөрү транспорттук уставдар (кодекстер) же эл аралык договорлор менен белгиленет.

395-статья. **Жүргүнчүнүн өлүшүн же саламаттыгына залал келтиргендик үчүн ташуучунун жоопкерчилиги**

Жүргүнчүнүн өлүшүн же саламаттыгына залал келтиргендик үчүн ташуучунун жоопкерчилиги, эгерде закондо жогорулатылган жоопкерчилик каралбаган болсо, ушул Кодекстин зыян келтиргендиктин натыйжасында келип чыгуучу милдеттенмелер жөнүндөгү главасынын эрежелери боюнча аныкталат.

*34-глава*

## МАМЛЕКЕТТИК КАМСЫЗДАНДЫРУУ

396-статья. **Камсыздандыруунун түрлөрү**

Мамлекеттик камсыздандыруу милдеттүү жана ыктыярдуу түрдөгү камсыздандыруу формасында ишке ашырылат.

397-статья. **Милдеттүү камсыздандыруу**

Закондо көрсөтүлгөн мүлктөр закон тарабынан белгиленген шарттарда милдеттүү камсыздандырылууга жатат. Милдеттүү камсыздандыруу боюнча камсыздандыруучу уюму закондо каралган окуя (камсыздандыруу учуру) пайда болгон кезде камсыздандырылуучуга же камсыздандырылган мүлк таандык болгон башка жакка, алар тарабынан тартылган зыян төмөнкүдөй калыбына келтирилет: мүлк толук жок болгон кезде — камсыздандырууну камсыздоонун толук суммасында, ал эми мүлк жарым-жартылай зыянга учураганда — камсыздандырууну кам-

сыздоонун тиешелүү бөлүгүнүн өлчөмүндө. Камсыздандырылуучу белгиленген камсыздандыруу төлөөлөрүн төлөп турууга милдеттүү.

Милдеттүү өздүк (өмүрүн) камсыздандыруунун түрлөрү ССР Союзунун закону тарабынан белгиленет.

398-статья. **Ыктыярдуу камсыздандыруу договору**

Ыктыярдуу камсыздандыруу договору боюнча камсыздандыруучу уюму договордо көрсөтүлгөн окуя (камсыздандыруу учуру) пайда болгон кезде төмөндөгүлөргө милдеттүү болот:

мүлктүк камсыздандыруу боюнча — камсыздандырылуучуга же пайдасына договор түзүлгөн башка жакка, тарткан зыянын (зыянды калыбына келтирүү камсыздандыруу төлөөлөрүн төлөп берүүгө) договор боюнча шартталган чектердеги суммада (камсыздандыруу суммада) калыбына келтирип берүүгө ал эми мүлк толук наркында камсыздандырылбаган болсо,— эгерде камсыздандыруунун эрежелери тарабынан башкача каралбаса, тарткан зыяндын тиешелүү бөлүгүн калыбына келтирип берүүгө;

өздүк (өмүрүн) камсыздандыруу боюнча — камсыздандырылуучуга же пайдасына договор түзүлгөн башка жакка, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана социалдык камсыздоо боюнча ага тиешелүү болгон суммаларга жана келтирилген зыянды калыбына келтирүү тартибинде ага тиешелүү болгон суммаларга карабастан договор боюнча шартталган камсыздандыруу суммасын төлөп берүүгө.

Камсыздандырылуучу договор тарабынан белгиленген камсыздандыруу төлөөлөрүн төлөп турууга милдеттенет.

399-статья. **Келтирилген зыян үчүн жоопкерчиликтүү болгон жакка карата камсыздандырылуучунун укуктарынын камсыздандыруучу уюмуна өтүшү**

Келтирилген зыян үчүн жооптуу болгон жакка карата камсыздандырылуучу (же болбосо зыянды калыбына келтирүү камсыздандыруу төлөөлөрүн алган башка жак) талап кылуу укугу, мүлк камсыздандыруусу боюнча зыянды калыбына келтирүү камсыздандыруу төлөөлөрүн төлөп берген сумманын чегинде камсыздандыруучу уюмуна өтөт.

400-статья. **Камсыздандыруунун эрежелери**

Камсыздандыруунун эрежелери СССР Министрлер Совети тарабынан белгиленген тартипте бекитилет.





## РАСЧЕТТУК ЖАНА КРЕДИТТИК МАМИЛЕЛЕР

401-статья. **Уюмдар ортосундагы расчеттор (эсептешүүлөр)**

Мамлекеттик уюмдар, колхоздор жана кооперативдик жана башка коомдук уюмдар ортосундагы милдеттенмелер боюнча төлөөлөр, законго ылайык көрсөтүлгөн уюмдар өздөрүнүн акча каражаттарын сактаган кредиттик мекемелер аркылуу накта болбогон расчеттор тартибинде жүргүзүлөт. Расчеттордун тартиби жана формалары ССР Союзунун закондору тарабынан аныкталат.

Мамлекеттик уюмдар, колхоздор жана кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын ортосунда накта акча менен расчеттошууга ССР Союзунун закондору тарабынан белгиленген учурларда жана чектерде жол берилет.

(Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

402-статья. **Уюмдардын кредиттик мекемелердеги счетторунда сакталып турган акча каражаттарын башкаруу**

Уюмдар кредиттик мекемелердеги өздөрүнүн счетторунда сакталып турган акча каражаттарын бул каражаттардын максаттуу арналышына ылайык башкарышат (жумшашат).

Счеттун ээсине карата кандай гана претензиялар (доомат) болгондугуна карабастан, уюмдун счетунан эмгек акыны жана ага теңештирилген башка төлөөлөрдү төлөө үчүн зарыл болгон каражаттар берилет. Бул эрежеден алып таштоолор СССР Министрлер Совети тарабынан белгилениши мүмкүн.

Уюмдардын кредиттик мекемедеги счетундагы каражаттарды, ал уюмдардын макулдугу болмоюнча алууга (списание) ССР Союзунун закондору тарабынан каралган учурларда гана жол берилет.

Дооматтарды канааттандыруу убагында ССР Союзунун закондору тарабынан белгиленген кезектүүлүк сакталат.

403-статья. **Уюмдарга кредит берүү**

Мамлекеттик уюмдар, колхоздор жана кооперативдик жана башка коомдук уюмдарга кредит берүү ССР Союзунун закондору тарабынан белгиленген тартипте СССРдин

Мамлекеттик банкы жана СССРдин башка банкылары тарабынан максаттуу, мөөнөттүү ссудаларды берүү жолу менен бекитилген планга ылайык жүргүзүлөт.

Бир уюмдун экинчи уюм тарабынан натуралдык же акча формасында кредиттелиши, анын ичинде авансаларды берүү ССР Союзунун закондору тарабынан белгиленген учурларда гана жол берилет.

Бир колхоз тарабынан экинчи колхозду өндүрүштүк жардам көрсөтүү менен кредиттөө шарттары жана тартиби Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому тарабынан белгиленет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

404-статья. **Граждандарга бериле турган банкылык ссудалар**

ССР Союзунун закондору тарабынан аныкталган учурларда жана тартипте граждандарга СССР банкылары тарабынан ссудалар берилет.

405-статья. **Кредиттик мекемелердеги граждандардын вкладдары (салымдары)**

Граждандар кредиттик мекемелердин уставдарына жана белгиленген тартипте чыгарылган эрежелерге ылайык акча каражаттарын мамлекеттик эмгек сактык кассаларында жана башка кредиттик мекемелерде сактай алышат, вкладдарын башкара алышат, проценттер же утуштар түрүндө вкладдар боюнча доходдорду алышат, накта болбогон расчетторду жүргүзө алышат.

Мамлекет вкладдардын жашырындыгын, алардын сакталышын жана вкладды салган адамдын биринчи талабы боюнча берүүнү гарантиялайт.

Мамлекеттик эмгек сактык кассаларына жана башка кредиттик мекемелерге салынган вкладдарды башкаруу тартиби алардын уставдары жана ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн эрежелер менен аныкталат.

Мамлекеттик эмгек сактык кассаларындагы жана СССРдин Мамлекеттик банкындагы граждандардын вкладдарынан өндүрүү уголовный иштен келип чыгуучу граждандык доо канааттандырылган соттун өкүмүнүн же чечиминин, же алименттерди өндүрүү жөнүндөгү соттун чечиминин же эл судьясынын токтомунун (өндүрүү жүргүзүүгө боло турган эмгек акысы же башка мүлкү жок болгон кезде), же болбосо эрди-катындын биргелешкен мүлкү болуп эсептелген вкладды бөлүү жөнүндөгү доо боюнча соттун чечиминин негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн.



Көрсөтүлгөн кредиттик мекемелердеги граждандардын вкладдарын конфискациялоо закондуу күчүнө кирген өкүмдүн же законго ылайык мүлктү конфискациялоо жөнүндө кабыл алынган токтомдун негизинде жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1985-жыл 25-февралдагы Указынын редакциясында).

## *36-глава*

## ТАПШЫРМА

406-статья. **Тапшырма договору**

Тапшырма договору боюнча бир тарап (ишеним алуучу) экинчи тараптын (ишеним берүүчүнүн) атынан жана анын эсебинен белгилүү бир юридикалык аракеттерди жүргүзүүгө милдеттенет.

Эгерде закон же договор тарабынан акы төлөө көрсөтүлсө ишеним берүүчү ишеним алуучуга акы төлөөгө милдеттүү.

407-статья. **Тапшырманын ишеним берүүчүнүн көрсөтмөсүнө ылайык аткарылышы**

Ишеним алуучу ага берилген тапшырманы ишеним берүүчүнүн көрсөтмөсүнө ылайык аткарууга милдеттүү.

Эгерде иштин жагдайы боюнча, ишеним берүүчүнүн кызыкчылыгы үчүн зарыл болсо жана ишеним алуучу ал тууралу ишеним берүүчүдөн алдын ала сурай албаса же болбосо өзүнүн суроосуна өз убагында жооп ала албаса, ишеним алуучу ал көрсөтмөдөн четинүүгө акылуу.

Бул учурда кабарлоого мүмкүн болор замат ишеним алуучу ишеним берүүчүгө көрсөтмөдөн четингендик жөнүндө кабар кылууга милдеттүү.

408-статья. **Тапшырманын ишеним алуучунун өзү тарабынан аткарылышы**

Ишеним алуучу ага берилген тапшырманы өзү аткарууга милдеттүү. Ал ушул Кодекстин 69-статьясы тарабынан көрсөтүлгөн учурларда гана тапшырманы аткарууну башка жакка (орун басарына) берүүгө акылуу.

Бул учурда ишеним алуучу орун басар тандагандык үчүн гана жооп берет.

Ишеним берүүчү ишеним алуучу тарабынан тандалып алынган орун басарды четке кагууга акылуу.

409-статья. **Ишеним алуучунун отчету**

Ишеним алуучу төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) ишеним берүүчүнүн талабы боюнча тапшырманын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө бардык маалыматтарды кабарлап турууга;

2) эгерде тапшырма мүнөзү боюнча отчет берүүнү талап кыла турган болсо, тапшырма аткарылары менен ишеним берүүчүгө актоочу документтерди тиркөө менен отчет берүүгө;

3) тапшырманын аткарылышына байланыштуу алгандарынын бардыгын кечиктирбестен тезинен ишеним берүүчүгө өткөрүп берүүгө.

410-с т а т ь я. **Ишеним берүүчүнүн милдети**

Договорго ылайык ишеним алуучу тарабынан аткарылгандардын бардыгын ишеним берүүчү кечиктирбестен өткөрүп алууга милдеттүү.

Эгерде договор тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, ошондой эле ишеним берүүчү төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) ишеним алуучуну тапшырманы аткаруу үчүн зарыл болгон каражат менен камсыз кылууга;

2) тапшырманы аткаруу үчүн зарыл болгон анык чыгымдарды ишеним алуучуга төлөп берүүгө;

3) эгерде тийиштүү болсо, тапшырма аткарылгандан кийин ишеним алуучуга акы төлөп берүүгө (ушул Кодекстин 406-статьясы).

411-с т а т ь я. **Договордун кыскарылышы**

Тапшырма договору милдеттенмелердин кыскарышынын жалпы негиздеринен тышкары, ошондой эле төмөнкү учурларда кыскарат:

1) ишеним берүүчү тарабынан анын бузулушунун натыйжасында;

2) ишеним алуучунун отказ беришинин натыйжасында;

3) договордо катышуучу граждандын өлүшүнүн, аны аракет жөндөмдүүлүгү жок деп, аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп же дайынсыз жок деп табылышынын натыйжасында;

4) юридикалык жактын жоюлушунун натыйжасында.

Бардык убакта ишеним берүүчү тапшырманы бузууга, ал эми ишеним алуучу тапшырмадан отказ кылууга акылуу. Бул укуктардан отказ кылуу жөнүндөгү макулдашуу анык эмес.

Эгерде ишеним алуучу договордон ишеним берүүчү өзүнүн кызыкчылыгын башкача жол менен камсыз кылуу мүмкүндүгүнөн ажыраган шартта отказ этсе, ишеним алуучу келишимди бузуудан чыккан зыянды төлөөгө милдеттүү.



412-с т а т ь я. **Жарым-жартылай аткарылган договордун кыскарышынын натыйжалары**

Эгерде тапшырма договору тапшырма толук аткарылып бүтө электе кыскартылса, ишеним берүүчү ишеним алуучунун тапшырманы аткарууга сарп кылган чыгымдарын төлөөгө, ал эми ишеним алуучуга акы төлөнүүгө тийиштүү болсо, ал тарабынан аткарылган жумуштун өлчөмүнө жараша акы төлөөгө милдеттүү. Тапшырманын кыскартылгандыгы жөнүндө билүүгө тийиш болгондон же билгенден кийин тапшырманы ишеним алуучу тарабынан аткаруусуна бул эреже колдонулбайт.

413-с т а т ь я. **Ишеним алуучунун мураскорлорунун милдеттери**

Ишеним алуучу өлүп калган учурунда, анын мураскорлору тапшырма договорун кыскартуу жөнүндө ишеним берүүчүгө кабарлоого жана ишеним берүүчүнүн мүлкүн сактоо үчүн зарыл чараларды колдонууга милдеттүү.

Ошондой эле милдет мурунку ишеним алуучу болгон юридикалык жактын жоюучусуна да жүктөлөт.

## *37-г л а в а*

## КОМИССИЯ

414-с т а т ь я. **Комиссия договору**

Комиссия договору жазуу формасында (кат жүзүндө) экинчи тараптын (комитенттин) тапшыруусу боюнча акыга өзүнүн атынан комитенттин эсебинен бир же бир нече бүтүмдөрдү жасоого милдеттенет.

Айыл чарба продуктыларын сатуу үчүн комиссия договору боюнча колхоз (комитент) мамлекетке айыл чарба продуктыларын сатуу боюнча милдеттенмелерин аткаргандан кийин калган айыл чарба продуктыларынын ашыгын комиссиялык башталышта сатууну керек-жарак кооперациясынын уюмуна (комиссионерге) тапшырат.

Комиссиялык магазиндер Кыргыз ССРинин Соода министерствосу тарабынан бекитилүүчү комиссиялык магазиндерде кабыл алуу жана сатуу жөнүндөгү эрежелер менен кабыл алууга тыюу салынган буюмдардан тышкары жаңы, ошондой эле, пайдаланууда болгон (көөнө) кеңири керектелүүчү жана үй-тиричилик буюмдарды, көркөм-сүрөт жасалгаларды, кол өнөрчүлүк искусствосунун буюмдарын, антиквардык буюмдарды (байыркы искусствонун предметтерин, сейрек учуроочу эски китептерди) чекене

соода тартибинде сатуу үчүн комиссия договорлорун түзүшөт.

**415-статья. Договордун формасы**

Комиссия договору жазуу формасында (кат жүзүндө) түзүлүүгө тийиш (ушул Кодекстин 47-статьясы).

Айыл чарба продуктуларын сатуу үчүн комиссия договору продуктыларды кабыл алуучу керек-жарак кооперациясынын уюму тарабынан колхозго накладной берүү жолу менен түзүлүшү мүмкүн. Договордо (накладнойдо) продуктылардын наамы, аларды кабыл алуунун датасы (күнү), продуктылар ким тарабынан өткөрүлгөндүгү, продуктылардын саны жана сапаты, ошондой эле тараптардын макулдашуусу менен коюлган сатылуучу баасы жана эсептешүү мөөнөтү көрсөтүлөт.

**416-статья. Үчүнчү жак менен түзүлгөн бүтүмдөр боюнча комиссионердин укуктары жана милдеттери**

Комиссионер тарабынан үчүнчү жак менен жасалган бүтүм боюнча, комитент бүтүмдө аталса да же үчүнчү жак менен ошол бүтүмдүн аткарылышы боюнча түздөн-түз байланышта болсо да, комиссионер укукка ээ болуп жана милдеттүү болуп кала берет.

**417-статья. Комитенттин менчик укугу**

Комиссионерге комитенттен түшкөн же комиссионер тарабынан комитенттин эсебинен алынган мүлк комитенттин менчиги болуп эсептелет.

**418-статья. Комиссиялык тапшырманы аткаруу**

Комиссионер өзүнө алган тапшырманы комитент үчүн өтө эле пайдалуу болгон шарттарда аткарууга милдеттүү.

Эгерде комиссионер бүтүмдү комитент көрсөткөн шарттарга караганда артык пайдалуу шарттарда жасаса, эгерде комиссия договорунда башкача каралбаса, бардык пайда комитентке түшөт.

Колхоздордон комиссиялык сатуу үчүн айыл чарба продуктыларын өткөрүп алган керек-жарак кооперациясынын уюму, аларды өзүнүн иш жүргүзүү районунун чегинен тышкары алып барып сатуу зарылдыгы болгон кезде, керек-жарак кооперациясынын башка уюму менен субкомиссия договорун түзүүгө акылуу.

Комиссиялык сатуу үчүн айыл чарба продуктыларын кабыл алган керек-жарак кооперациясынын уюму ССР



Союзунун закону тарабынан белгиленген өлчөмдө колхозго аванс берет.

**419-статья. Комитенттин көрсөтмөлөрүнөн чегинүү**

Комиссионер, ушул Кодекстин 407-статьясында каралган учурларда, комитенттин көрсөтмөлөрүнөн чегинүүгө акылуу.

Эгерде мүлктү дайындаган баа боюнча сатууга мүмкүнчүлүк болбогондугун жана төмөнкү баа боюнча сатуу андан да көп зыяндын болушун эскерткендигин далилдей албаса, мүлктү комитент дайындап бергенден төмөнкү баада саткан комиссионер комитентке айырмасын төлөп берүүгө милдеттүү.

Эгерде комиссионер мүлктү комитент дайындап бергенден ашык баада сатып алса, андай сатып алууну кабыл алууну каалабаган комитент, үчүнчү жак менен түзүлгөн бүтүм жөнүндө кабар алар замат, бул жөнүндө комиссионерге билдирүүгө милдеттүү. Андай болбогон учурда сатып алынган нерсе комитент тарабынан кабыл алынган болуп табылат.

Эгерде комиссионер баанын айырмасын өз эсебине ала тургандыгын билдирсе, комитент, анын эсебинен түзүлгөн бүтүмдөн отказ кылууга акысы жок.

**420-статья. Комиссионер тарабынан сатылуучу буюмдардын баасы**

Комиссия магазини тарабынан кабыл алынган буюмдардын сатылуучу баасы тараптардын макулдашуусу менен белгиленет, бирок ошондой товарларга болгон мамлекеттик чекене баадан ашпашы керек. Антиквардык жана уникалдык (өтө сейрек учуроочу) буюмдардын жана искусство чыгармаларын сатуу баасы комиссия магазини тарабынан атайын баалык боюнча аныкталат.

Эрежелер тарабынан белгиленген мөөнөттө сатылбаган (ушул Кодекстин 415-статьясы) буюмдун баасы, комитент менен макулдашуу боюнча төмөндөтүлүшү мүмкүн. Эгерде комитент чакыруу боюнча буюмду кайра баалоо үчүн келбесе, магазин бааны эрежелерге ылайык төмөндөтөт.

Комиссиялык башталышта сатуу үчүн керек-жарак кооперациясынын уюму тарабынан колхоздордон кабыл алынган ашык айыл чарба продуктыларынын сатуу баасы тараптардын макулдашуусу менен аныкталат.

**421-статья. Комиссионердин бүтүмдү үчүнчү жак менен аткарышы**

Комиссионер ал тарабынан үчүнчү жак менен түзүлгөн бүтүмдөн чыккан бардык милдеттерди аткарууга жана бардык укуктарды иш жүзүнө ашырууга тийиш.

Комитенттин эсебинен түзүлгөн бүтүмдүн үчүнчү жак тарабынан аткарылышы үчүн, качан ошол бүтүмдүн үчүнчү жак тарабынан аткарылышы үчүн комиссионер өзүнө кепилдик алган учурлардан тышкары убактарда (делькредере), комиссионер комитенттин алдында жооп бербейт.

Үчүнчү жак менен комиссионер түзгөн бүтүм үчүнчү жак тарабынан бузулуп аткарылбаган учурда, комиссионер ал тууралу кечиктирбестен комитентке кабар кылууга, зарыл болгон далилдерди чогултууга жана камсыз кылууга милдеттүү.

Үчүнчү жак менен комиссионер тарабынан түзүлгөн бүтүмдүн үчүнчү жак тарабынан бузулуп аткарылбай жаткандыгы жөнүндө кабарлаган комитент, ушул бүтүм боюнча ошол үчүнчү жакка болгон комиссионердин талаптарын өзүнө (комитентке) өткөрүп берүүнү талап кылууга акылуу.

## 422-статья. Комитенттин мүлкүнүн сакталышы үчүн комиссионердин жоопкерчилиги

Эгерде жоголуу же бузулуу өзүнүн күнөөсүнөн болбогондугун далилдей албаса, комиссионер анын колунда болгон комитенттин мүлкүнүн жоголушу же бузулушу үчүн комитент алдында жооп берет.

Эгерде комитент жиберген же болбосо комитент үчүн комиссионерге келип түшкөн мүлктү комиссионер тарабынан кабыл алуу убагында, ошол мүлктү сыртынан кароодо байкалууга мүмкүн болгон бузулуулар же кемчиликтер болуп калса, ошондой эле комиссионердеги комитенттин мүлкүнө кимдир бирөө зыян келтирген учурда комиссионер комитенттин укугун коргоого чара көрүүгө зарыл далилдерди топтоого жана алардын бардыгы жөнүндө кечиктирбестен комитентке кабарлоого милдеттүү.

Өзүндө болгон комитенттин мүлкүн камсыздандырбаган комиссионер ал үчүн закондун күчү боюнча аны камсыздандырууга милдеттүү болгон же качан комитент комиссионерлерге ал мүлктү камсыздандыруу жөнүндө көрсөтмө берген учурларда гана жооп берет.

## 423-статья. Комиссионердин отчету

Тапшырманы аткарып бүтөрү менен комиссионер комитентке отчет тапшырууга жана аткарылган тапшырма боюнча бардык алгандарын берүүгө, ошондой эле комитентке, анын талабы боюнча комиссионер тарабынан үчүнчү жак менен түзүлгөн бүтүмдөн келип чыккан, үчүнчү жакка болгон бардык укуктарын өткөрүп берүүгө милдеттүү.



Эгерде отчет боюнча комитенттин каршылыгы болсо, ал отчетту алган күндөн тартып үч айдын ичинде ал жөнүндө комиссионерге кабар кылууга милдеттүү. Мындай болбогон учурда, бөлөкчө макулдашуу болбосо, отчет кабыл алынды деп эсептелинет.

Айыл чарба продуктыларын сатуудан түшкөн сумма берилген авансаны белгиленген комиссиялык акыны жана комиссионер тарабынан комитенттин эсебинен жумшалган расходдорду эсептеп алып калуудан кийин, договордо көрсөтүлгөн мөөнөттө колхозго төлөнүүгө тийиш. Комиссияга кабыл алынган айыл чарба продуктыларынын акыркы (биротоло) расчету, алар сатылып бүткөндөн кийин үч күндөн кечиктирилбестен жүргүзүлөт.

Субкомиссия договору түзүлгөн учурда (ушул Кодекстин 418-статьясы) аванса берүү жана акыркы расчет колхоздун каалоосу боюнча комиссионер же субкомиссионер тарабынан жүргүзүлөт.

Комиссия магазини тарабынан комитентке акча төлөө, магазинге тийиштүү комиссиялык акыны эсептеп алып калуу менен, буюм сатылгандан кийин үч күндөн кечиктирилбестен жүргүзүлөт.

## 424-статья. Комитент тарабынан аткарылган тапшырманын кабыл алынышы

Комитент төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) тапшырма боюнча бардык аткарылганды комиссионерден өткөрүп алууга;

2) комиссионер тарабынан ал үчүн алынган мүлктү карап чыгууга жана ошол мүлктө кемчиликтер табылгандыгы жөнүндө кечиктирбестен комиссионерге кабарлоого;

3) тапшырманы аткаруу боюнча үчүнчү жактын алдында өзүнө алган милдеттенмелерден комиссионерди бошотууга.

## 425-статья. Комиссиялык акы

Тапшырманы аткаруудан кийин комиссионер комитенттен акы алууга акылуу. Эгерде комиссионер үчүнчү жак тарабынан бүтүмдүн аткарылышы үчүн кепилдик алса (ушул Кодекстин 421-статьясы), анда бул кепилдиги үчүн комиссионер комитенттен бөтөнчө өзүнчө акы алат.

Эгерде закон тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, комиссиялык акынын өлчөмү, ошондой эле делькредере үчүн акы тараптардын макулдашуусу менен белгиленет.

Тышкы соода боюнча комиссия договорлорунан башка, бардык комиссия договорлору боюнча комиссиялык акыны жана делькредере үчүн акыны, комитент дайындаган

баа менен комиссионер бүтүмдү жүргүзгөн пайдалуу (кирешелүү) баанын айырмасы же айырманын бөлүгү түрүндө (өлчөмүндө) аныктоого тыюу салынат.

**426-статья. Тапшырманы аткаруу боюнча расходдорду калыбына келтирүү**

Комитент комиссиялык акы, ал эми тийиштүү учурларда делькредере үчүн акы төлөөдөн тышкары, комиссионерге, тапшырманы аткаруу боюнча ал тарабынан расходдолгон сумманы төлөп берүүгө милдеттүү.

Эгерде закондо же договордо башкача көрсөтүлбөсө, комиссионер өзүндө болгон комитенттин мүлкүн сактоо боюнча расходдорду төлөтүп алууга укугу жок.

Эгерде договордо башкача көрсөтүлбөсө, комиссияга өткөрүлгөн айыл чарба продуктыларын договордо көрсөтүлгөн сатылуучу жерге ташып жеткирүү боюнча бардык расходдор комитенттин эсебине жүктөлөт.

**427-статья. Комиссионер тарабынан ага тийиштүү суммалардын кармалып калышы**

Комиссионер комитенттин эсебинен ага түшкөн бардык сумманын ичинен комиссия договору боюнча өзүнө тийиштүү болгон сумманы кармап калууга акылуу.

**428-статья. Комитент өлгөндөн же комитент-юридикалык жак кыскартылгандан (жоюлгандан) кийин комиссионер тарабынан тапшырманын аткарылышы**

Комитент өлгөн, ал дайынсыз жок болгон, аракет жөндөмдүүлүгүн жоготкон, анын аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылган учурда, ошондой эле комитент катары катышкан юридикалык жак кыскартылган (жоюлган) учурда, комиссионер комитенттин укук кабыл алуучуларынан же өкүлдөрүнөн тийиштүү көрсөтмө түшмөйүнчө ага берилген тапшырманы аткара берүүгө милдеттүү.

**429-статья. Тапшырманы аткаруудан комиссионердин отказ кылышы**

Эгерде договор тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, тапшырманы аткарууга мүмкүн болбогондон же комитент тарабынан комиссия договору бузулгандан тышкары учурларда, кабыл алган тапшырманы аткаруудан отказ кылууга комиссионердин акысы жок.

Комиссионер өзүнүн отказы жөнүндө комитентке кат жүзүндө кабарлоого милдеттүү. Комиссия договору тапшырманы аткаруудан отказ кылгандыгы жөнүндө комиссионердин билдирген кабарын комитент алган күндөн баштап эки жума бою өзүнүн күчүн сактап турат.



Эгерде комиссионер, алган тапшырманы аткаруудан комиссия договору комитент тарабынан бузулгандыгынын натыйжасында отказ кыла турган болсо, ал тарткан расходдорун төлөтүп алууга, ошондой эле комиссиялык акысын алууга акылуу.

**430-статья. Комиссионер тапшырманы аткаруудан отказ кылгандан кийин комитенттин мүлкүн башкаруу**

Тапшырманы аткаруудан комиссионердин отказ кылгандыгы жөнүндө кабар кылынган комитент отказды алган күндөн тартып бир айдын ичинде комиссионердеги мүлкүн башкарууга милдеттүү. Комиссионерге берилген тапшырма комитент тарабынан бузулган учурда да комитентке ушундай эле милдет жүктөлөт (ушул Кодекстин 431-статьясы).

Эгерде комитент көрсөтүлгөн мөөнөттө комиссионердеги мүлкүн башкарбаса (башкарууга албаса), комиссионер ал мүлктү комитенттин эсебинен сактоого өткөзүүгө же өзүнүн комитентке болгон талаптарынын ордун бастыруу максатында мүмкүн болушунча ал мүлктү комитент үчүн өтө пайдалуу баада болгондой кылып сатып жиберүүгө акылуу.

**431-статья. Комитент тарабынан тапшырманы бузуу**

Эгерде комитент, комиссионерге берген тапшырмасын комиссионер үчүнчү жак менен тийиштүү бүтүмдөр түзгөнгө чейин толук же жарым-жартылай бузса, анда ал комиссионерге тапшырма бузулганга чейинки иштелген тапшырма үчүн комиссиялык акы төлөөгө, ошондой эле комиссионерге тапшырма бузулганга чейин ал тарабынан жумшалган расходдорду калыбына келтирүүгө милдеттүү.

Гражданин комиссия магазинине сатуу үчүн өткөрүп берген, бирок сатыла элек буюмду сактоо боюнча расходдорду белгиленген ставка боюнча төлөп берип, каалаган убакта буюмун кайтарып берүүнү талап кылууга акылуу.

## *38-глава*

## САКТОО

**432-статья. Сактоо договору**

Сактоо договору боюнча бир тарап (сактоочу) экинчи тарап тарабынан ага берилген мүлктү сактоого жана ал

мүлктү ошол калыбында кайра кайрып берүүгө милдеттенет.

Социалисттик уюмдардын ортосундагы сактоо договорунда да экинчи тарап тарабынан ага берилүүгө жаткан (берилген) мүлктү, сактоочунун сактоого кабыл алуу милдети каралышы мүмкүн.

Эгерде закон же договор тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, сактоо договору акысыз болуп саналат.

433-статья. **Договордун формасы**

Эки тарап тең же бир тарабы гражданин болгон сактоо договору сактоого өткөрүлүүчү мүлктүн наркы жүз сомдон ашык болгон кезде, буюмду кыска мөөнөттүк сактоого мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын гардеробуна (кийим илип коё турган жайына), сактоочу тарабынан номер же жетон берилүүсү менен өткөзүүдөн тышкары учурларда жазуу формасында (кат жүзүндө) түзүлүшү тийиш (ушул Кодекстин 47-статьясы).

Сактоого кабыл алынган буюмдар менен сактоочу тарабынан кайтарылып берилүүчү буюмдардын окшоштугу жөнүндө талаш болгон учурда, күбөлөрдүн көрсөтүүлөрүнө жол берилет.

Чукул жагдайлар болгон кездеги (өрт, ташкын жана башкалар) сактоого мүлктөрдүн өткөрүлгөндүгүн, сактоого өткөрүлгөн мүлктөрдүн наркына карабастан күбөлөрдүн көрсөтүүлөрү менен далилдөөгө мүмкүн болот.

434-статья. **Тараптардын биринин талабы боюнча сактоо договорунун кыскарылышы**

Буюмдарды сактоого берген жак каалаган убагында аларды сактоочудан талап кылып алууга акылуу.

Эгерде буюмдар сактоого кайра талап кылганга чейин же мөөнөтү көрсөтүлбөй өткөрүлсө сактоочу каалаган убагында договордон отказ кылууга акылуу, бирок сактоого бергенге ошол мүлктү, бул жагдайларга жараша кайра өткөзүп алууга жетишерлик мөөнөт берүүгө милдеттүү.

435-статья. **Сактоочунун милдеттери**

Сактоочу договор тарабынан көрсөтүлгөн же мүлктү сактоо үчүн зарыл болгон бардык чараларды колдонууга милдеттүү.

Граждандардын ортосунда түзүлгөн акысыз сактоо договору боюнча сактоочу, ага сактоого өткөзүлгөн мүлк жөнүндө өзүнүн мүлкүндөй камкордук көрүүгө милдеттүү.

Эгерде договор тарабынан башкача көрсөтүлбөгөн болсо, сактоочу ага сактоого өткөзүлгөн мүлктөн пайдаланууга акысы жок.



436-статья. **Сактоочуга акы төлөө жана расходдорун калыбына келтирүү**

Акыга сактоо договору боюнча (ушул Кодекстин 433-статьясы) сактоочуга төлөнүүчү акынын өлчөмү белгиленген тартипте бекитилген таксалар, ставкалар, тарифтер менен, ал эми алар жок болгон кезде — тараптардын келишүүсү менен аныкталат.

Акысыз сактоодо мүлктү сактоого берүүчү сактоочуга мүлктү сактоо үчүн зарыл болгон расходдорду төлөп берүүгө милдеттүү.

437-статья. **Сактоочунун мүлктү жоготкондугу, кемиткендиги же бузгандыгы үчүн жоопкерчилиги**

Өзүнүн иш-аракетине байланыштуу сактоо операцияларын жүргүзгөн уюм, эгерде аман сактай албагандык колдон келбей турган күч тарабынан (непреодолимая сила) болгондо гана буюмдарды аман сактабагандык үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

Эгерде граждандардын ортосундагы сактоо договору боюнча, договордо көрсөтүлгөн сактоо мөөнөтү же сактоочу тарабынан ушул Кодекстин 434-статьясынын тартибине ылайык көрсөтүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин мүлк, сактоого тапшыруучу тарабынан кайра алынбаса, сактоочу мындан ары ал мүлктүн жоголгондугу, кемип калгандыгы же бузулгандыгы үчүн, анын кара ниеттиги же одоно байкабастыгы болгон кезде гана жооп берет.

438-статья. **Сактоочунун жоопкерчилигинин өлчөмү**

Эгерде закондо же договордо башкача көрсөтүлбөсө, сактоочу төмөнкүдөй жооп берет:

1) мүлктүн жоголгондугу же жетпей калгандыгы үчүн — жоголгон же жетпей калган мүлктүн наркынын өлчөмүндө;

2) мүлктүн бузулгандыгы үчүн — анын наркынын төмөндөгөн суммасынын өлчөмүндө.

Эгерде мүлктү сактоого өткөргөндө мүлк бааланса, ал договордо же сактоочу тарабынан берилген башка кат жүзүндөгү документте көрсөтүлсө, жоголгон, жетпей калган же бузулган мүлктүн анык баасы андан ашык экендиги далилденбеген учурда, сактоочунун жоопкерчилиги мүлк өткөрүүдө бааланган сумма менен чектелет.

Эгерде мүлктүн сапаты сактоочу жоопту боло турган бузуунун натыйжасында ушунчалык өзгөрүп, ал өзүнүн алгачкы арналышы боюнча пайдаланууга мүмкүн болбой

калса, мүлктү сактоого өткөзгөн жак андан отказ кылууга акылуу.

**439 - с т а т ь я. Мейманканаларда, санаторийлерде, дем алуу үйлөрүндө жана общежитиелерде мүлктүн жоголгондугу же бузулгандыгы үчүн жоопкерчилик**

Мейманканалар, санаторийлер, дем алуу үйлөрү, общежитиелер жана ошого окшогон уюмдар, анда жашап жаткан адамдардын алдында, аларга берилген жайда болгон мүлктүн жоголгондугу же бузулгандыгы үчүн, ошол мүлк ал уюмдарга сактоого атайын өткөрүлүп берилбесе да, акча жана кымбат баалуу нерселерден тышкаркысына жооп беришет.

**440 - с т а т ь я. Мүлктү кайра алуунун мөөнөтүн бузуунун натыйжалары**

Мүлктү сактоого берген жак ушул Кодекстин 437-статьясында көрсөтүлгөн мөөнөттө аны кайра алууга милдеттүү.

Сактоого мүлкүн өткөргөн мүлктү кайра алуудан баш тартса, сактоочу, эгерде ал гражданин болсо, ал мүлктү сот аркылуу Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодекси тарабынан соттук чечимдерди аткаруу үчүн белгиленген тартипке ылайык мажбурлоо жолу менен сатууну талап кылууга акылуу. Эгерде сактоочу социалистик уюм болсо, анда кайра талап кылынып алынбаган мүлктү сатуу, ошол уюмдун уставында (жобосунда) көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлөт.

Мүлктү сатуудан түшкөн суммалар, сактоочуга тийиштүү сумма кармалып калгандан кийин, мүлкүн сактоого өткөргөнгө берилет.

**441 - с т а т ь я. Сактоочуга келтирилген зыяндарды калыбына келтирүү**

Эгерде сактоочу мүлктү сактоого өткөрүп алуудан мүлктүн өзгөчөлүк касиети жөнүндө билбесе жана билүүгө тийиш болбосо, мүлктү сактоого берүүчү мүлктүн өзгөчөлүк касиети менен келтирилген зыянды сактоочуга калыбына келтирүүгө (төлөп берүүгө) милдеттүү.

**442 - с т а т ь я. Заттарды ээсиздендирүү менен сактоо договору**

Эгерде договордо тектеш (родовой) гана белгилери менен көрсөтүлгөн заттар сактоого өткөрүлсө, башкача макулдашуулар болбогон кезде, ал заттар сактоочунун менчигине же оперативдик башкаруусуна өтөт жана сактоочу, аларды ошого окшош (бирдей, өзүндөй) же тарап тар шартташкандай ошол эле түрдөгү жана сапаттагы заттар эсебинде (санда) сактоого өткөрүүчүгө кайтарып берүүгө милдеттүү.

**443 - с т а т ь я. Закондун күчү негизинде сактоо милдеттенмеси**

Ушул Кодекстин 432-статьясынын, 434-статьясынын биринчи бөлүгүнүн, 435, 437—441-статьяларынын эрежелери тиешесине жараша закондун күчү менен келип чыккан сактоо боюнча мамилелерине да колдонулат.

## *39-г л а в а*

## БИРГЕЛЕШИП АРАКЕТТЕНҮҮ

**444 - с т а т ь я. Биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договор**

Биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договор боюнча тараптар жалпы чарбачылык максатка жетишүү үчүн биргелешип төмөнкү аракеттерди кылууга милдеттенишет, атап айтканда: колхоз аралык же болбосо мамлекеттик — колхоздук (юридикалык жак болгон уюмдардын оперативдик башкаруусуна өткөрүлүп берилбей турган), ишканаларын же мекемелерин курууну жана эксплуатациялоону, суу чарба имараттарын жана курууларын тургузууну, жолдорду, спорттук имараттарды, мектептерди, төрөт үйлөрүн, турак жайларын жана ушул сыяктууларды курууну.

Граждандар биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договорун өздөрүнүн өздүк турмуш-тиричилик муктаждыктарын канааттандыруу үчүн гана түзө алышат.

Граждандар менен социалисттик уюмдардын ортосунда биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договорлорго жол берилбейт.

**445 - с т а т ь я. Договордун катышуучуларынын жалпы ишин алып баруу**

Биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договордун катышуучуларынын жалпы ишин алып баруу, жүргүзүү алардын жалпы келишүүлөрү боюнча иш жүзүнө ашырылат.

Эгерде биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договордун катышуучулары өз ара макулдашуулары боюнча алардын биргелешкен аракеттерине жетекчилик кылууну, договордун катышуучуларынын бирине жүктөшсө, договордун катышуучуларынын жалпы ишин алып баруу да ошого жүктөлөт.

Биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договордун катышуучуларынын жалпы ишин алып баруу жүктөлгөн жак договордун калган катышуучулары кол койгон ишеним каттын негизинде аракет кылат.

**446-статья. Договордун катышуучуларынын жалпы мүлкү**

Ушул Кодекстин 444-статьясында көрсөтүлгөн максатка жетишүү үчүн биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договордун катышуучулары акчалай, же башка мүлктүк, же болбосо эмгектик катышуу жолу менен взнос кошушат (төгүшөт).

Договордун катышуучуларынын акчалай же башка мүлктүк взностору, ошондой эле алардын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында түзүлгөн же алынган мүлк алардын жалпы мүлкү болуп эсептелет.

Биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договордун катышуучусу, договордун башка катышуучуларынын макулдугусуз жалпы мүлктөгү өзүнүн үлүшүн башкарууга акысы жок.

**447-статья. Договордун катышуучуларынын жалпы расходдору жана зыяндары**

Биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договордо көрсөтүлгөн расходдордун жана биргелешип аракеттенүүнүн натыйжасында келип чыккан зыяндардын ордун жабуунун тартиби договор тарабынан белгиленет.

Эгерде договор тарабынан андай тартип каралбаса, жалпы расходдор жана зыяндар договордун катышуучуларынын жалпы мүлкүнүн эсебинен жабылат (ушул Кодекстин 446-статьясы), ал эми жетишпеген суммалар договордун катышуучуларынын ортосунда, алардын жалпы мүлкүндөгү взносторуна жараша бөлүштүрүлөт.

**448-статья. Биргелешип аракеттенүүнүн айрым түрлөрү жөнүндөгү эрежелер**

Биргелешип аракеттенүүнүн айрым түрлөрү ушул Кодекске ылайык Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомдору менен жөнгө салынат.

## *40-глава*

## КОНКУРС

**449-статья. Конкурс жарыялоо**

Мамлекеттик, кооперативдик же башка коомдук уюмдар тарабынан эл алдында айрым белгилүү жумушту мыкты аткаргандык үчүн (конкурс жарыялоо) атайын акы



(сыйлык) убада кылынышы, ал уюмду конкурстун шарттарына ылайык жумушу акыга татыктуу деп табылган жакка убада кылынган акыны (сыйлыкты) төлөөгө милдеттендирет.

Конкурс жөнүндөгү жарыялоодо тапшырманын баяндамасы, аны аткаруунун мөөнөтү, сыйлыктын өлчөмү, тапшырыла турган жери, жумуштун алгачкы (болжолдуу) бааланылышынын мөөнөтү жана тартиби жана конкурстун башка шарттары көрсөтүлүшү тийиш.

Конкурс уставдары (эрежелери) менен же болбосо ССР Союзунун закону же Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомдору менен укук берилген уюмдар тарабынан жарыяланышы мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**450-статья. Конкурстун шарттарын өзгөртүү**

Конкурстун шарттарын өзгөртүүгө жумушту тапшыруу үчүн белгиленген мөөнөттүн чегинде гана жол берилет. Конкурстун шарттарын өзгөртүү жөнүндө конкурстун катышуучуларына конкурс кандай тартипте кулактандырылса, ошондой эле тартипте кулактандырылат.

**451-статья. Акы (сыйлык) төлөө жөнүндө чечим**

Акы (сыйлык) төлөө жөнүндөгү чечим конкурстун катышуучуларына конкурс жөнүндөгү жарыялоодо белгиленген мөөнөттө жана ошол жарыялоо тарабынан көрсөтүлгөн тартипте чыгарылууга жана кабарланууга тийиш.

**452-статья. Конкурс боюнча сыйлыкка татыктуу болгон илимий, адабий жана искусство чыгармаларын пайдалануу**

Эгерде конкурс илимий, адабий же искусство чыгармасына жарыяланса, сыйлыкка татыктуу болгон чыгарманы уюм конкурс жөнүндөгү жарыялоо тарабынан көрсөтүлгөндөй ыкта пайдалануу укугуна ээ болот. Конкурс жөнүндөгү жарыялоо тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, ал чыгармалардын авторлору чыгарманы пайдалангандык үчүн акы алуу укугун сактап кала беришет (ушул Кодекстин 491-статьясы).

**453-статья. Тапшырылган жумуштарды конкурстун катышуучуларына кайрып берүү**

Эгерде конкурс жөнүндөгү жарыялоо тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, конкурс жарыялаган уюм сыйлыкка татыктуу болбогон жумуштарды конкурстун катышуучуларына кайрып берет.

Биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договордун катышуучуларынын жалпы ишин алып баруу жүктөлгөн жак договордун калган катышуучулары кол койгон ишеним каттын негизинде аракет кылат.

**446-статья. Договордун катышуучуларынын жалпы мүлкү**

Ушул Кодекстин 444-статьясында көрсөтүлгөн максатка жетишүү үчүн биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договордун катышуучулары акчалай, же башка мүлктүк, же болбосо эмгектик катышуу жолу менен взнос кошушат (төгүшөт).

Договордун катышуучуларынын акчалай же башка мүлктүк взностору, ошондой эле алардын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында түзүлгөн же алынган мүлк алардын жалпы мүлкү болуп эсептелет.

Биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договордун катышуучусу, договордун башка катышуучуларынын макулдугусуз жалпы мүлктөгү өзүнүн үлүшүн башкарууга акысы жок.

**447-статья. Договордун катышуучуларынын жалпы расходдору жана зыяндары**

Биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү договордо көрсөтүлгөн расходдордун жана биргелешип аракеттенүүнүн натыйжасында келип чыккан зыяндардын ордун жабуунун тартиби договор тарабынан белгиленет.

Эгерде договор тарабынан андай тартип каралбаса, жалпы расходдор жана зыяндар договордун катышуучуларынын жалпы мүлкүнүн эсебинен жабылат (ушул Кодекстин 446-статьясы), ал эми жетишпеген суммалар договордун катышуучуларынын ортосунда, алардын жалпы мүлкүндөгү взносторуна жараша бөлүштүрүлөт.

**448-статья. Биргелешип аракеттенүүнүн айрым түрлөрү жөнүндөгү эрежелер**

Биргелешип аракеттенүүнүн айрым түрлөрү ушул Кодекске ылайык Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомдору менен жөнгө салынат.

## *40-глава*
## КОНКУРС

**449-статья. Конкурс жарыялоо**

Мамлекеттик, кооперативдик же башка коомдук уюмдар тарабынан эл алдында айрым белгилүү жумушту мыкты аткаргандык үчүн (конкурс жарыялоо) атайын акы



(сыйлык) убада кылынышы, ал уюмду конкурстун шарттарына ылайык жумушу акыга татыктуу деп табылган жакка убада кылынган акыны (сыйлыкты) төлөөгө милдеттендирет.

Конкурс жөнүндөгү жарыялоодо тапшырманын баяндамасы, аны аткаруунун мөөнөтү, сыйлыктын өлчөмү, тапшырыла турган жери, жумуштун алгачкы (болжолдуу) бааланылышынын мөөнөтү жана тартиби жана конкурстун башка шарттары көрсөтүлүшү тийиш.

Конкурс уставдары (эрежелери) менен же болбосо ССР Союзунун закону же Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомдору менен укук берилген уюмдар тарабынан жарыяланышы мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**450-статья. Конкурстун шарттарын өзгөртүү**

Конкурстун шарттарын өзгөртүүгө жумушту тапшыруу үчүн белгиленген мөөнөттүн чегинде гана жол берилет.

Конкурстун шарттарын өзгөртүү жөнүндө конкурстун катышуучуларына конкурс кандай тартипте кулактандырылса, ошондой эле тартипте кулактандырылат.

**451-статья. Акы (сыйлык) төлөө жөнүндө чечим**

Акы (сыйлык) төлөө жөнүндөгү чечим конкурстун катышуучуларына конкурс жөнүндөгү жарыялоодо белгиленген мөөнөттө жана ошол жарыялоо тарабынан көрсөтүлгөн тартипте чыгарылууга жана кабарланууга тийиш.

**452-статья. Конкурс боюнча сыйлыкка татыктуу болгон илимий, адабий жана искусство чыгармаларын пайдалануу**

Эгерде конкурс илимий, адабий же искусство чыгармасына жарыяланса, сыйлыкка татыктуу болгон чыгарманы уюм конкурс жөнүндөгү жарыялоо тарабынан көрсөтүлгөндөй ыкта пайдалануу укугуна ээ болот. Конкурс жөнүндөгү жарыялоо тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, ал чыгармалардын авторлору чыгарманы пайдалангандык үчүн акы алуу укугун сактап кала беришет (ушул Кодекстин 491-статьясы).

**453-статья. Тапшырылган жумуштарды конкурстун катышуучуларына кайрып берүү**

Эгерде конкурс жөнүндөгү жарыялоо тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, конкурс жарыялаган уюм сыйлыкка татыктуу болбогон жумуштарды конкурстун катышуучуларына кайрып берет.

## *41-глава*

### ЗЫЯН КЕЛТИРГЕНДИКТИН НАТЫЙЖАСЫНДА КЕЛИП ЧЫГУУЧУ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

**454-статья. Зыян келтиргендик үчүн жоопкерчиликтин жалпы негиздери**

Гражданиндин өздүгүнө же мүлкүнө келтирилген зыян, ошондой эле уюмга келтирилген зыян, ССР Союзунун Закондорунда каралган учурлардан тышкары, толук өлчөмдө зыян келтирген адам тарабынан төлөп берилүүгө жатат.

Эгерде зыян анын күнөөсү боюнча келтирилбегендигин далилдесе, зыян келтирүүчү аны төлөөдөн куткарылат (бошотулат).

Жөндүү (укуктуу) аракеттер менен келтирилген зыян закон тарабынан каралган учурларда гана төлөнүп берилүүгө жатат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1986-жыл 30-июндагы Указынын редакциясында).

**455-статья. Өздөрүнүн кызматкерлеринин күнөөсү боюнча келтирилген зыян үчүн уюмдун жоопкерчилиги**

Уюм анын кызматкерлеринин күнөөсүнөн эмгектик (кызматтык) милдеттерин аткарууда келтирилген зыянды төлөп берүүгө милдеттүү.

**456-статья. Мамлекеттик жана коомдук уюмдардын, ошондой эле кызмат адамдарынын законсуз аракеттери менен келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**

Мамлекеттик жана коомдук уюмдардын, ошондой эле административдик башкаруу жагынан кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда кызмат адамдарынын законсуз аракеттери менен гражданинге келтирилген зыян, эгерде закондо башкача каралбаган болсо, жалпы негиздерде төлөтүлөт (ушул Кодекстин 454-жана 455-статьялары). Ушундай аракеттер менен уюмдарга келтирилген зыян үчүн закондо белгиленген тартипте жоопкерчилик келип чыгат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**457-статья. Алгачкы текшерүү, тергөө, прокуратура жана сот органдарынын кызмат адамдарынын законсуз аракеттери менен келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**



Законсуз соттоонун, уголовный жоопкерчиликке законсуз тартуунун, баш коргоо чарасы катары камакка алууну законсуз колдонуунун, арест же түзөтүү жумуштары түрүндө законсуз административдик жаза берүүнүн натыйжасында гражданинге келтирилген зыян алгачкы текшерүү, алгачкы тергөө, прокуратура жана сот органдарынын кызмат адамдарынын күнөөсүнө карабастан, закондо белгиленген тартипте мамлекет тарабынан толук өлчөмдө төлөнүп берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**458-статья. Зарыл коргонуу абалында келтирилген зыян**

Зарыл коргонуу абалында келтирилген зыян, эгерде бул убакта анын чегинен чыгып кетүү болбосо төлөнүүгө жатпайт.

**459-статья. Өтө зарылдык абалда келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**

Өтө зарылдык абалда келтирилген зыян аны келтирген жак тарабынан төлөнүүгө жатат.

Мындай зыян келтирилген кездеги жагдайды эске алып, үчүнчү жактын кызыкчылыгына карата зыян келтирүүчү аракеттенсе, зыянды төлөө милдетин, сот үчүнчү жакка жүктөй алат, же болбосо бул үчүнчү жакты да жана зыян келтирүүчүнү да зыянды толук же жарым-жартылай төлөөдөн бошото алат.

**460-статья. Он беш жашка толбогон, жашка жетпеген тарабынан келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**

Он беш жашка толбогон, жашка жетпеген тарабынан келтирилген зыян үчүн, анын ата-энеси, бала кылып алуучулары же опекундары, эгерде зыян алардын күнөөсүнөн болбогондугун далилдей алышпаса жооп беришет.

Эгерде он беш жашка толбогон, жашка жетпеген зыянды окуу жайынын, тарбиялоо же дарылоочу мекемелеринин көзөмөлү алдында турган мезгилде келтирсе, ал уюмдар бул зыян үчүн, эгерде зыян алардын күнөөсүнөн болбогондугун далилдей албаса, жооп беришет.

**461-статья. Он бештен он сегиз жашка чейинки жашка жетпеген тарабынан келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**

Он беш жаштан он сегиз жашка чейинки жашка жетпеген, ал тарабынан келтирилген зыян үчүн өзү жалпы не-

гиздерде жооп берет (ушул Кодекстин 454, 459-жана 464-статьялары).

Зыяндын ордун толтуруу үчүн он беш жаштан он сегиз жашка чейинки жашка жетпегендин жетишерлик эмгек акысы же мүлкү жок болгон учурларда, зыяндын тийиштүү бөлүгү анын эне-атасы, бала кылып алуучулары же попечители тарабынан, эгерде зыян алардын күнөөсүнөн болбогондугун далилдей албаса, төлөнүүгө жатат. Алардын бул жоопкерчилиги качан зыян келтирүүчү жашка жеткенде жана ошондой эле жашка жеткенге чейин анын зыянды төлөө үчүн жете тургандай мүлкү же эмгек акысы пайда болгон учурда кыскартылат.

462-статья. **Аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табылган гражданин тарабынан келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**

Аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табылган гражданин тарабынан келтирилген зыян үчүн (ушул Кодекстин 16-статьясы), анын опекуну же ага көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү болгон уюм, эгерде зыян алардын күнөөсүнөн болбогондугун далилдей албаса, жооп беришет.

463-статья. **Өзүнүн аракеттеринин маанисин түшүнүүгө жөндөмдүү болбогон гражданин тарабынан келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**

Өзүнүн аракеттеринин маанисин түшүнбөгөн же аларды башкара албаган абалда зыян келтирген аракет жөндөмдүүлүгү бар гражданин, өзүнүн келтирген зыяны үчүн жооп бербейт. Бирок ал ичкилик ичүү же наркотикти кабыл алуу менен же болбосо башка жол менен өзүн өзү ошол абалга келтирген болсо, ал жоопкерчиликтен бошотулбайт.

464-статья. **Коркунучтуулугу күчтүү нерсе тарабынан келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**

Иштери айланасындагылар үчүн коркунучтуулугу күчтүү болгондукка байланыштуу уюм жана граждандар (транспорттук уюмдар, өнөр жай ишканалары, курулуштар, автомобилдердин ээлери жана ушул сыяктуулар), коркунучтуулугу күчтүү нерсе тарабынан келтирилген зыянды, эгерде келтирилген зыян жеңилбес күчтүн, (непреодолимая сила) же жабырлануучунун карасанатайлыгынын натыйжасында келип чыккандыгын далилдей албаса, төлөп берүүгө милдеттүү.



465-статья. **Бир нече жактар тарабынан биргелешип келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**

Биргелешип зыян келтирген жактар жабырлануучунун алдында ортоктош жоопкерчиликте жооп беришет.

466-статья. **Зыян келтирген жакка карата регресс укугу**

Башка жак тарабынан келтирилген зыянды төлөп берген жак, төлөнүп берилген төлөөнүн өлчөмүндө, эгерде закондо башка өлчөм белгиленбесе, ошол жакка кайра талап кылууга (регресс) укугу бар.

Жашка жетпеген же аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табылган гражданин тарабынан келтирилген зыянды төлөп беришкен ата-энелер, опекун же попечитель, ошондой эле ушул Кодекстин 460-жана 462-статьяларында айтылган уюмдар бул гражданинге регресс кылуу укугуна ээ болушпайт.

467-статья. **Зыянды төлөөнүн көлөмү, мүнөзү жана өлчөмү**

Сот, арбитраж же третей соту иштин жагдайына ылайык зыяндын ордун толтурууну чечүү менен бирге, зыян үчүн жооптуу жакты зыянды натуралай төлөп берүүгө (буюмду ошол эле сапатта жана түрдө берүүгө, бузулган буюмду ондоого жана ушул сыяктууларга) же зыяндарды толук төлөп берүүгө милдеттендирет (ушул Кодекстин 219-статьясы).

468-статья. **Жабырлануучунун күнөөсүн жана зыян келтирген жактын мүлктүк абалын эсепке алуу**

Эгерде жабырлануучунун өзүнүн одоно этиетсиздиги зыяндын келип чыгышына же көбөйүшүнө көмөк көрсөткөн болсо, анда жабырлануучунун күнөөсүнүн даражасына жараша (ал эми зыян келтиргендин күнөөсү болгон кезде — анын күнөөсүнүн даражасына жараша) төлөп берүүнүн өлчөмү, эгерде ССР Союзунун закону тарабынан башкача каралбаган болсо азайтылышы тийиш же болбосо төлөп берүүдөн отказ этилиши тийиш.

Гражданин тарабынан келтирилген зыянды төлөөнүн өлчөмүн, анын мүлктүк абалына жараша сот азайтышы мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1973-жыл 11-ноябрдагы Указынын редакциясында).

**469-статья. Саламаттыкка залал келтирген учурда зыянды төлөө**

Майыптык же саламаттыкка башка залал келтирген учурда, зыян үчүн жооптуу уюм же граждандын, эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготуунун же ылдыйланышынын натыйжасында жабырлануучу тарабынан жоготулган эмгек акысын, ошондой эле саламаттыгынын бузулушуна байланыштуу тарткан расходдорун (күчтүү оокаттануу, башка кишинин жардамын талап кылуу, протез жасоо жана ушул сыяктуулар) жабырлануучуга төлөп берүүгө милдеттүү.

**469[1]-статья. Кылмыштуу аракеттерден жабырланган граждандарды дарылоого жумшалган каражаттарды төлөө**

Карасанатайлык кылмыш аракеттердин натыйжасында ден соолугуна залал келтирилген учурларда (аргасыз коргонуунун чектеринен чыгып кеткенде же жабырлануучунун туура эмес аракеттерине байланыштуу капысынан болгон өтө кызуу кандуулук абалда залал келтирилгенден тышкары) граждандарды стационардык дарылоого жумшалган каражаттар бул кылмыштар үчүн соттолушкан адамдардан мамлекеттин доходуна өндүрүлүүгө тийиш.

Кылмыштуу аракеттерден жабырланган граждандарды стационардык дарылоого жумшалган каражаттарды эсептеп чыгаруу үчүн ставкалар СССР Министрлер Совети тарабынан белгилене турган тартипте аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 21-ноябрдагы Указынын редакциясында).

**470-статья. Граждандын үчүн камсыздандыруу взносторун төлөп турууга милдеттүү болгон зыян келтирүүчүнүн, ал граждандын саламаттыгына залал келтиргендик же өлүмү үчүн жоопкерчилиги**

Эгерде өзүнүн эмгектик (кызматтык) милдеттерин аткарууга байланыштуу кызматкерге, ал үчүн мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча взносторду төлөп турууга милдеттүү болгон уюмдун же граждандын күнөөсү боюнча майыптык же саламаттыгына башка залал келтирилсе, бул уюм же граждандын жабырлануучуга, ал алып жаткан пособиенин суммасынан же анын саламаттыгына залал келтирилгенден кийин ага белгиленген жана ал тарабынан чыныгы алынып турган пенсиянын суммасынан ашкан бөлүгүндө зыянды төлөп берүүлөрү тийиш. Бул эрежеден алып таштоолор ССР Союзунун закондору тарабынан белгилениши мүмкүн.



Жабырлануучу өлгөн учурда, өлгөн адамдын карамагында болгон же анын өлгөн күнүнө карата андан каражат алууга укугу бар болушкан эмгекке жарамсыз адамдар, ошондой эле ал өлгөндөн кийин төрөлгөн баласы зыянды төлөтүп алууга укуктуу болушат. Көрсөтүлгөн адамдарга зыян, жабырлануучунун эмгек акысынын, ал тирүү кезинде, алар өздөрүнүн жашоосуна алып турган же алууга укуктуу болгон үлүшүнүн өлчөмүндө төлөнөт.

Зыян төмөндөгүчө төлөнөт:

жашка жетпегендерге — он алты жашка толгонго, ал эми окуучуларга — он сегиз жашка толгонго чейин;

элүү беш жаштан жогорку аялдарга жана алтымыш жаштан жогорку эркектерге — өмүр бою;

инвалиддерге — инвалиддик мөөнөт ичинде;

өлгөндүн аялына (эрине) же энесине (атасына) жашына жана эмгекке жөндөмдүүлүгүнө карабастан, өлгөндүн сегиз жашка чыга элек балдарын, неберелерин, бир туугандарын же эже-карындаштарын иштебестен багып тургандыгы үчүн — ал жаш балдар сегиз жашка чыкканга чейин.

**471-статья. Граждандын үчүн камсыздандыруу взносторун төлөп турууга милдеттүү болбогон зыян келтирүүчүнүн, ал граждандын саламаттыгына залал келтиргендик же өлүмү үчүн жоопкерчилиги**

Эгерде мамлекеттик социалдык камсыздандырууга жаткан граждандынге майыптык же саламаттыгына башка залал, ал жабырлануучу үчүн мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча взносторду төлөп турууга милдеттүү болбогон уюм же граждандын тарабынан келтирилсе, бул уюм же граждандын ушул Кодекстин 454, 455-жана 464-статьяларынын эрежелери боюнча, жабырлануучуга ал алып жаткан пособиенин суммасынан же анын саламаттыгына залал келтирилгенден кийин ага белгиленген жана ал тарабынан чыныгы алынып турган пенсиянын суммасынан ашкан бөлүгүндө зыянды төлөп берүүлөрү тийиш.

Жабырлануучу өлгөн учурда зыянды ушул Кодекстин 470-статьясынын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар, ушул бөлүк менен белгиленген өлчөмдөрдө жана ошол эле статьянын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөт аралыгына төлөтүп алуу укугуна ээ болушат.

## 472-статья. Граждаииндин саламаттыгынын бузулушуна байланыштуу ага пособие же пенсия дайындалбаган учурда зыянды төлөө

Эгерде мамлекеттик социалдык камсыздандырууга жаткан гражданинге майыптык же саламаттыгына башка залал келтирүүгө байланыштуу пенсия же пособие дайындалбаса, анда зыян келтиргендик үчүн жоопту уюм болгон уюм же граждании жабырлануучу тарткан зыянды толук көлөмдө төлөп берүүгө милдеттүү (ушул Кодекстин 469-статьясы).

## 473-статья. Социалдык камсыздандыруу жана социалдык камсыздоо органдарынын регресс талаптары

Зыян келтиргендик үчүн жоопту уюм же граждании ушул Кодекстин 470-жана 471-статьяларында көрсөтүлгөн адамдарга төлөнгөн пособиенин же пенсиянын суммасын социалдык камсыздандыруу же социалдык камсыздоо органынын регресс талабы боюнча төлөп берүүгө милдеттүү. Ушундай эле регресс талабы ушул Кодекстин 474-статьясында көрсөтүлгөн граждандарга пенсиялык камсыздоону төлөп жаткан колхоз тарабынан коюлушу мүмкүн.

Зыянды төлөөнүн өлчөмү азайтылган учурларда (ушул Кодекстин 468-статьясы), ошого ылайык регресс талабы боюнча төлөөнүн өлчөмү да азайтылат.

## 474-статья. Социалдык камсыздандырууга жатпаган граждаииндин саламаттыгына залал келтиргендик жана өлүмү үчүн жоопкерчилик

Мамлекеттик социалдык камсыздандырууга жатпаган гражданинге майыптык же саламаттыгына залал келтирилген учурда, зыян келтиргендик үчүн жоопту уюм же граждании жабырлануучуга, анын саламаттыгын калыбына келтирүүгө байланыштуу сарп кылган расходдорун, ошондой эле, эгерде закон тарабынан башкача көрсөтүлбөгөн болсо, эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготууга же төмөндөтүүгө байланыштуу тарткан зыянын тийиштүү категориядагы жумушчулардын же кызматчылардын орточо эмгек акысына салыштырып эсептөө өлчөмүндө төлөп берүүлөрү милдеттүү.

Эгерде колхозчуга майыптык же саламаттыгына башка залал келтирилсе, зыян келтиргендик үчүн жоопту уюм же граждании жабырлануучуга, анын саламаттыгын



калыбына келтирүүгө байланыштуу сарп кылган расходдорун, ошондой эле колхоздун коомдук чарбасына катышуудагы жабырлануучунун доходдорунун (кирешелеринин) жоготушунан чыккан зыянды же колхоздо белгиленген пенсиялык камсыздоо тартибинде алып жаткан суммасынан ашкан ошол доходдорунун бөлүгүн төлөп берүүгө милдеттүү.

Жабырлануучу өлгөн учурда, жогоруда көрсөтүлгөн тартипте эсептелүүчү зыянды ушул Кодекстин 470-статьясынын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар, ушул бөлүк менен белгиленген өлчөмдөрдө жана ошол эле статьянын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөт аралыгына төлөтүп алуу укугуна ээ болушат.

## 475-статья. Он беш жашка толбогон граждаииндин саламаттыгын бузууда зыянды төлөө

Он беш жашка толбогон жана эмгек акысы болбогон граждаииндин саламаттыгына залал келтирилген учурда, зыян үчүн жоопту уюм же граждании жабырлануучунун саламаттыгына зыян келтирүүгө байланыштуу расходдорду төлөп берүүгө милдеттүү.

Жабырлануучу он беш жашка толгондо зыян үчүн жоопту уюм же граждании жабырлануучуга, ошондой эле анын эмгекке жарамдуулугунун жоготуусуна же төмөндөтүлүшүнө байланыштуу зыянын ошол жердеги квалификациясы жок жумушчунун орточо эмгек акысынын өлчөмүндө төлөп берүүгө милдеттүү.

Эгерде он беш жашка толбогон граждаииндин, анын саламаттыгына залал келгенге чейин эмгек акысы болгон болсо, анда зыян ошол эмгек акынын өлчөмүнөн чыгып, бирок да ошол жердеги квалификациясы жок жумушчунун төмөнкү эмгек акысынан кем болбогондой болуп төлөнүп берилиши тийиш.

Жабырлануучу алган квалификациясына жараша иштей (эмгектене) баштагандан кийин, анын квалификациясындагы кызматкердин эмгек акысынын өлчөмүнөн чыгып, ал саламаттыгына залал келтирүүнүн натыйжасында эмгек жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө байланыштуу зыянды төлөөнү көбөйтүүнү талап кылууга акылуу.

## 476-статья. Жабырлануучунун эмгекке жарамдуулук абалы өзгөргөн учурда анын талабы боюнча төлөөнүн өлчөмүн өзгөртүү

Эмгекке жарамдуулугун жарым-жартылай жоготкон жабырлануучу, ага майыптык же анын саламаттыгына

10*

**472-статья. Граждаииндин саламаттыгынын бузулушуна байланыштуу ага пособие же пенсия дайындалбаган учурда зыянды төлөө**

Эгерде мамлекеттик социалдык камсыздандырууга жаткан граждaнинге майыптык же саламаттыгына башка залал келтирүүгө байланыштуу пенсия же пособие дайындалбаса, анда зыян келтиргендик үчүн жоопту болгон уюм же граждaнин жабырлануучу тарткан зыянды толук көлөмдө төлөп берүүгө милдеттүү (ушул Кодекстин 469-статьясы).

**473-статья. Социалдык камсыздандыруу жана социалдык камсыздоо органдарынын регресс талаптары**

Зыян келтиргендик үчүн жоопту уюм же граждaнин ушул Кодекстин 470-жана 471-статьяларында көрсөтүлгөн адамдарга төлөнгөн пособиенин же пенсиянын суммасын социалдык камсыздандыруу же социалдык камсыздоо органынын регресс талабы боюнча төлөп берүүгө милдеттүү. Ушундай эле регресс талабы ушул Кодекстин 474-статьясында көрсөтүлгөн граждaндарга пенсиялык камсыздоону төлөп жаткан колхоз тарабынан коюлушу мүмкүн.

Зыянды төлөөнүн өлчөмү азайтылган учурларда (ушул Кодекстин 468-статьясы), ошого ылайык регресс талабы боюнча төлөөнүн өлчөмү да азайтылат.

**474-статья. Социалдык камсыздандырууга жатпаган граждaниндин саламаттыгына залал келтиргендик жана өлүмү үчүн жоопкерчилик**

Мамлекеттик социалдык камсыздандырууга жатпаган граждaнинге майыптык же саламаттыгына залал келтирилген учурда, зыян келтиргендик үчүн жоопту уюм же граждaнин жабырлануучуга, анын саламаттыгын калыбына келтирүүгө байланыштуу сарп кылган расходдорун, ошондой эле, эгерде закон тарабынан башкача көрсөтүлбөгөн болсо, эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготууга же төмөндөтүүгө байланыштуу тарткан зыянын тийиштүү категориядагы жумушчулардын же кызматчылардын орточо эмгек акысына салыштырып эсептөө өлчөмүндө төлөп берүүлөрү милдеттүү.

Эгерде колхозчуга майыптык же саламаттыгына башка залал келтирилсе, зыян келтиргендик үчүн жоопту уюм же граждaнин жабырлануучуга, анын саламаттыгын калыбына келтирүүгө байланыштуу сарп кылган расходдорун, ошондой эле колхоздун коомдук чарбасына катышуудагы жабырлануучунун доходдорунун (кирешелеринин) жоготушунан чыккан зыянды же колхоздо белгиленген пенсиялык камсыздоо тартибинде алып жаткан суммасынан ашкан ошол доходдорунун бөлүгүн төлөп берүүгө милдеттүү.

Жабырлануучу өлгөн учурда, жогоруда көрсөтүлгөн тартипте эсептелүүчү зыянды ушул Кодекстин 470-статьясынын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар, ушул бөлүк менен белгиленген өлчөмдөрдө жана ошол эле статьянын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөт аралыгына төлөтүп алуу укугуна ээ болушат.

**475-статья. Он беш жашка толбогон граждaниндин саламаттыгын бузууда зыянды төлөө**

Он беш жашка толбогон жана эмгек акысы болбогон граждaниндин саламаттыгына залал келтирилген учурда, зыян үчүн жоопту уюм же граждaнин жабырлануучунун саламаттыгына зыян келтирүүгө байланыштуу расходдорду төлөп берүүгө милдеттүү.

Жабырлануучу он беш жашка толгондо зыян үчүн жоопту уюм же граждaнин жабырлануучуга, ошондой эле анын эмгекке жарамдуулугунун жоготуусуна же төмөндөтүлүшүнө байланыштуу зыянын ошол жердеги квалификациясы жок жумушчунун орточо эмгек акысынын өлчөмүндө төлөп берүүгө милдеттүү.

Эгерде он беш жашка толбогон граждaниндин, анын саламаттыгына залал келгенге чейин эмгек акысы болгон болсо, анда зыян ошол эмгек акынын өлчөмүнөн чыгып, бирок да ошол жердеги квалификациясы жок жумушчунун төмөнкү эмгек акысынан кем болбогондой болуп төлөнүп берилиши тийиш.

Жабырлануучу алган квалификациясына жараша иштей (эмгектене) баштагандан кийин, анын квалификациясындагы кызматкердин эмгек акысынын өлчөмүнөн чыгып, ал саламаттыгына залал келтирүүнүн натыйжасында эмгек жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө байланыштуу зыянды төлөөнү көбөйтүүнү талап кылууга акылуу.

**476-статья. Жабырлануучунун эмгекке жарамдуулук абалы өзгөргөн учурда анын талабы боюнча төлөөнүн өлчөмүн өзгөртүү**

Эмгекке жарамдуулугун жарым-жартылай жоготкон жабырлануучу, ага майыптык же анын саламаттыгына

башка залал келтиргендик үчүн жоопту уюмдан же граждандан, эгерде анын эмгекке жарамдуулугу анын саламаттыгына келтирилген зыянга байланыштуу зыянды төлөөнү өндүрүп берүү (кесип берүү) мезгилиндегиге караганда дагы төмөндөп кеткен болсо же эгерде мамлекеттик социалдык камсыздандыруу тартибинде ал тарабынан алынуучу пенсиянын өлчөмү азайтылган болсо, зыянды төлөөнү ушуга жараша тийиштүү көбөйтүүнү ар убакта талап кылууга акылуу.

**477-статья. Зыян келтирүүчү жактардын талабы боюнча төлөөнүн өлчөмүн өзгөртүү**

Эгерде жабырлануучунун эмгекке жарамдуулугу зыянды өндүрүп берүү мезгилиндегиге караганда жогорулаган болсо же мамлекеттик социалдык камсыздандыруу тартибинде ал тарабынан алынуучу пенсиянын өлчөмү көбөйтүлгөн болсо, жабырлануучуга майыптык же анын саламаттыгына башка залал келтирүүнүн натыйжасында, анын эмгекке жарамдуулугунун төмөндөтүлүшүнө байланыштуу зыян төлөп туруучу уюм, же гражданин, алардан өндүрүлгөн зыяндын өлчөмүн ушуга жараша тийиштүү төмөндөтүүнү ар убакта талап кылууга акылуу.

**478-статья. Зыяндын ордун толтуруу боюнча төлөөлөр**

Жабырлануучунун эмгекке жарамдуулугунун төмөндөшүнө байланыштуу зыянды, ошондой эле өлүмгө байланыштуу зыянды төлөө (ордун толтуруу) ай сайын төлөөлөр менен жүргүзүлөт.

**479-статья. Көмүүгө кеткен расходдорду төлөө**

Жабырлануучу өлгөн учурда, аны көмүүгө кеткен расходдор жабырлануучунун өлүмүнө байланыштуу зыян үчүн жоопту болгон уюм же гражданин тарабынан ошол расходдорду тарткан жакка төлөнүп берилет.

**480-статья. Төлөөгө милдеттүү болгон юридикалык жак кыскарган учурда зыянды төлөө**

Юридикалык жак кайра уюшулган (реорганизация) учурда ушул Кодекстин 470—475-статьяларында негизделген талаптар юридикалык жактын укук кабыл алуучусуна коюлат.

Юридикалык жак жоюлган учурда көрсөтүлгөн талаптар анын жогору турган уюмуна же жоюу жөнүндөгү чечимде көрсөтүлгөн уюмга коюлат.

Ушул Кодекстин 478-статьясында көрсөтүлгөн төлөөлөрдү белгиленген тартипте жүргүзүүгө милдеттүү деп табылган юридикалык жак кайра уюштурулган учурда, ал төлөөлөр кайра уюштурулган юридикалык жактын укук кабыл алуучусу тарабынан жүргүзүлөт.

Ушул Кодекстин 478-статьясында көрсөтүлгөн төлөөлөрдү белгиленген тартипте жүргүзүүгө милдеттүү деп табылган юридикалык жак жоюлган учурда, ал төлөөлөр мамлекеттик камсыздандыруунун эрежелери боюнча капиталдаштырылууга жана белгиленген өлчөмдө жана тартипте төлөө жүргүзүү үчүн камсыздандыруу уюму тарабынан төгүлүүгө тийиш.

Ушул Кодекстин 476-жана 477-статьяларында көрсөтүлгөн зыяндын өлчөмүн көбөйтүү же азайтуу жөнүндөгү талаптар юридикалык жак кайра уюшулган учурда анын укук кабыл алуучусуна же ошого ылайыктуу юридикалык жактын укук кабыл алуучусу тарабынан, ал эми юридикалык жак жоюлган учурда — жогору турган уюмуна же жоюу жөнүндөгү чечимде көрсөтүлгөн уюмга же ошого ылайыктуу ошол уюмдар тарабынан коюлат.

**481-статья. Зыянды төлөтүү жөнүндөгү доолор боюнча эскирүү мөөнөтүнүн жүрүшүнүн токтолушу**

Саламаттыкка залал келтирүүгө же өлүмгө учуратууга байланыштуу зыян төлөтүү жөнүндөгү доолор боюнча эскирүү мөөнөтүнүн жүрүшү ушул Кодекстин 86-статьясында көрсөтүлгөн жагдайлардан тышкары, ошондой эле ушул Кодекстин 470-жана 471-статьяларында аталган граждандар тарабынан тийиштүү органдарга пенсия же пособия дайындап берүү жөнүндө кайрылганда да, пенсия же пособия дайындалганга же аларды дайындоодон отказ кылганга чейин токтотулат.

## *42-глава*

## СОЦИАЛИСТТИК МҮЛКТҮ САКТАП КАЛУУНУН НАТЫЙЖАСЫНДА КЕЛИП ЧЫГУУЧУ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

**482-статья. Социалисттик мүлктү сактоодо тарткан зыянды төлөп берүү**

Социалисттик мүлктү болуп турган коркунучтан сактап калууда граждандын тарткан зыяны, жабырлануучу мүлкүн сактап калган уюм тарабынан төлөнүп берилүүгө тийиш.

Бул зыянды төлөөгө тиешесине жараша 454-статьянын биринчи бөлүгүнүн, 465, 467, 469-статьяларынын, 470-статьянын экинчи жана үчүнчү бөлүктөрүнүн, 471, 472-жана 474—481-статьяларынын эрежелери колдонулат.

*43-глава*

## МҮЛКТҮ НЕГИЗСИЗ АЛУУДАН ЖЕ КАРМАП ТУРУУДАН КЕЛИП ЧЫГУУЧУ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

**483-статья. Негизсиз алынган мүлктү кайрып берүү милдеттери**

Мүлктү закон же бүтүм тарабынан белгиленбеген негиздер менен башка бирөөнүн эсебинен алып алган жак негизсиз алып алган мүлктү ага кайрып берүүгө милдеттүү.

Эгерде мүлктү алып алуудагы негиз кийин күчүн жойсо (жоюлса), ушундай эле милдет пайда болот (келип чыгат).

Негизсиз алып алынган мүлктү натуралай кайрып берүүгө мүмкүн болбогон учурда, ал мүлктүн алынган кездеги аныкталуучу наркы төлөнүүгө тийиш.

Башка бирөөнүн эсебинен бүтүм боюнча эмес, билип туруп социалисттик мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыгына карама-каршы келген башка аракеттердин натыйжасында алып алынган мүлк, эгерде ал конфискациялоого жатпай турган болсо, мамлекеттик доходго өндүрүлөт.

**484-статья. Негизсиз алып алынган мүлктү пайдалануудан түшкөн доходдорду (кирешени) кайрып берүү милдети**

Мүлктү негизсиз алып алган жак мүлктү негизсиз алгандыгын билген же билүүгө тийиш болгон убактан баштап, ошондой эле ошол мүлктөн алган же алууга тийиш болгон бардык доходдорду (кирешелерди) кайрып берүүгө же төлөп берүүгө милдеттүү.

**485-статья. Негизсиз кармап турган мүлктү кайра берүү милдети**

Ушул Кодекстин 483-жана 484-статьяларында белгиленген эрежелер, закон же договор тарабынан белгиленген негиздерсиз башка бирөөнүн эсебинен мүлктү кармап турган учурларына да колдонулат.



**486-статья. Кайтарылып берүүгө жатпаган мүлк**

Төмөнкү мүлктөр негизсиз алып алынган катарында кайра талап кылынууга жатпайт:

1) аткаруу мөөнөтү пайда болгонго чейин милдеттенменин аткарылышынын эсебине берилген мүлк;

2) эскирүү мөөнөтү өткөндөн кийин, качан закон тарабынан ушундай аткарууга жол берилген учурларда, милдеттенменин аткарылышынын эсебинен берилген мүлк;

3) эгерде төлөө уюм тарабынан ыктыярдуу жүргүзүлүп, ал тарабынан эсептөө (счеттук) ката кетирилбеген жана алуучу тарабынан кара ниетсиздик жиберилбеген кезде ашык же кийин күчүн жойгон негиз боюнча төлөнгөн автордук акы, же ачуулар, ойлоп чыгаруу, рационализатордук сунуш жана өнөр жайлык үлгү үчүн төлөнгөн акы;

4) эгерде алуучу тарабынан кара ниетсиздик жиберилбеген кезде саламаттыкты залалга учуратканд ыкка же өлүмгө байланыштуу зыянды төлөөдө ашык берилип кеткен суммалар.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

# IV БӨЛҮМ

## АВТОРДУК УКУК

**487-статья. Автордук укук таркатыла турган чыгармалар**

Автордук укук илимдин, адабияттын же искусствонун чыгармаларына, алардын формасына, арналышына жана чыгарманын татыктуулугуна, ошондой эле алардын жарыкка чыгарылышынын (пайдаланылышынын) жолуна карабастан таркалат.

Автордук укук жарыкка чыгарылган же жарыкка чыгарылбаган, бирок автордун (творческий) чыгармачылык ишинин натыйжасын пайдаланууга мүмкүндүк берүүнү кандайдыр бир объективдүү формада (түшүндүрүлгөн) көрсөтүлгөн (кол жазма, чертеж, сүрөттөө, көпчүлүк алдында сүйлөө же аткаруу, пленка, механикалык же магниттик жазуу ж. у. с.) чыгармаларга таркалат.

Автордук укуктун предмети төмөндөгүлөр болушу мүмкүн:

оозеки чыгармалар (сүйлөнгөн сөздөр, лекциялар, докладдар ж. у. с.);

жазуу түрүндөгү чыгармалар (адабияттык, илимий ж. у. с.);

драмалык жана музыкалуу-драмалык чыгармалар, ошондой эле текстүү же тексти жок музыкалык чыгармалар;

котормолор;

сценарийлар, сценарлык пландар;

кинофильмдер, телевидение фильмдери, радио жана телевидениелик берүүлөр;

коюуга жазуу түрүндө же башка жол менен буйругу (уруксаты) бар хореографиялык жана пантомима (сөз сүйлөбөстөн ымдоо, жаңдоо аркылуу ойнолуучу театр оюну) чыгармалары;

живопись, скульптура, архитектура, графика жана декоративдик-прикладдык искусство чыгармалары, иллюстрация, сүрөттөр, чертеждор;

илимге, техникага же драмалык же музыкалуу-драмалык чыгармаларды сценага коюуга тийиштүү пландар, эскиздер жана пластикалык чыгармалар;

географиялык, геологиялык ж. у. с. карталар;

фотографиялык чыгармалар жана фотографияга окшош жолдор менен алынган чыгармалар;

механикалык же башка техникалык жазуунун жардамы менен берилген чыгармалар;

башка чыгармалар.

Фотографиялык чыгармаларга жана фотографияга окшош жолдор менен алынган чыгармаларга, эгерде чыгарманын ар бир дааналарында автордун аты, чыгарманын жарыкка чыккан жылы жана орду көрсөтүлгөндө автордук укук таанылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

**488-статья. Жарыкка чыккан чыгармалар**

Эгерде чыгарма басылып чыкса, эл алдында аткарылса, элге көрсөтүлсө, радио же телевидение аркылуу берилсе, же башка бир жолдор менен белгисиз сандагы адамдардын тобуна кабарланса, жарыкка чыккан (жарыяланган) деп эсептелет.

Маанисин баяндоо менен чыгарма жөнүндө берилген информация, ошондой эле Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомдорунда көрсөтүлгөн учурларда чыгарманын кол жазма катарында көбөйтүлүшү чыгарманын жарыкка чыккандыгын (жарыялангандыгын) билдирбейт.



**489-статья. СССРдин территориясында жарыкка чыгарылган чыгармаларга автордук укук**

СССРдин территориясында биринчи жолу жарыкка чыгарылган же болбосо жарыкка чыгарылбаган, бирок СССРдин территориясында кандайдыр бир объективдүү формада болгон чыгармага автордук укук, алардын граждандыгына карабастан, авторго жана анын мураскорлоруна, ошондой эле автордун укугуна ээ болуучу башка адамдарга таандык.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

**490-статья. Чет өлкөлөрдө жарыкка чыгарылган чыгармаларга автордук укук**

Автордук укук чыгармалары чет мамлекеттин территориясында биринчи жолу жарыкка чыгарылган же кандайдыр бир объективдүү формада болгон Кыргыз ССРинин жана башка союздук республикалардын граждандарына, ошондой эле алардын укугуна ээ болуучу адамдарга таандык.

Чет мамлекеттин территориясында биринчи жолу жарыкка чыгарылган же кандайдыр бир объективдүү формада болгон чыгармага башка адамдар үчүн автордук укук СССРдин эл аралык келишимдерине ылайык таандык болот. Эл аралык договорлорго ылайык коргоодо алуу кезинде чет мамлекеттин территориясында чыгарманын жарыкка чыгарылышынын фактысы тийиштүү эл аралык договордун жоболоруна ылайык аныкталат.

Кыргыз ССРинин жана башка союздук республикалардын граждандары болгон авторлордун укугуна ээ болуучу чет өлкөлүктөр үчүн автордук укук Кыргыз ССРинин территориясында ССР Союзунун закондору тарабынан белгиленген тартипте бул укук аларга берилген учурларда таандык болот.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы жана 1984-жыл 22-октябрдагы Указдарынын редакциясында).

**491-статья. Автордун укуктары**

Авторго төмөндөгү укуктар таандык:

өзүнүн чыгармасын өз атын, шарттуу атын (псевдоним) көрсөтүп же атын көрсөтпөй (анонимдүү) закон тарабынан уруксат этилген бардык жолдор менен жарыялоого, пайдаланууга жана таркатууга;

чыгарманын кол тийбестигине;

закондо көрсөтүлгөндөн тышкары учурларда, чыгармалардан башка жактар пайдалангандык үчүн акы алууга.

ССР Союзунун закондору ставкаларды бекитүүнү ССР Союзунун кароосуна берген учурлардан башка убакта автордук акы ставкалары Кыргыз ССРинин Министрлер Совети тарабынан белгиленет.

Бекитилген автордук акы ставкалары жок болгон кезде, автордун чыгармасын пайдалангандык үчүн акы төлөө өлчөмү тараптардын келишүүсү менен аныкталат.

Кыргыз ССРинин же башка союздук республиканын гражданини болгон автор тарабынан чет мамлекеттин территориясында өзүнүн чыгармасын пайдаланууга укук берүүнүн тартиби ССР Союзунун закондорунда белгиленет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

### 492 - с т а т ь я. Автордун тирүү кезинде анын атынын жана чыгармаларынын кол тийбестигин сактоо

Чыгарманы басып чыгарууда, эл алдында аткарууда же башка жолдор менен пайдаланууда автордун макулдугусуз чыгарманын өзүнө, ошондой эле анын наамына жана автордун ысмына кандай да болбосун өзгөртүү киргизүүгө тыюу салынат.

Ошондой эле чыгарманы басып чыгарууда автордун макулдугусуз аны иллюстрациялар, башкы сөз, соңку сөз, комментариялар жана ар кандай түшүндүрмөлөр менен жабдууга тыюу салынат.

Автордук договорду түзүү кезинде берилген автордун макулдугу бир жактуу тартипте бузулушу мүмкүн эмес.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

### 493 - с т а т ь я. Автор өлгөндөн кийин анын чыгармаларынын кол тийбестигин сактоо

Керээзди аткаруучу кандай тартипте дайындалса (ушул Кодекстин 557-статьясы), ошондой эле тартипте автор өзү өлгөндөн кийин анын чыгармаларынын кол тийбестигин сактоону тапшыра турган жакты өзү көрсөтүүгө акылуу. Бул адам өзүнүн полномочиелерин өмүр бою жүзөгө ашырат.

Мындай көрсөтмө болбогон кезде автор өлгөндөн кийин чыгарманын кол тийбестигин анын мураскорлору, ошондой эле автордук укукту сактоо милдети жүктөлгөн уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылат. Ошондой эле бул



уюмдар, эгерде мураскорлор жок болсо же алардын автордук укугу жоюлуп калса, чыгарманын кол тийбестигин сактоону жүзөгө ашырышат (ушул Кодекстин 509-статьясы).

### 494 - с т а т ь я. Шериктеш авторлук

Эки же андан көп жактардын (коллективдүү чыгарма) эмгеги менен түзүлгөн чыгармага карата автордук укук мындай чыгарма бири биринен бөлүнүүгө болбогон бир бүтүндү түзө тургандыгына же ар бир бөлүгү өз алдынча мааниге ээ болгон бөлүктөрдөн тургандыгына карабастан, шериктеш авторлорго бирге таандык болот.

Шериктеш авторлордун ар бири коллективдүү чыгарманын өз алдынча мааниге ээ болгон өзү түзгөн бөлүгүнө карата өзүнүн автордук укугун сактап калат.

Коллективдүү чыгарманын бөлүгү, эгерде аны ушул эле чыгарманын башка бөлүктөрүсүз пайдаланууга мүмкүн болсо гана өз алдынча мааниге ээ болгон чыгарма деп таанылат.

### 495 - с т а т ь я. Коллективдүү чыгарма жөнүндө авторлордун келишими

Шериктеш авторлордун арасындагы мамиле алардын келишими менен аныкталышы мүмкүн. Мындай келишим болбосо коллективдүү чыгармага автордук укукту бардык шериктеш авторлор бирдикте жүзөгө ашырышат, ал эми акы ССР Союзунун закондору жана Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин токтомдору тарабынан көрсөтүлгөн тартипте алардын ортосунда бөлүштүрүлөт.

### 496 - с т а т ь я. Кызматтык тапшырма катарында түзүлгөн чыгармага карата автордук укук

Илимий же башка мекемеде кызмат тапшырмасы катарында түзүлгөн чыгарманын авторуна бул чыгармага карата автордук укук таандык болот.

Мындай чыгарманы уюм тарабынан пайдаланыш тартиби жана авторго акы төлөө учурлары ССР Союзунун закондору жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомдору менен белгиленет.

### 497 - с т а т ь я. Юридикалык жактардын автордук укугу

Юридикалык жактардын автордук укугу ССР Союзунун закондору жана ушул Кодекс тарабынан белгиленген учурларда жана чектерде таанылат.

Бул жоболор договор боюнча юридикалык жактар тарабынан автордук укук алууга таркатылбайт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

498-статья. **Мезгилдүү жана башка басмаларга карата уюмдардын автордук укугу**

Өз алдынча же башка бир басманын жардамы менен илимий жыйнактарды, энциклопедиялык сөздүктөрдү, журналдарды же башка мезгилдүү басмаларды басып жарыкка чыгарган уюмдарга, ошол басып чыгарылгандарга бүт бойдон автордук укук тийиштүү.

Мындай басмаларга кошулган чыгармалардын авторлоруна, алардын чыгармаларына болгон өздөрүнүн автордук укугу таандык болот.

499-статья. **Кинофильмдерге, телевидениелик фильмдерге, радио жана телевидение берүүлөрүнө автордук укук**

Кинофильм же телевидение фильми үчүн автордук укук, аларды тартууну жүзөгө ашырган ишканага таандык.

Сүйүүчүлөр кинофильми же телевидениелик фильм үчүн автордук укук алардын авторуна же шериктеш авторлорго тийиштүү.

Сценариянын авторуна, композиторго, режиссер постановщикке, башкы операторго, сүрөтчү-постановщикке жана чыгармасы кинофильмдин же телевидение фильминин составдык бөлүгү болуп кирген башка авторлорго, ар биринин өзүнүн чыгармасына автордук укук тийиштүү.

Радио жана телевидение берүүлөрү үчүн автордук укук аларды берип жаткан радио жана телевидение уюмдарына, ал эми бул берүүлөргө кирген чыгармалар үчүн алардын авторлоруна тийиштүү.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

500-статья. **Жыйнактарды түзүүчүлөрдүн автордук укугу**

Башка бирөөнүн автордук укугунун предметине кирбеген, атап айтканда: закондордун, соттук чечимдердин, башка официалдуу документтердин, автору белгисиз болгон элдик чыгармалардын, байыркы актылар жана эстеликтердин, ошондой эле автордук укугу сакталбаган башка чыгармалардын жыйнагына автордук укук, эгерде жыйнакка киргизилген материалдарды түзүүчүлөр өз алдынча иштеп чыгышса, же системага келтиришсе, жыйнакты түзүүчүлөргө таандык болот.

Жогоруда көрсөтүлгөн түрдөгү чыгармалардын айрымын өз алдынча иштеп чыккан граждандарга да ушундай эле укук тийиштүү.

Эгерде алар чыгармаларды өз алдынча системалаштырса же кайрадан иштеп чыгышса, бул укук ушул эле чыгармаларды башка граждандардын жарыкка басып чыгаруусуна тоскоолдук кылбайт.

Жыйнакка кошулган кимдир бирөөнүн автордук укугунун предмети болгон чыгармаларды иштеп чыгып же системалаштырып жыйнак түзүүчү, ал чыгармалардын авторлорунун укуктарын сактаган учурда гана бул жыйнак үчүн автордук укуктан пайдалана алат.

501-статья. **Автордун чыгармаларынын башка адамдар тарабынан пайдаланылышы**

Автордун чыгармаларынын башка адамдар тарабынан пайдаланылышына (мунун ичинде башка тилге которулушу) автор же анын укугуна ээ болуучу адамдар менен түзүлгөн договорлордун негизинде, закондо көрсөтүлгөн учурлардан тышкары, гана жол берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

502-статья. **Чыгарманы башка тилге которуу**

Жарыкка чыгаруу максатында чыгарманы башка тилге которууга автордун же анын укугуна ээ болуучу адамдардын макулдугу менен гана жол берилет.

СССРдин компетенттүү органдары ССР Союзунун закондору тарабынан белгиленүүчү тартипте СССРдин эл аралык келишимдеринин эл аралык келишимдердин шарттарын тийиштүү учурларда сактоо менен чыгарманы башка тилге которууга жана ал котормону жарыкка чыгарууга уруксат бериши мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы жана 1984-жыл 22-октябрдагы Указдарынын редакциясында).

503-статья. **Котормочунун автордук укугу**

Котормочуга өзү аткарган котормого карата автордук укук таандык.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

**504-статья. Чыгармалары башка тилге которулуп пайдаланылгандыгы үчүн автордун акы алууга укугу**

Чыгармалары башка тилге которулуп, пайдаланылгандыгы үчүн акы алуу укугу, закондо көрсөтүлгөндөн башка, бардык учурларда оригиналдын авторуна таандык.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

**505-статья. Автордун макулдугусуз жана автордук акы төлөбөстөн чыгарманы пайдалануу**

Автордун макулдугусуз жана автордук акы төлөбөстөн, бирок чыгармасы пайдаланылган автордун фамилиясын, жана да пайдаланылган эмгектин булагын милдеттүү түрдө көрсөтүү менен, төмөндөгүлөргө жол берилет:

1) аңгеме түрүндөгү чыгарманы драмалык чыгармага же болбосо сценарийге кайра иштеп чыккандан жана анын тескерисинче болгон учурлардан, ошондой эле драмалык чыгарманы сценарийге кайра иштеп чыккандан жана анын тескерисинче болгон учурлардан тышкары, башка бирөөнүн басылып чыккан чыгармасын жаңы, чыгармачылык жактан өз алдынча чыгарма түзүү үчүн пайдаланууга;

2) илимдин, адабияттын жана искусствонун басылып чыгарылган айрым чыгармаларын жана алардын үзүндүлөрүн илимий жана сын эмгектеринде, окуу жана саясий-агартуу китептеринде кайрадан пайдаланууга; мында цитаталар түрүндө кайрадан пайдаланууга басып чыгаруунун максаты менен шартталган чектерде жол берилет, ал эми башкача түрдө кайрадан пайдаланууга, мунун ичинде жыйнактарда кайрадан пайдаланууга, жалпы кошуп эсептегенде бир автордун чыгармаларынан бир автордук барактан ашпаган көлөмдө жол берилет;

3) адабияттын, илимдин жана искусствонун жарыкка чыгарылган чыгармалары жөнүндө, мунун ичинде аннотациялар, рефераттар, обзорлор түрүндө жана башка документалдык-информациялык формаларда мезгилдүү басма сөздө, кинодо, радио жана телевидение боюнча информация берүүгө;

4) эл алдында сүйлөнгөн сөздөрдү, докладдарды, ошондой эле адабияттын, илимдин жарыкка чыгарылган чыгармаларын кайрадан кинодо көрсөтүүгө, радио жана телевидение боюнча берүүгө. Эл алдында аткарылып жаткан чыгармаларды түздөн-түз аткарылып жаткан жеринен радио жана телевидение боюнча алып уктуруу да кайрадан пайдалануу деп эсептелет;

5) эл алдында сүйлөгөн сөздөрдү, докладдарды, ошондой эле адабияттын, илимдин жана искусствонун жарыкка чыгарылган чыгармаларынын оригиналын жана котормосун газеталарга кайрадан жарыялоого;

6) көргөзмөлөрдөн жана музейлерден башка жерлерде, адамдардын эркин кириши үчүн ачык болгон орундардагы сүрөт искусствосунун чыгармаларын, механикалык түрдөгү контакттуу көчүрүүдөн башка, кандайдыр бир жол менен көчүрмөсүн жасоого;

7) киреше алууну көздөбөстөн илимий, окуу жана агартуу максаттарында басма сөз чыгармаларын репродукциялоого;

8) рельефтүү-чекиттүү тамгалар менен сокурлар үчүн жарыкка чыгарылган чыгармаларды басып чыгаруу.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы жана 1977-жыл 5-январдагы Указдарынын редакциясында).

**506-статья. Өздүк керегин канааттандыруу үчүн чыгарманы пайдалануу**

Жарыкка чыгарылган башкалардын чыгармаларын өздүк керегин канааттандыруу үчүн автордун макулдугусуз жана автордук акы төлөбөй туруп керектөөгө же башка түрдө пайдаланууга жол берилет.

**507-статья. Башканын чыгармасын жаңы чыгарма түзүүгө пайдаланган жактын автордук укугу**

Башканын чыгармасын жаңы чыгарма түзүш үчүн пайдаланган жакка (ушул Кодекстин 505-статьясынын 1-пункту), ал тарабынан түзүлгөн чыгармага автордук укук тийиштүү.

Бул укук ушул эле чыгарманы жаңы чыгарма түзүү үчүн пайдаланышка башка жактарга тоскоолдук кылбайт.

**508-статья. Автордун макулдугусуз автордук акы төлөө менен чыгарманы пайдалануу**

Автордун макулдугусуз, бирок анын фамилиясын көрсөтүү жана автордук акы төлөө менен чыгармасын пайдаланууга төмөнкү учурларда жол берилет:

1) жарыкка чыгарылган чыгармаларды эл алдында аткарууга; бирок, эгерде көрүүчүлөрдөн акы алынбаган

болсо, автор Кыргыз ССРинин Министрлер Совети тарабынан көрсөтүлгөн учурларда гана акы алууга укуктуу болот;

2) чыгармаларды кинодо, радио же телевидение боюнча пайдалануудан башка учурларда (ушул Кодекстин 505-статьясынын 4-пункту), эл алдында аткаруу же таркатуу максаттарында жарыкка чыгарылган чыгармаларды пленкага, пластинкага, магниттик лентага же башка жабдууга жазууга;

3) тексттүү музыкалык чыгармаларды түзүү үчүн басылып чыккан адабий чыгармаларды композитор тарабынан пайдаланууга; мындай учурларда тексттин авторуна акыны чыгарманы пайдаланган уюм төлөйт;

4) сүрөттөөчү искусствосунун жарык көргөн чыгармаларын, ошондой эле фотографиялык чыгармаларды өнөр жайда чыгарылган буюмдарда пайдаланууга; бул учурларда автордун фамилиясын көрсөтүү милдеттүү эмес.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**509-статья. Автордук укуктун аракет кылуу мөөнөтү**

Автордук укук автордун бүткүл өмүр бою жана автор дүйнөдөн кайткан жылынан кийинки 1-январдан тартып ал дүйнөдөн кайткандан кийин 25 жыл бою аракетте болот.

Автордук укук мурас боюнча өтөт. Автордун атына болгон укугу жана чыгармага кол тийбестик укугу мурас боюнча өтпөйт.

Автор дүйнөдөн кайткандан кийин анын атын жана чыгарманын кол тийбестигин коргоо ушул Кодекстин 492 жана 493-статьяларынын жоболоруна ылайык жүзөгө ашырылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

**510-статья. Коллективдүү чыгармаларга автордук укуктун аракет кылуу мөөнөтү**

Коллективдүү чыгармага автордук укук авторлордун ар биринин өмүр бою таандык болот жана мурас боюнча өтөт.

Автор дүйнөдөн кайткан жылынан кийинки 1-январдан тартып 25 жыл бою ар бир шериктеш авторлордун мураскорлору автордук укуктан пайдаланышат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).



**511-статья. Уюмдарга тийиштүү автордук укуктун аракет кылуу мөөнөтү**

Уюмдардын автордук укугу мөөнөтсүз аракетте болот. Ал уюм кайра уюштурулган учурда ага тийиштүү болгон автордук укук, анын укук кабыл алуучусуна, ал эми жоюлган учурда — мамлекетке өтөт.

**512-статья. Автордун өздүк мүлксүз укуктарын сактоо**

Башка бирөөнүн чыгармасын автор же анын укугуна ээ болуучулар менен договор түзбөстөн пайдаланган (ушул Кодекстин 501-статьясы), автордун макулдугусуз чыгарманы пайдалануунун шарттарын бузган (ушул Кодекстин 505-жана 508-статьялары) учурларда, ошондой эле чыгармалардын кол тийбестигин бузган (ушул Кодекстин 492-статьясы) же автордун өздүк мүлксүз укуктарын бузган учурда, автор, ал эми ал өлгөндөн кийин укугуна ээ болуучулар жана ушул Кодекстин 493-статьясында көрсөтүлгөн башка жактар бузулган укуктарын кайра калыбына келтирүүнү (тийиштүү оңдоолор киргизүүнү, келтирилген бузуулар жөнүндө басма сөздө же башка жолдор менен жарыялоону), же болбосо чыгарманын жарыкка чыгышына тыюу салууну же анын таркалышын токтотууну талап кылууга акылуу.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

**513-статья. Автордун автордук укугу бузулган учурларда анын мүлктүк укуктарын сактоо**

Эгерде автордук укуктун бузулушу менен авторго же анын укугуна ээ болуучу адамдарга зыян келтирилген болсо (ушул Кодекстин 219-статьясы), анда ушул Кодекстин 512-статьясында көрсөтүлгөн талаптарга карабастан, автор же анын укугуна ээ болуучу адамдар зыянды төлөтүп алууну талап кылууга акылуу.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

**514-статья. Автордук укуктун мамлекет тарабынан сатып алынышы**

Чыгарманы басып чыгаруу, эл алдында аткаруу же башкача пайдалануу үчүн автордук укук мамлекет тарабынан автордон же анын мураскорлорунан ар бир айрым учурда Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин өзгөчө

11=140

токтому боюнча мажбурлоо менен сатып алынышы мүмкүн.

Автордук укугу сатылып алынган чыгармаларды пайдалануунун тартиби жана шарты Кыргыз ССРинин Министрлер Совети тарабынан белгиленет.

**515-статья. Чыгарманы мамлекеттин энчиси кылып жарыялоо**

Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому менен автордук укугунун мөөнөтү бүткөн чыгармаларды мамлекеттин энчиси деп жарыялоого болот.

Мамлекеттин энчиси деп жарыяланган чыгармаларды пайдалануунун тартиби жана шарты Кыргыз ССРинин Министрлер Совети тарабынан белгиленет.

**516-статья. Автордук договор жана анын типтери**

Чыгарманы пайдалануу максатында автор же анын укугуна ээ болуучу адам тийиштүү уюм менен автордук договор түзүүгө акылуу.

Автордук договорлор төмөндөгүдөй эки типте болушу мүмкүн:

чыгарманы пайдалануу үчүн берүү жөнүндө автордук договор; автордук лицензиялык договор.

Чыгарманы пайдалануу үчүн берүү жөнүндөгү автордук договор боюнча автор же анын укугуна ээ болуучу адам договор боюнча шартталган жол менен пайдалануу үчүн уюмга чыгарманы берет же болбосо автор чыгарманы түзүүгө жана договордо белгиленген мөөнөттө берүүгө милдеттенет, ал эми уюм договордо белгиленген мөөнөттө бул пайдаланууну жүзөгө ашырууга же баштоого (ушул Кодекстин 523-статьясы), ошондой эле авторго же анын укугуна ээ болуучу адамга, закондо көрсөтүлгөн учурлардан тышкары, акы төлөөгө милдеттенет.

Автордук лицензиялык договор боюнча автор же анын укугуна ээ болуучу адам уюмга договордо шартталган чектерде жана договордо белгиленген мөөнөттө чыгарманы пайдаланууга, мунун ичинде башка тилге которуу же кайрадан өзгөртүү жолу менен пайдаланууга укук берет, ал эми уюм бул укукту бергендик же договордо каралган формада чыгарманы пайдалангандык үчүн, ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондорунда башкача белгиленбегендиктен же тараптар башка жөнүндө макулдашпагандыктан, акы төлөөгө милдеттенет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).



**517-статья. Чыгарманы пайдалануу үчүн берүү жөнүндөгү автордук договорлордун түрлөрү**

Чыгарманы пайдалануу үчүн берүү жөнүндөгү автордук договорлордун түрлөрүнө төмөндөгүлөр кирет:

чыгарманы оригиналда басып чыгаруу же кайрадан басып чыгаруу жөнүндө договор (басма договору);

кол жазманы депонировкалоо жөнүндө договор;

жарыяланбаган чыгарманы эл алдында аткаруу жөнүндө договор (постановкалык договор); мында бир жолу акы төлөөнү караган постановкалык договор ошол эле бир чыгармага автор тарабынан бир гана уюм менен түзүлүшү мүмкүн;

жарыяланбаган чыгарманы кинофильмде же телевидениелик фильмде (сценариялык договор), радиодо же телевидениелик берүүдө пайдалануу жөнүндө договор;

эл алдында көрсөтүү максатында сүрөт искусствосунун чыгармасын түзүү жөнүндө договор (көркөм заказ берүү договору);

жарыяланбаган декоративдик-прикладдык искусство чыгармасын өнөр жайында пайдалануу жөнүндө договор;

ошондой эле адабияттын, илимдин жана искусствонун чыгармаларын тигил же бул жол менен пайдалануу үчүн берүү жөнүндө башка договорлор.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы жана 1984-жыл 22-октябрдагы Указдарынын редакциясында).

**518-статья. Автордук договордун формасы**

Автордук договор кат жүзүндөгү формада түзүлүүгө тийиш (ушул Кодекстин 47-статьясы).

Чыгармаларды мезгилдүү басма сөздөрдө жана энциклопедиялык сөздүктөрдө жарыялоо жөнүндөгү договорлор үчүн жазуу формасы милдеттүү эмес.

**519-статья. Типтүү автордук договорлор**

ССР Союзунун закондорунда бул договорлорду бекитүүнү ССР Союзунун кароосуна берген учурдан тышкары, типтүү автордук договорлор кызыкчылыгы бар ведомстволор жана чыгармачылык союздар менен макулдашуу боюнча Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан белгиленген тартипте бекитилет.

Автордук договордо типтүү договорлордо көрсөтүлбөгөн шарттар болушу мүмкүн. Автор менен түзүлгөн договордун шарттары закондо же типтүү договорлордо белги-

ленген жоболорго салыштырганда автордун абалын начарлантса, андай шарттар жараксыз (анык эмес) деп табылат жана закон же типтүү договор тарабынан белгиленген шарттар менен алмаштырылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

520-статья. **Автордук договор боюнча автордун акысынын өлчөмү**

Автордук договор боюнча төлөнүүчү акынын өлчөмү белгиленген ставкалардын чегинде тараптардын макулдашуусу менен, ал эми мындай ставкалар жок болгон кезде — ушул Кодекстин 491-статьясы боюнча белгиленет.

521-статья. **Чыгарманы өткөрүп берүү жана жактыруу**

Чыгарманы пайдалануу үчүн берүү жөнүндөгү автордук договор боюнча автор өзүнө заказ кылынган чыгарманы договордун шарттарына ылайык аткарууга жана аны договордо белгиленген мөөнөттө жана шартташылган тартипте уюмга берүүгө милдеттүү.

Уюм типтүү договор тарабынан белгиленген мөөнөттөн кеч эмес убакта автордук договор боюнча ага өткөрүлүп берилген чыгарманы жактыргандыгы жөнүндө, же болбосо договордо көрсөтүлгөн негиздер боюнча аны четке каккандыгы жөнүндө, же болбосо договордун шарттарынын чегинде чыгармага оңдоолорду киргизүү зарыл экендиги жөнүндөгү талап кылынган оңдоолордун мазмунун так көрсөтүп, кат жүзүндө авторго билдирүүгө милдеттүү. Эгерде типтүү договор тарабынан белгиленген мөөнөттө авторго кат жүзүндө кабар жиберилбесе, уюм тарабынан чыгарма жактырылган болуп эсептелинет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

522-статья. **Договор түзүлгөн чыгарманы үчүнчү жактар тарабынан пайдаланууну чектөө**

Типтүү договорлор тарабынан көрсөтүлгөн учурлардан тышкары, чыгарманы пайдалануу үчүн берүү жөнүндөгү автордук договор боюнча автор экинчи тараптын кат жүзүндөгү макулдугусуз договордо көрсөтүлгөн чыгарманы же анын бөлүгүн договордо шартталган жол менен пайдалануу үчүн үчүнчү жактарга берүүгө акылуу эмес. Мындай чектөөнүн мөөнөтү типтүү договорлор тарабынан



белгиленет, бирок чыгарма уюм тарабынан жактырылган күндөн тартып үч жылдан ашпоого тийиш. Договордо шартталгандан башкача жолдор менен да чыгарманы пайдалануу үчүн беришке автор акылуу болбогон учурлар типтүү договорлордо көрсөтүлүшү мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

523-статья. **Уюмдун чыгарманы пайдалануу милдети**

Чыгарманы пайдалануу үчүн берүү жөнүндөгү автордук договор боюнча уюм договордо шартташылган жол менен чыгарманы ушул эле договордо белгиленген мөөнөттө жүзөгө ашырууга же пайдаланууну баштоого милдеттүү, бул мөөнөт уюм тарабынан чыгарма жактырылган күндөн тартып эки жылдан ашпоого тийиш. Бул милдет сценариялык договор же көркөм заказ договорун түзгөн уюмга таркатылбайт.

Чыгармалардын көлөмүнө жана алардын пайдаланылышынын мүнөзүнө карата типтүү договорлор тарабынан ушул статьяда көрсөтүлгөнгө караганда, өтө кыскараак мөөнөттөр белгилениши мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

524-статья. **Договорду бузгандык үчүн автордун жоопкерчилиги**

Эгерде автор өзүнүн күнөөсү боюнча договордо белгиленген мөөнөттө чыгарманы уюмга бербегендигинин; заказ кылынган ишти договордун шарттарына ылайык эмес же ыntaасыз аткаргандыгынын; договордо белгиленген тартипте жана чектерде өзүнө сунуш кылынган түзөтүүлөрдү киргизүүдөн отказ кылгандыгынын; ишти өзү аткаруу жөнүндөгү милдеттенмени бузгандыгынын же болбосо ушул Кодекстин 522-статьясынын эрежелерин бузгандыгынын натыйжасында уюм тарабынан договор бузулса, автор чыгарманы пайдалануу үчүн берүү жөнүндөгү договор боюнча алынган автордук акыны кайтарып берүүгө милдеттүү.

Эгерде уюм договор тарабынан көрсөтүлгөн негиздер боюнча (ушул Кодекстин 521-статьясы) чыгарманы кабыл албаса жана заказ кылынган жумушту аткарууда автордун ыntaасыз иштегендигин сот аркылуу далилдей албаса, типтүү договорлор тарабынан аныкталгандай договор боюнча алынган акы толугу менен же жарым-жартылай бөлүгү автордун пайдасында калат. Бул бөлүк договор-

дуң суммасынын жыйырма беш процентинен кем болууга мүмкүн эмес.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

525-статья. **Договорду бузгандык үчүн уюмдун жоопкерчилиги**

Эгерде уюм чыгарманы пайдалануу үчүн берүү жөнүндөгү договордо белгиленген мөөнөттө (ушул Кодекстин 523-статьясы), өзү тарабынан жактырылган чыгарманы жүзөгө ашырбаса же пайдаланууну баштабаса, ал автордун талабы боюнча шарттtable шарттаашылган акыны авторго толугу менен төлөп беришке милдеттүү. Бул учурда автор договордон отказ кылууга жана договор боюнча берилген чыгармасынын экземплярын кайтарып берүүнү талап кылууга да акылуу. Эгерде уюм чыгарма автордун өзүнө байланыштуу жагдайлар менен пайдаланылбай калганын далилдесе, анда уюм чыгарма пайдаланыла башталгандан кийин автор алууга тийиш болгон акынын бөлүгүн төлөө милдетинен бошотулат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

526-статья. **Заказ боюнча түзүлгөн сүрөттөөчү искусствосунун чыгармасына менчик укугунун өтүшү**

Договор тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, заказ боюнча түзүлгөн сүрөттөөчү искусствосунун чыгармасы заказчынын менчигине өтөт. Автор бул чыгармасына автордук укугун сактап калат.

Чыгарманын ээси авторго кошумча акы төлөбөстөн, аны эл көрүүчү көрсөтмөлөргө коюуга акылуу.

527-статья. **Сүрөттөөчү искусствосунун чыгармасында элеси түшүрүлгөн граждандин кызыкчылыгын сактоо**

Башка адамдын элеси түшүрүлгөн сүрөттөөчү искусствосунун чыгармасын жарыялоого, кайра иштеп пайдаланууга жана жайылтууга, ошол элеси түшүрүлгөн адамдын макулдугу, ал эми ал өлгөндөн кийин — анын балдарынын жана тирүү болгон эринин (аялынын) макулдугу менен гана жол берилет. Эгерде бул мамлекеттин же коомчулуктун кызыкчылыгы үчүн иштелип жатса, же элеси түшүрүлгөн адамга автор тарабынан акы төлөп тартылган болсо, андай макулдук талап кылынбайт.



528-статья. **Заказдар боюнча аткарылган архитектуралык, инженердик жана башка техникалык пландарды пайдалануунун тартиби**

Уюмдардын заказы боюнча аткарылган архитектуралык, инженердик жана башка техникалык пландарды, чертеждорду жана сүрөттөрдү авторго кошумча акы төлөбөстөн заказчылар тарабынан өз керектери үчүн пайдаланылышы, алар тарабынан пайдаланыш үчүн үчүнчү жактарга же басмага кайрадан басууга берилиши мүмкүн.

529-статья. **Башка тилге которуу же кайрадан башкача өзгөртүү жолу менен чыгарманы пайдаланууга укук берүү жөнүндөгү автордук лицензиялык договор**

Башка тилге которуу же башка түрдөгү чыгармага кайрадан өзгөртүү жолу менен чыгарманы пайдалануу укугун берүү жөнүндөгү автордук лицензиялык договордун шарттары (атап айтканда, аңгеме түрүндөгү чыгарманы драмалык чыгармага же сценарийге кайра иштеп чыгуу же болбосо анын тескерисинче), эгерде ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондорунда башкача каралбаган болсо, договорду түзүү кезинде тараптар тарабынан аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-жыл 21-июндагы Указынын редакциясында).

## V БӨЛҮМ

## АЧУУГА КАРАТА УКУК

530-статья. **Ачуунун авторунун укугу**

Ачуунун автору СССР Министрлер Советинин тарабынан бекитилген ачуулар, ойлоп чыгаруулар жана рационализатордук сунуштар жөнүндөгү Жободо каралган учурларда жана тартипте бериле турган диплом аркылуу күбөлөндүрүлүүчү ачуудагы өзүнүн автордугун жана приоритетин (биринчилигин) таанууну талап кылууга укуктуу.

Ачуунун автору диплом алган кезде төлөнүүчү акыны алууга, ошондой эле ачуулар, ойлоп чыгаруулар жана рационализатордук сунуштар жөнүндөгү Жободо каралган жеңилдиктерден пайдаланууга укуктуу.

**531-статья. Ачуунун авторунун укуктарынын мурас боюнча өтүшү**

Ачуунун автору өлгөндө дипломун алуу, ошондой эле ачуу үчүн акы алуу укугу закон тарабынан белгиленген тартипте мурас боюнча өтөт.

**532-статья. Ачууга карата автордук жөнүндө талаштар**

Ачууга карата автордук (шериктеш авторлук) жөнүндөгү талаштар сот тарабынан чечилет.

## VI БӨЛҮМ

## ОЙЛОП ЧЫГАРУУГА, РАЦИОНАЛИЗАТОРДУК СУНУШКА ЖАНА ӨНӨР ЖАЙЛЫК ҮЛГҮГӨ УКУК[1]

**533-статья. Ойлоп чыгарууга автордук күбөлүк жана патент**

Ойлоп чыгаруунун автору өзүнүн каалоосу боюнча ойлоп чыгарууларга карата мамлекетке айрыкча укук берүү менен өзүнүн автордугун таанууну, же болбосо ойлоп чыгарууга карата өзүнө айрыкча укукту сактап калуу менен өзүнүн автордугун таанууну талап кылышы мүмкүн. Биринчи учурдагыда ойлоп чыгарууларга автордук күбөлүк берилет, экинчидегиде — патент берилет. Автордук күбөлүктөр жана патенттер ачуулар, ойлоп чыгаруулар жана рационализатордук сунуштар жөнүндөгү Жободо каралган шарттарда жана тартипте берилет.

СССРдин чектеринде ишке ашырылган ойлоп чыгарууларды жана чет мамлекеттеги советтик граждандар тарабынан ишке ашырылган ойлоп чыгарууларды чет мамлекетке патенттөөгө, ошондой эле советтик ойлоп чыгарууларды чет мамлекетке ар кандай түрдө берүүгө СССР Министрлер Совети тарабынан белгиленген тартипте гана жол берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**534-статья. Автордук күбөлүк берилген ойлоп чыгарууларды пайдалануу**

Ойлоп чыгарууларга автордук күбөлүк берилген учурларда бул ойлоп чыгарууларга мамлекеттин айрыкча укугу заявка берилген күндөн тартып он беш жыл бою күчүндө болот. Мамлекет аны колдонууга киргизүүнүн максатка ылайыктуулугун эске алуу менен ойлоп чыгарууну ишке киргизүү жөнүндө камкордукту өзүнө алат.

Кооперативдик жана башка коомдук уюмдар мамлекеттик уюмдар менен бирдей негиздерде өздөрүнүн иш чөйрөсүнө тиешелүү болгон ойлоп чыгарууларды пайдалана алышат. Көрсөтүлгөн ойлоп чыгаруулардын заявка берилген күндөн тартып он беш жыл ичинде промысел максатында башка уюмдар жана адамдар тарабынан пайдаланылышына буга полномочиеси бар мамлекеттик органдын уруксаты менен гана жол берилет.

Автордук күбөлүк берилген ойлоп чыгаруучу, анын ойлоп чыгаруулары пайдаланылган учурда, аны пайдалануунун натыйжасында алынуучу үнөмгө же башка пайдалуу эффектиге жараша акы алууга, ошондой эле ачуулар, ойлоп чыгаруулар жана рационализатордук сунуштар жөнүндөгү Жобого ылайык жеңилдиктерден пайдаланууга укуктуу.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**535-статья. Ойлоп чыгарууга патент ээсинин укугу**

Патент заявка берилген күндөн тартып эсептөө менен он беш жылдык мөөнөткө берилет. Заявка берүүчүнүн укугу да ошол күндөн баштап корголот. Патент таандык болгон жактын (патент ээсинин) макулдугу болмоюнча ойлоп чыгарууларды эч ким пайдалана албайт. Патент ээси өзүнүн ойлоп чыгарганын пайдаланууга уруксат (лицензия) бере алат же патентти толугу менен өткөрүп бере алат. СССР Министрлер Совети тарабынан аныктала турган учурларда жана тартипте патенттин аракети мөөнөтүнөн мурда токтолушу мүмкүн.

Ойлоп чыгаруучуларга заявка берилгенге чейин ойлоп чыгаруучусуз (катышуусуз) эле СССРдин чектеринде ошол ойлоп чыгарууларды колдонгон же колдонууга карата зарыл даярдыктарды жасаган уюм, ошол ойлоп чыгарууларды андан ары карай акысыз пайдалануу укугун сактап калат. Бул маселе боюнча талаштар соттук тартипте чечилет.

Ойлоп чыгаруу мамлекет үчүн бөтөнчө чоң мааниге ээ болгон, бирок патент ээси менен патентти өткөрүп берүү жөнүндө же лицензия берүү жөнүндө келишимге жетишилбеген учурларда, СССР Министрлер Советинин чечими боюнча патент мамлекет тарабынан мажбурлоо түрүндө сатып алынышы мүмкүн, же болбосо патент ээсине

[1] VI бөлүмдүн аталышы — Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында.

акы берүүнү белгилөө менен ойлоп чыгарууларды пайдаланууга тиешелүү уюмга уруксат берилиши мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

536-статья. **Рационализатордук сунуштун авторунун укуктары**

Өндүрүшкө киргизүүгө (пайдаланууга) кабыл алынган рационализатордук сунуштун авторуна, анын автордугун белгилөөчү күбөлүк кат берилет. Ал өзүнүн сунушун өндүрүшкө киргизүүнүн натыйжасында алынган үнөмгө же башка пайдалуу эффектиге жараша акы алууга, ошондой эле ачуулар, ойлоп чыгаруулар жана рационализатордук сунуштар жөнүндөгү Жобого ылайык жеңилдиктерден пайдаланууга укуктуу.

536[1]-статья. **Өнөр жайлык үлгүгө укук**

Өнөр жайлык үлгүнүн автору өз каалоосу боюнча же өнөр жайлык үлгүгө айрыкча укукту мамлекетке өткөрүп берүү менен өзүнүн автордугун таанууну, же өнөр жайлык үлгүгө айрыкча укукту өзүндө сактап калуу менен өзүнүн автордугун таанууну талап кыла алат. Биринчи учурда өнөр жайлык үлгүгө күбөлүк берилет, экинчисинде — патент берилет. Күбөлүктөр жана патенттер СССР Министрлер Совети бекитүүчү өнөр жайлык үлгүлөр жөнүндөгү Жободо карала турган шарттарда жана тартипте берилет.

Өнөр жайлык үлгүгө күбөлүк берилген учурларда бул үлгүгө мамлекеттин айрыкча укугу үлгүнүн приоритетинин күнүнөн тартып он жыл бою аракетте болот.

Өнөр жайлык үлгүгө патентке негизденген айрыкча укук бул үлгүнүн приоритетинин күнүнөн тартып беш жыл бою аракетте болот. Көрсөтүлгөн мөөнөт патент ээсинин өтүнүчү боюнча узартылышы мүмкүн, бирок беш жылдан ашык эмес мөөнөткө.

Күбөлүк алган өнөр жай үлгүсүнүн автору бул үлгү пайдаланылган учурда акчалай сыйлык алууга укуктуу, ошондой эле өнөр жайлык үлгүлөр жөнүндөгү Жобого ылайык жеңилдиктер алууга да укуктуу.

СССРдин чегинде түзүлгөн өнөр жайлык үлгүлөрдү жана советтик граждандар тарабынан чет өлкөлөрдө түзүлгөн өнөр жайлык үлгүлөрдү, патенттөөгө, ошондой эле советтик өнөр жай үлгүлөрүн чет өлкөгө кандай гана болбосун өткөрүп берүүгө СССР Министрлер Совети тарабынан белгиленген тартипте гана жол берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).



537-статья. **Сунуштарды өндүрүшкө киргизүүдө ойлоп чыгаруунун, рационализатордук сунуштун жана өнөр жайлык үлгүнүн авторунун катышуусу**

Ойлоп чыгаруулардын, рационализатордук сунуштардын жана өнөр жайлык үлгүлөрдүн авторлору СССР Министрлер Совети аныктай турган тартипте өздөрүнүн сунуштарын өндүрүшкө киргизүү боюнча жумуштарды жүргүзүүгө катышат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

538-статья. **Ойлоп чыгаруунун, рационализатордук сунуштун жана өнөр жайлык үлгүнүн авторунун укугунун мурас боюнча өтүшү**

Ойлоп чыгарууга автордук күбөлүк же патент, рационализатордук сунушка күбөлүк, өнөр жайлык үлгүгө күбөлүк же патент алуу жана ойлоп чыгаруу, рационализатордук сунуш жана өнөр жай үлгүсү үчүн акчалай сыйлык алуу укугу, ошондой эле ойлоп чыгарууга жана өнөр жайлык үлгүгө патентке негизденген айрыкча укук закондо белгиленген тартипте мурас боюнча өтөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

539-статья. **Автордук жөнүндө жана акы төлөө жөнүндө талаштар**

Ойлоп чыгарууларга жана өнөр жайлык үлгүгө карата автордук (шериктеш авторлук) жөнүндөгү талаштар сот тарабынан чечилет. Рационализатордук сунушка карата биринчилик жөнүндөгү талаштар да, эгерде алар сунуштун өндүрүшкө киргизилген жериндеги уюмда чечилбеген болсо, бул талаштар да сот тарабынан чечилет.

Ойлоп чыгаруулар, рационализатордук сунуштар жана өнөр жайлык үлгүлөр үчүн акчалай сыйлык төлөөнүн өлчөмү, эсептеп чыгаруунун тартиби жана мөөнөттөрү жөнүндөгү маселелер боюнча талаштар тийиштүүлүгүнө жараша ачылыштар, ойлоп чыгаруулар жана рационализатордук сунуштар жөнүндөгү Жободо жана өнөр жайлык үлгүлөр жөнүндөгү Жободо каралган тартипте чечилет, ал эми кабыл алынган чечим туура эмес деп эсептеген автор сотко кайрыла алат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

## VII БӨЛҮМ

# МУРАСТЫҢ УКУК

### 540-статья. Мурастоонун негиздери

Мурастоо закон боюнча же керээз калтыруу боюнча ишке ашырылат.

Эгерде ал керээз калтыруу менен өзгөртүлбөсө, закон боюнча мурастоого жол берилет.

Эгерде закон боюнча да, керээз калтыруу боюнча да, мураскорлор жок болсо же мураскорлордун эч кимиси мурасты кабыл албаса, же болбосо мураскорлордун бардыгы керээз калтыруучу тарабынан мурастан ажыратылган болсо, өлгөндүн мүлкү мурастык укук боюнча мамлекетке өтөт.

### 541-статья. Мурастын ачылган убагы

Мурастын ачылган убагы болуп, мурас калтыруучунун өлгөн күнү, ал эми аны өлгөн деп жарыяланган кезде — ушул Кодекстин 21-статьясында көрсөтүлгөн күн саналат.

### 542-статья. Мурастын ачылган орду

Мурастын ачылган орду болуп, мурас калтыруучунун эң акыркы туруктуу жашаган жери (ушул Кодекстин 17-статьясы), ал эми жашаган жери белгисиз болсо — мүлк турган же анын негиздүү бөлүгү турган жер саналат.

### 543-статья. Мураскор боло турган граждандар

Төмөндөгүлөр мураскор боло алышат:

закон боюнча мурастоо болгон кезде — мурас калтыруучу өлгөн учурдагы тирүү граждандар, ошондой эле мурас калтыруучу өлгөндөн кийин төрөлгөн анын балдары;

керээз калтыруу боюнча мурастоо болгон кезде — мурас калтыруучу өлгөн учурдагы тирүү граждандар, ошондой эле мурас калтыруучунун тирүү кезинде бойго бүтүп, ал өлгөндөн кийин төрөлгөндөр.

### 544-статья. Мурастоого укугу жок граждандар

Мурас калтыруучуга же анын мураскорлорунун бирине каршы же керээзде айтылган мурас калтыруучунун акыркы эркин жүзөгө ашырууга каршы багытталган өздөрүнүн законго каршы аракеттери менен өздөрүн мурастоого чакыртышка жетишкен граждандар, эгерде бул жагдайлар соттук тартипте аныкталса, закон боюнча да, керээз калтыруу боюнча да мурастыкка ээ болууга укуктары жок.



Балдарга карата ата-энелик укуктарынан ажыратылган жана мурас ачылган кезде бул укуктары калыбына келтирилбеген ата-энелер балдарынан кийин, ошондой эле законго ылайык мурас калтыруучуну багуу боюнча милдеттерин аткаруудан кыянаттык менен баш тартып келишкен ата-энелер жана жашка жеткен балдары, эгерде бул жагдай соттук тартипте аныкталса, закон боюнча мураскор боло алышпайт.

Ушул статьянын биринчи бөлүгүндөгү эрежелер, ошондой эле керээздик отказ укугуна да колдонулат (ушул Кодекстин 551-статьясы).

### 545-статья. Закон боюнча мураскорлор

Закон боюнча мурастоо болгон кезде төмөнкүлөр бирдей үлүштөгү мураскорлор боло алышат:

биринчи кезекте — өлгөн адамдын балдары (мунун ичинде бала кылып алынгандар да кирет), аялы (эри) же ата-энеси (бала кылып алуучулар), ошондой эле өлгөндөн кийин төрөлгөн баласы;

экинчи кезекте — өлгөн адамдын ага-инилери жана эже-сиңди, карындаштары, анын чоң ата жана чоң энеси жана таята, тай энеси.

Экинчи кезектеги мураскорлор закон боюнча мурастоого биринчи кезектеги мураскорлор жок болгон кезде же алар мурастан баш тарткан кезде, ошондой эле качан биринчи кезектеги мураскорлор мурастоо укугунан керээз калтыруучу тарабынан ажыратылган учурда чакырылышат.

Өлгөн адамдын кеминде бир жылдан кем эмес, ал өлгөнгө чейин багуусунда турган эмгекке жараксыз адамдар закон боюнча мураскорлордун катарына киришет. Башка мураскорлор болгон кезде, алар, мурастоого чакырылып жаткан кезектеги мураскорлор менен бир катарда мураска ээ болушат.

Мурас калтыруучунун неберелери же чөбүрөлөрү закон боюнча мураскор болуп эсептелишет, эгерде мурас ачылган мезгилде мураскор боло ала турган алардын ата-энесинин кимдир бирөө тирүү болбой калса; алар өздөрүнүн өлгөн ата-энесинин бирине закон боюнча мурас кандай үлүштө тийиштүү болсо ошол үлүштө мураска ээ болушат.

Бала кылынып алынгандар жана алардын тукуму бала кылынып алынгандын ата-энесинин, кандаш болгон түпкү теги боюнча кетүүчү анын туугандарынын (чоң ата, чоң эне, тай ата, тай эне жана андан аркылары), ошондой эле кандаш анын ага-инилеринин жана эже-карындаш,

сиңдилеринин өлүмүнөн кийин мурастоого ээ боло алышпайт.

Бала кылынып алынгандын ата-энеси жана кандаш болгон түпкү теги боюнча кетүүчү анын туугандары, ошондой эле кандаш анын ага-инилери жана эже-карындаш, сиңдилери бала кылынып алынгандын жана анын тукумдарынын өлүмүнөн кийин мурастоого ээ боло алышпайт.

546-статья. **Үй жасалгасынын жана үй эмеректеринин буюмдарын мурастоо**

Кадимки жөнөкөй үй жасалгасынын жана үй эмеректеринин буюмдары мурастоонун кезегине жана үлүшүнө карабастан, мурас калтыруучу өлгөнгө чейин аны менен бир жылдан кем эмес убакыт бирге жашап турушкан закон боюнча мураскорлорго өтөт.

547-статья. **Граждандын өз ыктыяры боюнча өзүнүн мүлктөрүн керээздөө укугу**

Ар бир граждандын өзүнүн бардык мүлкүн же анын бир бөлүгүн (кадимки жөнөкөй үй жасалгасынын жана үй эмеректеринин буюмдары менен кошо) закон боюнча мураскорлордун чөйрөсүнө кирүүчү, ошондой эле кирбөөчү бир же бир нече адамдарга, ошондой эле мамлекетке же айрым мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук уюмдарга керээз кылып калтыра алат.

Керээз калтыруучу керээзинде закон боюнча мураскорлордун бирин, бир канчасын же бардыгын мурастоо укугунан ажыратып коё алат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

548-статья. **Мурастыкта милдеттүү үлүшкө укук**

Мурас калтыруучунун жашка жетпеген же эмгекке жөндөмдүүлүгү жок балдары (анын ичинде бала кылынып алынгандар), ошондой эле өлгөн адамдын эмгекке жөндөмдүүлүгү жок аялы (эри), ата-энеси (бала кылып алгандар) жана багуусундагы адамдар (иждивенцтер) керээздин мазмунуна карабастан, закон боюнча мурастоо болгон кезде алардын ар бирине тиешелүү болгон үлүштүн (милдетүү үлүш) кеминде үчтөн экисине мураска ээ болушат. Милдеттүү үлүштүн өлчөмүн аныктаган кезде, кадимки жөнөкөй үй жасалгасынын жана үй эмеректеринин буюмдары кирген мурастык мүлктүн наркы да эсепке алынат.



549-статья. **Кошумча мураскор дайындоо**

Мурас калтыруучу ал дайындаган мураскор мурас ачылганга чейин өлүп калуу же мурасты албай коюу учуру үчүн керээзинде башка кошумча мураскорду көрсөтүүгө акылуу.

550-статья. **Керээз калтырылбай калган мүлктүн бөлүгүн мурастоо**

Керээз калтырылбай калган мүлктүн бөлүгү ушул Кодекстин 545- жана 546-статьяларынын тартибинде мурастоого чакырыла турган закон боюнча мураскорлордун ортосунда бөлүнөт.

Бул мураскорлордун эсебине, эгерде керээзде башкача көрсөтүлбөсө, аларга керээз боюнча мүлктүн башка бөлүгү калтырылган закон боюнча мураскорлор да киришет.

551-статья. **Керээздик отказ**

Керээз калтыруучу керээз боюнча кандайдыр бир милдеттенмени (керээздик отказды) бир же бир нече жактардын (отказды кабыл алуучулардын) пайдасына аткарууну мураскорго жүктөөгө акылуу, отказды кабыл алуучулар ал милдеттенменин аткарылышын талап кылуу укугуна ээ болушат. Закон боюнча мураскорлордун эсебине кирген, ошондой эле кирбеген жактар да отказ кабыл алуучулары боло алышат.

Керээз калтыруучу турак үй өткөн мураскорго ушул үйдөн же анын белгилүү бөлүгүнөн башка бир адамга өмүр бою пайдаланууга берүү милдеттенмени жүктөөгө акылуу.

Мында кийин үйгө же анын бөлүгүнө менчик укугу башкага өткөн кезде да өмүр бою пайдалануу укугу күчүн жоготпойт.

Керээз калтыруучу тарабынан ага керээздик отказдын аткарылышы жүктөлгөн мураскор, аны өзүнө өткөн мурастык мүлктүн чыныгы наркынын чегинде гана, мындан мурас калтыруучунун карыздарынын бул мураскор төлөөгө туура келген бөлүгүн алып таштоо менен аткарууга тийиш.

Эгерде керээздик отказдын аткарылышы ага жүктөлгөн керээз боюнча мураскор мурастыкта милдеттүү үлүшкө укуктуу болсо, анда ал керээздик отказды мурастыктагы өзүнүн милдеттүү үлүшүнүн өлчөмүнөн ашкан, ага өткөн мүлктүн наркынын чегинде гана аткарат.

Керээздик отказды аткаруу жүктөлгөн мураскор, му-

рас ачылганга чейин өлүп калган учурда же болбосо, ал мурасты кабыл албай койгон учурда керээздик отказды аткаруу милдеттенмеси анын үлүшүн алган башка мураскорлорго өтөт.

**552-статья. Мураскорго жалпыга пайдалуу максаттар үчүн аракеттерди аткарууну тапшыруу**

Керээз калтыруучу мураскорго кандайдыр бир жалпыга пайдалуу максаттарды иш жүзүнө ашырууга багытталган кандайдыр бир аракеттерди аткарууну тапшыра алат.

Эгерде бул аракеттер мүлктүк мүнөздө болсо, тиешесине жараша ушул Кодекстин 551-статьясынын эрежелери колдонулат.

**553-статья. Керээздин нотариалдык формасы**

Керээз, анын түзүлгөн убагы жана орду көрсөтүлүшү менен кат жүзүндөгү формада түзүлүүгө, керээз калтыруучу тарабынан өз колу коюлган жана нотариалдык күбөлөндүрүлгөн болууга тийиш.

**554-статья. Нотариалдык күбөлөндүрүлгөнгө барабар болгон керээз каттар**

Төмөндөгүлөр нотариалдык күбөлөндүрүлгөн керээз каттарга барабар болот:

1) ооруканаларда, башка стационардык дарылоо-профилактика мекемелеринде, санаторийлерде дарыланып жатышкан же карылар жана инвалиддер үйлөрүндө жашап турушкан граждандардын бул ооруканалардын, дарылоо мекемелеринин, санаторийлердин башкы врачтары, алардын медициналык жактан орун басарлары же дежурный врачтары, ошондой эле карылар жана инвалиддер үчүн жогоруда көрсөтүлгөн үйлөрдүн директорлору жана башкы врачтары тарабынан күбөлөндүрүлгөн керээз каттары;

2) СССРдин желеги астында сүзүп жүрүшкөн деңиз кемелеринде же ички суулардагы кемелерде сүзүп жүрүү убагында жүрүшкөн граждандардын ошол кемелердин капитандары тарабынан күбөлөндүрүлгөн керээз каттары;

3) чалгындоо, арктикалык жана ошол өңдүү башка экспедицияларда жүрүшкөн граждандардын бул экспедициялардын начальниктери тарабынан күбөлөндүрүлгөн керээз каттары;

4) госпиталдарда, санаторийлерде жана башка аскердик-дарылоо мекемелеринде дарыланып жатышкан аскер кызматчыларынын жана башка адамдардын бул госпиталдардын, санаторийлердин жана башка аскердик-дарылоо мекемелеринин начальниктери, алардын медициналык жактан орун басарлары, старший жана дежурный врачтары тарабынан күбөлөндүрүлгөн керээз каттары;

5) аскер кызматчыларынын, ал эми мамлекеттик нотариалдык конторалар жана нотариалдык иштерди жүргүзүүчү башка органдар жок аскердик бөлүктөрдүн, бирикмелердин, мекемелердин жана аскердик-окуу жайларынын дислокациясынын пункттарында ошондой эле жумушчулардын жана кызматчылардын, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана аскер кызматчыларынын үй-бүлө мүчөлөрүнүн бул бөлүктөрдүн, бирикмелердин, мекемелердин жана жайлардын командирлери (начальниктери) күбөлөндүрүлгөн керээз каттары;

6) эркинен ажыратуу жайларында жүрүшкөн адамдардын эркинен ажыратуу жайларынын начальниктери күбөлөндүргөн керээз каттары.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 14-ноябрдагы Указынын редакциясында).

**555-статья. Керээз катка башка адамдын кол коюшу**

Эгерде керээз калтыруучу физический кемчилдигинин, оорусунун кесепетинен же башка бир себептер боюнча керээз катка өз колу менен кол коё турган болсо, анда керээз катка анын өзүнүн тапшыруусу боюнча, өзүнүн катышуусу, жана да мамлекеттик нотариустун, же болбосо башка кызмат адамынын (ушул Кодекстин 554-статьясы) катышуусу менен керээз калтыруучунун керээз катка өзү кол коё албагандыгынын себептери көрсөтүлүп, башка адам тарабынан кол коюлушу мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 14-ноябрдагы Указынын редакциясында).

**556-статья. Керээзди жоюу жана өзгөртүү**

Керээз калтыруучу каалаган убакта өзү жасаган керээзин жаңы керээз түзүү менен жоюуга же өзгөртүүгө акылуу.

Кийинки түзүлгөн керээз мурунку түзүлгөн керээзди толук же анын кийинки түзүлгөн керээзге карама-каршы келген бөлүгүн жоёт.

Керээз калтыруучу керээз катты күбөлөндүргөн мамлекеттик нотариалдык контората же эл депутаттарынын шаардык, селолук, поселоктук Советинин аткаруу комитетине арыз берүү менен да керээз катты жокко чыгара алат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 14-ноябрдагы жана 1984-жыл 22-октябрдагы Указдарынын редакциясында).

557-статья. Керээзди аткаруу

Керээзди аткаруу керээзде дайындалган мураскорлорго жүктөлөт.

Керээз калтыруучу керээзди аткарууну керээзде көрсөтүлгөн мураскор болбогон жакка (керээзди аткаруучуга) тапшыра алат.

Мындай учурда аткаруучунун, ал тарабынан керээздин өзүндө жазуу менен же болбосо керээзге тиркелген арызда айтылган макулдугу талап кылынат.

558-статья. Керээзди аткаруучунун полномочилери

Керээзди аткаруучу керээзди аткаруу үчүн зарыл болгон бардык аракеттерди иштөөгө акылуу.

Керээзди аткаруу боюнча өзүнүн аракеттери үчүн керээз аткаруучу акы албайт, бирок мурастык мүлктү сактоо боюнча жана аны башкаруу боюнча ал тарабынан жумшалган зарыл болгон расходдорду мурастын эсебинен төлөтүп алууга укуктуу.

Керээзди аткаргандан кийин керээз аткаруучу мураскорлорго алардын талабы боюнча отчет берүүгө милдеттүү.

559-статья. Мурасты кабыл алуу

Мураска ээ болуу үчүн мураскор аны кабыл алуусу тийиш. Мурасты шарт коюу же эскертүү менен кабыл алышка жол берилбейт.

Мурастык мүлктү башкара баштаса, же ага ээликти өз колуна алса же мурас ачылган жердеги нотариалдык органга мурасты алгандыгы жөнүндө арыз берсе, ошондон баштап мураскор мурасты кабыл алган болуп таанылат.

Ушул статьяда көрсөтүлгөн аракеттер мурас ачылган күндөн баштап алты айдын ичинде иштелүүгө тийиш.

Башка мураскорлор мурасты кабыл албаган учурда гана мурастоо укугу пайда болуучу жактар, мурасты кабыл алуу үчүн калган мөөнөттүн бөлүгүнүн ичинде мурасты кабыл алууга өзүнүн макулдугу жөнүндө билдирүүлөрү мүмкүн, ал эми эгерде бул бөлүк (мөөнөт) үч айдан кем болсо, анда ал үч айга чейин узартылат.

Кабыл алынган мурас, мурас ачылган убактан баштап мураскорго тийиштүү болуп эсептелинет.



560-статья. Мурасты кабыл алуу үчүн мөөнөттү узартуу

Эгерде мөөнөттүн өтүп кетишинин себептерин сот жүйөлүү деп тапса мурасты кабыл алуу үчүн ушул Кодекстин 559-статьясы менен белгиленген мөөнөт сот тарабынан узартылышы мүмкүн. Мурасты кабыл алышкан башка мураскорлордун бардыгынын макулдугу болгон кезде гана айтылган (көрсөтүлгөн) мөөнөт өтүп кетсе деле сотко кайрылбастан туруп мурас кабыл алынышы мүмкүн.

Мындай учурларда мурасты кабыл алуу мөөнөтүн өткөзүп жиберген мураскорго, башка мураскорлор кабыл алышкан же мамлекетке өткөн анын өзүнө тийиштүү болгон мүлктөн натуралай сакталып калганы гана, ошондой эле ага тийиштүү болгон мүлктүн башка бөлүгүн сатуудан түшкөн акча каражаттары берилет.

561-статья. Мурасты кабыл алууга болгон укуктун өтүшү

Эгерде закон боюнча же керээз боюнча мурасты кабыл алууга чакырылган мураскор, мурас ачылгандан кийин аны белгиленген мөөнөттө кабыл ала албай өлүп калса, ага тийиштүү мурастын үлүшүн алуу укугу анын мураскорлоруна өтөт.

Өлгөн мураскордун бул укугу мурасты кабыл алуу үчүн калган мөөнөттүн бөлүгүнүн ичинде анын мураскорлору тарабынан жалпы негизде жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Эгерде калган мөөнөттүн бөлүгү үч айдан кем болсо, ал үч айга чейин узартылат.

562-статья. Башка мураскорлор келгенге чейин мурастык мүлктү ээлеп жана тейлеп турууга киришкен мураскордун укуктары

Башка мураскорлордун келишин күтпөй мурастык мүлктү ээлеп жана тейлеп турууга киришкен мураскор, мурас ачылган күндөн тартып алты ай өткөнгө чейин же мураска укуктуулугу жөнүндө күбөлүк алганга чейин мурастык мүлктү башкарууга (сатышка, күрөөгө коюшка ж. у. с.) акысы жок.

Көрсөтүлгөн мөөнөт өткөнгө чейин же мураска укуктуулугу жөнүндө күбөлүк алганга чейин, мураскор мурастык мүлктүн эсебинен төмөнкү гана расходдорду жүргүзө алат:

1) мурас калтыруучу ооруп жаткан убактагы аны багууга кеткен, ошондой эле аны көмүүгө жумшалган чыгымдарды жабууга;

2) мурас калтыруучунун багуусунда болгон граждандарды асыроого;

3) эмгек акысы боюнча талаптарды жана ага теңелген башка талаптарды канааттандырууга;

4) мурастык мүлктү сактоо боюнча жана аларды башкаруу боюнча расходдорду төлөөгө, ошондой эле ачылган мурас жөнүндө мураскорлорго билдирүүлөр жарыялоого.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 14-ноябрдагы Указынын редакциясында).

563 - с т а т ь я. **Мурастан отказ кылуу**

Закон боюнча же керээз боюнча мураскор мурас ачылган күндөн баштап алты айдын ичинде мурастан отказ кылууга акылуу. Бул кезде ал мурастан закон боюнча (ушул Кодекстин 545-статьясы) же керээз боюнча (ушул Кодекстин 547-статьясы) мураскорлордун ичинен башка жактардын пайдасы үчүн, же мамлекеттин же айрым мамлекеттик, кооперативдик же башка коомдук уюмдун пайдасы үчүн отказ кылганын көрсөтүшү мүмкүн.

Кайсы мураскордун пайдасы үчүн отказ кылынганын көрсөтпөстөн мурастан отказ кылуу мурасты кабыл албай койгон учурдагыдай натыйжага алып келет.

Эгерде мураскор мурас ачылган жери боюнча нотариалдык конторага мурасты кабыл алуу жөнүндө же мураска укуктуулугу жөнүндө күбөлүк берүү тууралу арыз берип койгон болсо, мурастан отказ кылууга жол берилбейт.

Мурастан отказ кылуу мурас ачылган жердеги нотариалдык конторага мураскор тарабынан арыз берүү менен ишке ашырылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

564 - с т а т ь я. **Мурастык үлүштөрдүн биригип өсүшү (көбөйүшү)**

Закон боюнча же керээз боюнча мураскор тарабынан мурас кабыл алынбаган же мураскор мурастоо укугунан ажыратылган учурда (ушул Кодекстин 544 жана 547-статьялары), ага тийиштүү мурастын үлүшү закон боюнча калган мураскорлорго өтөт жана алардын ортосунда барабар үлүштө бөлүштүрүлөт.

Эгерде мурас калтыруучу өзүнүн бардык мүлкүн өзү дайындаган мураскорлорго керээз кылса, анда чыгып калган мураскорго тийиштүү болгон мурастын үлүшү керээз боюнча калган мураскорлорго өтөт жана алардын ортосунда барабар үлүштө бөлүштүрүлөт.



Мураскор мурастан башка мураскордун, мамлекеттин же мамлекеттик, кооперативдик же башка коомдук уюмдун пайдасы үчүн отказ кылган (ушул Кодекстин 563-статьясы), же чыгып калган мураскорго кошумча мураскор дайындалган (ушул Кодекстин 549-статьясы) учурларга ушул статьянын эрежелери колдонулбайт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

565 - с т а т ь я. **Мурастын мамлекетке өтүшү**

Мурастык мүлк мурастоо укугу боюнча мамлекетке төмөндөгүдөй учурларда өтөт:

1) эгерде мүлк мамлекетке керээзге калтырылса;

2) эгерде мурас калтыруучунун закон боюнча да, керээз боюнча да мураскорлору жок болсо;

3) эгерде бардык мураскорлор мурастоо укугунан ажыратылса;

4) эгерде мураскорлордун эч кимиси мурасты кабыл албаса (ушул Кодекстин 559-жана 563-статьялары).

Эгерде мураскорлордун кимдир бири мурасты мамлекеттин пайдасына отказ кылса, ушул мураскорго тийиштүү болгон мурастык мүлктүн үлүшү мамлекетке өтөт.

Эгерде закон боюнча мураскорлор жок болуп, мурас калтыруучунун мүлкүнүн бир бөлүгү гана керээзге калтырылса, калган бөлүгү мамлекетке өтөт.

Ушул статья тарабынан көрсөтүлгөн учурларда мурастын составына кирген автордук укугу же болбосо отказ кылган мураскордун автордук акыдагы үлүшүнө болгон укугу жоюлат.

566 - с т а т ь я. **Мурас калтыруучунун карыздары боюнча мураскордун жоопкерчилиги**

Мурас калтыруучунун карыздары боюнча, мурасты кабыл алган мураскор, ага өткөн мурастык мүлктүн чыныгы наркынын чектеринде жооп берет. Ушул Кодекстин 565-статьясынын тартибинде мамлекеттин карамагына мүлк өткөндө, ал дал ушундай эле негизде жооп берет.

567 - с т а т ь я. **Кредиторлор тарабынан доомат коюунун тартиби**

Мурас калтыруучунун кредиторлору мурас ачылган күндөн тартып алты айдын ичинде мурасты кабыл алган мураскорлорго, же керээзди аткаруучуга, же мурас ачылган жердеги нотариалдык конторага өзүнүн дооматтарын коюуга же мурастык мүлккө карата сотто доо коюуга акылуу.

Дооматтар тийиштүү талаптардын мөөнөттөрүнүн келгенине карабастан коюла берилет.

Ушул статьядагы эрежелерди сактабоо кредиторлор, аларга талап кылууга тийиштүү болгон укуктарын жоюшат.

568-статья. **Мурастык мүлктү сактоо**

Мамлекеттик нотариустар жана эл депутаттарынын шаардык, селолук, поселоктук Советтеринин мурас ачылган жерде нотариалдык иштерди жүзөгө ашыруучу кызмат адамдары, эгерде мураскорлордун, отказ алуучулардын, кредиторлордун же мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн зарыл болсо, граждандардын же уюмдардын билдирүүсү боюнча, же болбосо өзүнүн демилгеси боюнча мурастык мүлктү сактоого карата чара көрөт.

Мурастык мүлктү сактоо мурасты бардык мураскорлор кабыл алганга чейин, ал эми эгерде алар мурасты кабыл алышпаган болсо мурасты кабыл алуу үчүн ушул Кодекстин 559-статьясында белгиленген мөөнөт өткөнгө чейин улантылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 14-ноябрдагы жана 1984-жыл 22-октябрдагы Указдарынын редакциясында).

569-статья. **Мурастык мүлккө сактоочу же опекун дайындоо**

Мурастын составында тейлөөнү (башкарууну) талап кылган мүлк болгон кезде (турак үй ж. у. с.), ошондой эле мураскорлор тарабынан мурас кабыл алынганга чейин мурас калтыруучунун кредиторлору доо койгон учурда нотариалдык контора мүлккө сактоочу дайындайт, ал эми нотариалдык контора жок жерлерде эл депутаттарынын жергиликтүү Советинин аткаруу комитети көрсөтүлгөн мүлккө опекун дайындайт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

570-статья. **Мураска укуктуулугу жөнүндө күбөлүк берүү**

Мураска чакырылган мураскорлор мурас ачылган жердеги нотариалдык контородан мураска укуктуулугу жөнүндө күбөлүк берүүнү сурай алышат.

Мурастык мүлк мамлекетке өткөн кезде да мураска укуктуулугу жөнүндөгү күбөлүгү ушундай эле тартипте берилет (ушул Кодекстин 565-статьясы).



571-статья. **Мураска укуктуулугу жөнүндө күбөлүк берүү үчүн мөөнөт**

Мураскорлорго мураска укуктуулугу жөнүндө күбөлүк мурас ачылган күндөн тартып алты ай өткөндөн кийин берилет.

Эгерде нотариалдык конторада күбөлүк берүү жөнүндө арыз берген жактардан башка мураскорлор жок экендиги жөнүндө маалыматтар болсо, закон боюнча, ошондой эле керээз боюнча мурастоо болгон кезде мурас ачылган күндөн алты ай өтпөстөн мурун эле күбөлүк берилиши мүмкүн.

Мамлекетке мураска укуктуулугу жөнүндө күбөлүк мурас ачылган күндөн алты ай өткөндөн кийин гана берилет.

572-статья. **Мурастык мүлктү бөлүү**

Мурастык мүлктү бөлүү мурасты кабыл алган мураскорлордун келишүүлөрү боюнча, аларга тиешелүү үлүштөрүнө жараша жүргүзүлөт.

Келишүүгө келбеген кезде бөлүштүрүү соттук тартипте жүргүзүлөт.

Энесинин боюнда, бирок төрөлө элек мураскор болгон кезде, мурастык мүлктөрдү бөлүүдө, мураскорлор ага тийиштүү мурастык үлүштү бөлүп чыгарып коюу менен гана мураскорлор мурастык мүлктү бөлүштүрүүгө акылуу. Мындай учурда төрөлө элек мураскордун кызыкчылыгын сактоо үчүн бөлүшүүгө катышуу үчүн опека жана попечитель органынын өкүлү чакырылууга тийиш.

573-статья. **Колхоздук короодо же айыл чарбасында жекече эмгектик иш-аракет жасаган граждандардын чарбасында мурастоо**

Колхоздук короонун же айыл чарбасында жекече эмгектик иш-аракет жасаган граждандардын чарбасынын мүчөсү өлгөн учурда короонун (чарбанын) мүлкүндө мурастоо келип чыкпайт.

Эгерде колхоздук короонун же айыл чарбасына жекече эмгектик иш-аракет жасаган граждандардын чарбасынын мүчөсү өлгөндөн кийин короонун (чарбанын) башка мүчөлөрү калбаса, короонун (чарбанын) мүлкүнө ушул бөлүмдүн эрежелери колдонулат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

574-статья. **Вкладчынын өлүп калуу учуруна карата өзүнүн вкладына болгон буйругу**

Мамлекеттик эмгек сактык кассаларында же СССРдин Мамлекеттик банкында вкладдары бар граждандар, өздөрү өлүп калуу учуруна карата, вкладды ар кандай (калаган) жакка же мамлекетке берүү жөнүндө сактык кассасына же банкыга буйрук кылууга укуктуу болушат.

Мындай учурларда вклад мурастык мүлктүн составына кирбейт жана ушул бөлүмдүн эрежелери ага колдонулбайт.

Вкладчылардын атайын көрсөтмөлөрү боюнча өлүп калуу учуруна карата мамлекеттик сактык кассалардагы жана Мамлекеттик банкындагы вкладдарына буйрук кылуу тартиби, аталган кредиттик мекемелердин уставдары жана белгиленген тартипте чыгарылган эрежелер тарабынан аныкталат.

Эгерде вкладчы сактык кассага же банкыга буйрук калтырбаса, анда ал өлгөн учурда, анын вклады мураскорлорго ушул бөлүмдүн эрежелери боюнча жалпы негизде өтөт.

## VIII БӨЛҮМ

## ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ГРАЖДАНДАРДЫН ЖАНА ГРАЖДАНДЫГЫ ЖОК АДАМДАРДЫН УКУК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮ. ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК МАМЛЕКЕТТЕРДИН ГРАЖДАНДЫК ЗАКОНДОРУН ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК ДОГОВОРЛОРДУ КОЛДОНУУ[1]

575-статья. **Чет өлкөлүк граждандардын граждандык укук жөндөмдүүлүгү**

Чет өлкөлүк граждандар Кыргыз ССРинде советтик граждандар менен бирдей эле граждандык укук жөндөмдүүлүгүнөн пайдаланышат. Айрым алып таштоолор ССР Союзунун закондору тарабынан белгилениши мүмкүн.

Советтик граждандардын граждандык укук жөндөмдүүлүгүнө атайын чектөөлөр койгон мамлекеттердин граждандарына карата СССР Министрлер Совети (ССР Союзунун жана союздук республикалардын граждандык закон Негиздеринин 122-статьясы) тарабынан жооп иретинде чектөөлөр белгилениши мүмкүн.

[1] VIII бөлүмдүн аталышы — Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында.



576-статья. **Граждандыгы жок адамдардын граждандык укук жөндөмдүүлүгү**

Граждандыгы жок адамдар Кыргыз ССРинде советтик граждандар менен бирдей эле граждандык укук жөндөмдүүлүгүнөн пайдаланышат. Айрым алып таштоолор ССР Союзунун закону тарабынан белгилениши мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 31-августтагы Указынын редакциясында).

576[1]-статья. **Чет өлкөлүк граждандардын жана граждандыгы жок адамдардын граждандык аракет жөндөмдүүлүгүнө карата колдонулуучу Закон**

Чет өлкөлүк граждандын граждандык аракет жөндөмдүүлүгү ал гражданини болуп саналган өлкөнүн закону боюнча аныкталат.

Граждандыгы жок адамдын граждандык аракет жөндөмдүүлүгү анын туруктуу жашоо орду бар өлкөнүн закону боюнча аныкталат.

Кыргыз ССРинде түзүлүүчү бүтүмдөр жана Кыргыз ССРинде зыян келтирүүнүн натыйжасында келип чыгуучу милдеттенмелер тууралуу чет өлкөлүк граждандардын жана граждандыгы жок адамдардын граждандык аракет жөндөмдүүлүгү советтик закон боюнча аныкталат.

Кыргыз ССРинде туруктуу жашап турушкан чет өлкөлүк граждандар жана граждандыгы жок адамдар ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондорунда белгиленген тартипте аракет жөндөмдүүлүгү жок же аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылышы мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 31-августтагы Указынын редакциясында).

577-статья. **Чет өлкөлүк ишканалардын жана уюмдардын граждандык укук жөндөмдүүлүгү**

Чет өлкөлүк ишканалар жана уюмдар өзгөчө уруксатсыз эле Кыргыз ССРинде советтик тышкы соода бирикмелери жана ушундай бүтүмдөрдү түзүү укугу берилген башка советтик уюмдар менен тышкы соода боюнча жана ушуга байланыштуу расчеттук, камсыздандыруу жана башка операциялар боюнча бүтүмдөрдү иш жүзүнө ашыра алышат.

Тышкы соода боюнча жана ушуга байланыштуу расчеттук, камсыздандыруу жана башка операциялар боюнча бүтүмдөрдү түзүү кезинде чет өлкөлүк ишканалардын жана уюмдардын граждандык укук жөндөмдүүлүгү ошол ишкана же уюм түзүлгөн өлкөнүн закону боюнча аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 31-августтагы Указынын редакциясында).

**578-статья. Бүтүмдүн формасына колдонулуучу закон**

Чет өлкөдө түзүлгөн бүтүмдүн формасы, ал түзүлгөн жердеги законго моюн сунат. Бирок, эгерде ССР Союзунун закондорунун жана ушул Кодекстин талаптары сакталган болсо, форманы сактабагандыктын натыйжасында бүтүм анык эмес деп табылышы мүмкүн эмес.

Советтик уюмдар тарабынан иш жүзүнө ашырылып жаткан тышкы соода бүтүмдөрүнүн формасы жана аларга кол коюунун тартиби, бул бүтүмдөрдүн кайсы жерде түзүлгөндүгүнө карабастан, ССР Союзунун закондору менен аныкталат.

Кыргыз ССРинде болгон курулушка карата бүтүмдүн формасы ССР Союзунун законуна жана ушул Кодекстин эрежелерине баш иет.

**579-статья. Тышкы соода бүтүмдөрү боюнча милдеттенмелерге колдонулуучу закон**

Эгерде тараптардын келишими менен башкача белгиленбеген болсо, тышкы соода бүтүмү боюнча тараптардын укуктары жана милдеттери бүтүм түзүлгөн жердин закондору боюнча аныкталат.

Эгерде тараптардын келишими менен башкача белгиленбеген болсо, тышкы соода бүтүмү боюнча буюмга менчик укугунун келип чыгышы жана токтотулушу ошол бүтүм жасалган жердеги закон боюнча аныкталат.

Эгерде тараптардын келишими менен башкача белгиленбеген болсо, тышкы соода бүтүмү боюнча жолдо келе жаткан буюмга менчик укугу ошол буюм жөнөтүлгөн өлкөнүн закону боюнча аныкталат.

Бүтүм түзүлө турган жер (орун) советтик закон боюнча аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 31-августтагы Указынын редакциясында).

**579[1]-статья. Ишеним каттын формасына жана аракет мөөнөтүнө карата колдонулуучу закон**



Ишеним каттын формасы жана аракет мөөнөтү ишеним кат берилген жердеги өлкөнүн закону боюнча аныкталат. Бирок, ишеним каттын формасы советтик закондун талаптарын канааттандырса, ишеним каттын формасынын сакталбай калышынан ал анык эмес деп табылышы мүмкүн эмес.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 31-августтагы Указынын редакциясында).

**579[2]-статья. Доонун эскиришине карата колдонулуучу закон**

Доонун эскириши тийиштүү укук мамилелерине катышуучулардын укуктарын жана милдеттерин аныктоо үчүн закондору колдонулуп жаткан өлкөнүн закону боюнча аныкталат.

Доонун эскириши таркатылбай турган талаптар советтик закондор боюнча аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 31-августтагы редакциясында).

**579[3]-статья. Менчик укугуна карата колдонулуучу закон**

Буюмга менчик укугу ошол буюм турган жердеги өлкөнүн закону боюнча аныкталат.

Эгерде ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору менен башкача каралбаган болсо, буюмга менчик укугунун келип чыгышы жана токтотулушу менчик укугунун келип чыгышы же токтотулушу үчүн негиз болуп кызмат кылган аракет же башка кырдаал боло калган учурда ошол буюм турган жердеги өлкөнүн закону боюнча аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 31-августтагы редакциясында).

**579[4]-статья. Зыян келтирүүнүн натыйжасында келип чыгуучу милдеттенмелерге карата колдонулуучу закон**

Зыян келтирүүнүн натыйжасында келип чыгуучу милдеттенмелер боюнча тараптардын укуктары жана милдеттери зыянды төлөп берүү жөнүндө талап кылуу үчүн негиз болуп кызмат кылуучу аракет жасалган же башка кырдаал түзүлгөн жердеги өлкөнүн закону боюнча аныкталат.

Чет өлкөдө зыян келтирүүнүн натыйжасында келип чыгуучу милдеттенмелер боюнча тараптардын укуктары жана милдеттери, эгерде тараптар советтик граждандар же советтик уюмдар болушса, советтик закон боюнча аныкталат.

Эгерде зыянды төлөп берүү жөнүндө талап кылуу үчүн негиз болуп кызмат кылуучу аракет же башка кырдаал советтик закондор боюнча укукка карама-каршы келбесе, чет өлкөлүк закон колдонулбайт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 31-августтагы Указынын редакциясында).

580-статья. **Мурастоого карата колдонулуучу закон**

Мурастоо боюнча мамилелер мурас калтыруучу акыркы туруктуу жашаган өлкөнүн закону боюнча аныкталат.

Адамдын керээз калтырууга жана аны жоюуга (бузууга) карата жөндөмдүүлүгү, ошондой эле керээз калтыруунун жана аны жоюу актысынын формасы керээз калтыруучу актыны түзгөн кезде туруктуу жашаган өлкөнүн закону боюнча аныкталат. Бирок формасы сакталбаган менен да, эгерде ал акт түзүлгөн жердин законунун талаптарын же советтик закондун талаптарын канааттандырса, форма сакталбагандыктын натыйжасында керээз калтыруу же аны жоюу анык эмес деп таанылышы мүмкүн эмес.

СССРдеги болгон курулуштарды мураска калтыруу бардык учурларда советтик закон боюнча аныкталат. Эгерде СССРдеги курулуштар керээзге калтырылып жатса, адамдын керээз калтырууга же аны жоюуга карата жөндөмдүүлүгү, ошондой эле мурас калтыруунун формасы да ушул эле закондор менен аныкталат.

581-статья. **Чет өлкөлүк законду колдонууну чектөө**

Эгерде чет өлкөлүк законду колдонуу советтик түзүлүштүн негиздерине карама-каршы келе турган болсо, ал колдонулбайт.

582-статья. **Эл аралык договорлор**

Эгерде СССРдин эл аралык договорунда советтик граждандык закондордо көрсөтүлгөндөрдөн бөлөк эрежелер белгиленген болсо, анда эл аралык договордун эрежелери колдонулат.

Эгерде Кыргыз ССРинин эл аралык договорунда Кыргыз ССРинин граждандык закондорунда каралгандардан бөлөк эрежелер белгиленген болсо, Кыргыз ССРинин граждандык закондоруна карата ушундай эле тартип колдонулат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1984-жыл 22-октябрдагы Указынын редакциясында).

**МАЗМУНУ**


КИРИШ СӨЗ

I бөлүм — Статьялар — Беттери

ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

| | | Статьялар | Беттери |
|---|---|---|---|
| 1-глава. | Негизги жоболор | 1—8 | 8 |
| 2-глава. | Жактар | | 13 |
| | 1. Граждандар | 9—22 | 13 |
| | 2. Юридикалык жактар | 23—41 | 17 |
| 3-глава. | Бүтүмдөр (сделкалар) | 42—62 | 23 |
| 4-глава. | Өкүлдүк жана ишеним кат | 63—71 | 30 |
| 5-глава. | Мөөнөттөрдү эсептөө | 72—78 | 34 |
| 6-глава. | Доонун эскириши | 79—92 | 35 |

II бөлүм

МЕНЧИК УКУГУ

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7-глава. | Жалпы жоболор | 93—94 | 39 |
| 8-глава. | Мамлекеттик менчик | 95—99 | 40 |
| 9-глава. | Колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин менчиги | 100—102 | 42 |
| 10-глава. | Профсоюздук жана коомдук башка уюмдардын менчиги | 103—105 | 43 |
| 11-глава. | Өздүк менчик | 106—116 | 44 |
| 12-глава. | Жалпы менчик | 117—135 | 49 |
| 13-глава. | Менчик укугунун пайда болушу жана жоюлушу | 136—152 | 56 |
| 14-глава. | Менчикке укуктуулукту коргоо | 153—159 | 62 |

III бөлүм

МИЛДЕТТЕНМЕЛҮҮ УКУК

1. Милдеттенмелер жөнүндө жалпы жоболор

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15-глава. | Милдеттенмелердин келип чыгышы | 160—169 | 64 |
| 16-глава. | Милдеттенмелерди аткаруу | 170—190 | 67 |
| 17-глава. | Милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылуу | 191—212 | 72 |
| 18-глава. | Талапты өткөрүү жана карызды которуу | 213—218 | 78 |
| 19-глава. | Милдеттенмелерди бузгандык үчүн жоопкерчилик | 219—230 | 79 |
| 20-глава. | Милдеттенмелердин кыскартылышы | 231—239 | 83 |

2. Милдеттенмелердин айрым түрлөрү

| | | | |
|---|---|---|---|
| 21-глава. | Сатып алуу-сатуу | 240—255 | 85 |
| 22-глава. | Алмаштыруу | 256 | 91 |

| | Статьялар | Беттери |
|---|---|---|
| 23-глава. Белек кылып берүү | 257—258 | 92 |
| 24-глава. Өмүр бою багуу шарты менен үйүн берүү | 259—267 | 92 |
| 25-глава. Поставка | 268—276 | 94 |
| 26-глава. Колхоздордон, совхоздордон жана башка чарбалардан айыл чарба продукцияларын мамлекеттик сатып алуу | 277—278 | 98 |
| 27-глава. Карыз | 279—284 | 99 |
| 28-глава. Мүлктүк жалдоо | 285—304 | 101 |
| 29-глава. Турак жайды жалдоо | 305 | 106 |
| 30-глава. Мүлктөн акысыз пайдалануу | 353—360 | 107 |
| 31-глава. Подряд | 361—378 | 108 |
| 32-глава. Капиталдык курулушка карата подряд | 379—383 | 114 |
| 33-глава. Ташуу | 384—395 | 116 |
| 34-глава. Мамлекеттик камсыздандыруу | 396—400 | 121 |
| 35-глава. Расчеттук жана кредиттик мамилелер | 401—405 | 123 |
| 36-глава. Тапшырма | 406—413 | 125 |
| 37-глава. Комиссия | 414—431 | 127 |
| 38-глава. Сактоо | 432—443 | 133 |
| 39-глава. Биргелешип аракеттенүү | 444—448 | 137 |
| 40-глава. Конкурс | 449—453 | 138 |
| 41-глава. Зыян келтиргендиктин натыйжасында келип чыгуучу милдеттенмелер | 454—481 | 140 |
| 42-глава. Социалисттик мүлктү сактап калуунун натыйжасында келип чыгуучу милдеттенмелер | 482 | 149 |
| 43-глава. Мүлктү негизсиз алуудан же кармап туруудан келип чыгуучу милдеттенмелер | 483—486 | 150 |
| IV бөлүм | | |
| АВТОРДУК УКУК | 487—529 | 151 |
| V бөлүм | | |
| АЧУУГА КАРАТА УКУК | 530—532 | 167 |
| VI бөлүм | | |
| ОЙЛОП ЧЫГАРУУГА, РАЦИОНАЛИЗАТОРДУК СУНУШКА ЖАНА ӨНӨР ЖАЙЛЫК ҮЛГҮГӨ УКУК | 533—539 | 168 |
| VII бөлүм | | |
| МУРАСТЫК УКУК | 540—574 | 172 |
| VIII бөлүм | | |
| ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ГРАЖДАНДАРДЫН ЖАНА ГРАЖДАНДЫГЫ ЖОК АДАМДАРДЫН УКУК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮ. ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК МАМЛЕКЕТТЕРДИН ГРАЖДАНДЫК ЗАКОНДОРУН ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК ДОГОВОРЛОРДУ КОЛДОНУУ | 575—582 | 184 |


*Пролетарии всех стран, соединяйтесь!*

# ГРАЖДАНСКИЙ КОДЕКС КИРГИЗСКОЙ ССР

*(Издание третье, с изменениями и дополнениями на 30 июня 1986 года)*

# ЗАКОН КИРГИЗСКОЙ СОВЕТСКОЙ СОЦИАЛИСТИЧЕСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ОБ УТВЕРЖДЕНИИ ГРАЖДАНСКОГО КОДЕКСА КИРГИЗСКОЙ ССР

**от 30 июля 1964 г.**

Верховный Совет Киргизской Советской Социалистической Республики постановляет:

**Статья 1.** Утвердить Гражданский кодекс Киргизской Советской Социалистической Республики и ввести его в действие с 1 января 1965 года.

**Статья 2.** Поручить Президиуму Верховного Совета Киргизской ССР установить порядок введения в действие Гражданского кодекса Киргизской ССР и привести законодательство Киргизской ССР в соответствие с настоящим Кодексом.

г. Фрунзе, 30 июля 1964 года

**Председатель Президиума Верховного Совета Киргизской ССР**

**Секретарь Президиума Верховного Совета Киргизской ССР**

## ГРАЖДАНСКИЙ КОДЕКС КИРГИЗСКОЙ ССР

В СССР, в состав которого входит на основе добровольного объединения и равноправия с другими союзными республиками Киргизская Советская Социалистическая Республика, построено развитое социалистическое общество — закономерный этап на пути к коммунизму.

К главным задачам социалистического общенародного государства относятся: создание материально-технической базы коммунизма, совершенствование социалистических общественных отношений и их преобразование в коммунистические, воспитание человека коммунистического общества, повышение материального и культурного уровня жизни трудящихся.

Основу экономической системы СССР составляет социалистическая собственность на средства производства в форме государственной (общенародной) и колхозно-кооперативной собственности. Государство содействует развитию колхозно-кооперативной собственности и ее сближению с государственной.

Личная собственность является производной от социалистической собственности и служит одним из средств удовлетворения потребностей граждан. По мере продвижения к коммунизму личные потребности граждан будут во все большей степени удовлетворяться за счет общественных фондов.

В коммунистическом строительстве полностью используются товарно-денежные отношения в соответствии с новым содержанием, которое они имеют в плановом социалистическом хозяйстве, и применяются такие важные инструменты развития экономики, как хозяйственный расчет, деньги, цена, себестоимость, прибыль, торговля, кредит, финансы. Строительство коммунизма опирается на принцип материальной заинтересованности граждан, предприятий, колхозов и других хозяйственных организаций.

Советское государство осуществляет руководство экономикой на основе государственных планов экономического и социального развития, с учетом отраслевого и территориального принципов, при сочетании централизованного управления с хозяйственной самостоятельностью и инициативой предприятий, объединений и других организаций.



Советское гражданское законодательство регулирует имущественные отношения, обусловленные использованием товарно-денежной формы в коммунистическом строительстве, и связанные с ними личные неимущественные отношения.

Советское гражданское законодательство является важным средством дальнейшего укрепления законности в области имущественных отношений и охраны прав социалистических организаций и граждан.

Советское гражданское законодательство призвано активно содействовать разрешению задач строительства коммунизма. Оно способствует укреплению социалистической системы хозяйства, социалистической собственности и развитию ее формы в единую коммунистическую собственность, укреплению плановой и договорной дисциплины, хозяйственного расчета, своевременному и надлежащему выполнению поставок, неуклонному повышению качества продукции, выполнению планов капитального строительства и повышению эффективности капиталовложений, осуществлению государственных закупок сельскохозяйственных продуктов, развитию советской торговли, охране материальных и культурных интересов граждан и правильному сочетанию этих интересов с интересами всего общества, развитию творческой инициативы в области науки и техники, литературы и искусства.

(В редакции Указа Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 октября 1984 г.).

## РАЗДЕЛ I

## ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

### *Глава I*

### ОСНОВНЫЕ ПОЛОЖЕНИЯ

**Статья 1. Задачи Гражданского кодекса Киргизской ССР**

Гражданский кодекс Киргизской Советской Социалистической Республики регулирует имущественные и связанные с ними личные неимущественные отношения в целях создания материально-технической базы коммунизма и все более полного удовлетворения материальных и духовных потребностей граждан. В случаях, предусмотрен-

ных законом, Гражданской кодекс Киргизской ССР регулирует также и иные личные неимущественные отношения.

Основой имущественных отношений в советском обществе является социалистическая система хозяйства и социалистическая собственность на средства производства. Хозяйственная жизнь Киргизской ССР определяется и направляется государственными планами экономического и социального развития.

(Часть вторая — в редакции Указа Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 октября 1984 г.).

### Статья 2. Отношения, регулируемые Гражданским кодексом Киргизской ССР

Гражданским кодексом Киргизской ССР регулируются указанные в статье 1 настоящего Кодекса отношения:

